
Скырп
О-67

КЕНЖЕБҮ ОРМОНОВА

# АЛАЙ АСЫЛДАРЫ




С кырг
О-67

КЕНЖЕБУ ОРМОНОВА

об.

# АЛАЙ АСЫЛДАРЫ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483645

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
О-67

Ормонова Кенжебү

О-67 «Алай асылдары» Ош Кагаз ресурстары; 280 б.

ISBN 978-9967-484-21-4

Китепте автордун СССР мезгилиндеги жашап өткөн мекен үчүн жанын аябай эмгек кылган мыкты инсандар жөнүндө жазылган аңгемелери жана айылдаштарына, балдарына, жана небере-чеберелерине болгон жылуу сезимдерин камтыган ыр саптары орун алган.

УДК 821. 51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-484-21-4

© Кенжебү Ормонова Ош- 2021-жыл

## СӨЗ БАШЫ

Катаал жана оор кырдаалдарды башынан өткөргөн элдин калың катмарынын арасында кыйын адамдар чыгып, элдин кызыкчылыгын өзүнүн кызыкчылыгынан жогору койгондор жана эл оозунда 1916-жылдагы үркүн мезгилинен баштап, 1917-жыл боштондук мезгилиндеги колхоздоштуруу мезгилиндеги бардык кыйынчылыктарды чыдап көтөргөн эр азамат адамдарыбыз согуштун оор мезгилиндеги фронтко кетип, тылдагысы тылда, бир кишидей ынтымакта жашап, жоону жеңип, жеңиш менен элге келген эр азаматтар тууралуу канча акындар ыр чыгарып, эрдиктерин даңазалашты. Биз билбегендер, биз укпагандар канча. Уккандарыбыз жана көргөндөрүбүз тууралуу азыноолак кеп козгоп коюуну туура көрдүм. СССР мезгилиндеги эмгектенген мыкты адамдардын саны күн санап азаюуда. Партиянын тапшырмасы менен эмгек кайнаган жерлерге көчмө китепкана уюштуруу менен бирге газета-журналдардан кабарларды жеткирүү, чабандарга табелчилик кылуу сыяктуу коомдук иштерде, чөп чабуу, тоют топтоо иштерине катышып, жан-дили менен эмгекке берилген ак ниет, чынчыл адамдардын арасында жүрүп, ыйласа ыйлап, күлсө күлүп, кошо жүрүп, кимдер кандай адамдар экенин сезип, алардын жалтанбаган жалын мүнөзүн, кажыбас кайратын, мыкты сапаттарын мен өзүм аралашып жүрүп көрдүм.

Айтылбаган иштери канча: Алай совхозунун №1 №2 №3 бөлүмдөрү боюнча алганда Алай районунда гана эмес, Ош областынын, Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүшүнө эң мыкты салымдарын кошкон адамдар көп. Колхоздоштуруу мезгилинен баштап, оор күндөрдү башынан өткөрүп, согушка да катышып, тылда да эмгектенген алдыңкы жана орто муундагы өкүлдөр азыркы жакшы

күндөрдү тургузууга эмгек сиңирген мыкты адамдар болушкан. Кээ бир мыкты адамдар жөнүндө, аталарыбыз-энелерибиз жөнүндө толук маалымат уулдарынан сурамжылоо кылган мезгилде да ала албадык. Ата-энесинин улуу жолун баалабагандыгы жөнүндө жаштар ойлоор бекен? Ошол мезгилдеги түрдүү тармакта эмгектенген аталарды алардан кем калышпай балдарын ээрчитип жана көтөрүп жүрүп эмгектенген энелердин иштерин эрдикке тете деп баалаар элем. Ошол адамдардын жасаган эрдиктерин баалап, даңазалоо биздин милдетибиз.



## БААТЫРДЫН ҮЙ-БҮЛӨӨСҮ

Султанов Кадырмамат 1905-жылы Алайдын Терек айылында жарык дүйнөгө келген. Ал алгач 1920-жылы Гүлчөдөгү баштапкы сабатсыздыкты жоюу мектебинде: Бакир Нарматов, Апиш Мадалиев, Мамасали Мадакимов-дор менен бирге билим алат. Гүлчө айылдык кеңешинин катчылыгын, комсомолдор кеңешинин катчылыгын, комсомолдук кызматты аркалап, келечекке алгачкы кадамын таштайт. Ташкенттеги партиялык курстан окуп, саясий билим деңгээлин өркүндөтөт. 1936-жылы Кыргызстан компартия-сынын Ала-Бука райондук комитетинин 1-секретары болуп дайындалат. Андан соң Алайга келип, 1939-жылдан Кыргызстан компартиясынын Алай райондук комитетинин Аскер бөлүмүнүн башчысы, 1941-жылдан Гүлчө райондук жер бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. 1944-жылдын 24-апрелинде Ош областтык айыл чарба башкармасынын начальнигинин орун басарлыгына, 1948-жылдын 23-январында компартиянын ишенимдүү өкүлү катары Кыргыз компартиясынын Лейлек райондук комитетинин 1-секретар-лыгына бекитилет. 1951-жылы партиянын Ленин райкомунун секретары болуп которулган. Бул кызматта өмүрүнүн акырына, 1957-жылдын 25-сентябрына чейин иштеди. 1956-жылы беш жылдыктын жыйынтыгында райондо эң жогорку жетишкендиги үчүн К. Султанов "Социалистик Эмгектин Баатыры" деген наамга татыктуу болгон. Жогорку марта-балуу наамдын артында кандай гана кайратман эмгектер жатат. Мына ушул түзүүчүлүк, уюштуруучулук зор эмгектердин натыйжасында жаңы жерлер өздөштүрүлүп, пахта аянттары жүздөгөн гектарларга көбөйдү. Алардын түшүмдүүлүгү артты. Райкомдун биринчи секретары ката-ры, кошумча жерлерди өздөштүрүп, өздөштүрүлгөн жерлер-ди суу менен жетиштүү камсыз кылуу үчүн, Базар-Коргон суу сактагычын курууну сунуш кылды. Социалисттик Эмгектин Баатыры Кадырмамат Султанов КПССтин XX сьездинин делегаты, Кыргыз ССР жогорку кеңешинин бир нече жолку чакырылышынын депутаты болгон. Алайдын, айрыкча кыргыз элинин көйкашка уулу - Социалисттик Эмгектин Баатыры Султанов Кадырмаматтын элеси дайыма

элдин эсинде, өзү туулуп өскөн айылындагы мектепке аты берилип, тарых музейи уюштурулган. Жубайы Дөдө жеңемин ар дайым жеңилин жерден, оорун колдон алган. Көп баланын энеси жароокер жар, мээримдүү эне болгон. Кадырмамат баатырдын уулу жана келини Өзгөрүш менен Санталаттын өмүрү жана иш жолдору бирге болду, атанын эң чоң уулу ак ниет жана чынчыл жан эле. Кадырмаматтын уул-кыздарынын бардыгы эмгекти сүйгөн, бирөөнүн кылына кара санабаган, өтө жөнөкөй, жупуну жашаган жандар болучу. Алардын үй-бүлөсү ар улуттан; өзбек, орус, татар улутунан куралган. Бул Кадырмамат баатыр жана байбичеси Дөдө үчүн жагымдуу эле, ынтымактуу үй-бүлөнүн кадырлуу ата-энелери эле. Негизи көп балалуу жана көп улуттуу үй-бүлөнү жакшы көрүшчү. Алардын эң алгачкы келини, алдыңкы коммунист, мыкты кызматкер Умарходжаев Отунчунун кызын келин кылып алышы сүйүнүчтөрүнө сүйүнүч кошкон.



## УМАРХОДЖАЕВА САНТАЛАТ ОТУНЧИЕВНА

1933-жылы 14-октябрда Түркмөн Республикасынын Чарджоу шаарында, аскер кызматкеринин үй-бүлөсүндө туулган. 7-классты бүтөрү менен Оштогу айыл чарба техникумуна кирип, аны 1949-жылы бүтүрүп, ветеринардык адистикке ээ болот. Эмгек жолун мурдагы Алай районунун Сталин атындагы колхозунда ветеринардык кызматты иштөө менен баштаган . 1952-54-жылдары Жалал-Абад облусунун Ленин районунда ветеринардык кызматта иштеген. 1954-1964-жылдары кайрадан Алай совхозунда өз кесибин улантат. Санталат Умарходжаева 1973-жылы Самарканд шаарындагы айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүтүргөн. 1964-жылдан 1991-жылга чейин Алай совхозунда парткомдун секретары, 1991-жылдан 1995-жылга чейин Алай совхозунун башкармалыгынын төрагасынын идеология иштери боюнча орун басары болуп иштеп келген. Көп жылдар бою Кыргызстан Компартиясынын Алай райкомунун мүчөсү, областтык, райондук жана айылдык кеңештердин депутаты болуп шайланган. 1980-жылы областтык советтин депутаты, ошондой эле Кыргызстан компартиясынын төрт жолку сьездине делегат болгон. В.И. Лениндин 100 жылдык "Юбилейлик медалы" "Ардак белгиси," "Эмгек Кызыл Туу" ордендери жана бир нече жолу Ардак громаталар менен сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин "Сельская жизнь" газетасынын Ардак грамоталарына татыктуу болгон. 1996-жылдары эс алууга чыккан. Ошол жылдардын аралыгында жолдошу Өзгөрүш менен тең окуп, тең жүрүп, тең иштеп, эмгек жолдорун бирге баштап, турмуштун жолунда кандай татаал иштер болсо да бирге көрүүгө, бирге чечүүгө, бирге иштөөгө бел байлашкан. Аталарынын жолун жолдоо менен алардын баталарын алган эки жубайдын эл үчүн иштөөдө сиңирген эмгеги зор болгон. Коомдук иште тыным албай, күн-түн уйкусунан кечип, эл үчүн ак мээнеттерин арнашты. Алай совхозунун экономикасынын дүркүрөп өнүгүшүнө түздөн түз таасири тийип турган малдын башын төл эсебинен көбөйтүүдө, комплекстүү кашарларды курууну, комсомолдук бригадаларды уюштуруп, совхоздун багып жаткан малдарын тоют менен камсыздап,

сүт, эт, жүн, төл планын аткаруу да оңойго турбастыгы белгилүү болгон. Алай совхозунун партиялык уюмунун секретары болуп турганда жолдошу Өзгөрүш менен бирдикте чарбалык иштерге баш оттору менен киришип, жоопкерчиликти сезишип, иш үстүндө болсун, үй турмушунда болсун, тайманбастык менен оттон да, суудан кайра тартпаган мүнөзү менен айырмаланган. Кол алдында иштеген кыздарга талапты катуу коюп, иштеген ишин так аткарууну суранчу. Бүт өмүрүн жана жашоосун совхоздун экономикасынын өсүп, өнүгүшүнө арнашты. Жүн планы боюнча республикада 1-орунду алган, эмгектери бааланып бир нече орден, медалдардын ээси болгон. Көп жылдар бою Белекбаев Келдибек, Абдраманов Иса жана башка мыкты азаматтар менен эмгектеш болгон. Алай айылдык советинин төрайымы болуп иштеген Жибек Исаева, Социалисттик Эмгектин Баатыры Гүлбара Ормонова, Алай мектеп-интернатынын директору Дөдөн Ормоновалар болуп чогуу келечектеги өсө турган кадрларга жана таланттуу балдарга кеп-кеңешин аябай, жол көрсөтүп, алардын келечегин кеңири ойлоп, окууну бүтүп өз айылына иштеп берүүсүнө шарт түзүшкөн. Айылдын маданиятын көтөрүп, жаштардын жаркын келечегине көп кам көрүшөөр эле. Санталаттын ары түйшүктүү, жоопкерчиликтүү кызматы аны чыйралтчу. Дайым алдыга койгон максатынан тайбай, иш үстүндө жүрөөр эле. Алардын мезгилинде партия кайда десе ошол жакка барып иштешер эле. Азыркы жаштардай болуп жеңилдин алды, оордун үстү болуп жүргөнгө мүмкүнчүлүк болгон эмес. Совхоздун экономикасын, айрыкча мал чарбачылыгын көтөрүү үчүн бүткүл мүмкүнчүлүгүн, талантын жумшады. Талаптын катуулугунан үй бетин көрүүгө убакыт аз эле. Уюштурууучулугунун негизинде Алай совхозунун экономикасы көтөрүлүп, төрт түлүк малга толуп, жогорку көрсөткүчтөргө жетишип турган. Эмгек менен эс алууну айкалыштырган парторг үчүн ошол мезгил эң жакшы жемиштүү жылдар болуп турган. Жолдошу - Өзгөрүш Кадырмаматов директордун орунбасары болгон. Жеңилин жерден, оорун колдон алып, убакыт боло калса, колдору бошой калса комуз чертип, обон созуп көңүлүн сергитип, чарчагандары унутулуп, эс алып калаар эле. Бир гана



армандары – "баа" деген бала үнүн укпаган. Бирок Өзгөрүш аке моюн бербейт эле, айласы кеткенде "аял алып берейин, сен балалуу болсоң меники да",- деген сөзүнө да макул болбойт эле. "Эмгегибиз элибизде калат, эл эмгектен эскерсин",- деп коер эле. Андан башка сөз кошпойт эле, себеби жубайынын көңүлүн оорутуп алууну каалабайт эле. Ушунчалык боорукер, шайыр жана ак көңүл адам болчу. Эмгектенген атанын өзүн тарткан кайраттуу уул-кыздардан болуп, турмуштан өз ордун тапкан, кадыр-барк күткөн мыкты инсандардан болгондугу талашсыз. Эң өкүнүчтүүсү, алардын оорунун айынан өтүп кетип, максаттарына жетпей калгандыгы болду. Эмгекчил эки жубай - Санталат эне менен Өзгөрүштүн эмгек жолдору бирге болду. Тоо арасында ат минип, малчыларды кыдырып, көпчүлүк жаш кездери тоодо өттү, эл үчүн ак кызматын аябады, жери үчүн, эли үчүн күйүп жанган, иш десе ичкен ашын жерге койгон, ак ниет жана ак көңүл болчу. Мен жаш кезимде окуучу экенмин. Атамдар митис кой бакчу, жап жаш кези экен. Өзгөрүш аке экөө койлорду оспага каршы уколдоп жатышты. Бутуна аппак носки кийген Санталат жеңемди мен биринчи көрүшүм болчу, ошол мезгилде Өзгөрүш аке экөө жаңыдан баш кошкон кездери экен. Баатырдын уул-келини баатырдыкка тете эмгектерди жаратып, күндүн ысык-суугуна карабай, борошолуу карда да, малчылар турган жерди кыдырып, абалдарынан кабар алып жүргөн. Малды ылаңдан сактоо үчүн эмдөө иштерин аткарып, түн уйкусун ,күн тынчын алып эмгектенип жүрүү аларга өнөкөт болуп калган экен. Эмгекчил эки жубайдын эмгек сырлары да дайыма бирге болгон, 2006-жылы Талды-Суу мектебине Санталаттын ысымы ыйгарылган.

## ПАРТОРГДУН БИР КҮНҮ

Абройлуу жетекчи өзүнүн иш тажрыйбасында ар бир эне менен сүйлөшүп, өз макулдугу менен гана ишке тарта алат. Ал эми иште, төл бак, чөпкө чык дей берсе, көп балалуу, же эки үч баласы менен ишке чыгуу кыйын. Баланы багабы? Же иш жасайбы? Бул жагынан парторг аялдарга жагымдуу маанай, балдар үчүн шарт түзүп берүү менен энелерди ынандыра алчу, ал бизге да жакчу. Мисалы: чөп сезонунда, он аял балдарыбыз менен чыксак, бирөөсү балдарды багат да, калгандары чөмөлө кылып машинага жүктөшөт, машина чөптү кашарга түшүрүп келгенче, беймарал балдарын эмизип, келгенде кайра иш башталат. Ошондо бир күндө он, он беш машина чөптү кыйналбай гана жүктөп койчубуз. Канчалык көп, ашыкча чөп жүктөсөк, бизге да сыйлык берилчү. Ал мезгилде эркектердин көбү малга тоют камдоого, чөп орокко кетип, жакынкы жерлер аялдар менен бүтчү. Ал эми кежир, илээнди, иштегиси келбеген аялдарды өз жайына койчу. Жайкы үч айдын ичинде малга тоют камдоо өнөктүгү бүтчү. Жаман-жакшы айтышпай, жетекчинин да көөнү жай, энелердин да көөнү ачык, рахматыбызды айтаар элек. Өзгөрүш жана Санталат элдин атасы, элдин апасы деп аталаар эле. Санап көрсөң бир гана совхоздун канчалаган нерселери ушулардын көзөмөлү менен бүтүп, совхоздун гүлдөп өнүгүшүнө көптөгөн салымдар кошулган. Төл багууга тажрыйбалуу адамдарды топтоо, төлдүн планын жүз пайызга аткаруу, жеке эле парторгдун эмес, жалпы эмгекчил элдин түйшүгү болчу.

Бел чечпей, ак койдун төлүн тынч-аман багып, тапшырып берүү ар бир адамдын милдети гана эмес, тилеги да болчу. Андайда бел чечпеген Санталат эне, таң ык салганда көчмө дүкөн, көчмө аптека, көчмө китепкана, жадагалса артисттеринен бери алып келип чабандарды жана сакманчыларды кыдыртып, тейлетээр эле. Малчылар үчүн колунан келген жакшы шарттарды түзөөр эле. Рахмат айтып, ыраазы болгон малчы, сакманчылар жан дили менен ак козуну аман асыроого бардык күчүн жумшоочу. Ар бир сакманчыга бөлүнүп берилген кырк же элүү кой- козунун



түйшүгү сакманчынын мойнунда болоор эле. Ошол бөлүнгөн кой-козуну төлү менен төл эсеби бүткөнчө, жем чөбүн белендеп салып, күн алыста жайытка жайып, козуларды да багып, телчитип берчү. Ал кезде чабандар бош эсептүү болуп калчу, болбосо өзү да бир же эки сакманчынын ишин аткарчу. Ветеринардык адистер тынбай кабар алып турбаса козулардын жумуруна ууз уюп же ич көпкөн илдетке чалдыкканы сакманчыларды кыйначу.

## САКМАНЧЫНЫН БИР КҮНҮ

Чөп жана төл маалында жумушчу аялдар менен тил табышып, жардам берүүгө үндөгөн Санталат эжеге кээ бирөөлөр макулдугун берсе, кээ бирөөлөр жаш балдарым менен бара албаймын, деп кесе кайша берчү. Андайда Санталат эженин ишин аткара тургансып, сүйлөгөн аялдардан ачуусун аячу эмес: "Эмне, баланы сен эле төрөпсүңбү? Сенден башкалар деле балдары менен ишке чыгып жатат", – деп жемелеп кирчү. Кыскасы жатык тил менен сүйлөшүп, ал энени бардык шартын түзүп берип, төлгө көчүрчү. Чынында энелер деле майда балдары менен козу карайбы? Балдарына казанга нан жабабы? Балдарын карайбы? Көчүп баргандан кийин бардыгына үлгүрүп чыйралчу. Айрыкча жаңы туулган митис козулар өтө чабал болоор эле. Жадаганда койдун кыгын да, алдынан сыз өтпөсүн деп калбырдан өткөрүп майдасын алдына салып, туз-талканын, байланган жаңы чөптөрдөн алдыларына коюп, булганса тез аарчып, тазалап, энеси келгенде эме албаган козуларды эмизип, энеси тойгозо албаса, башка койлорго эмизип, башка койлор эмизбей, тепкилеп качканда, ал койду көтөрүп чаап, жаткызып алып эмизчүбүз.Ушул өңдүү толгон токой машакаттуу иштер көп болчу. Кашарга кирсең үйдөгү балдарың каралбай калып жүргөн күндөр да болот. Мээнет кылганыңа жараша, бир жакшына чоңоюп жатып бир түндө шитке секирип козунун асылып өлүп калганын көргөндө, күйбөгөн жаның күл болуп кетээр эле. Ошол чабандардын кашарына оюн-зоок коюп баргандардын арасынан илээнди, жалкоо чабандарды ырга кошуп, ал

турмак складда катылган чабандардын аялдарынын салынчу жоолуктарын чымчыкей ырлар менен ошол жетекчиге тийиштирип жазган агайлардын ырлары малчы, сакманчылардын кыжабасын кандырчу.

Караган-бутак аймалап,
Канталатып өөгүн.
Купур чабан койлордун ,
Кайтарып жүрөт "сөөгүн" – деп кошкондо, ошол чабан кыйкырган экен; "Ошону жакшы ырдадың, аны койлорду жем-чөп менен камсыз кылган жетекчиге айт, ал тоютун кеңири алып келсе койлор арыкта-байт эле"– деп

Жүн оромол, жүн килем,
Жүк алдында мен билем.
Ката берсе ушинтип,
Качан болот жеткилең.

Санталат эже кийинчерээк өндүрүштүк жумуш токтобосун деп, ар бир айылдын келин, кыздарын жана майда кызматкерлерди утурумдук сезондук иштерге кызыктыруучу сыйлыктарды коюп, балдарына "талаа бакчасын" уюштуруп берип, камкордукка алчу. Ар дайым, өмүрлөрүнүн акырына чейин, эмгек кылган эки жубайды элдик адамдар, эл энеси, эл атасы деп айтар элем.



## СУЛТАНОВ АБДРАЗАК КАДЫРМАМАТОВИЧ

1935-жылы Сопу-Коргон айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин, 1961-жылы Фрунзе политехникалык институтун бүтүргөн. "Кыргыз-көмүр" трестинин Алмалык разрезинде тоо-кен мастери, бургулап-жардыруу иштери боюнча участка начальнигинин жардамчысы, 1963-1968-жылдары башкы инженери, 1968-1988-жылдары партиянын Ош обкомунун инструктору,өнөр-жай, транспорт бөлүмүнүн башчысы, Ош шаардык аткаруу комитетинин төрагасы, Кыргызстан компартиясынын борбордук комитетинин уюштуруучусу, партиялык иштер бөлүмүнүн башчысынын биринчи орун басары, Кыргызстан компартиясынын борбордук комитетинин транспорт-байланыш бөлүмүнүнүн башчысы, 1988-жылы жаратылышты коргоо боюнча Кыргыз ССР мамлекеттик комитетинин төрагасынын орун басары, биринчи орун басары болуп иштеген. Кыргызстан компартиясынын борбордук комитетинин мүчөсү, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3-чакырылышына депутаттыкка шайланган.
"Ардак белгиси" ордени жана медалдар менен сыйланган. Алай районундагы №4 лицей-интернатка Абдразак Султановдун наамы ыйгарылган. Атасынын тарбиясына каныгып, мамлекеттик алдыңкы кызматчы катары, эл үчүн эмгектенип, эл оозуна алынган. Уулдары Марат жана Омор эрте жетилип, бүчүр алып, эл көзүнө эрте таанылышты. Ак ниет чынчыл, көздөгөнүн бербеген, адамга сапаттуу эң мыкты жөнөкөйлүктү туу туткан адам болчу. Элдин кызыкчылыгын өзүнүн кызыкчылыгынан жогору койгон, элим деп сүйлөп, элим деп күйүүчү мыкты адам болчу. Өзү өлсө да, эмгеги элинде калды. Өмүр бою эскерүүгө мектеп окуучулары бар. Баскан изи даңктуу жана даңазалуу.

## АБДРАЗАК СУЛТАНОВДУН ЖУБАЙЫ РОЗА

Роза – Кадырмамат Султановдун экинчи келини болчу. Ал келини да көпчүлүк апалардай камкор, мээримдүү. Марат менен Оморду тарбиялап өстүргөн, алдыңкы энелерден десек болот. Мараттын бала чагы Алайдын бийик тоолорунун арасында, Терек жайлоосунда өттү. Ат жалын тартып мингенден тартып, айран, сүт, кымыз ичип, каймак жеп, булак суусун кана жутуп, чоңоюшуна Санталат апасынын таасири чоң. Ал эми Роза жеңе Омор менен Маратты көп саякатка алып чыгып, башка элдердин руху-духу менен тааныш болууга, алардын бардык жетишкендиктерин бала кезинде көкүрөктөрүнө сиңирүүгө көп күч жумшаган. Жайкы каникул башталса Москвага, кийинки жылы Крымга, андан кийинки жылдары кыргыздын кооз жана керемettүү жерлери болгон Ысык-Көл менен Сары-Челекке алып барып, ден-соолукту чыңай турган көп жакшы таасирлердин пайда болушуна шарт түзгөн. Айрыкча Москвада чоң сүрөт көргөзмөлөрүнө алып кирип, дүйнө элдеринин чыгаан таланттарынын эмгектери менен тааныштырган. Роза жеңе-нин бала чагы Кант шаарында өтүп, жалаң орустардын арасында өсүптүр. Атасы менен апасы Кант шаарынын эң биринчи жумушчуларынан болушкан экен. Ошол тоодой эмгектери үчүн Сталиндин мактоо грамоталарын алып, эң алдыңкы сабынан болушкан. Согуш башталганда атасы көпчүлүк эр азаматтар катары согушка аттанып, орус-япон согушуна чейин катышып, 1947-жылы эл-жерине кайтып келиптир. Роза жалаң орустардын арасында чоңойгондуктан, мектепти да орусча окуп жакшы бүтүргөн. Мүнөзү шар, таарынып калабы деп эч аябастан, оюндагысын дароо бетке айткан кыялы бар эле. Баштаган ишин аягына чыгармайын жаны жай албайт. Институтту жакшы окуган. Ошол жерден Абдразак аке экөө табышып, баш кошушкан. Марат студенттик үй бүлөдө төрөлгөн, кийин окууну аякташканда, Абдразак Алмалык разрезинде бөлүнүп, Роза Оштогу сүт заводунда иштеп калат. Барган жеринде бат эле оозго алынып, түштүктөгү эң чоң сүт заводдорун бириктирген ири ишкананын директору болуп иштейт. 1975-жылы Абдразак партиянын борбордук комитетине которулуп, үй-бүлөсү



менен Фрунзеге көчүп келет. Роза тамак-аш министрлигинде иштейт. Өндүрүшкө көнүп калган Роза Ошко кетип "Май кампа" акционердик коомунда жетекчи кызматта жүрүп, пенсияга чыгып, неберелердин ардактуу жана кадыр барктуу чоң энеси болгон.

## СУЛТАНОВ ЖЕҢИШБЕК КАДЫРМАМАТОВИЧ

1942-жылы туулган, 1972-жылы ФПИни бүткөн. 1992-жылы Ош шаарында милициянын полковниги, 1969-1973-жылдары ички иштер башкармалыгында, МАИ бөлүмүнүн Бишкек-Ош жолун тейлөө боюнча взвод командири, 1973 – 1979-жылдары МАИ бөлүмүнүн жол кыймылын уюштуруу боюнча улук инженер, 1979-1988-жылдары бөлүмдүн начальниги, кадрлар бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары, 1988-1992-жылдары бөлүм начальнигинин орун басары, Ош областтык ички иштер башкармалыгынын коомдук тартипти сактоо бөлүмүндө начальниктин орун басары болуп иштеп, бир нече медалдар менен сыйланган.

## СУЛТАНОВА ЗУУРАКАН КАДЫРМАМАТОВНА

1952-жылы Ленин районунун (азыркы Ноокен), Ленин жолу айылында төрөлгөн. 1975- жылы КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1975-80-жылдары Пржевальск (азыркы Каракол) шаардык ооруканада терапевт, башкы кардиолог, 1980-84-жылдары Фрунзе шаарындагы дистанциондук борбордо функционалист, 1984-жылы Москвадагы №18 поликлиникада профилактика бөлүмүнүн башчысы, 1987-жылдары Фрунзе шаарындагы темир жолчулар ооруканасында башкы врачтын орун басары, 1990-жылдан баштап Бишкек шаарында республикалык диагностикалык борбордо бөлүм башчы, врач-диагностик болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын "Саламаттыкты сактоонун отличниги" наамын алган. 1994-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин,

1987-жылы Москва шаардык Саламаттык сактоо башкармалыгынын "Ардак грамоталары" менен сыйланган.

## СУЛТАНОВ МАРАТ АБДРАЗАКОВИЧ

1960-жылы Фрунзе шаарында төрөлгөн, Мамлекеттик жана коомдук ишмер, 1983-жылы Москвадагы болот эритүүчү институтун, 1987-жылы ошол эле окуу жайдын аспирантурасын бүтүргөн, 1992-жылы Кыргыз Улуттук университетинде окутуучу, доцент. 1992-1994-жылдары Кыргыз Улуттук банкынын төрагасы, 1999-жылы Кыргыз Республикасынын финансы министри, 2000-2005-жылы Кыргыз Республиканын Жогорку Кеңешинин депутаты, 2006-2007-жылдары Жогорку Кеңештин спикери, 2007-жылы Кыргыз Социалдык фондунун төрагасы, 2009-2010-жылдары Кыргыз Республикасынын финансы министри болуп иштеген. 2010-жылы Жогорку Кеңештин депутаты болгон.

## ОРМОНОВ РЫСМАМАТ

1945-жылы 20-апрелде Алай районунун Терек айылында, жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 7 жашынан баштап Терек мектебинде окуп, андан кийин Сопу-Коргондогу Токтогул Сатылганов атындагы орто мектепти окуп бүткөн. 1962-жылы Алай совхозунда жумушчу. 1964-1967-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп, 1967-жылы Сопу-Коргон жумушчу кооперациясында иштеп, 1976-78 жылдары Алматы шаарындагы жогорку ревизордук мектебин бүткөн. Ошол эле Сопу-Коргон кооперациясында ревизор, склад башчы, товаровед старший товаровед болуп иштеп, 2000-жылы пенсияга чыккан. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп жүргөн мезгилде чынчыл, ак ниет, калыстыгы менен өзгөчөлөнүп, ротанын комсоргу болгон. 1967-жылы Бүткүл Союздук жаштар слетунун делегаты болуп, Ленинград шаарында Аскер-Деңиз Флотунун парадына катышкан. Сопу-Коргон жумушчу кооперация-



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

сынын партиялык уюмунун катчысы болуп жүргөн. 2001-жылдан 2011-жылга чейин Терек айылында аксакалдар сотунун төрагасы болуп иштеген. 2012-жылы Меккеге Ажылыкка барып келген. Ата-энесинин таалим-тарбиясына каныккан, намазгөй адамдардын колунда тарбияланган. Ажы бүгүнкү күндө жубайы Майрамкан экөө беш убак намазынан жазбай, уул-келиндин урмат-сыйына татыктуу болгон бактылуу бай-байбичелер. Алты уул, эки кызды тарбиялап, уул үйлөп, кыз чыгарып неберелерди тууруна кондуруп, 34 неберенин 12 чеберелердин сүйүктүү чоң ата-чоң энеси , таята-таенеси. Балдарынан акыл-насаатын аябай, балдары эле эмес, жаштардын баарын ыймандуулукка чакырган, Ажы атанын небере-чеберелери дайыма намаз үйрөнүүгө дилгирлигин билгизип турат.

## *Коомдук ишмер* АЛЫМБЕК АСАН БИЙ УУЛУ

*(1799-1862) датка атабыздын 220-жылдыгына*

Асан бий уулу Алымбек парваначы (1799-1862) кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, 27 жашында Кокон ханы Мадалиге кызмат өтөй баштаган, 31 жашында ага Датка наамы ыйгарылган. 32 жашында Анжиян провинциясынын беги болуп дайындалып, Кокон хандыгынын ордосунда таасирдүү саясий роль ойногон. 1842-жылы Шералыны хан көтөрүүгө жигердүү катышкан. Анжиян провинциясынын борборун Ош шаарына көчүрүп, бул шаардын социалдык өнүгүшүнө чоң салым кошкон, балдар үчүн медресе курдурган.

Алымбек Индия, Пакистандан билим алып, астролог болгон. Элибиздин илимдүү-билимдүү болушу үчүн кам көргөн.

1845-жылдагы ордого каршы Ош көтөрүлүшүн жетектеген. Хандыктагы саясий жана мамлекеттик 30 жылдык (1831-62) ишмердигинде журт кызыкчылыгын ойлоп,элдин мүдөөсүн биринчи орунга койгон. 1862-жылы хан сарайындагы кезектеги кутумда курман болгон. Эстелиги Ош шаарында жана Алай районунун борбору Гүлчө айылында орнотулган.



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483645

## ДААНЫШМАН ДАТКА ЭНЕБИЗГЕ 208 жыл (1811-1991)

Маматбай кызы Курманжан 1811-жылдын Кулжа айында Ош шаарынан анча алыс эмес жердеги Орке кыштагында, Мунгуштун Жапалак уруусунан чыккан Маматбай аттуу колунда бар адамдын үй-бүлөсүндө жарыкчылыкка келген. Курманжан жаш кезинде эле келим-кетимдүү, элдик үрп-адатты, каада салтты кадырлаган үй-бүлөдө тарбиялангандыктан, өз оюн тайманбай бетке айткан, акыл эси башкалардан өзгөчөлөнүп турган, намыскөй кыздардан болуп өсөт. Анын мындай өсүшүнө атасы Маматбайдын да таасири чоң болгон. Маматбай – нарк билги, орду менен сүйлөгөн, бирөөнүн акысын жебеген, кара өзгөйлүгү жок, мал жандуу, ата-тегинен динди, руханий мүмкүнчүлүктү бекем кармаган сабаттуу адам болгон. Курманжан 17 жашка чыкканда атасы кудалашып койгон 500 түтүндүү Жоош уруусунун Төрөкул деген бийинин анча мааниси жок Кулсейит аттуу уулуна кызын турмушка чыгарган. Бирок күйөөсү көңүлүнө толбогон Курманжан, мезгилинин катаал мыйзамына баш ийбей, бир жылдан кийин Үч-Таш жайлоосунан атасынын үйүнө келе берет. 3 жылдай үйүндө башы бош отуруп калат. 1832-жылы Курманжан 21 жашында, Баргы уруусунун баш бийи катары жана Кокон бийликтерине кызмат кылып, «Датка» деген наам алган, эл-жерге кадыры, иш билгилиги менен маалым болгон, Алымбек Даткага кокусунан жолугуп, көп узабай аны менен тагдырлаш болуп баш кошкон. Ошол күндөн баштап, Курманжан өлкөнүн саясий окуяларына, Кокон бийлигинин аракеттерине күйөөсү Алымбек датка менен катар эле аралаша баштаган.



## ДАТКА ЭНЕБИЗДИН 180 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИ

Датка энебиздин 180 жылдык маараkеси 1991-жылы 16-августта айтылуу Алай районунун Үч-Төбө айыл аймагынын «Бак-Арча» жайлоосунда өткөн. Үч-Төбө айыл өкмөтүнөн төрт китепканачы биздин боз үйдү тигип барганбыз. Туш тарабы тоолор менен курчалган, арчалар жыш өскөн, арасындагы жаратылыш жасап койгондой, дөңсөө көк шиберде отуруп, оюн-зоокту көрүүгө келген элдин агымы кылкылдайт. Бул аймактын көркүнө көрк кошуп, жумурткадай тигилген ак боз үйлөр. Беш жүздөн ашык тигилген боз үйлөрдүн ар бирине бөлүнгөн меймандар жайгаштырылды. Меймандос кыргыз элим, байгерчилик менен жашаган бай элим, адамга жамандыгы жок, бирок катылгандын катыгын берген элим өскөндүгүн байкап, бүгүн сүйүнүчкө батып да, кайгырып да турдум. Кайгырганым-кырк жети жашында жолдошумдун өтүп, ушул күндү көрбөй калганы болду. Боз үй тигип, ушул маараkеде уул-кыздарым менен чогуу болгонум сүйүнүчкө бөлөдү. Датка энебиздин тоюна мамлекеттен меймандар: А. Акаев, Т. Касымбеков, Н. Исановдор, Республиканын белдүү ишмерлери, маданият кызматкерлери жана башкалар келишти. Өзбек улутундагы туугандарыбыз чилдирманын чалып, дутарларын кагып, даамдуу тамак аштарын жайнатып, жаркын кабак менен тосуп алгандары 1990-жылдагы Оштогу кайгылуу окуяны ушул маараkеде жууп-чайып салгандай. Датка энебиз тирүүсүндө элди ынтымакка бириктирип сактаса, өлгөндө да руху элин ынтымакта сактап тургандай.

Жалал-Абаддан бул маараkеге Бекмамат Осмонов да келди. Бак-Арчанын өзүнө боз үйлөрдү тиктирип, кез жоосун алган ак боз үйлөргө 40 чоросу менен келип, эртеси оюн-зоокко катышты. Осмоновдун ишмердигине жана кокжалдыгына айрыкча ушул тойдо көпчүлүк тан берди. Себеби бул жетекчи көп жылдар бою Алай элинин экономикасын көтөрүп жана тартип орнотуу маселесин жөнгө салып, иштеп кеткен. Алай элине өз уулундай адам болчу. Ушул жолу да уюштуруучулук жөндөмүн көрсөтө алды. Алай элдик театрынын концертинде «Курманжан Датка» спектакли коюлду, көчмөн калктын жашоосун

чагылдырган түрдүү улуттук каада-салт, оюн-зооктор көрсөтүлдү. Маарекеге арналып көп жакшы иштер жасалган, Гүлчөдө «Курманжан датка» энебиздин музейи курулган.

## АТАБАЕВ ЖУМА

(1916-1956)

1916-жылы 15-майда Үч-Төбөнүн Кууганды деген жайлоосунда туулган. Жума төрт жашка толгон мезгилде атасы ооруп, дүйнөдөн өтүп кеткен. Акбий деген тууганларынын колунда апасы жана инилери менен жашап калган. Олжокеден тараган Каракозу уруусунан болгон. Жума жети жашка толгондо зээндүүлүгүн жана чыйрактыгын байкаган жакын абасы Турганбай Гүлчөдөгү мектеп-интернатка өткөрөт. 1929-жылы Фрунзедеги педтехникумга кирип, 1931-жылы бүтүрүп, 1932-жылдан 1937-жылга чейин редакцияда журналист болуп иштеген. 1937-жылдан 1939-жылга чейин эки жылдык аскердик курска окуп, 1939-41-жылдары Ыраакы Чыгыш фронтунун 202-аба десанттык бригадасында кызмат өтөө менен бирге аскердик котормочулук курсун бүтүрүп, 1946-жылга чейин аскердик котормочулукту аткарган. 1947-жылы Приморьедеги 556-аскер бөлүгүнүн жумушчу батальонунда кызмат өтөгөн. Бул мезгилде да аскердик котормочулук милдетин аткарган. 1948-жылы запаска бошотулган. Япон тилин эркин сүйлөп, жаза билген. Англис тилин сөздүктүн жардамы менен окуган. Кытай мамлекетинде жана Японияда эки жылдан иштеп, төрт тилди билген жана эркин сүйлөй алган. Атабаевдей билимдүү жана такшалган адис, ошол мезгилде аба менен суудай керек болуп турган. Ал мезгилде мындай адистерди бошотпойт эле. Ашказандын рагынын айынан аргасыздан отставкага чыгарылган. Отставкага чейин ага лейтенанттык аскердик чини берилген, 1937-жылдан 1944- жылга чейин РН-ТБ-3 самолетунан 1600 метрден жогорку бийиктиктен парашюттан секирген. Алайдын эр жүрөк уулу согуштагы каармандыгы учун «Кызыл жылдыз» ордени, «Аскердик кужурмөндүүлүгү үчүн», «Японияны жеңгендиги үчүн» жана «Германияны жеңгендиги үчүн» медалдары менен сыйланган.



Атабаев Жума ашказандын рагынан Москвада үч жолу операция болуп айыга албай, 1956-жылы кырчындай кырк жашында жарыкчылык менен кош айтышкан. Аялы Тойматова көп жылдар бою Майлы-Сайдагы медучилищанын директору болуп эмгектенген. Анара аттуу кыздуу болушкан. Тойматова пенсияга чыгып Бишкекте жашап жаткан мезгилде авариядан каза болгон. Анара турмушка чыгып, уулдуу болгон дешет. Атасынын туугандары кимге күйөөгө чыкканын иликтеп, даректеп жүрүшөт.

## АТАБАЕВ МУСАБЕК ПАЯЗОВИЧ

1956-жылы 20-апрелде Алай районуна караштуу Күн-Элек айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы – Атабаев Пааз Ленин атындагы совхоздун жумушчусу, апасы- Атабаева Бактыбү үй-кызматкери. Мусабек сегиз бир тууганын экинчиси. Бардык туугандары үй-бүлөлүү, ар түрдүү кызматты аркалашат. 1964-1972-жылдары Алай мектеп-интернатында окуп, 1974-жылы Токтогул атындагы орто мектебин бүтүргөн, 1974-1976-жылдары Алай совхозунун жумушчусу болуп иштеген. 1976-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетин окуп бүткөн. Эмгек жолун 1980-1983-жылдары Чоң-Алай районундагы «Кызыл-Эшме» сегиз жылдык мектебинде физика-математика мугалими болуп иштеп баштаган. 1983-1987-жылдары Алай районундагы Б. Абжапаров атындагы орто мектебинде математика мугалими, 1987-1990-жылдары мектептин директору, 1990-жылдан баштап Кашка-Суу орто мектебинде мугалим,директор, 1996-1998-жылдары Ленин айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, 1998-2001-жылдары Талды-Суу орто мектебинин мугалими, директору, 2001-2005-жылдары Токтогул атындагы орто мектебинин мугалими, 2005-2012-жылдары К. Белекбаев атындагы Алай айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, 2012-2015-жылдары ошол эле айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси болуп иштеген. 2015-жылдан бери эмгек ардагер.

2017-жылдан бери С. Карыев атындагы орто мектептин физика-математика мугалими болуп эмгектенет. Жакшы

эмгектин натыйжасында төмөндөгү сыйлыктарга татыктуу болгон; 1985-жылы «Бүткүл Союздук социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгиси, 1996-жылы Алай райондук билим берүү бөлүмүнүн Ардак грамотасы, 1996-жылы, Кыргыз Республикасынын Президентинин куттуктоо каты, 2001-жылы Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин 1-съездинин делегаты, 2001-жылы ОМБОШинин мактоо баракчасы, 2012-жылы Кыргыз Республикасынын «Муниципалдык кызматтын отличниги» төш белгиси, 2018-жылы Кыргыз тилектештиги коомдук фондусунун «Насаатчы» төш белгиси, 1983-1996-жылдары Алай районундагы физик мугалимдердин усулчусу катары коомдук жумуштарды аткарган. 2017-жылдан азыркы мезгилге чейин К. Белекбаев атындагы Алай айыл өкмөтүнүн ,айылдык кеңешинин депутаты, 2017-2018-жылдары айылдык кеңештин төрагалык милдетин аткарат. Жубайы Ормонова Нургүл 1961-жылы 22-ноябрда Терек айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Мектеп китепканасында иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан. Баш кошкондоруна 40 жылга жакын убакыт болуп, түтүн булатып келе жатышат, төрт уул, бир кыздын бактылуу ата-энеси. Ынтымак, ырыскениктүү жубайлар.

Кай жерде болсо да жеңилин жерден, оорун колдон алууга аракеттенишет. Уул-кыздары – Зирегүл, Найзабек, Нүрдөөлөт, Эрмаматтар замандын талабына шайкеш жеке ишкерлер. Эң кичүү уулу Рыскелди Японияда япон тилин үйрөнүү боюнча окууда. Жашоо шартка карап, Мусабек – кайда иштесе ошол жакта көчүп-конуп кошо иштешкен Нургүл көп кыйынчылыктарды жеңди. Азыркы күндө бактылуу жубайлар, 13 неберенин чоң ата-чоң энеси, Бирөөгө бакыт каалаган, өзүң да бактылуу болосуң дегендей, ак ниет чынчылдыкты туу туткан жубайлар элге дайым бактылуулук, жерибизге тынччылык каалаган адамдардан .



## КИТЕПКАНА-МАДАНИЙ БАЙЛЫК

Элиң жакшы, өлкөң болсо канча бай,
Болсун мейли, кереметтүү канча жай.
Өсөөр элде китепкана эң алды,
Андан кийин куруу керек Хан сарай.

Ой дүйнөсү бай, маданий байлыкты баалай билген, китепкана казынасын сактай билген, акылман, алтын сөздүү адамдардын сөздөрүн барктай билген, мээнет кылып, майда, бирок маанилүү иштерди аткарып жүргөн, мыкты айымдарга жана мырзаларга арнагым келет. Көп жылдар бою Ош областтык Токтогул Сатылганов атындагы китепкананы жетектеп, элдин руханий жан дүйнөсүнүн өсүшүнө салымын кошкон, Америкага чейин барып мыкты ийгиликтерге жетишкен, тажрыйба топтоп, райондук китепканаларга семинар өтүп, кеп-кеңеш берип келген Бактыгүл Мырзаевага жана ошол эле устатынын иш тажрыйбасын үйрөнүп, көп иштерди алга сүрөгөн, Алай райондук борборлоштурулган китепканасынын башчысы – Асилова Урниса Асиловнага элдин рахматы зор. Асилова жетектеген райондогу борбордук китепкана, анын жер жерлердеги иштеп жаткан филиалдарынын иштери мактоого арзырлык. Асилова түрдүү гранттар менен иштеп, китепканалардын материалдык-техникалык базасын чыңдоого, ремонттон өткөрүүгө, китеп фондусун толуктап турууга үлгүрүүдө. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан, Манас, Семетей, Сейтек эпосторунан жана балдар жазуучуларынын чыгармаларынан, колдон келсе көбүрөөк колдоо болгондо жакшы болмок. Балдардын ички дүйнөсүн байытууда жомок китептер зор роль ойнойт. Ушул иштерди аткарууда жогорудагы эки кызматкерден башка да, алдыңкы китепканачылар күч-кайратын жумшап келишет. Азыркы күндө да өз иштерин мыкты аткарышууда. Жогорудагы жалпы китепканачыларга жана эки айымга рахмат! Убагында кооз салынган имараттардын көркүн чыгарып, күзгүдөй жалтыратып, тап-таза кармап, ошончо кызматкердин ынтымагын сактап, темирдей тартипти орнотуп, иштешүү-

аялзаттын бардыгынын эле колунан келе бербесе керек. Кээ бирөөлөргө китепти берип коюп эле, кечкирте албай, убакыт өткөрүүнүн айласын ташпай отургандай сезилген менен иштей келсең, жоопту уу да, таатал да жумуш. Көп нерсени бүгүнкү күндүн талабына ылайык иштөөнү талап кылган иш. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары союз жоюлгандан кийин,

- «Китепканаларды жоюш керек, үйүңөргө ташып алгыла китептерди, мен маданиятты жоём, имаратты бошоткула, эл башыларга кабинет кылабыз»,-деп күпүлдөгөн маңкурт, жогорку билимдүү жетекчилер, айыл өкмөттүн башчылары болбой койгон жок. «Маданиятты жоё албайсың, согуш мезгилинде да иштеп турган, анда сен тоого чыгып, топоз болуп кет!» –деп урушууга чейин барышкан. Районго чейин келип, Алай айыл өкмөтүнүн Чий-Талаадагы китепкананын китептерин чыгартып, кабинетин тартып алышкан. Айласы кеткен Лейли Мамадалиева китеп фондусун үйүнө ташып, үйүнөн тейлеп турган. Ак-Босого айылдык китепканасын менчикке сатып ийген. Имаратын бербей, өзү сатып алып иштеткен уулдар болгон. Ошол мезгилдеги «бөрк ал десе баш кескен», түркөй, элдин камын, элдин муктаждыгын түшүнбөгөндүгүнүн айынан, Үч-Төбөдөгү 25 орундуу балдар бакчасын жеке менчик үйлөргө берип жиберишкен. Маданият министрлиги жоюлуп, маданият агенттиги да болуп кетти. Кайра министрлик болуп калды. Алай райондук маданият бөлүмүнүн чечкиндүүлүгү жана китепкана башчыларынын күчү менен китепканалар жоюлбай калган. Азыркы күндө да кээ бир көпкөндөрдүн айынан китепкананы жоюу боюнча кеп укчу болдук. Элибиздин алтын казынасы болгон китепкана эч качан жоюлбаш керек. Колдон келсе китепкана фондуна жардам көрсөтүү менен колдоо көрсөтүүбүз керек. Жер-жерлерде мыкты уул-кыздарыбыз колдоо көрсөтүшсүн. Маданиятты жоем деген сөз - маңкурттук. Эң оор жылдары тап күрөшү жоюлуп жаткан кезде сабатсыздыкты жоюп, элдин аң сезимин өстүрүп, жакшы жашоого үндөгөн кызыл бурч, кызыл үйлөр ачылып иштей баштаган. Улуу Ата-Мекендик согуштун мезгилинде да калемчилер калемдерин таштабай, жандарын ооздоруна тиштеп жүрсө да, кан майданда да кызыл бурч уюштурушкан. Майда, бирок маанилүү маданий



байлыгыбыз болгон китепканаларыбызга кол тийгизбөөгө аракет кылуубуз керек. Областтык китепканага баш ийген бардык райондук китепканаларда көбүнчө энелер иштешет. Алар бүгүнкү күндүн талабына жараша балдарыбыздын келечеги үчүн аракет кылууда. Биз, энелер, китепкананы жоюш эмес, жаштарыбыздын келечегин ойлоп, сактап калуубуз керек. Колдон келсе жер-жерлердеги китепканаларга акын-жазуучуларыбыздын китептерин басмадан жаңыдан чыгартып, фондду жаңылоого жана көбөйтүүгө, бардык өкмөт башчылары, жогорку кеңештин депутаттары, алдыңкы айымдар, бизнесмендер элдин, айрыкча балдардын жан дүйнөсүн байыткан китептерди тартуулоого аракет кылып, Мырзаева, Асилова сыяктуу мыкты иштеген айымдарыбызга колдоо көрсөтүүгө аракет кылуубуз керек. Кудайга шүгүр, заманыбыз жакшы, тойлорго кеткен ысырапкорчулуктан көрө, айылыбыздагы китепканага колдон келишинче жардам көрсөтөлү.

## КӨРКӨМ ӨНӨР МЕКТЕБИ

Үч-Төбө айыл аймагында Т. Жумабаев атындагы мектебинде көркөм өнөр мектебин ачууга ата-энелер жана мектептин музыканты Турдубек Үркүнбаев, Бакирдин Кармышаковдордун салымы зор. Көркөм өнөр мектебине раматылык Бакирдин Кармышаковдун наамы берилген. Азыркы күндө кызы Жылдыз Кармышакова, Акжол Арзыбаев, жубайы Айнагүлдөр эмгектенишет. Бакирдиндин колунан канчалаган мыкты комузчулар чыгып, республикалык сынактын женүүчүлөрүнөн болушкан. Ал эми Алайдын эң мыкты музыкант уулу, таңдайынан нур чагылган Турдубек уулу Чыңгыз Үркүнбаевдин талантына талант кошуп, алга сүрөп, мыктылардын катарына кошууга аракет кылууда. Маданияттын туу чокусуна умтулган элдик уул-кыздардын катары көбөйүүдө. Алай элинин даңкын көтөрүп, алдыңкы асыл сапаттагы адамдардан болуп, Кыргызстандын намысын сактаган, ак ниет, чынчыл, чыгармачыл, атакдануу адамдардан болгула! Ак жолуңар ачык болуп, ишиңер илгерилей берсин!

## ЭЛ ҮЧҮН ИШТЕП, ЭЛГЕ АРНАЛГАН ӨМҮРЛӨР

Үч-Төбө айыл аймагы малга жайлуу, кенен. Ак-Босого, Маданият, Кызыл-Алай, Кичи-Каракол айылдарын камтып, борбору Кичи-Каракол айылы. Ошол айылда Максутов Зулпу деген карыя жашачу. Көбүнчө китепканага келип, убактысын өткөрчү. Бажырап, илгеркилерден кеп салып берчү. Аялы жоон-жолцу, сөздү так кесе сүйлөгөн, калыс аял болчу. Дайыма карыса да кинодон калбай барчу, сигарет чекчү, ошол түспөлүнө карап, айылыбызда Сулайман(Сергей) деген адам, Англиянын премьер-министри Уинстон Черчиллге окшотуп «Черчил» деп койгон экен. Ошондон тартып Соно эжени Черчил келе жатат деп калышчу. Ошол мезгилде айылда дайыма клубда кино көрсөтүлчү. Киномеханик Исаков Өмүркул киного бекер киргизип, пенсиясын алганда төлөп койчу. Зулпу аба согушка чейинки жана согуштан кийинки оор кыйын-чылыктарды баяндап берчү. Ал кезде кат-сабат жоюла элек, элге билимдүү балдар суудай керек болгон экен. Катчылыкка киши таппай ошол айылдын эң кыйынымын деп баш көтөргөн жигитин көрсөтсө, анысы дагы калем сапты оң кармашын билбей, тетири кармап, жаза алган эмес экен, ошондо:

Окууга жибер баланды,
Тетири кармайт каламды.
Кат-сабаты жоюлуп,
Үйрөнсүн окуп тамганы.

– деген ыр саптары пайда болгон экен. Сабатсыздыкты жоюу үчүн окууга жөнөтүп, түндүктөн келген мугалимдер балдарга сабак берчү экен.

Атактуу «Жолборс» киносу ажайып кооз Үч-Төбө тоолорунун арасында тартылган экен. Кинодо басмачылар менен ошол жердин жашоочуларынан куралган ыктыярдуу отряддар ортосундагы согуш, элдин эркин жашоосуна бүлүк салган басмачылар менен кандуу кармашууга аттанган эчен эр азаматтар, элдин эркиндиги үчүн салгылашкан эпизоддору көрсөтүлгөн. Ошол мезгилде, ошол жерден куралган мыкты балдардын ичинде Гажи Абдраимов да болгон экен. Касымаалы Жантөшевдин Каныбек романындагы командир-



лик кылган каарман- Азиз Ахмедов деген жашыруун ат менен, канча окуяларга катышып, акыры Алай тоолорунун арасындагы жашынган басмачыларды кандуу кармашта жеңип, эл эңсеген эркиндикти алып беришет. Жүрөгүнөн муң, көзүнөн ый кетпеген, бечаралардын көңүлүн кубанычка толтурушат.

Эл арасынан суурулуп чыккан жалын жүрөк азаматтар элдин жакшы жашоосун калыбына келтирүү үчүн жан аябай күрөшүшкөн.

Ошол мезгил шартына ылайык, бай-манаптар менен болгон тап күрөшүндө кызыл аскерлер келип, турак-жай салып жашап турган, сырты акталган үйлөрдү «ак жай» деп, ошондон Ак-Жай аталып калган. Юркин деген орус адамдын аты коюлгандыктан, эл арасында Жүркүн деп аталып калган экен.

Көздөгөнүн бербеген, ынтымактуу азаматтар Ак-Жай айылында «Комсомол» көлүн курмак болушат. Азыр ал жерди «Кудук» деп коюшат. Узун-туурасын ченеп, бир нече аралык кенендикте кол менен казыла баштайт. Бир топ терендикте казып баргандан кийин, «фашисттер Советтер Союзуна кол салды , согуш башталды», деген суук кабарды уккан эр азаматтар согушка аттанып кетип, «Комсомол» көлү курулбай калат. Азыркы күндө ары жак, бери жагы текшиленип, үйлөр салынып кеткен. Ошол согушка кеткен жалын жүрөк азаматтар, катарлары суюлуп, согуштан кайтпай, канча энелер кан какшап, зарлап өтүп кетишти. Биринин күйөөсү, биринин уулу, биринин тууганынын сөөктөрү Украина, Прибалтиканын талааларында калып кетти.

Согуштан кийинки жылдары айылда Топчубаев Жусуп башкармалык кылып турган. Чаканбаева Бегайым, Гафурова Самар жана Гиди эже окшогон кыйын аялдар тылда мыкты эмгек жаратышкан. «Бардыгы фронт үчүн» деген девиз менен кылкылдап бышкан эгинди аялдар бала-чака дебей, баш көтөрбөй орушкан. Кызыл казан астырып, күнүнө иштеп тапкан акысына бирден нан берип турушкан. Ал мезгилдеги оор жашоого чыдабай машак тергендерди жазалап турушкан. Согуштун оор күнүн өткөрүп, жеңишти тосушкан. Ошол

менен ынтымак болуп, кишидей бир мезгилде оор кыйынчылыкты жеңишкен.

Согуштун оор күндөрүндө, андан кийин кыйлага чейин элдин жашоосу кыйынчылык менен өтүп турган. Ошол мезгилде Кабыл Кайыпкулов жетектеп, колхозду оңдоп, элдин жашоо шартынын жакшырышына, маданий жактан өнүгүшүнө салым кошкон мыкты адам болгон. Эмгек жолун 1943-жылы Кызыл-Алай колхозунун колхозчусу, талаачылык боюнча бригадирдин жардамчысы болуп иштеп, согуш мезгилинде тылда каармандыкты көрсөткөн. 1948-жылы Чоң-Алай районундагы почта кызматынын башчысы, 1949-1951-жылы Кызыл-Алайда бригадир, комсомолдук уюмдун секретары, 1951-1953-жылы Маданият колхозунда үй-кой фермасынын башчысы, колхоздун партиялык комитетинин секретары 1953-1956-жылдары Үч-Төбө айылдык советинин төрагасы, 1958-1963-жылдары партиянын Алай райкомунда жооптуу кызматта, 1956-1958-жылдары Андреев атындагы колхоз башкармачылыгынын төрагасы болгон. Анын жетекчилиги менен ирилештирилген Андреев колхозу экономикасы өнүгүп, миллионер колхозго айланган. Үч-Төбөдөгү клуб, "московский" типте салынган контора, мончо, мал-сарайлар, эгин кампалар, Кызыл-Алай айылында жаңы типтеги үйлөр курулган. Бүткүл Союздук эл-чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн, 1958-жылы Кыргыз ССРинин Фрунзедеги айыл-чарба көргөзмөсүнүн делегаты болуп катышкан. Эмгекчил, уюштургуч азамат, элдин уулу Кабыл, оорудан каза болуп калган дешет. "Өмүр бизден өтүп кетсе эл эмгектен эскерсин",-деген Аалы Токомбаевдин сөзүндөй мыкты эмгектери элдин эсинде калып, дайыма эскерилет. Айыл эли өзүнүн мыкты уул кыздарынын эмгектерин эч убакта унутпайт. Билинбей жүрүп, эмгектенип, элге кызмат кылган мугалим, дарыгер, китепканачы, сугатчы, атка минердин саны канча, ошондой азаматтардын күчү менен, элдин иши алга жылып, экономикасы жогорулаган. Алардын жаркын элесин эл эч качан эстеринен чыгарышпайт, жүрөктөрүндө сакталат. Муундан муунга айтылып, жомокко айланат, тарых бетинде калат. Айыл жашоосу дагы-дагы мыкты инсандардын жардамы менен өзгөрүп, жакшыра берет. Айыл эли өзүнүн



чыгаан, эл үчүн эмгектенип, айылдын атын дайыма даңазалаган мыкты уул-кыздары менен акылдуу чыккан кыйындарын жүрөктөн өчүрбөйт.

## ТОПЧУБАЕВ ЖУСУП

1920-жылы жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Кежиге айылында жети жашына чейин ата-энесинин тарбиясында болгон. Өрдөш айылында 4-классты бүткөн. Ата-энесинен эрте ажыраган. Билимин улантууга мүмкүн болбой, шарты туура келбей калган. 1938-жылы Сопу-Коргондогу мал доктурлукту 1 жыл окуп, Үч-Төбө сельсоветинде 1945-жылга чейин мал догдур болуп иштеген. Согуш мезгилиндеги катаал шартка жараша Жусуптай адамдар колхоз башкармалыгына керек болгон. 1946-1958-жылдары башкарма, 1958-1964-жылдары, селолук советте төрага болуп иштеп турган. Айыл чарба өндүрүшүнүн уюштуруучусу. 1958-1980-жылга чейин бригадир, магазинчи болуп иштеген. Иши менен эле чектелбестен, үй-бүлөгө да камкор ата болгон. Уул-кызын окуу жайларга окутуп, эл үчүн эмгектенген, мыкты адамдардан болуусуна көмөк-төшкөн жана тарбиялаган. Ардактуу эс алууда жүрсө да, жаштардан акыл-насаатын аячу эмес, кадыр барк күткөн, калыс сүйлөгөн, карыя эл арасында сыйлуу адам болгон. Байбичеси Таасил менен бактылуу жашап, 10 балалуу болушкан. Небере чеберелерди кошо тарбиялап, неберелери бир жашка толгондо эле, өздөрү алып кетип тарбиялоочу. Очор-бачар үй-бүлөөнүн, небере чөбөрөлөрдүн, таята, таенеси, чоң ата, чоң энеси болуп, кайратман карылык доорду сүрүп, нарк-насилдүү, бай-байбичелик куракка жетип, узак жашап дүйнөдөн кайтышты. Артында калган уул-кыздары нускалуу жолун улантып, небере-чеберелери чоң атасынын жолун улантууда.

## ТЕМИРБАЕВ КАМАЛ

1923-жылы Кичи-Каракол кыштагында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 7-классты бүткөндөн кийин, колхоздо табелчи болуп, андан кийин комсомол уюмунун секретары болуп, иштеп өткөн. Комсомолго делегаттыкка көрсөтүлгөн. Андреев колхозу болуп, андан кийин совхоз болгондон кийин, көп жылдар бою бригадир болуп иштеп жүрдү. Алай совхозу уюшулгандан кийин, кирешелүү тармак болгон – топоз чарбасында көп жылдар бою топоз багып жүрүп, эмгегинин үзүрүн көрүп, пенсияга чыккан. Өмүрлүк жубайы Сейил Исакова да көп жылдар бою Үч-Төбө (айылдык) селолук советинин төрайымы, катчы, китепканада, почтада иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Бала бакыралуу, бактылуу очор-бачар, чоң ата, чоң эне болушту. Эң чоң уулу Асилбек – аскердик кызматта, Ошто иштейт. Кыздары да илим-билимдүү, небере-чеберелүү. Камал аке, жубайы Сейил эже каза болгондон кийин, урмат-сыйын уул кыздарынан көрүп, бактылуу чоң ата, небере чеберелери менен божурашып, куюлуштуруп сүйлөгөн, сөздөрдүн ээси болгон. Тойлордо Камал абанын батасын алып, ыраазы болбогон эл жок. Эл журт кадырлаган барктуу, нарк насилдүү карылардан болгон. Калың журттун кадыр барктуу ак сакалы Камал аба узак жашап, дүйнөдөн өткөн. Камал абанын батасын үйрөнгөн жаштар азыркы күндөгү тойлордо үзбөй бата берип келет.

## МАКСУТОВ МАМАТА

1928-жылы Кичи-Каракол айылында, кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 7-классты бүткөндөн кийин Андреев колхозунда, кой фермасында учетчик болуп иштеген. 1948-жылы Оштогу айыл чарба техникумуна кирип, 1950-жылы бүтүрүп келип, Андреев колхозунун ветврачы жана вет техниги болуп, 1982-жылга чейин иштеп келген. Совхоздун малын ыландан сактап, алдыңкы адис болуп иштеп жүрүп, персоналдык пенсияга чыккан. 1958-жылы Москвага айыл-чарба көргөзмөсүнө барган. Жалал-Абад курортуна



профсоюз уюму тарабынан жөнөтүп турушкан. Бала-бакыралуу, жубайы Күнөш Кеңешбаева партиянын мүчөсү болуп турган. Эң чоң уулу Араван районунда, жогорку кызматтарда иштеген, жогорку билимдүү. Мамата аба татыктуу уул-кыздардын атасы, небере чөбөрөлөрүнүн бактылуу чоң ата, таятасы. Азыр ардактуу эс алууда. Жеңиштин 50-жылдыгына арналган медалдын, жана башка көптөгөн орден-медаль, сыйлыктардын ээси.

## ТОЙЧУЕВ КЫЯЗ

Тойчуев Кыяз 1940-жылы Кыргыз Республикасынын Ош областына караштуу Алай районунун Нура айылында, колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Мектептин жети жылдыгын Маданият мектебинен 1947-1954-жылдарда окуп бүтүргөн. Куршаптагы шофер-механизаторлорду окутуп чыгаруучу окуу жайынын айдоочу-механизатор адистигин бүтүргөн. Эмгек жолун 1960-жылы Алай совхозунда тракторист болуп иштөөдөн баштаган. 1970-жылы өзүнчө гектарчы болуп чыгып, Алай совхозунун Маданият участкасынан, Кара-Күңгөйүнөн жер бөлүп алдырып, арпа айдап, ошол жылы ар гектардан, 12 центнерден үрөндүк арпа жыйнап алган. Ал эми 1979-жылы 38 гектар жерден 40 центнерден арпа жыйналган. Бийик тоолуу Алай жергесинде бул түшүм учурундагы рекорддук түшүм болгон. Совет Өкмөтү менен коммунисттер партиясы Кыяз Тойчуевдин кужүрмөн эмгектерин жогору баалап;

1. 1968-жылы Москвич жеңил автомашинасы,
2. СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун указы менен 1972-жылы 14-декабрда «Ардак белгиси» ордени,
3. 1981-жылы 16-мартта «Эмгек Кызыл Туу» ордени,
4. 1986-жылы 7-июлда «Эмгек Кызыл Туу» ордендери менен сыйланган.

Ош облассттык кеңешинин эки жолку депутаты, партиянын, Алай райондук жана Ош облассттык комитеттеринин Ардак грамоталарына бир нече жолу ээ болгон. 1968-жылдан баштап, пенсияга чыкканга чейинки жылдарда, Социалисттик мелдештин үзгүлтүксүз жеңүүчүсү болуп

келген. Тойчиев – 2006-жылдын 16-июнунан бери карай Кыргыз Республикасынын персоналдык пенсионери.

## АЛМАМАТОВ ТООКЕБАЙ

Алмаматов Тоокебай – ардактуу атуул, 1937-жылы Кичи-Каракол айылында туулган Мектеп жашына жеткенде III-Интернационал орто мектебинде окуп баштаган. 7-классты бүтүп, Ош сельхозтехникумуна кирип, анын 3-курсун бүткөндөн кийин, ооруп калып, академический отпуска алган. Ошол боюнча окуусун бүтпөй калган. 1958-жылы Сопу-Коргондогу үч айлык шофердукка окуп жатканда буту сынып калып, аны да бүтө албай калган. 1958-жылы буту сакайгандан кийин, совхоз уюшулуп, атасы менен 500 кой алып, чабандык кесипти аркалап кеткен. 1958-жылы Ысык-Көл областынын, «Улахол» совхозунда эки ай окуп, кой багуунун, койду куутка коюунун ыкмасын үйрөнүп, «Мал багуунун устаты», «Старший чабан» деген наам алып келип, кой бага баштаган. Өмүрүнүн көбүн мал багуу менен өткөрүп, алдыңкы сыйлыктарга татыктуу болгон. Байбичеси Карима менен он баланы үйлөп-жайлап, тындырып, байбиче балдардын рахатын көрүп, небере чебере сүйүп, бактылуу карыялардан болушкан. Көп жылдык эмгегин эске алып, айыл өкмөтү «Ардактуу атуул» - деген наам ыйгарган.

## АРЗЫБАЕВА ГҮЛСҮН

1919-жылы, Белекбаев Келдибек атындагы Алай айыл округунун Терек айылында төрөлгөн. Сопу-Коргон айылында советтик партиялык иштерде, аймактын социалдык-экономикалык абалын көтөрүүгө зор салым кошкондордун бири. 1934-жылдан баштап мектепте сабатсыздыкты жоюу боюнча мугалим, 1941-жылы Ленин айылдык советинин секретары, 1942-44-жылдары партиянын Алай райкомунда инструктор, Аялдар арасында иштөө бөлүмүнүн башчысы. 1950-58-жылдары партиянын Алай райкомунун 3-секретары, 1958-63-жылдары Алай айылдык советинин төрайымы.



1963-70-жылдары Сопу-Коргон айылындагы балдар бакчасынын башчысы, 1970-74-жылдары Алай жатак мектебинде, тарбиячы болуп эмгектенген. 1948-жылы аялдардын бүткүл дүйнөлүк конгрессине делегат, 1971-жылы «Ардак белгиси» ордени, 1990-жылы Кыргыз Республи-касынын «Ардак грамотасы» менен сыйланган. Арзыбаева Гүлсүн Мырзаканов Мамыт менен экинчи нике жаңыртып, 1954-жылы Амангелди, Айнагүл, Самаган аттуу уул-кыздын ата-энеси болушкан. Алардын өздөрүн тарткан уулдары да, ата-эне жолун улап алдыңкы, билимдүү жана эл үчүн эмгектенген кыз уулдардан болуп жетилишти.

## УУЛУ АМАНГЕЛДИ МАМЫТОВ

Коомдук ишмер, уюштургуч, жетекчи. КМУну 1975-жылы бүтүргөн. Ош областынын аткаруу комитетинин, соода башкармасынын, уюштуруу бөлүмүндө экономист, 1977-жылы Ош шаардык аткаруу комитетинин, үнөмдөө бөлүмүндө, улук экономист, 1978-1982-жылдары Ош статистика бөлүмүнүн начальниги. Ош областтык калкты соода жана турмуш-тиричилик жактан тейлөө бөлүмүнүн башчысынын 1-орун басары, 1982-91-жылдары Алай райондук керек-жарак коомунун төрагасы болуп иштеген. Учурда «Ак-Буура Аляньс» ЖЧКынын директору. Райондо «Алай» футбол клубунун уюштуруучусу жана президенти. 1986-2000-жылдары райондук кеңештин депутаты болгон. Жубайы «Баатыр Эне», алмончоктой уул кыздардын ата-энеси. Уул-кыздары окуу жайын бүтүп түрдүү кесиптерде эмгектенип, бактылуу ата-энелерден, неберелүү болуп калышкан.

## КЫЗЫ АЙНАГҮЛ МАМЫТОВНА

Жогорку билимдүү, кесиби мугалим. Жолдошу архитектурада эмгектенет, уул кыздарын окутуп, үйлөп-жайлап неберелерди жетелеген, бактылуу айым.

## УУЛУ САМАГАН МАМЫТОВ

1958-жылы Сопу-Коргон айылында туулган. Айыл чарба өндүрүшүнүн мыкты адиси. 1984-жылы ФПИни бүткөн. Эмгек жолун, 1975-жылы Алай совхозунда жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. 1981-жылы жашылча-жемиш чарба министрлигинин автобазасында мастер, коопсуздук боюнча инженер, Алай совхозунда кампа башчысы. 1992-жылы Ош шаарында «Ак-Нарда» акционердик коомунда, башкы энергетик, 1997-2002-жылдары Алай РЭСтин Сопу-Коргон участкасында электр контролеру, 2002-2003-жылда «Ош-Өктөм» акционердик коомунда, директордун орун басары, 2003-2008-жылы К. Белекбаев атындагы Алай айыл өкмөтүнүн башчысы, 2009-жылдан КЭРдин «Чайна-роуд» жол жана көпүрө куруу ишканасында, Сопу-Коргон, Сары-Таш участогу боюнча координатор болуп иштеген. Жубайы Бегимжан атайын орто билимдүү, пенсияда. Уул-кыздары жогорку окуу жайларын бүтүп, мыкты кызматтарды аркалап, неберелер чоңоюп, чоң ата жана чоң энесинин эрмеги. Бегимжан энесинин мээримине бөлөнүп, кубулжуган уккулуктуу жомогун угуп тарбияланууда.

## АБДЫЛДАЕВА БАТМА

1928-жылы, Шарт жайлоосунда туулган. 7-класстьы III-Интернационал мектебинен бүтүргөн. 1954-жылдан баштап, 1983-жылга чейин, түрдүү жумуштарда иштеп, акыркы жылдары мектепте техникалык кызматкер болуп иштеп жүргөн. Айылдык советке эки жолу депутаттыкка шайланып, өз ишине так жана ак ниет кызмат менен иштегендиктен, «Эмгек ветераны» медалы менен сыйланган. Эки кыз, бир



уулуна татыктуу тарбия берип, кыздарын турмушка аттантып, уулун окутуп, уулу Камит Абдылдаев врач болуп иштеп, андан кийин, айыл өкмөттө иштеп жүрүп, оорунун айынан көз жумду. Келини Токторбаева Айсалкын, жолдошу Камит Абдылдаевдин көзү өткөндөн кийин, Үч-Төбө айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы болуп иштеген. Камиттин эгиз уулдары төрөлгөн. Өкүнүчтүүсү, атасы уулдарынын жүзүн көрбөй калган. Келини пенсия жашына жетип, уул-кыздарын, эгиз уулдарын татыктуу тарбиялаган. Батма эже очор бачар, неберелүү-чеберелүү болуп, бакубат тай эне, чоң эне болгон. Алай совхозунун экономикасын көтөрүүдө Батма эже окшогондордун эмгеги зор. Уул кызын көтөрүп ээрчитип жүрүп, чөпкө чыгаар эле кезинде. Күздөн тартып, мектептин ремонту бүткөнгө чейин, мектепте иштеп андан кийин, каникул болгондо кабагым-кашым дебей, тоют топтоо сезонуна активдүү катышат эле. Ак ниет чынчыл, калыс сүйлөп, бетке айткан аял эле. Ар дайым таң саардан, кеч күүгүмгө чейин түйшүк менен алектенээр эле. Элим деп иштеген ак көңүл энелерден болчу.

## ТАЙЧАБАРОВ ДАКАН

1942-жылы 12-январда Үч-Төбө селолук советинин Гежиге айылында, жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 7 жашынан баштап III-Интернационал мектебинде окуп, аны бүткөндөн кийин, советтик армиянын катарында 3 жыл өз милдетин өтөп келген. 1968-жылдан баштап, Москва шаарындагы заготовительный техникумуна окууга кирип, 1969-жылы бүтүргөн. Алай райондук даярдоо конторасында товаровед болуп, көп жылдар иштеп турган. Турмуш шартка байланыштуу, туулуп өскөн айылына турак-жай салуу үчүн, ишин таштап көчүп келген. Алай совхозунун №3-бөлүмүндө түрдүү кызматтарда иштеп жүрүп, кайрадан Үч-Төбө сельсоветинде даярдоочу болуп иштеп турган. Ошол мезгилде ак иштеп, өз милдетин так аткарып, жүн жана тери даярдоо планын ашыгы менен аткаргандыктан, «Ардак грамота» жана баалуу сыйлыктар менен сыйланып турган. Аткаруу комитети тарабынан, жүн планды 100%

аткаргандыгы үчүн, «Урал» мотоцикли менен сыйланууга татыктуу болгон. 10 баланын бактылуу атасы болуп, жубайы Ормонова Кенжебүнүн жеңилин жерден, оорун колдон алган, өмүр шериги болгон. Өмүрүнүн акыркы жылдарында, Кичи-Каракол байланыш бөлүмүндө, кат-кабар таратуучу болуп турган. 1989-жылы 21-апрелде күтүүсүз авто кырсыктан каза болгон. Дакан Тайчабаровдун жаркын элеси, жубайы жана уул кыздарынын эсинде түбөлүккө сакталат.

## БЕКТЕМИРОВ ЖАКЫП

Бектемиров Жакып 1944-жылдын 8-май күнү Алай районунун Кичи-Каракол айылында туулган. 1951-жылы III-Интернационал орто мектебине кирип, 1961-жылы анын толук курсун бүтүргөн, 1961-64-жылдары Оштогу айыл чарба техникумунда окуган. Кесиби агроном. 1964-67-жылдары армиянын катарында кызмат кылган. Старший сержант болуп, армиядан кайтып келген. 1967-69-жылдары Алай совхозунда инженер-гидротехник, 1969-74-жылдары Алай совхозунда комсомол комитетинин секретары, 1974-78-жылдары Ташкенттеги жогорку партиялык мектепте окуган. 1978-79-жылдары Кыргызстан компартиясынын Алай райкомунда инструктор, 1979-88-жылдары “Сары-Могол” совхозунда профкомдун төрагасы, 1988-90-жылдары Алай” совхозунда башкы агроном, 1990-94-жылдары Алай” совхозунда профкомдун төрагасы, 1994-96-жылдары Алай” колхозунда башкарманын орун басары, 1996-жылдан баштап, 1999-жылга чейин Үч-Төбө айыл өкмөтүндө, айыл башчы болуп иштеген. 1999-жылдын июнь айынан ардактуу эс алууга чыккан. Сегиз баланын атасы. 1965-жылдын 7-майында СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун Указы менен, “Двадцать лет победы в великой отечественной войне” медалы, 1970-жылдын 21-мартында “В. И. Лениндин 100жылдык юбилейлик” медалы, 7-июль 1986-жылдагы СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун Указы менен 1986-жылдын 30-июлунда “За трудовую доблесть” медалы менен сыйланган. КВПОнун чек-ара күнүнө карата, 28-май 1987-жылы “Эмгек ардагери” төш белгиси менен сыйланган.



Азыркы күндө очор-бачар үй-бүлөөнүн ээси, 10 небереси бар. Ардактуу чоң ата, таята. Жубайы Айнүса Бектемирова экөө бактылуу жубайлар, айылдын имамы.

## АРЗЫБАЕВ ТҮКҮ

1931-жылы Алай районунун Үч-Төбө сельсоветиндеги Кежиге кыштагында колхозчунун үй - бүлөсүндө туулган, 1938-жылдан тартып советтик мектепте тарбияланган. 1946-жылы III-Интернационал мектебинин толук курсун бүткөн, 1951-54-жылдарда Советтик Армиянын катарында кызмат кылган. Бул мезгилдерде бир нече мактоо баракчаларына ээ болгон. 1954-жылдан баштап АТК УПДда жумушчу болуп иштеген. 1956-жылдан баштап УПДда шофер болуп эмгектене баштайт. 1966-жылдын 21-февралында «Коммунистик эмгектин ударниги» медалы, 1966-жылдын 10-августунда «За трудовое отличие» медалы, 1967-жылдын июлунда «Почетная грамота», 1967-жылы «Почетная грамота», 1968-жылы «Почетная громата», 1971-жылы «Почетная громата», 1986-жылдын 10-июнунда «Ветеран труда» медалы, 1983-жылы «Москвич» автомашинасы, 1988-жылы «За работу без аварий» 1- степени медалы, 1990-жылы алтын саат, 1991-жылы «Почетная грамота» менен сыйланган. 40 жылдан ашык убакыт бою, Ош Памир жолунда аварияcыз каттап пенсияга чыккан. Өмүрлүк жубайы Зулум Арзиева менен ынтымак өмүр сүрүп, он баланын татыктуу атасы болгон. Уулдарынын бешөөсү өзүнүн жолун жолдоп, мыкты шофер болуп чыккан. Бир уулу Акжол Арзыбаев Үч-Төбө музыкалык мектебинде, жубайы экөө мугалим болуп эмгектенишет. Шум ажал балдардын урмат-сыйын көрөөрдө, Түкү Арзыбаевди арабыздан алып кетти.

## *Алай районунун Алай совхозунун улуу чабаны*
## *МОЛДОТАШОВ СУРАН*

Молдоташов Суран Шарт кыштагында, кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө 1930-жылы туулган. Шарт баштооч мектебинде окуп, III-Интерноционал орто мектебинин 10-классын бүтүргөн. Андан кийин Жалал-Абаддагы зоовет-техникумга кирип, окуп билим алат. Өмүрлүк жары Тойчиева Сейданага үйлөнүп, 1952-жылы Чоң-Алай районунда райком комсомолдун экинчи секретары болуп, 1960-жылга чейин иштеген. Чоң-Алай, Алай-Гүлчө райондору биригип, ал жерде иштеп жүргөн. Жалал-Абаддагы педучилищага кирип, аны эң жакшы баалар менен бүтүп келип, III-Интернацонал орто мектебинде 1961-1971-жылдары мугалим болуп иштеп, жаш муундарга татыктуу тарбия берип турган. Суранбай агайдын окуткан окуучулары; Кыргыз Республикасынын вице-премьер министри, Жогорку Кеңештин депутаты даражага жетишкен Абдырахман Маматалиев, областтык деңгээлдеги кызматкер Кубанычбек Токтомаматов, аскер кызматкери Асилбек Камалов жана башкалар болгон. Суран Молдоташов 1971-жылы өз ыктыяры менен мугалимдикти таштап, совхоздун 500 гө жакын коюн бөлдүрүп алып, алардын тоютун өзү камдап, кашар куруп, чабандык турмушка баш оту менен киришип, ар жүз тубар койдон, 145-150 дөн козу алып, «Эң алдынкы чабан» деген көрсөткүчкө жетишкен. Кашарын жыл сайын өзү ремонттоп, кеңейтип, жаңы курулуштарды куруп, ыңгайлуу жана маданияттуу абалга келтирген. Ошол эле учурда төл алууда, жүн тапшырууда жогорку көрсөткүчтөрдү камсыз кылган.

Кыргызстан компартиясынын Ош облусунда 3 жыл, Алай райондук партия комитетинде, 15 жыл бюро мүчөсү болуп иштеп келген. 1973-жылы «Москвич», 1976-жылы «Волга» автомашиналары, 1978-жылы «Урал»мотоцикли менен сыйланган.

Гүлбара Ормонова атындагы сыйлыктардын жеңүүчүсү болуп келген. Обкомдун ардак китебинде аты жазылган. 36 жыл партиянын мүчөсү болгон. Коомдук малга тынчтык бербеген, жырткычтарды атып жок кылып, элдин да,



чабандардын да алкышын алып турган. Өмүрлүк жубайы Сейдана менен эриш-аркак, ынтымактуу жашап, ушул ийгиликтерди жараткан. Сейдана эже он бир уул кыздын ардактуу энеси. Баатыр эне. Очор-бачар үй-бүлөөнүн уул-кызын, жогорку билимдүү кылып окуткан. Илим билимдүү, таалим-тарбиялуу педагог. Бактылуу бай-байбиче, небере чөбөрөлүү. Азыркы күндө ардактуу эс алууда. Персоналдык пенсиянын үзүрүн көрүп уул үйлөп, кыз чыгарып, неберелеринин урматтуу таята, таене чоң ата,чоң энелери болушкан. Суранбай аке кийинки күндөрү суукка урунуп, оорукчан болуп калганына карабастан, балдарынын ардактуу насаатчысы. Кызы Суранова Акбермет жогорку категорияда врач. Азыркы күндө райондук үй-бүлөөлүк медицина борбор-унун кызматкери. Орозбүбү Талды-Суу айыл өкмөтүндө МЭУ эне бактысын жетектейт. Бурканбеги КГМИни эң жакшы бүтүрүп, Бишкектеги «Айдан Фарм» заводунун менеджери. Уул кыздарынын бешөө тең, жогорку окуу жайларын артыкчылык диплому менен бүтүрүп, түрдүү тармактарда эмгектенип жатышат. Отуздан ашык небере, ондон ашык чеберелери бар. Неберелеринин бешөөсү, жогорку окуу жайларын эң жакшы бүтүшүп, иштеп жатышат. Уулу Молдоташов Медербек, жубайы Жаңыл Абдраева экөө көп жылдар бою магазинди жетектеп, элдин кызматында. Мыкты жана эмгекчил, мээнетчил замандын талабына ылайык, мал чарбасын мыкты өнүктүргөн фермер. Жаңыл Абдраева айылдык советтин депутаттыгына көрсөтүлгөн мыкты айым, элчилеп мектепке жана башка мекемелерге «Атамдын атын койгула»-деп доомат кылбай эле, өздөрүнүн күчү менен, эки этаж дүкөн салып , «Суранбай Ата азык ордосу» ,деп аталарынын атын коюп алышкан. Ал жерден Үч-Төбө айыл аймагындагылар гана эмес, каалаган жактан келишип, каалаган товарларын алып, ыраазы болуп кетишет. Молдоташов Зайири азыркы күндө, өкмөттө жооптуу катчы. Кадыр барктуу, абройлуу адам. Үй-бүлөлүү, бала-чакалуу. Жубайы медициналык кызматкер. Кызы Молдоташова Кундуз мыкты талант. Жакында китеби жарык көргөн Кундуз, чыгармалык менен алектенип, келечегинен көптү үмүттөндүрөт. Калемиң курчуй берсин демекчибиз!!!

## МОЛДОТАШОВ ШАРИП

Молдоташов Шарип 1932-жылы 24-июнда Ош областынын Алай районунун, Шарт участкасында, жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Балалык чагы жөнөкөй болгон. 1950-жылы Алай совхозуна чабан болуп кирген. Талыкпай эмгектенип, эмгегинен үзүр таап, Комсомол уюмдарында активдүү иштегендиги үчүн жана ВЛКСМдын 40 жылдыгынын урматындагы социалисттик мелдеште, эмгектеги жогорку көрсөткүчтөрү үчүн, Алай совхозунун старший чабаны Молдоташов Шарип, Кыргыз ССР Жогорку Советинин «Ардак грамотасы» менен сыйланган. 1958-жылы 16-октябрда «За трудовую доблесть», 1958-жылы 24-октябрь «За трудовое отличие» медалдары менен сыйланган. 1959-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. «Эмгек Кызыл Туу» ордени, «Ленин» ордендери менен сыйланган, 1970-1980-жылдары да ар бир койдон үч жарым килограммдан жүн,160-180-ден төл алып, «Волга» автомашинасы жана башка баалуу белектер менен сыйланган. Беш кыз, эки уулдун атасы болгон. Өмүрлүк жары Дөөлатова Ширинбү, 1937-жылы туулган. Өмүрүнүн акырына чейин, бири-биринин ысык суугун тең бөлүшүп, бирге өмүр сүрүшкөн. Азыркы учурда жети баласынан, отуз небере, үч чебере бар. Эгер азыр тирүү болушканда, отуз неберенин, үч чеберенин чоң ата,чоң энеси болушмак. Ашказан жана боор, өт оорусунан улам дүйнөдөн кайтышкан. Азыркы күндө, маркум тирүү болгондо, уул-кыздын урмат сыйына бөлөнмөк. Шарип 48 жашында боор оорусунан каза тапкан. Алар тирүү болгондо очор-бачар үй-бүлө болмок. Шарип жана Ширинбү жашоодо аз жашаса да, эл үчүн жигердүү эмгек сиңирип кетүүгө үлгүрдү. Шариптин ушул деңгээлге жетишине жубайы Ширинбүнүн эмгеги чоң. Шарип менен Шириндин элеси элдин жана тууган-уругунун, балдарынын эсинде түбөлүккө сакталат.



## ЖУМАЕВ ШАМЫРЗА БАЛЫЕВИЧ

Жумаев Шамырза Балыевич 1946-жылы 19-ноябрда туулган. Атасы Балы абанын жолун жолдоп, чабандык кесипти аркалап, мал багуу тажрыйбасын өздөштүргөн. Ал 1963-жылдан баштап, мал чарбасын өнүктүрүүгө такай катышып, мамлекет тарабынан коюлган, план тапшырмаларды абийирдүүлүк менен ашыкча аткарып келген. Ошондуктан өкмөт менен партия учурунда анын эмгегин жогору баалаган. Анын талыкпаган эмгектери эске алынып, 1976-жылы 20-декабрда Алай совхозунун аттестациялык коммиссиясынын чечими менен «Мал чарбасынын биринчи класстагы мастери» наамына татыктуу болгон. 1977-жылы 12-январда СССР Жогорку Советинин указы менен «За трудовую доблесть» медалын алууга жетишкен. Ошол эле 1977-жылы 16-декабрында Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын Жогорку Советинин президиумунун «Ардак грамотасы» менен сыйланган. Эмгекте көрсөткөн каармандыгы, беш жылдыктагы ийгиликтери үчүн жана В. И. Лениндин 110-жылдыгында 1980-жылы 7-апрелде «Ардак грамота»алууга жетишкен. Ошол эле 1980-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. 1982-жылы 30-мартта СССР Жогорку Советинин указы менен «Трудовой славы» орденине татыктуу болгон. 1982-1983-жылдарда мал чарбасынын продуктуулугун арттырууга кошкон, жетишкендиктерин белгилеп, 1983-жылдын 10-августунда «Ардак диплом» менен сыйланган, жана мамлекет тарабынан белгиленген, 9-10-11- беш жылдыктардын жеңүүчүсү болуп табылган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин жана Министрлер Советинин 60-жылдык юбилейге арналган медалы менен сыйланган. Ошол эле 1983-жылы 1-июлда эл чарбасынын жетишкендиктеринин жеңүүчүсү катары, СССР ВДНХсынын башкы комитетинин «Күмүш медалы» менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 19-февралында Кыргыз Республикасына сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн, №82-токтому менен бекитилген Жобонун негизинде, Жумаев Шамырза Балыевич, «Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн» пенсиясын алууга татыктуу болот. Шамырза ушундай албан эмгектерди жарата алган. Балы аба 1958-жылга чейин зав.

ферма, андан кийин талаачылык бригадасында бригадир болуп иштеп, ардактуу эс алууга чыккан. Ата жолун улантkan, Шамырзанын жубайы Кализа «Баатыр Эне». Шамырзанын жеңилин жерден, оорун колдон алган жароокер аял болгон. Уул-кыздарына татыктуу тарбия берип, небере чеберелүү болгон мезгилде, айыккыс оорунун айынан көз жумган. Очор-бачар үй-бүлө, бактылуу бай-байбичелик мезгилдин аягына, чогуу чыга алышпагандыгы өкүнүчтүү. Кудай буюрган күндү, пенде көрө берет тура. Шамырза небере чеберелери менен эрмектешкен бактылуу карыя.

Маматов Бөрүбай 1899-жылы кедей дыйкандын үй-бүлөөсүндө туулган. 1930-жылы ТОЗго мүчө болуп, андан кийин колхоздун коюн өткөрүп алып, эмгек жолун баштаган. Өткөрүп алган, 300 баш коюн көбөйтүп, 10 жылда 5 короого жеткирген, 1941-жылдын июнь айында фашисттик Германиянын баскынчылары согуш ачып басып кирген кезде, эл-жерин коргоо үчүн согушка аттанган. Анткен менен райондук жетекчилер жана аскер комиссариаты тарабынан тылда калып иштөө тапшырмасы берилген. Согуш мезгилинде койлорду саап, май алып фронттогу жоокерлерге жөнөтүп турган, Согуштан кийин да өз кесибин улантып, кой чарбасын өстүрүүдө жогорку ийгиликтерге жетишет. Ар жүзүнөн 110-115 тен козу алууга жетишкен. Жүн жана төл өндүрүү көрсөткүчтөрүн, жылдан жылга көбөйтүп, 1955-жылы Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Жогорку Советинин президиуму тарабынан «Ардак грамота» алууга татыктуу болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4-чакырылышына Алай округунан депутаттыкка көрсөтүлгөн. 1957-жылы СССРдин Жогорку Советинин президиумунун «Ленин» орденин алган. 1959-жылы Кыргыз ССРинин «Мал чарбасынын устаты»деген наамы берилген. 1977-жылы Кыргызстан коммунистик партиясынын райондук комитети жана эл депутаттарынын райондук советинин аткаруу комитети тарабынан юбилейлик медалын алган. 1965-жылы ардактуу эс алууга чыгып, жаштарга насаатчы болуп, өрнөктүү өмүр сүргөн. 1999-жылы дүйнөдөн кайткан.



## БӨРҮБАЕВ ТАЛИПБАЙ

Бөрүбаев Талипбай 1936-жылы жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Эмгек жолун 1957-жылы «Алай» совхозунда чабан болуп баштаган. Ал 1964-жылы Коммунистик партиянын катарына өткөн. Алай совхозунун №2 бөлүмүндө, башкы чабан болуп иштөө менен, социалисттик милдеттенмелерин, жыл сайын ашыгы менен аткарып турган. Кой чарбасындагы мыкты көрсөткүчтөрдү жараткандыгы үчүн, бир нече жолу республикалык, областтык жана райондук ардак грамоталарды алууга жетишкен. 1966-жылы «Даңк», 1971-жылы «Эмгек Кызыл Туу» медалдары менен сыйланган. Эки жолу Кыргыз ССРинин «Мал чарбасынын отличниги» жана 1973-жылдан 1979-жылга чейин «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» деген наамдарды алган. Кыргызстан Компартиясынын эки жолку съездинин делегаты болуп шайланган. Областтык советтин бюро мүчөсү болгон.

Кыргызстан Компартиясынын Алай аткаруу комитетинин мүчөсү жана райондук, айылдык кеңештердин бир нече жолку депутаты болуп шайланган. Кой чарбасын өнүктүрүүдөгү эмгеги жогору бааланып, Кыргыз Республикасынын «Мал чарбасынын мастери» деген наамды алууга татыктуу болгон. Өмүрлүк жары Бөрүбаева Кайрыкан менен эриш аркак иштеп, кой чарбасын өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошушкан. Алар 12 уул-кыздын 40 неберенин 6 чеберенин бактылуу чоң ата,чоң энеси. Эмгек ветераны. Отуз беш жыл эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан. Андан кийин, айылдын ак сакалы болуп, балдарынын эмгек үзүрүн көрүп, 2006-жылы 70 жаш курагында кайтыш болгон.

## БӨРҮБАЕВА КАЙРЫКАН

Бөрүбаева Кайрыкан 1939-жылы Алай районуна караштуу Кызыл-Алай айылында жумушчу-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жети жашында 1946-жылы Чоң-Каракол айылындагы башталгыч мектепти окуп, жол алыстыгынан 5-класска чейин гана билим алган. 1957-жылы жолдошу Бөрүбаев Талипбай менен баш кошуп, турмуш жолун улаган. Жолдошуна эриш-аркак болуп, совхоздун малын багышып, жазында төл карашып, жайында жайлоого чыгып, жүн-төлдөрдү алып турушкан. Ардактуу эс алууда 12 уул-кызды тарбиялап татыктуу тарбия беришкен. «Баатыр эне» наамын 1975-жылы алган. 2018-жылдын май айында Кыргыз республикасынын «Датка айым» медалына татыктуу болгон.

## МЫРЗАКАНОВ МАМЫТ

1924-жылы Үч-Төбө сельсоветинде Кежиге айылында төрөлгөн. Туш тарабы тоолор менен курчалган айылы, өзгөчө жагымдуу сезилип, тоо койнунан эч кайда кеткиси келбеген жигит, 1939-жылы III-Интернационал 7 жылдык мектебин бүтүп, колхоздо учетчик болуп эмгектенген. 1953-жылы Алматы шаарынын кооперативдик техникумун, 1958-жыл Самарканд шаарындагы кооперативдик институтун аяктаган. 1948-51-жылдары Сопу-Коргон коомдук тамак аш ишканасынын директору, Отуз-Адыр жумушчу кооперациясынын төрагасы. 1960-жылы Кара-Суу шаарынын жылуулук базасынын директору. 1963-75-жылдары Кыргызстандын Түштүк региону боюнча Кыргыз бакалея ишканасынын башкаруучусу, Центр Союздун VI-VII съездинин делегаты, «Кызыл жылдыз» «Ардак белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган. 1948-51-жылдары Сопу-Коргон айылында участкалык ооруканада, чарба бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1941-45-жылдарда Ата-мекендик согуштун катышуучусу болгон. Жубайы Лайли Тайчабарова менен бир уул, бир кыздуу болгон. Андан кийин жубайы операция болуп, төрөбөй калгандан кийин, макулдук алып Арзыбаева Гүлсүнгө үйлөнгөн. Өзүнүн ден-соолугуна байланыштуу



Баш-Булак айылында, жубайы Лайли жана эки баласы менен жашап, Гүлсүн Сопуда жашап калган. Экөө менен тең жашап карын-каттоолору болгон. Лайлиден Кубаныч деген уулу үйлөнүп, жайланып бала-чакалуу болгон мезгилде дүйнөдөн өтүп кеткен. Кызы Зимират, турмушка чыккан, бала-чакалуу. Азыр Баш-Булакта Кубанычтын аялы небере-чеберелери менен жашашат. Ал кишинин колу ачык адам экенин, элдин баары билишчү. Анда бакалейдин директору болуп турган экен. Менин кайын эжем Лайлинин, Гүлсүн эжемдин да күйөөсү эле. Ошол Гежиге айылында келин алган, ар бир адамдар келип, ошол кишинин акыл кеңешин сурап, тойго чакырчу. Анда азыркыдай, ресторанда той өткөрүү жокко эсе эле. Тойго бара албаса да, ошол келген адамдын келинине, бир сыйра кийим жасап, андан тышкары тойго кеткен күрүчүн, ширесин, унун, бир коюн кошо кошумча берип (бекер берчү) жөнөтүп койчу. Ага ыраазы болгон, айылдын аксакалдары ак баталарын аянбай берчү. Убакыт таап, бышыкчылык мезгилде коон-дарбыз, өрүк-алма, жүзүмүнөн, арак-шарабынан бери машинасына жүктөп барып, туугандарын жана айылдаштарын бир жыргатып коер эле. Элге ушунчалык алымдуу, берешен адам болгон. Мен келин болуп келгенимде, баскан сайын кырчылдаган, кызыл өтүк алып бергени эсимден кетпейт. Кайын эжем дайыма сейфин өзү тазалап: «Көзү өткөндөн кийин, бул бөлмө бизге аябай сүрдүү көрүнөт, сейфи ошол бойдон эле сакталуу, эч нерсесине тийбей эле жүрөм»-деп калчу. Ал кезде 23-февраль аябай шаңдуу майрамдалчу. Кой куйкалап, даярданып жатканбыз. «Мамыт жезде өтүптүр»,-деген суук кабар желдей тарап бизге жетти. Жолдошум, элдин баары шашылып жөнөп кетти. Балдардан чыга албай кийин бардым. Майрамга арнап, аш заказ берип, баняга кирген экен, ошол ашынан ооз тийбей калыптыр. Кайран жездем, жакшы адамдын өмүрү кыска болот экен.Тирүү турса, канча иштерди эл үчүн иштеп бермек. Канча келин алган туугандарынын көңүлүн алмак эле. Айкөл жана асыл адамдарын, эли дайым эскерип жүрөт эмеспи. Асыл жездемдин алтын сөздөрү, камкордугу элинин жана туугандарынын эсинде түбөлүккө сакталуу.

# МАМАТОВ ЖОЛДОШБАЙ

Маматов Жолдошбай 1907-жылы жумушчу-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш кезинен эле зирек болгондуктан, Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийин эле сабатсыздыкты жоюу мезгилинде, биринчилерден болуп сабатсыздыгын жойгон. Совет мамлекетин орнотуу жылдарында, айылдык кеңештин төрагасы болуп иштеп, бай манаптардын байлыктарын, карапайым элдерге бөлүштүрүп берүүдө, совет мамлекетинин түптөлүшүнө, чын дилден кызмат кылган. Алай районунан биринчилерден болуп, Коммунисттик партиянын мүчөсү болгон, жогорку партиялык мектепке өтүп, ден-соолугуна байланыштуу окубай калган. Улуу Ата-Мекендик согуш башталганда биринчилирден болуп Ата-Мекенди коргоого аттанган. Согуш мезгилинде көрсөткөн эрдиктерин баалап, совет өкмөтү төмөндөгүдөй орден медалдар менен сыйлаган.

1. «Улуу Ата-Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн» медалы,
2. «Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин 20 жылдыгы» медалы,
«Улуу жеңиштин 25 жылдыгы» значогу,
3. «Улуу жеңиштин 30 жылдыгы» медалы,
4. «Улуу жеңиштин 40 жылдыгы» медалы,
5. «Улуу жеңиштин 50 жылдыгы» медалы,
6. «Улуу жеңиштин 50 жылдыгы» медалы,
7. «Эмгек ветераны» медалы менен сыйланган.

Согуштан келгенден кийин, өмүрүнүн аягына чейин окуучулар, студенттер менен болгон жолугушууларда, жеңиштин оңой-олтоң келбегендиги жөнүндө, аңгемелерди куруп берип турган. Мектепте, жубайы Маматова Кайры экөөнүн сүрөтү дайыма «Үлгүлүү үй-бүлө» ардак тактасында илинип турган. Билимдүү, адамды дайыма баалап, балдарын жогорку окуу жайларга окуткан. Балдарынын ичинен бешөөсү эл агартуунун мыктысы. Дайыма турмушта туткан принциби: чынчылдык, билим жана ак эмгек менен ийгиликке жетүү. Эл арасында кадырман карыя болгон. 1989-жылы 8-сентябрда дүйнөдөн кайткан.



# ТӨРӨКУЛОВ ШАМА

1929-жылы Үч-Төбө сельсоветине караштуу Кичи-Кара-Кол айылында төрөлгөн. Айыл чарбасынын мыкты кызматкери, чабандес, саяпкер, Улуу Ата-Мекендик согуш мезгилинде тылда эмгектенген. Согуштан кийин элдин чарбасын калыбына келтирүүдө, колхозчу, жумушчу, малчы, жылкычы болуп иштеген. 1958-жылы Алай совхозу уюшулгандан кийин, жылкы багып, жакшы көрсөткүчтөргө жетишкен. Кыргыздын улуттук оюну, «Көк бөрү» боюнча Республикалык мелдештин жеңүүчүсү катары, эл арасында кадыр баркка ээ болгон.

Аргымагын туйлатып,
Ат чабышка чыгышкан.
Тыйын эңмей, оодарыш,
Бирин-бири жыгышкан.

Ак көңул жана жайдары,
Намыскөй шайыр жан эле.
Элине кылып ак кызмат,
Айкөлдүгү бар эле.

# АБДЫКАДЫРОВ КАЛДЫБАЙ

1926-жылы Үч-Төбө аймагында Күртүк айылында туулган. Орто мектепти бүтүп, Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, Ленинград, Украинанын катар шаарларын бошотууга катышкан, эмгек ардагери. Алай райпосунда салык бухгалтери, жаңы-шарт колхозунда бухгалтер, Үч-Төбө айылдык советинде жооптуу секретарь, 1956-58-жылдары Андреев атындагы колхоздо кой фермасынын башчысы, андан кийин 1970-76-жылдары III-Интернационал орто мектебинде, чарба башчысы болуп эмгектенген. II-даражадагы «Ата-Мекендик согуш» ордени менен сыйланган. Бир нече медалдардын ээси болгон. Жубайы Алина экөө көп уул кыздуу, небере чеберелүү болуп, айылдын кадырлуу аксакалдарынан болгон. Уул кыздары

жогорку окуу жайларын бүтүп, жакшы кызматтарда иштөө менен бирге эле, эл үчүн эмгектенген мыкты уул-кыздардын катарын толуктоодо. Эң чоң уулу Улукбек Калдыбаев, келини Сапарбү Мамашова Т. Жумабаев орто мектебинин мыкты кызматкерлери. Мектептин директорлугун көп жылдар бою жетектеп, жаштарга татыктуу тарбия берип, кадырлуу педагогдордон болушкан.

## МЫРЗАКУЛОВ САДЫК

1910-жылы Үч-Төбө айыл аймагында, Гежиге айылында туулган, жаш кезинен ата-энесинен ажырап балдар үйүндө тарбияланган. Алай колхоз-совхоздорунда ар түрдүү жумуштарды аткарып жүрүп, согушка аттанган. Согушка катышып, согуштун оор күндөрүн башынан өткөрүп, аман-эсен согуштан кайтып келген. Согуштагы эрдиги үчүн II-даражадагы «Ата-Мекендик согуш» ордени, «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган. Өмүрүнүн акыркы күндөрүндө да чыйрак эмгекчил мээнеткеч болуп жүрдү. Согуштун запкысынанбы, катуу толкундаганда калчылдап кетчү. Уулдун урматын, кыздын кызматын көргөн карыя кадырлуу адамдардан эле. Келиндерине плитага кайнатпай, от жактырып чай кайнаттырып ичээр эле. «Оттун чайы таттуу болот»,деп каткырып калчу

## ШАДЫКАНОВ СЫДЫК

1908-жылы Кара-Балта шаарына жакын, Тельман айылында туулган. 1932-жылдары Кичи-Каракол айылында колхоз курулушуна жигердүү катышкан. Улуу Ата-мекендик согуштун катышуучусу, 1933-жылы атайын жолдомо менен Кичи-Каракол айылында, колхоз башкармасынын төрагасы болуп иштеген. 1941-жылы Улуу Ата-Мекендик согушка кеткен. Согуштан кийин Кичи-Кара-Кол айылында кампа башчысы, 1955-жылы ферма башчы болуп эмгектенген. Улуу жеңиштин 35 жылдыгына карата, ошол кездеги Кыргыз ССРинин аскер коммиссары, генерал-майор В.Губаревден



куттуктоо кат алган. II-даражадагы «Ата-Мекендик согуш» ордени менен сыйланган. Жубайы Райла Кулуева да мыкты эне болуп, коомдук иштен баш тартпай, уул кыздарын жогорку билимдүү кылып тарбиялап, эл үчүн эмгек кылган адамдардан болушуна күч үрөгөн. Азыркы күндө уул кыздары да уул үйлөп кыз чыгарып, мыкты уул-кыздарды, неберелерди тарбиялоодо. Райла эженин эмгеги жөнүндө өзүнчө баян айтылат.

## ОРУНБАЕВ АРИН

1919-жылы Үч-Төбө айыл аймагынын Кичи-Кара-Кол айылында туулган. Өзгөн шаарынан кесиптик окуу жайын бүтүргөн. Улуу Ата-Мекендик согушта Ленинград фронтунда кызмат өтөгөн. Согуштан кайтып келген соң, Андреев атындагы колхозунда жылкы фермасынын башчысы болуп иштеген. Андан кийин почточулук кызматтарды аткарган. 2-даражадагы «Ата-Мекендик согуш» ордени жана медалдар менен сыйланган, согуш жана эмгек ардагери. Очор-бачар үй-бүлөнүн атасы. Уул-кыздарын жогорку жана атайын орто билимдүү кылып, жашынан эл үчүн эмгектенген, мыкты адамдардан кылып тарбиялаган. Айылдын алдыңкы акыл-насаатчы жана кеңешчи карыяларынан болуп, элдин арасында баркы зор эле. Кызы Акпари медучилищаны бүтүп, Аринов Камалдин ФАПта, Аринов Катирай ветеринардык врач, Аринов Мамасатар мектепте көп жылдар бою мугалим. Келини акушерка болуп иштеп, уул-кыздарын үйлөп жайлашып, жогорку билимге ээ кылып, бактылуу ата-энелерден болгон. Тарбиянын таасиринин натыйжасында, эмгекчил жана мээнеткеч, өз иштерин мыкты билген, кызматкер болуп, азыркы күндө пенсияга чыгып, ардактуу эс алууда.

## ОРУНБАЕВ ШАНТА

Орунбаев Шанта 1926-жылы Үч-Төбө айыл аймагында төрөлгөн. Мектепти бүткөндөн кийин чарба жетекчиси болуп иштеген. Улуу Ата-мекендик согуш жылдары, колхоздун айыл чарба жумуштарында эмгектенип, улуу жеңишке өз салымын кошкон. 1968-1973-жылдары Алай совхозунун уй фермасын жетектеп келген, 1973-78-жылдары совхоздун ушул эле экинчи бөлүмүндө башкаруучусу, узак жылдар бою айылдын байланыш бөлүмүндө иштеген. «Ардак белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган. Бардык жумуштарда совхоздун экономикалык жактан өнүгүшүнө, өз салымын кошкон. Үй-бүлөлүү, уул-кыздарына толук шарт түзүп, жогорку окуу жайларына окуткан. Азыркы күндө алар жер-жерлерде алдыңкы кызматтарда иштөөдө, алды пенсияга чыгып ардактуу эс алууда.

## КЕКЕЧОВ АТТОКУР

1928-жылы Үч-Төбө сельсоветинде Шарт кыштагында туулган. 1953-жылы Жалал-Абад шаарындагы А.С. Пушкин атындагы орто окуу жайын бүтүргөн, 1945-47-жылдары Жаңы-Шарт башталгыч мектебинде мугалим, мектеп башчысы, 1947-жылдары Ак-Босого, Ш-интерноционал мектептеринде мугалим, 1951-54-жылдары Ак-Босого, Кызыл-Алай баштооч мектептеринде мугалим, 1955-85-жылдары Ш-Интернационал мектебинде мугалим болуп жигердүү эмгектенген. Эл агартуунун мыкты кызматкери болгон. Жубайы Бакей менен баш кошуп уул-кыздын, небере чеберелердин бактылуу атасы болгон. Уул кыздарын окуу жайларга окутуп, эл үчүн эмгектенген, ак-ниет адамдардан болушуна жол көрсөтүп, акыл насаатын аяган эмес. Эмгекчил жана мээнеткеч, кара кылды как жарып, калыс сүйлөгөн адам болгондуктан, элдин арасында кадыр-баркы жогору болгон. Ар дайым элдин арасында татаалдашкан маселелер болсо калыстык менен чечип турган. Педагогдук мол тажрыйбага ээ болгон, мугалимдин окуткан балдары, бүгүнкү күндө мыкты кесип ээлери болуп, эл үчүн эмгектетенүүдө. Жубайы



Бакей баатыр эненин тоодой бактысына сыймыктанып, небере чеберелердин урмат сыйына ээ болгон, кадыр барктуу байбиче, карыса да күүлү-күчтүү неберелерине акыл наасат айтып, жол көрсөтүп турат.

## АЙЫМ ЭШНАЗАРОВА

Эшназарова Айым 1928-жылы Үч-Төбө аймагынын Кичи-Каракол айылында туулган. Алай совхозунун өсүп-өнүгүүсүнө экономикалык жактан зор салым кошкон, энелердин бири болгон. Саанчы, эмгек ардагери. Эмгек жолун 1944-жылы колхоздо жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. 1952-жылдан 1976-жылга чейин Алай совхозунда саанчы болуп эмгектенген. Уйлардан сүт саап алуу тапшырмаларын үзгүлтүксүз аткарып жогорку көрсөт-күчтөргө жетишип турган. I-даражадагы «Даңк» ордени, «Ардак белгиси» ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин «Ардак грамотасы» менен сыйланган. Анын кесиптештери: Бостоева Майсара, Кулуева Райла I-даражадагы «Даңк» ордени, Маткабылова Гүлайым: «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланышкан. Алардын арасында Сатимкулова Алтын да бар, алардын саап алган сүттөрү, сапаттуу түрдө балдар бакчаларына, ооруканаларга, мектеп интернатка берилип, ашканы сатылып турган.

Планын дайым аткарган,
Сыйлык алып макталган.
Совхозду тейлеп сүт менен,
Эмгеги менен данкталган.

Так аткарган иштерин,
Аябастан күчтөрүн.
Алдыңкы саанчы атыгып,
Ыраазы кылган бүт элин.

Албан иштер жараткан,
Энелерге ырахмат.
Өткөндөрдүн эмгеги,
Унутта калбай, даңкталат.

## КУЛУЕВА РАЙЛА

1925-жылы Үч-Төбө сельсоветинде Кичи-Каракол айылында туулган. 1942-жылдары саанчы, мал чарбасынын устаты, 1945-47-жылдары мектепте мугалим, 1947-51-жылдары сатуучу, 1951-60-жылдары үй фермалык саанчы, 1960-жылдары Ош областынын Алай райондук советинин депутаты болуп шайланган. Бүткүл союздук айыл-чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн, эмгек алдыңкыларынын республикалык кеңешмесинин катышуучусу. 1957-жылы «Ардак белгиси» ордени, 1966-жылы «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган. Райла жолдошу Шадыканов Сыдык менен, согушка чейин да, согуштан кийин да, көп жылдар бою эмгектенген. Эки жубай совхоздун экономикасынын жогорулашына зор салым кошушкан.

## АЛИЕВ ОЛЖОБАЙ

1956-жылы 1-сентябрь күнү Келдибек Белекбаев атындагы Алай округуна караштуу Терек айылында туулган. 1963-жылы Кадырмамат Султанов атындагы сегиз жылдык мектепте 1-класстан баштап, 8-класста чейин окуп, андан кийин Сопу-Коргондогу Токтогул атындагы орто мектепти 1973-жылы бүтүргөн. Алай совхозунда жумушчу болуп иштеген. 1974-76-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн, 1977-1978-жылдары Алай совхозунда, курулуш бригадасында жумушчу болуп иштеген. 1979-1982-жылдары Казак ССРинин Туркестан шаарында техникалык-педагогикалык техникумду бүтүргөн. 1982-жылдан 2000-жылга чейин СССРдин ички иштер органында кызмат өтөп,



Краснодар шаарындагы, ички иштер органдарынын атайын орто окуу жайын 1986-жылы артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Ошол эле учурда өзгөчө юрист деген кесипке ээ болуу менен бирге, даярдыктардан өтүп, "бандитизмге, терроризмге каршы кургакчылыкта күрөш жүргүзүүнүн чебери", "ок атуучу куралдардын инструктору" деген кесиптерге ээ болгон. Тоолуу Карабахтагы,1990-жылы Ош-Өзгөндөгү кайгылуу окуяларда, коомдук тартипти сактоого активдүү катышкан. Москва шаардык аткаруу комитетинин, СССРдеги ИИМнин МАИ башкармалыгынын "Ардак грамоталары" менен сыйланган. Аксы районунда МАИ инспекторунун башчысы болуп иштеп турган. Ички иштер органдарынын арасында,Социалисттик эмгектин бир нече жолку жеңүүчүсү болуп, Москва шаарында, СССРдин ВДНХсында: "Лучший инспектор ГАИ Киргизской ССР" деп жазылып, беш жыл бою, сүрөтү менен илинип турган. "Юбилейный" медаль менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын ИИМдин "Кадырман" медалынын ээси, 1996-жылы ИИМдин катарынан пенсияга чыккан. 2007-жылдан-2013-жылга чейин Келдибек Белекбаев атындагы Алай айыл округуна караштуу Терек айылында, элдик шайлоонун негизинде айыл башчы болуп иштеген. Алай райондук администрациясынын "Ардак грамотасы" менен сыйланган. Бош боло калганда, бекер отура албай, өзүнүн менчик машинасы менен жүргүнчүлөрдү ташып коет. Ал мезгилде өзү сыяктуу, айылдагы эмгек ардагерлери менен бирге, жайлоонун жолдорун оңдоп, көпүрөнү, суу жеп кеткен жээктерди бекитүү, үч эмек орнотуу сыяктуу жумуштарды бүтүрүшөт. Эмгекчил жана мээнеткеч Олжобай чарчап чалыгууну билбейт. Чоң атасы Ормондун олуту болгон, унутта калган, Ойрумага үй куруп, бак-дарак отургузуп, картошка айдап алышат. "Эмгектүү кулда чарчоо жок",- дегендей жубайы экөө саябандуу бакчадай көбөйгөн, чоң атасынын жолун жолдоп, уул-кызын жогорку окуу жайларына окутуп, ар бири ардактуу кесиптин ээлери, уулу Алмазбек Алиев ата кесибин аркалап, көп жылдар бою ички иштер бөлүмүндө, Алай районунда иштеп жүрдү. Кызы Сүйдүмкан Агахан фондусунун банкында иштейт. Баатыр эне Токо Ормонованын уулу Олжобай көп балалуу үй-бүлөдө

чоңойгон. Уул-кыз, небере-чөбөрөлүү очор бачар үй-бүлө, чоң атасы белдүү эмгекчил адам болгондуктан, адамга сооп иштерди көп жасоочу. Белдеги суусу жок жерлерден ,булактын көзүн ачып, адамдар, малдар беймарал суу ичип турчу. Ошол күндөн ушул күнгө чейин "Ормон булак" деген жерден, эл дагы, мал жандыктар дагы суу ичип келишет.

## МАМАТАИРОВА АВАЗКАН

Маматаирова Авазкан Абдыразаковна 1965 –жылы 23-сентябрда туулган. Авазкан 1982-жылы Ноокат районундагы "Россия" атындагы орто мектепти аяктаган. 1985-жылы Ош педагогикалык училищасына тапшырган. 1988-жылы окуу жайды артыкчылык дипломy менен аяктап, Россия Федерациясына жолдонмо алып, Владимир шаарындагы педогогикалык окуу жайынын педагогика факультетине тапшырып, ошол жактан окуган. Ал жерде 3-курска чейин окуп, андан кийин ошол жакта Владимирский политехнический институтунда окуп жаткан, Оштук жигитке турмушка чыккан. 1991-жылы кыздуу болушкан. Жолдошу окууну бүтүрүп, Авазкан Ош шаарындагы педогогикалык окуу жайына которулуп, сырттан окуп бүтүргөн. 1995-жылдан бери балдар бакчасында, мектептерде иштеп келе жатат. Маматаирова Авазкан менен жолдошу Таалайбектин 3 кыз 1 уулу бар. Эки кызын турмушка берген, 4 уул неберелери бар. Акыркы 10 жылдан бери Ош шаарындагы №27-мектепте башталгыч класстарынын мугалими болуп иштеп жатат. 2011-жылдан 2017-жылга чейин ушул мектепте, окуу билим бөлүмүндө завуч болуп иштеген. Шаардык билим башкармалыгынан, бир канча жолу мактоо баракчаларын алган. Эмгек стажы 25 жыл. Мыкты педагог, ар дайым ардак тактада сүрөтү илинип турат.



## АСКАРОВА АЙЛИРА ТОКТОСУНОВА

1968-жылы 11-сентябрда Ош областынын Кара-Кулжа районуна караштуу Кара-Кочкор айылында, мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Мектептин босогосун 1975-жылы аттап, 1985-жылы М.В. Фрунзе орто мектебин аяктаган. Атасы Аскаров Токтосун кыргыз тилчи мугалими болуп, райондо жетектөөчү адис, мектепте завучтукту аркалап, эмгектенген. Үч бир туугандын улуусу. 1986-жылы Ош мамлекеттик институтунун педагогика факультетине кирип, 1990-жылы аяктаган. Эмгек жолун 1990-жылы өзү окуган, М.В. Фрунзе мектебинен баштаган. Айылдык мектепте 2001-жылга чейин иштеген. Мугалим болуп калышына ата-энеси себепкер, себеби алардын кылган иштерин көрүп, кошо жасашып жүрүп, мугалимдик кесипке болгон кызыгуусу арткан. Кийин бир коллектив болуп иштеп калганына сыймыктанат. Калган эмгек жолун Ош шаарындагы №27-орто мектебине улантууда. Коллектив арасында кадыр-баркка ээ. Коомдук иштерге да активдүү катышат. Мектепте башталгыч класстар бирикмесинин жетекчиси, өзү окуткан окуучулары менен ар убак сыймыктанып келет.

Мектепте окуткан көп баласы болсо, үйдө 5 баланын энеси. Жолдошу Жыргал областык экологияда эмгектенет. Эки кыз, үч уул, эки неберенин энеси жана тайэнеси. Тажрыйбалуу педагог, кесиптештеринин арасында аброю жогору. Сүроту ардак тактада. Ынтымактуу үй-бүлөнүн энеси, көздөгөн жана алдына койгон максаттарын аткаруу үчүн, аракети күчтүү. Окуткан окуучулары, тартиптүү жана үлгүлүү жүрүш турушка ээ. Эжекеси Айлираны экинчи энеси катары сыйлашат. Бүтүргөн окуучулары, азыркы учурда ар түрдүү кесиптин ээлери. Айлира мектеп дирекциясы тарабынан көптөгөн сыйлыктардын ээси болгон. Айлира эжекесинде билим алган, уул-кыздардын көбү максаттуу, алга умтулган, тырышчаак келечектен көптү үмүттөндүргөн балдар. Ал дагы болсо Айлиранын аракетинин жемиши десек жаңылышпайбыз. Өмүрүңүз өрнөктуу болуп, ишиниз алга жыла берсин Айлира!

## ЖАКЫПОВА МАХАБАТ

Жакыпова Махабат 1960-жылы 27-январда Чон-Каракол айылында туулган. 1979-жылы Ош педагогикалык окуу жайын бүтүрүп, ошол эле жылы Маданият 8 жылдык мектебинде эмгек жолун баштаган. 1980-жылдан баштап, Т. Жумабаев орто мектебинде башталгыч класстардын мугалими болуп иштеп келүүдө. 1996-жылы "Эл агартуунун мыктысы" төш белгиси, райондук билим берүү бөлүмүнүн, мектептин "Ардак грамоталары" менен сыйланган. Талыкпас жигердүү эмгеги үчүн, Алай районунун мугалимдеринин ичинен мыктылардын мыктысы болуп таанылып, 2007-жылдагы Кыргызстан мугалимдеринин 2-сьездинде делегат болуп шайланган. Өзүнүн иш тажрыйбаларын жайылтып турат. Өзүнүн 29 жылдык педагогикалык стажында, ата-энелер менен тыгыз мамиледе болуп, көздөгөн максаты, чындыкты туу тутуп иштөө. Жаш муундарды эл-жерди сүйүүгө, патриоттуулукка, активдүүлүккө тарбиялоо менен окуучуларга эң мыкты, сапаттуу билим берет. Чыгармачыл мугалим Агахан фонду менен бирге иштешип, мектеп фондусуна 15 миң сомдук көрсөтмө куралдарды, методикалык колдонмолорду алып келди. Ал куралдар учурунда башталгыч класстар үчүн мектепте колдонулууда. Үй-бүлөлүү, алты баланын энеси. Жолдошу Ойчуев Рахманберди мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы.

## АРИНОВ КАМАЛИДИН

Аринов Камалидин 1969-жылы Майлуу-Сайдагы орто медициналык окуу жайын бүткөн. Эмгек жолун 1969-жылы Сары-Таш участкалык ооруканасында фельдшер болуп иштеп, баштаган. 1973-жылы Чоң-Каракол айылында жаңы ачылган, медпунктунда фельдшер болуп эмгектенет. 1-ноябрь 1977-жылы Үч-Төбө ФАПына фельдшер болуп которулган. Ошол жылдан баштап пенсияга чыкканга чейин Үч-Төбө эмканасында эмгектенген. Акушер Сонайым Жусупова менен көп жылдар бою бирге иштеген. Үч-Төбө ФАПында, 1988-жылы Алай совхозунун демилгеси менен



жаңы имарат курулган. Ошол жылдары 1-жылда 80ден ашык наристелер төрөлүп, алардын ден-соолугун кошо карашкан, Үч-Төбө ФАПынан малчылар 30 км алыстыкта жайгашкан. Аларды тейлөөдө, оор мезгилде акушерканын жеңилин жерден, оорун колдон алып, малчылар жашаган жерлерди кыдырып, кашар сайын боюнда бар жана жаш балдарды учетко алып, малчыларды тейлеп турган. Азыркы мезгилде ардактуу эс алууда, күн тынчын, түн уйкусун бөлүп эл үчүн камкордук көрүп, кажыбас кайраттуулук менен эмгектенген Камалидин, эс алууга чыкса да ооругандарды көрүп дарылай берет.

## МАМАТОВ НАСИРДИН

1956-жылы 10-мартта Алай районунун Кичи-Каракол айылында туулган. III-Интерноционал орто мектебин окуп бүтүрүп, 1982-жылы Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайынын педагогика бөлүмүн аяктап, Т. Жумабаев мектебинде сүрөт мугалими болуп иштеген. 1988-92-жылдары Алай райондук маданият бөлүмүнүн сүрөтчү жасалгалоочусу болуп иштеген. Азыркы күндө Т. Жумабаев орто мектебинин сүрөт мугалими. Андан тышкары Насирдиндин колунан, кыл каleминен жаралган кооз пейзаждар, ар бир үйдүн төрүнөн орун алган, ар бир мектеп-мекемелер Насирдинсиз мектептерди жасалгалай албайт. Сүрөткө жан киргизген Насирдиндин эмгектери эсепсиз, эл арасында зор кадыр-баркка ээ болгон. Насирдин бүгүнкү күндө профсоюзунун төрагасы. Областтык "Билим булагы," райондук "Алай таңы" газеталарынын сырт кабарчысы. Ал эле эмес, энелер Насирдинге, шырдактарга түрдүү оймолорду ойдуруп , кооз орнаменттерди тарттырып, алгандарына чексиз ыраазы. Алай районунда гана эмес, Оштогу Мээрим паркындагы Насирдиндин тарткан эненин эстелиги, Насирдин сүрөтчүнүн ички дүйнөсүнөн кабар берет. Алай районунун акимчилигинин "Ардак грамоталары, Райондук билим берүү бөлүмүнүн "Ардак грамоталары", Эл аралык Мээрим фондусунун "Ардак грамотасы" менен сыйланган. 2000-жылдагы жаш таланттар эл аралык фестивалынын

республикалык 2-эмблемасынын автору. Мугалимдердин республикалык 2-сүрөт көргөзмөсүнүн катышуучусу. Ош областтык "Ош жаңырыгы" газетасы уюштурган "Коррупцияга каршы" конкурсунун жеңүүчүсү. "Алай таңы" газетасы уюштурган "Баатырлар баяны" конкурсунун жеңүүчүсү, Кыргыз Республикасынын профсоюздарынын борбордук комитетинин "Ардак громатасы", "Ош жаңырыгы," "Билим булагы," "Алай таңы" газеталарынын "Ардак грамоталарынын" ээси. Билим берүүнүн мыктысы.Жубайы экөө тарбиялуу уул-кыздардын, бактылуу ата-энеси, илимдүү-билимдүү балдарынын насаатчысы.

## КОЗУБАЕВ ТӨЛӨНБАЙ

Козубаев Төлөнбай ажы, 1934-жылы Жалал-Абад областынын, Сузак районунун Комсомол айылында туулган. Көп жылдар бою мугалим, завуч, директор болуп, 45 жыл бою, англис тилинен сабак берип келген. Жубайы Рахманова Мухарам 1938-жылы туулган. 6 уул 3 кыздын ардактуу батыр энеси. Эки жолу ажылык сапарга барып келген, ажы эне. Тун кызы Козубаева Ыкыбал 1958-жылы туулган. Мединститутту бүтүп, көп жыл бою педиатр болуп иштеген. Азыркы күндө пенсияга чыгып, неберелерин бапестеп, эрмек кылууда. Улуу кызы Жолдошова Айгүл да апасынын кесибин улантып, мединститутту Бишкектен бүтүп, азыркы күндө Америкада иштеп жатат, 4 баласы бар. Калган эки кызы да медициналык окуу жайын бүтүрүп, иштеп жатат. Эң кичүү уулу Медер Түрциядан программист кесиби боюнча окуу жайын бүтүп келди. Уулу Козубаев Токторбек Бишкектен политехникалык окуу жайын бүтүрүп, иштеп жатат. 3 кыз 2 уулдун атасы. Кызы Козубаева Дилкумар медициналык окуу жайын бүтүп, кордиология бөлүмүндө иштеп жатат. Козубаева Гулмира, Козубаева Гүлнаралар Оштун технологиялык техникумун бүтүп, иштеп жатышат. Булардын кызы Марапат, Жакшыбаева Эльвира таятасынын жолун жолдоп, чет тилдер факультетинде окуп жатышат. Уулу Туратбек Россияда иштейт. Азыркы убакта ажы эненин 35 немереси, 23 төн



ашык чебере-гыбыралары бар. Бактылуу байбиче, уул-кыз, неберелердин сыйлуу энеси.

## ОШ – ТҮРК ДҮЙНӨСҮ

Ош – Түрк дүйнөсүнүн маданий борборунун ачылыш салтанатына катышкан, ак элечек айымдардын, «Курманжан Датка» шайыр апаларынын, ошол күнү бир кишидей болуп, баардык түйшүккө чыдап, райондун булуң бурчунан, кыргыздын каада-салт, үрп-адаттарынын баарын көргөзмөгө жайып, кол өнөрчүлүктөрүн даңазалап, айрыкча унутулуп калган, кыргыздын тамак ашын, жасала турган буюм-теримдерин, кол өнөрчүлүктөн тартып, устачылыкка чейин алып келишкендиги кубандырарлык. Бул бирок алыскы айылдарда дайыма жасалып жүргөн, кой-эчки, топоздун жүнүн, терисин коромжуга учуратпай, тери өңдөө, жүн сабап-ийрүү, жип эшүү, жип чыйратуу сыяктуу кол өнөрчүлүктүн түрүн жасаган энелердин колунан жасалып, азыр ынтызаар болсо үйрөтүүнү да колго алышкан. Ошол күнү сүрөткө тартып алынгандарга, бүгүнкү күндө ыр чыгарып жатам. Күчтүү энелердин эмгегин даңазалагым келди. Барга көппөгөн, жокко чөкпөгөн энелер, силерди кандай айтса да жарашат. Ыр десе ыр, иши десе иш, чеберчилик, бала тарбиялоо, күйөөнү барктоо, баары силердин мойнуңарда, асыл энелер. Силерге башымды ийип таазим кылам. Бар болгула энелер! Бакубат жашоо каалап:

*Ормонова Кенжебү*

## АПАЛАРДЫН АЛГЫЛЫКТУУ ИШТЕРИ

Көп жылдардан бери республиканын аймактарындагы, талантту жана ышкыбоз энелердин, "Сармерден" кароо сынактарына катышып, өз өнөрлөрүн элге тартуулап, кыргыздын улуттук нарк-насили, улуттук унутулуп кеткен каада-салттарын, эл алдына даңазалап чыгышы кубанычтуу нерсе. Асыл энелер , мээрбан энелер баардыгына убакыт табышат. Бул айтып бүткүс, эл арасындагы элдик таланттар. Дагы "ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар", дегендей эл арасында чыгарылбагандары канча. Бул жөнүндө сүйлөшкөндө, оорул жүрүп, ушул аркылуу айыгып кеткен же оор кайгыга батып, оор жоготууга учурагандар, катарга кошулгандан кийин алаксып, оорусунан сакайып кайгыдан алаксып, калганын айтышат. Бул жашоодо өлүмдөн ким качып кутулат. Бул турмуштун сыноосуна сабырдуу болгула энелер! Улуу муундардын жолунан сабак алгыла. "Курманжандын кыздары", "Уркуянын урпактары" – деген аттар менен чыгып жаткан апалар, Жаңыл мырза, Кыз Сайкал, Каныкей энебиздин, жердешибиз алайлык Сырга Мамакованын иштерин даңазалоо менен мыктылыктарын билгизишет. Шайыр апалар мамлекеттен жардам сурабастан, жоктон бар кылышып, өз каражаттарын өздөрү көтөрүп жатышкандары да кубанаарлык көрүнүш. Энелердин бул алгылыктуу иштерин колдоп, колунан келишинче демөөрчүлүк кылган азаматтарга да рахмат.

Жоктон барды жараткан, мукамдуу үнү жарашкан, таланттарын аябай, эл алдына тараткан, апаларга кандай мактоо айтсаң да жарашат. Баардыгына үлгүрүп жетишкен энелер ар бир айыл өкмөттөрдө: "Шайыр апалар", "Ак элечек апалар" тобун түзүп, кароо сынактарга катышууда. Алдыңкы орунду алып, сыйлыктарга татыктуу болушууда. Энелер дайыма алдыңкылардын сабында болгула, кайратыңардан жазбагыла, демекчимин. Кыргыз элинин унутулган каада-салттарын, үрп-адаттарын таза нукура түрүндө, эл алдында даңазалоого эмне жетсин. Бул азыркы жаштарыбызга, келин-кыздарыбызга терең таасир берүүчү, тарбиялык мааниси терең жана зор күйүттөн , кайгыдан жабыркаган адамдарга, алаксытуучу күчкө ээ. Өзүңөрдүн



көңүлүңөрдү көтөргөнчө, алаксыганча элге руханий рахат тартуулай бергиле демекчимин. Силерге чың ден соолук узун өмүр кажыбас кайрат ишиңерге ийгилик каалоо менен ак жол тилеймин, ыйык энелер.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюну. 2017-жылы 4-сентябрь. Кырчын жайлоосу. "Этно-базар", "Этно-саркеч", "Этно-үй" багыты боюнча этнофестиваль. Ош шаарынан Салтанат Аманова жетектеген ак элечек апалар, этнофестивалда кыздын чачын өрүү салтын көргөзүп келишкен.

"Курманжан датка-Ош айымдары" тобу, боз үй жасалгасы менен барышып, этнофестивалга катышышкан. Бул топтун айымы Гүлсара Темиркулова, Кырчында улуттук кийимчен, төө минип, көчмөн элдин жашоосун чагылдырып көрсөткөн. Бутунда топтун жетекчиси Кадырова Жамила ойлоп тапкан чаначтан тигилген булгаары чокойду, Гүлчөгө барып өтүкчүлөргө тиктирип келишкен.

Ак элечек айымдар: Акешова Абида, Акжолова Чолпонай, Курмантаева Тунук, Жаанбаева Батма, Усманалиева Марипат, Темиркулова Гүлсара, топтун жетекчиси Кадырова Жамила. "Бизди дүйнө эли баалады жана алкыштарын айтып, сүрөттөргө, видеолорго тартып кетишти, түбөлүккө тарыхта калдык, ыраазыбыз" дешет. "Кыргыз Республикасынын маданият министри, жюрилер, ыраазычылык билдиришти, буйурса жакында Президенттин сыйлыгын алабыз", деп сыймыктанышат.

Ал эми Үч-Төбө айыл өкмөтү боюнча, Акзыйнат Өмүрова жетектеген "Ак элечек апалар" тобу, Алай районунун борборундагы болгон, тандоо таймашында атаандаштар менен тең чыгуу менен аякташты. Кырчын жайлоосундагы көчмөндөр оюнунда, Алай районунун Үч-Төбө айыл өкмөтүнүн Кичи-Кара-Кол айылынын тургуну, Мамасеитов Салайдин, 1916-жылдагы тарыхый окуяны чагылдырган ата-бабаларынан мурас калган, аңчылык куралын жана мергенчинин териден жасалган кийимдердин көргөзмөсүн алып келген. Анын түпкү чоң аталары, К. Жантөшевдин каарманы Каныбек командир менен, жана анын кызыл армиясы менен, кошо басмачыларга каршы күрөшкөн, "Жолборс" киносундагы каармандар менен кошо жүргөн, басмачылар менен кармашкан адам болгон.

Мады айылынан келген,"Курманжандын сиңдилери"тобу менен болгон таймаш өтүп, энелер мында да өздөрүнүн чеберчилигин, ырга, комузга кол ойнотуу жана башка кол өнөрлөрү менен жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алышты "Курманжан датка-Ош айымдары" төмөндөгү курамда; Кадырова Жамила,Акешова Абида, Акжолова Чолпонай, Курмантаева Тунук, Жаанбаева Батма, Темиркулова Гүлсара,Тайчабарова Шайырбү таймашка катышты. Ушул таймашка катышкандар, улуттук тамак -аштардын түрлөрүн, кыргыздын кымызынан тартып, жармасына чейин, түрдүү даамдарын жайнатуу менен "жаңы келген келинге чөмүч карматуу" салтын көрсөтүштү. Мады айылынан келген, "Курманжандын сиңдилери" тобу да, улуттук тамак аштардын түрүн даярдап, "Кыздын чачын өрүү" салтын көрсөтүштү. "Курманжан датка-Ош айымдары" тобу жалаң кара сөз менен катырса, "Курманжандын сиңдилери" тобу ыр түрүндө айтышып, калыстар тобу эки жакты тең баалашып, тең чыгуу менен аякталды. "Ош ТВ"телевидениесине тартылышып, сыйлыктарга ээ болушту. Элдин сыймыгы болгон апакелерге баардык көрөрмандар ыраазы болушту. Сахнанын, элдин жылдызы болуп, аман жүрүшсүн энелер. "Энелердин бир колу бешик терметсе, бир колу дүйнө терметет" дегендей, ошол бешигин терметип чоңойткон, уул-кыздан ,урмат-сый көрүп, бактылуу карыгыла, энелер!



# ЭШАЛИЕВ ДЕРБИШАЛИ

Эшалиев Дербишали 1912-жылы Талас областынын Буденный районунун Чкалов колхозунда, кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жүркүндөгү Абдраимов Гажи аксакалдын, айтуусу боюнча, Эшалиев Дербишали 1933-жылдары Алай районуна Кызыл-Аскер катары, алыскы тоолуу райондорду чыңдоо багытында, борбордон Алайдын Үч-Төбө айылына жиберилген. Кызыл-Армиянын катарын өтөгөн. Алай районуна келип, секретарь, бухгалтер болуп иштеп, 2 балалуу болгон. Кызы 1939-жылы туулган. Баласы 1941-жылы, атасы согушка кеткенден кийин, 3 күндөн кийин туулган. Кызынын аты Кализа, баласынын аты Эсенбай. Кызы да училищаны, университетти бүткөн. Мугалим болуп 40 жыл иштеген. Баласы Дербишалиев Эсенбай, сельхоз институту бүтүп, ветврач болуп иштеген. 41 жашында операциядан каза болуп калган. Эшалиев Дербишали сельсовет болуп иштеп турганда, элин жерин коргойм деп 1941-жылы согушка кетип, ошол бойдон дайынсыз. Бирок кызы атасын издеп жүрүп, дарегин табат. Украинага чейин барган экен. Украинанын Полтавский областынын Степановка айылында курман болгон экен.

Жубайы Эшалиева Бегайым 1916-жылы Ош областынын Кара-Суу районунун Кең-Сай айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал кичинекей кезинен эле чыйрак, зирек кыз болгон. Атасы Мурзали колхоздо миң башы болуп, кадыр барктуу, сый урматка ээ болгон. Көп балалуу болгон. Бегайым Жүркүнгө тагасынын үйүнө келип, ошол жерде жүргөн мезгилде, Дербишали экөө таанышып калышат. Экөө баш кошуп, бир кыздуу болуп, ал эки жашка толгондо, Эсенбайы төрөлө элек, ай күнүнө жеткенде. Дербишали согушка аттанат. Согуштан кат келет. Төрөсөң атын Эсенбек кой деген. Уул төрөлүп атын Эсенбай коюшат. Ошол боюнча кат келбейт. Дайынсыз болот. Ошол уул төрөсөң атын Эсенбек кой деген каты менен Украинадамын, согушка киргени жатабыз , деп жазган. Колхоздун иши, деп күнү-түнү жан аябаган Бегайым, Жүркүндө магазинчи болуп иштеп, кийин колхоздо завферма болуп, иштеген. Андан кийин туугандарынын кийлигишүүсү менен, Темир деген

кишиге турмушка чыгып, 4 балалуу болгон. Үч-Төбөнүн элинин бардыгы эне катары сыйлайт. Айыл ичинде кадыр баркы жогору, эмгекчил жана мээнеткеч, кайраттуу эне болгон. Айыл өкмөттүн башчысы Нурмухамед Токтомаматов, Дербишалинин, Бегайымдын сүрөттөрүн алып, жеңиштин 74 жылдыгына арналган салтанатка карата сыйлыкка көрсөткөн. Мектепте 40 жыл эмгек сиңирген, эмгектин ардагери баатыр эне Кализаны сыйлыкка көрсөткөн. Кализа атасы Дербишалинин эстелигин, айыл өкмөттүн алдына орнотууну суранган. Себеби Дербишали согушка кеткенге чейин, ошол айыл селсоветинде төрага болуп иштеген. Бегайым эне, карып калса да төшөк, курап жерге салынган нерселерди жасай берчү. Согуштан кийин деле кийим шымдарды, аялдарга кийим кечек, кыздарга көйнөктөрдү, тигип берчү эле. Чыйрак байбиче 107 жашында дүйнөдөн өткөн.

## ЭШАЛИЕВА КАЛИЗА

1939-жылы Алай районунун Үч-Төбө сельсоветинин Андреев колхозунда кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1946-жылы III-Интернационал мектебине кирип, 1953-жылы 7-классты бүткөн. Ошол жылы Оштогу педагогикалык окуу жайына кирип, 2 жыл окугандан кийин, Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайына которулуп, ал окуу жайды 1957-жылы бүтүрүп келип, Алай районунун көп мектептеринде мугалим болуп, иштеп жүргөн. Андан кийин Бишкектен университеттин география факультетин бүткөн. 1970-жылы Ак-Босого мектебинде иштеп жүргөндө, «Лениндин 100 жылдыгы» медалы менен сыйланган. 1976-жылы Нурада иштеп, «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» медалын, 1980-жылы «Ветеран труда» медалын, 1994-жылы Кыргыз Республикасынын «Элге билим берүүнүн отличниги» значогу менен, 2012-жылы «Мээримдүүлүк» медалы менен сыйланган. 2017-жылы Кыргыз Республикасынын «Ардактуу инсандары коомдук бирикмесинин мүчөсү» медалы менен, 2017-жылы Кыргыз Республикасынын «Ардактуу айымы» ордени менен, 2017-жылы 4-мартта



«Ала-Тоо айымы» төш белгиси менен сыйланган. Кализа эненин кайратман, чынчылдыкты туу туткан сапатын, эмгектерин баалап, райондук Ардак тактада, жана айыл өкмөтүндө да Ардак тактада сүрөтү илинип турат. Кадыр барктуу жана мол тажрыйбалуу эженин атын, мектептеги усулканага коюп кетишкен. Кализа эже азыркы күндө бактылуу тай эне, чоң эне, очор-бачар үй-бүлөнүн умай энеси. 11 уул-кыздуу, 47 небере-чеберелүү. Уул-кыз, неберелеринин насаатчысы, беш убак намазынан жазбай, элинин, уул-кыздарынын, небере-чебелеринин тилеп жүргөн энеси. Уул-кыздары учурунда жогорку окуу жайлардан билим алышып, түрдүү тармактарда, жогорку кызматтарда иштешет.

## ДЕРБИШАЛИЕВ ЭСЕНБАЙ

Дербишалиев Эсенбай 1941-жылы Алай районунун Үч-Төбө аймагында Кичи-Каракол айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Дербишалиев Эсенбай согуштун ардагеринин баласы. Атасы согушка кеткенден кийин, 3 күндөн кийин туулган. Атасы согушта жүрүп кат жазган экен; «Мен баргыча, аман-эсен жүрсүн, атын Эсенбек койгула», деп. Ошон үчүн атын Эсенбай койгон дешет. 1948-жылы III-Интернационал мектебине кирип, аны окуп бүтүрүп, Бишкектеги сельхозинституттун ветеринария факультетин бүтүргөн. Окууну бүткөндөн кийин, Алай районунда көп жыл ветврач болуп иштеген.Райондун экономикасынын өнүгүшүнө өзүнүн көптөгөн салымдарын кошкон. Жубайы экөө 4 уул, 2 кыздуу болушкан. Жакшы иштегендигине байланыштуу, грамоталар, ордендер менен сыйланган. Өз ишин берилип, өтө жакшы иштөөчү, Малдарды дарылап, койлордун башына операция жасап, сакайтчу. Эсенбай 41 жашында өзү ооруп, врачтар операция жасап жаткан мезгилде, каза болуп калган, азыр болгондо 77 жашка чыкмак.

## ЭРГЕШБАЕВ ҮРҮСТӨМ

1926-жылы алыскы Эркештам чек арасындагы Нура айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Нуралык, апасы Каратайлык кыз болгон экен. Илгери оор турмушта жашап, ун жок, Каратайга келип, малга ун алмаштырып кетип жүрүшчү экен. Ошол мезгилде Каратайлык кызга үйлөнүп, 7 балалуу болушкан. 6 уул, 1 кыз. Экинчи аялынан 4 кыздуу болгон. Турмуш оор болгондуктан, Алай районунун Кызыл-Алай айылына элдерди көчүрүп, алып келгенде, Тиф оорусу чыгып андан каза таап калышкан. Рүстөмдүн атасы да элдер менен кошо каза болуп калат. Оштогу сельхозтехникумдун ветеринария факультетине кирип, 1946-жылы бүтүрүп, чарбада веттехник болуп иштеген. Андан кийин Алай районунун көп жерлеринде, управляющий болуп иштеди. Кализа окууну бүтүп келип, экөө баш кошуп, эриш аркак эки жубай 11-уулкыздуу болушту. Бири-биринин жеңилин жерден, оорун колдон алган ынтымактуу, жароокер жар болушту. Уул кыздарды окутуп, үйлөп-жайлап өз очогуна ээ кылышты. Ак-Босого, Чий-Талаа, Нура, Жүркүндө веттехник жана башкарма болуп эмгектенди. Күнү-түнү үй-бетин көрбөй, короолорду кыдырып жүрчү. Колхоз, совхоздун чөбүн жыйнашып, келин-кыздар бала-чакасы менен жапа тырмак иштешчү. Ал кезде талап ошондой болчу. Бир күн да кечикпей, жана жумуштан калышчу эмес. Жумуштан калса да, жооп сурап калчу. Уюштуруучулук иштердин натыйжасында, «Урал» мотоцикли жана «Жигули» машинасы менен сыйланган. «Лениндин жүз жылдык» медалы, «Эмгек ардагери» медалы жана «Ардак грамоталар» менен сыйланган. Ал мезгилде турмуш оор, кыйынчылыкты көрүп, техникумдарда окуганда чокой кийип окушкан. Оор кыйынчылыктарды бала кезинен тартып, оор шартта иштеген мыкты инсан эле.



## ЭМГЕГИ КАЛДЫ ЭЛИМДЕ

Аттиң ай, раматылык тирүү болгондо 87 жашка чыкмак экен. Ушул күндөгү балдарынын жетилгенин, турмуштан оордун таап, ардактуу орундарда иштеп жатканын көрүп, алардын сый-ызаатын, урматын көргөндө кандай гана, төбөсү көккө жеткендей кубанмак, уул кыздары менен сыймыктанмак. Тагдыр экен, оорунун айынан, акыркы сапарга жол тартып, эмгегин баалаган эли атын мектепке коюп, эскерип келишет. Элдин бири болуп, мен да бул агайымды эскерүү жазгым келди. Анын себеби, өткөн жылы райондук китепканада өткөрүлгөн, көчмө семинарда Үч-Төбө айылдык китепканалардын, «Ааламга жол айылдан башталат» деген темада өткөрүлгөн семинардагы баяндамасы болду. Бул баяндамада Токтомамат Жумабаевдин ысымы коюлган орто мектептин тарыхы, Жумабаевдин үй-бүлөсүнүн баяны да толук чагылдырылган. Биздин айлыбыздагы эң жөнөкөй, бой көтөрүштү билбеген, бир үйдөн 10 баланы тарбиялап өстүрүп, бардыгын жогорку окуу жайларынан окутуп, алдын доктордук даражага жеткирип, кыйналса да кабагым кашым дебеген, ыймандуу аял, ажылык сапарга барып, мусулманчылык парзын аткарып келген, турмуштун ак кемесин жалгыз тартып, балдарды тууруна кондурган, акылкөй эжебиз, маркумдун жубайы Саламат Жумабаеванын эмгеги чагылдырылган. «Ыйман жолу адептүүлүктүн башаты» деген темада өткөрүлгөн жолугушуу кечесиндеги, эженин талыкпас эмгеги аялдарга жана жаш өспүрүмдөргө тийгизген таасири зор болду. Ар бир үйдө ушундай ыймандуу адамдардын болушу элдин маданиятын, билимин, канчалык деңгээлде көтөрөрү белгилүү эмеспи. Жумабаев Токтомамат агайыбыз, 1950-1952-жылдары Оштогу мугалимдер институтун артыкчылык диплому менен, 1959-1962-жылдары ОМПИнин Кыргыз филология факультетин сырттан окуп, артыкчылык диплому менен бүткөн. Эмгек жолун мектепте тил адабият мугалими болуудан баштап, мектептин директорлугунан, Үч-Төбө айылдык кеңешинин төрагасы, башкарма, Кыргызстан компартиясынын Алай райондук комитетинин инструктору, Алай совхозунун жумушчулар комитетинин төрагасы болуп иштеп жүргөн. Ошол жылдардын ичинде Кыргыз ССРинин

Жогорку Кеңешинин грамотасы менен сыйланган. Үч-Төбө айылдык кеңешине депутат болуп шайланган. Кичи-Каракол айылына мектептин жаңы имаратын салдыруу боюнча көп иштерди аткарып, өзүнүн зор салымын кошкон . Кичи-Каракол айылында чечим чыгартылат, мектептин проектисин Токтомамат агай өзү, Оштон бекиттирип келет да, 1967-жылдан азыркы мектептин имараты курула баштайт. 1968-1969-окуу жылында мектеп ишке киргизилет. Токтомамат агай, айыл калкынын көптөн бери көксөп жүргөн, тилегин ишке ашырууга аракеттенип, бул үчүн түрдүү деңгээлдеги жетекчилер менен сүйлөшүп, райондук жетекчиликке айылдын акыбалын түшүндүрөт. 1972-жылдан баштап Кичи-Каракол айылында суу түтүктөрү коюла баштайт. Агай беш жолу социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болгон.

Агайдын чыгармачыл адам экендигин 1997-жылы жарык көргөн, «Үч-Төбө» аттуу ырлар жыйнагынан байкоого болот. Азыркы күндө маркум агайдын жана Саламат эженин 28 небереси 5 чебереси бар. Тун кызы Асылкан Бишкек Гуманитардык Университетинде кафедра башчысы. Уулу Кубанычбек Ош шаардык жүргүнчүлөрдү ташуу агент-тигинин директорунун орун басары. Тасилкан кызы, Ош Мамлекеттик Университетинде окуу иштери боюнча проректору, доцент, профессор. Гүлбара кызы Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинде экономист. Нурила кызы ОшМУнун мугалими. Гүлнара Бишкек шаардык төрөт үйүндө акушер-гинеколог. Гүлсүн «Каз-Дан» фирмасынын жетекчиси. Назгүл ОшМУнун мугалими. Өтө жөнөкөй, адамга жакшылык гана кылууну, эли жеринин өнүп-өсүшү үчүн, тырмактын агындай болсо да, жардам көрсөтүүнү алдыларына максат кылган бул адамдарга, «Адамга бакыт каалаган адам, бакытка өзү кабылат», деген сөз дал келгендей сезилет. Атасынын наамы коюлган мектепке, ремонт иштери боюнча жардам көрсөтүп, мектептин айланасын бышкан кирпич менен тосуп берүүнү, Нуркалый 20 жылдыктар менен биринчилерден болуп демилге көтөрүп, 2002-жылы баштап берген.



Мектепке кирпич менен тосмо жасап,
Азамат! 20-жылдык баштап берди.
Ар жылы салтка айлантып саамалыкта
Кийинки бүтүрүүчүлөр улап кетти.

Жубайы Саламат эженин кесиби китепканачылык. Көп жылдар бою мектептин китепканасында иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан. Алдыңкы энелердин бири. Жубайынан ажырагандан кийин да, балдардын жакшы акыл насаатчысы катары таанымал. 2006-жылы Ажылык сапарга барып келгенден кийин, жаштарга ыймандуулук жөнүндө, кеңири аңгемелешүүлөрдү жүргүзүп турат. Эже бүгүнкү күндө 70 жашта, күүлү-күчтү, неберелерине баш көз болуп, чарбачылыгын өзү тейлеп, тиричиликке тың.

## ЖУМАБАЕВА САЛАМАТ

1934-жылы 28-мартта Ош областынын Алай районуна караштуу Нура айылында туулган. 7-класска чейин Сопу-Коргон айылында Токтогул атындагы орто мектебин окуп, андай кийин III-Интернационал орто мектебинен бүтүргөн. 1955-жылы мектеп мүдүрүнүн катчысы болуп, 1958-жылга чейин иштеп, мына ошондон баштап мектептин китепканасында иштей баштайт. 1968-жылы Токмок шаарындагы техникумга ташшырып, аны 1970-жылы ийгиликтүү аяктаган. Жумабаева Саламат эмгек жолун китепканадан баштап, ардактуу эс алууга чыкканга чейин мектеп китепканасында иштеп келген. Иштеп турган мезгилинде китепкананын фондун тынымсыз толуктап, китептердин абалын жакшы деңгээлде сактап, окуучулар арасында ар түрдүү мероприятиелерди өткөрүп келген.

Алсак баатыр пионерлер, комсомолдордун күнүнө карата көргөзмөлөрдү, окуучулардын эң мыкты сочинениелеринин үлгүлөрүнүн жарышы, көрүнүктүү акын-жазуучулардын өмүрү жана чыгармачылыгына кечелерди, согуштун жана эмгектин ардагерлери менен жолугушууларды ж.б. уюштурган. Бүгүнкү күндө Жумабаева Саламат он баланын апасы. 28 неберенин 5 чеберенин чоң энеси.

## ЖУМАБАЕВА ТААСИЛКАН ТОКТОМАМАТОВНА

1958-жылы 19-декабрда Алай районунун Кичи-Каракол айылында туулган. 1975-жылы III-Интернационал орто мектебин ийгиликтүү аяктап, ОшПИнин биология факультетинин биология-химия адистигине тапшырып, аны 1980-жылы артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Студенттик мезгилде факультетте, институтта эң алдыңкылардан болуп, КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган жана «Лениндик стипендия» менен окуган.

Алгачкы эмгек жолун 1980-жылы Ош шаардык комсомол комитетинин, өнөр жай бөлүмүндө инструктор болуп баштайт. Ушул эле жылдын октябрь айында Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын, органикалык эмес жана физикалык химия институтуна, улук лаборанттык кызматка кабыл алынат. 1981-1983-жылдары Москва шаарында СССРдин Илимдер академиясынын химиялык физика институтунда, 2 жылдык стажировкадан өтөт.

1983-жылы биофизика адистиги боюнча аспирантуранын күндүзгү бөлүмүнө өтүп, илимий-изилдөө иштеринин үстүнөн жигердүү эмгектенип, 1988-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргойт.

1998-2001-жылдары Россия Илимдер академиясынын, биохимиялык физика институтунда илимий стажировкада болуп, 2001-жылы бул институтта, биофизика адистиги боюнча докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Ал Кыргызстанда биринчи болуп биофизика адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты, доктору наамдарын алган окумуштуу.

1987-жылы март,декабрь айларында Кыргыз Илимдер академиясында кенже илимий кызматкер, 1987-жылдын декабрь айынан 1995-жылга чейин ОшПИнин биология факультетинин ботаника жана БОУ кафедрасында окутуучу, 1995-жылдан доцент, 2002-жылдан профессор, 2003-жылдан жалпы биология жана БОУ кафедрасынын башчысы, табият таануу факультетинин деканы, 2005-жылдан ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору, 2007-жылдан ОшМУнун илимий иштери боюнча проректор кызматтарын ийгиликтүү аркалап келүүдө.



Ал кафедра башчы, декан кызматтарында эмгектенген мезгилде, факультеттеги окуу-усулдук багытындагы иш-аракеттер, чыгармачылык менен аткарылып, материалдык техникалык база жакшыртылып, бир нече залдар, лабораториялар заманбап жабдыктар менен жабдылган.

Окуу иштери боюнча проректор катарында, билим берүүнүн сапатына көп көңүл бөлгөн. Анын сунушу боюнча факультеттердин ички мониторинги уюштурулган, окуу-усулдук иштерин уюштуруунун актуалдуу маселелери боюнча атайын семинарлар өтүлө баштаган. «Мыкты кафедра», «Мыкты факультет», «Мыкты лектор» сынактары өткөрүлүп, аларды уюштуруунун жобосу иштелип чыккан.

Таасилкан Жумабаева илимий иштер боюнча проректор кызматында үзүрлүү эмгектенүү менен, ОшМУда илимий иштерди активдештирүүгө, ар бир кафедранын илимий багытын аныктап, тактоого, илимий натыйжаларды жайылтууга, профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатууга, сапаттык көрсөткүчтү жогорулатууга көп көңүл бөлүүдө. Ал ЖОЖдордун жана орто окуу жайлардын арасында аймактык олимпиаданын (2009, 2013) уюштуруучусу жана демилгечиси. «ОшМУнун жарчысын» жарыкка чыгарууга жооптуу катарында, бул илимий басылманын сапатын бир топ жогорулатууга салымын кошту. Студенттердин илимий-изилдөө иштерин активдештирүү максатында «Илим жумалыктарын», уюштуруунун деңгээлин жогорулатуу иш-аракеттерин алып барды.

Ал окумуштуу катары Москвада өткөн биофизиктердин II сьезинде (1999), Түркияда (2011, 2012), КЭРде (2013), Индияда (2013) өткөн ж.б. эл аралык конференцияларга катышып, баяндамаларын жасап келет.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн ОшМУнун (2004), Ош шаардык мэриясынын (2009), Ош облустук администрациясынын «Ардак грамоталары» (2010) менен сыйланган. «КРдин билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгисин (2005) алган.

Таасилкан Жумабаева илимий долбоорлордун үстүнөн үзгүлтүксүз иштеп келет. Анын бир шакирти кандидаттык

аспиранты коргоонун диссертациясын коргоду жана 2 алдында турат.

Ал 100дөн ашуун илимий, илимий-популярдуу жана 20 дан ашуун публицистикалык макалалардын, Билим берүү жана илим министрлигинин графиги менен чыгарылган 2 окуу куралынын, 1 окуу китебинин жана 1 монографиянын автору.

## ЖУСУПОВА СОНАЙЫМ

Жусупова Сонайым 1934-жылы 8-март күнү Тоошкан айылында туулган. 1-класстан 9-класска чейин Күн-Элек мектебинде окуп, турмуш шартына байланыштуу 10-классты III-Интернационал орто мектебинде бүтүргөн. 1964-жылы Жалал-Абаддагы медучилищанын акушеркалык бөлүмүн окуп бүтүргөн.

Биринчи эмгек жолун, Сопу-Коргон участкалык ооруканасынын төрөт үйүндө, 1967-жылы март айында баштаган. Облусттык Саламаттыкты Сактоо бөлүмүнүн башкы акушер-гинекологу Михаил Лерман келип, Үч-Төбөдө, төрөт үйү керек экендигин эскертип, райондук аткаруу комитетинин төрагасы Э. Сыргабаев, башкы врач Т. Мадышов, Сопу-Коргон участкалык ооруканынын башкы врачы Р.Мамбетовдордун кийлигишүүсү менен, Үй-Төбөгө төрөт үйүн ачып, ага биринчи жолу Соно Жусупова акушерка болуп дайындалган. Ары кооптонуу, ары жоопкерчилик менен өзүнүн эмгек жолун баштап, элдин ишенимин актоого далалат жасай баштаган. Биринчи жолу Белекова Шарапат эжени төрөтүп, алгачкы киндик эне болуп, эмгек жолун баштаган. Соно эженин эсинен түбөлүккө кетпеген, отуз жылдын ичинде Соно эже үч миңден ашык, баланын киндик энеси болууга үлгүргөн. Соно эже иштеген 1982-жылдарга чейин ФАПта үч эле орундуу төрөткана болгон. 1983-жылдарда Соно эженин түздөн-түз кийлигишүүсү менен жаңы имарат салынып тогуз орундуу төрөт бөлмөсү ачылды. СВА болуп иштеп турду. Ал кезде Үч-Төбө айыл өкмөтүнүн аймагындагы Ак босого, Ак-Жай, Кежиге, Маданият, Кызыл-Алай айылындагы төрөй турган аялдарды камсыздап турган.



Эмгеги партия тарабынан жогору бааланып Райондук жана Областтык «Ардак тактадан» сүрөтү түшпөй келген. Республикалык «Ардак грамота» менен 2 жолу, СССРдин «Саламаттык сактоонун отличниги» деген төш белгиси менен сыйланган. Айылдык кеңешке үч жолу депутаттыкка көрсөтүлгөн. Эже жөнүндө райондук, областык, республикалык газеталарга тынбай макалалар жарыяланып турган. Эмгек жолу боюнча үч жолу телевидениеге тартылган.

Эженин азыркы күндө 3 уул, келиндери, неберелери, 2 чебереси бар.

Алтын колдуу энебиз,
Ай менен күнгө теңейбиз.
Уулдардын көрүп урматын,
Узакка жашай бериңиз.

Сиз басып өткөн чыйырлар,
Жете албас эчен кыйындар.
Ардагы болуп элимдин,
Атыңыз калсын кылымдар

## КИНДИК ЭНЕ

Киндик эне, умай эне! Кулакка кандай ыйык жана жагымдуу угулат. Эненин ай күнү жетип, толгоосу бышып, өлүм менен өмүрдүн ортосунда, толгоонун азаптуу сааттарында жан айласын таппай, ал кара терге түшүп кыйналган кезинде, аман-эсен көз жарып алышын тилеп, жардамын аябаган киндик энелердин эмгеги чексиз. Алар канча эне төрөсө, ошолор менен кошо толготуп азап-тозогун кошо тартышат. Эне эсен-аман бошонуп алса, алардын мээнетинин акыбети кайтканы ошол. Эсен-аман бошонуп алган эне да, аман төрөлгөн наристе да аларга чоң дем күч берет. Колу жеңил киндик эне, «Умай эне» деп алкоо сөздөрүн жаадырышат. Ошол мезгилдеги аялдар арасында «Сонайым» деген ат, ар бир төрөгөн жана боюнда бар аялдар арасында кулакка сүйкүмдүү болуп, угулган. Үч-Төбө айылдык ФАПтын акушеркасы Соно эже жана анын

жолдошу Дадабай элдин алкышын алып, эл үчүн эмгектенген жубайлар болушкан. Ал кезде азыркыдай жеңил машиналар жок болгон. «Тез жардам» машинасы да болгон эмес. Ак кар, көк музда да алыскы Ак-Босого, Кызыл-Алай, Маданият, Кичи Каракол айылдарын, Гежиге, Шарт, Күртүк, Өрдөш участкасындагы, малчылардын үйлөрүн, ат менен кыдырып, төрөй турган аялдарды араба менен алып келип, оор кыйынчылыктар тартышкан. Алардын ак эмгегин баалаган өкмөт, эң алдыңкы сыйлыктарды ыйгарып турушкан. Бири-биринин жеңилин жерден, оорун колдон алган жубайлар үч уулдуу болушкан. Балдарына татыктуу тарбия берип чарчадым, чалыктым дебеген жубайлар, эл үчүн эчен ашуу-белестерди ашышты. Мезгилинде жубайы Дадабайдын көңүлүнө арзуу жараткан. Бири-биринин жеңилин жерден алышкан, бактылуу жубайлардын көз караштары дайыма жагымдуу эле Дадабай аке «Сонайым» деген эркелетүүсүнөн жазчу эмес. Бири акушерка бири фельдшер болгон менен, экөө биринин милдетин бири аткара беришчү. Бири үчүн бири, ичкен аштарын жерге кое койгон, азап менен тозокту чогуу тартышкан ак дилдүү жубайлар эле. Дадабай Кадышов Самар эненин жалгыз уулу эле. Колхоз мезгилинде алдыңкы активистка аялдардан болуп, эл үчүн кызмат аткарган мыкты эне болчу. Келечегин кең ойлоп, уулун Дадабайды Оштогу медициналык окуу жайына окуткан. Келини Сонону Майлы-Сайдагы медучилищада, акушеркалык бөлүмүнө окуткан. Үч-Төбө айылдык Фельдшердик Акушердик Пункттунда иштөөсүнө шарт түзгөн. Союз мезгилинде оор кырдаалдарга карабай, тартип катуу, көзөмөл күч ишке жан дили менен берилген жубайлар, Үч-Төбө айыл өкмөтүнүн аймагындагы элдерди, айрыкча малчыларды тейлөөдө тыным албай, зор жоопкерчилик менен иштешчү. Күн болобу-түн болобу совхоздун жүк ташуучу машинасы менен, машина бара албаган жерлерге, ат менен барып, акыбалы оор аялдарды, райондун борборуна чейин алып барып, төрөтүшчү. Кээ бир кежир энелер, «мен эч жака барбайм,өзүң гана төрөтөсүң» деген кыйноосуна чыдап айланып, жалбарып жатып, эптеп төрөтүп алуучу. Тобокелге салып төрөтүп алган, Соно эже да, эне да бири-бирине ыраазы болоор эле. Көп жылдык бай тажрыйбага ээ болгон Соноайым Жусупова 3000 ден ашык



баланын киндик энеси. Эл алдында кадыр баркы жогору. Ач ажал, күтүлбөгөн оору, жолдошу Дадабайды жаш алып кетти. Кайгырып-капаланган, жубайынан ажыраган Соноайым, боздосо да, какшаса да өлгөн тирилип келбеди. Элим деп соккон жүрөгүн, элге арнады. Убактысынын көбү элдин жана чабандардын арасында өткөрчү болду. Кышкы бурганактаган бороону болобу, жайкы чызыраган ысыгы болобу, малчылардын ден соолугу, энелердин тынч-аман төрөшүнө аракетин аябай, күн-түнү тыным көрбөдү. Уулдарын окутуп эрезеге жеткирди. Чоң уулу Бекболот энесинин кесибин аркалап Ош шаарында Черемушка төрөт үйүндө акушер-гинеколог болуп иштеп жүрдү. Досу Саламат эженин кызы Асылканды келин кылып, неберелер чоңойгондо жетелеп, бактылуу күндөрдү көрүштү. Бул жылдар Соно эже үчүн жемиштүү да жетиштүү да жылдар болду. 9 койкалуу төрөт бөлмөсүн курдуруп, СВА салдырды. Үч-Төбөнүн бардык аймактарындагы элди тейлеп, элдин ыраазычылыгын алды. Өзүн окуткан Тойматовага, медучилищанын директоруна дайындап, жаштарды окууга өткөрүп, кадр даярдады. Сатимкулова Анаркан, Абдыкадырова Уулкан жана өзүнүн келини Кадышова Айсалкындар Соно эженин ишин улантуучулардан болуп калды.

Соноайым пенсияга чыгып, ардактуу ардагер, мээрбан киндик эне, катары эс алууга чыккан. Киндик энебиздин басып өткөн жолундагы, эмгек жолун чагылдырып, эл менен жолугушуу кечесин өткөргөнбүз. Ал элди сыйлоого каражат маселесине токтолду. Мен ага ынабадым. Экөөбүз көпкө чейин, бир пикирге келе албадык. Ал, ошол жолугушууга келгендерге той жасаш керек, деди. Энелер ага макул болушкан жок. Ошол боюнча энелерге кабарладым да, клуб толо аялдар чогулуп, Соноайым киндик энебизди чакырттык. Ал келип чочуп кетти. Мага наарazыланды. Энелерден айланса болот. Өмүр жолун, эмгек жолун даңазалап, ыр күүлөр берилгенден кийин белектерин ташышып, тарап кетишти. Чай берем, деп далалат жасады, биз болбой койдук. Медицина күнүн да жон өткөрчү эмеспиз. Себеби, киндик энебиздин эмгеги биз үчүн өтө чоң болчу. Тилекке каршы Соноайым эненин уулдары, үчөө тең жаш боюнча оорудан каза болуп калышты. Көп узабай уулдарынын кайгысынан

өзү да жашоодон кетти. Артында уул неберелери, келиндери бар. Ошолордун өмүрлөрүн берсин. Ат көтөргүс кайгысынан, китебим чыкса, өзү да жазгандарымды окуп алаксыйт го дечүмүн. Бирок менин китебим басмадан чыгып жатканда, өзү жөнүндө жазылган, жакшы сөздөрдү укпай дүйнө салды.

Соно эже жөнүндө канча пикирлерди жарыяладык. Жазылбагандары канча…эсеби жок.

## ДАЛАЛАТТУУ

Ар бир адамда сыймыктануу менен айтылат. Ооба, анын жөнү бар. Кырсыкты кайдан деп болот. Кокустук каш-кабактын ортосунда эмеспи. Күтүлбөгөн жерден кырсыкка дуушар болгон адамды медицина кызматкерлери оңой эле куткарып алышат. Соно Жусупова 1963-жылы Жалал-Абаддагы медициналык окуу жайынын акушеркалык бөлүмүнө барып кирген. Аны мындан үч жыл мурда ийгиликтүү бүтүрүү менен турмуш путевкасын колуна алып келген.

«Алай совхозунун №3 бөлүмүндө жүздөгөн кожолук эл жашайт. Аларды медициналык жактан тейлөө үчүн Үч-Дөбө селосунда фельдшердик-акушеркалык атайын пункт бар. Анда фельдшер болуп Сононун өмүр шериги «Ардак Белгиси» ордендүү Дадабай Кадышев иштейт. Атайын кесипке ээ болуп келгенден кийин Соно да ошол пункта акушерка болуп дайындалат. Пункттун аймагындагы элдин көпчүлүгү малчылар. Алар ыраак кыштоолордо жашашат. Кыштоолорго барып, малчылардын денсоолугуна байкоо жүргүзүү оңойго турбайт. Бирок, Соно малчыларда тынымсыз болуу менен медициналык темадагы аңгеме-лекцияларды тынымсыз өтүп турат. Мындай аракеттин натыйжасында ал жыл сайын 50-60 балага киндик эне болуп келүүдө. Өткөн жылы Соно Жусупова 45 баланын киндигин кесүүгө үлгүрдү. Бул күндөрү да өз ишин мыкты жолго коюда.

*Т. Нурбеков*



## ДАДАБАЕВ БЕКБОЛОТ КАДЫШЕВИЧ

1954-жылы Үч-Төбө аймагынын Кичи-Каракол айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Кадышов Дадабай айылдык ФАПта кадырлуу фельдшер, апасы Соноайым Жусупова акушерка чоң энеси Самар Гафурова колхоздоштуруу мезгилинен тартып мыкты активистка аял катары белгилүү болгон. Бекболотту чоң энеси көбүнчө тарбиялаган. Соно эжени Бекболот «Эже» деп өскөн. Бекболот, Бексултан, Бактыбек деген үч бир тууган болушкан. Бекболот орто мектепти бүтүп КММИни бүткөн. Ош областтык төрөт үйүнүн, бөлүм башчысы, Кызыл-Кыя шаардык төрөт үйүнүн башкы врачы, Майлы-Сайдагы медициналык училищанын директору, Кызыл-Кыядагы медициналык окуу жайынын директору, Алай райондук борборлоштурулган оорукананын башкы врачы, Жалал-Абад шаарындагы областтык төрөт үйүнүн башкы врачы, Дадабаев атындагы жеке клиниканын жетекчиси. Саламаттык сактоонун отличниги. Эл үчүн эмгектенген мыкты азаматтардын өмүрү кыска болуп, жарык дүйнө менен эрте коштошту.

# ЫРЛАР



## Токтогул атындагы орто мектебинин орус тил мугалими СУЛТАНОВ АСАНБЕК агайына

Жеңил мүнөз, шайыр шатман агай эле,
Кандай сөзгө жообу белен, табаар эле.
Куйүп-бышып ишин жакшы аткарган,
Жубайы Калима улуту татар эле.

Мугалимдер арасында кадыры зор,
Сыйлай билчү кары-жашты акылы мол.
Окуучусун баласындай алпештеген,
Сабагынан мыкты болчу, кунтун койгон.

Уул-кыздарын дайыма жакшы көрчү,
Жетелеп, мектепке алып келчү.
Бош убакта спорт менен машыгып,
Жардам берип, жубайына көңүл бөлчү.

Абдразак аке анда Ошто иштеп,
Тарбиялап балдарын, тил үйрөтчү.
Хохлова, Максим Горький көчөлөрдө,
Султановдор эки үй-бүлө, коңшу болчу.

Роза жеңе ишканада, кечке иште,
Марат, Омар экөө болчу, али кичине.
Фарида, Асанбек агайды ээрчип келип,
Өзүмдү ыңгайсыз сезип, көпкө жүргөм.

Шампан куюп, Асанбек агай туулган күндө,
Марат менен Омар экөө бирге ичкен.
Айыл кызы, мен шампанды ичпей койсом,
Асанбек агай тамашалап, көпкө күлгөн.

Тамашалап, көздөрүнөн жаш чыканча,
Каткырышчу, моокумдары канганча.
Үйгө келген баланы да сыйлашчу,
Театрга, кинолорго кыдыртканча.

Эң жөнөкөй, кичи пейил жандар эле,
Мейман келсе, жакшы сөзүн арнаар эле.
Акыбалың кандай деп, жагалданчу,
Комуз чертип, обон созуп калаар эле.

Күтүүсүздөн ажал келип агайыма,
Алып кетти, бөлүп биздин арабыздан.
Жаш эле, жалын жүрөк адам эле,
Жетпей калды көптөн күткөн максатына.

Таш көмүр түшүрүшкөн ошол кезде,
Ташып жүрүп каза болду көмүр кечке.
Аттиңай ажалына келген экен,ойлонгондур,
Балдарын жылынса,деп ыссык мешке.

Томсоруп үйү калды, жайы калды,
Боздошуп тууган-урук, жары калды.
Жадырап ойноп-күлүп жүрөөрүндө,
Наристе балдарына кайгы салды.

Бул бир гана агайымды, мен билгенден,
Туугандары ушундай болгон билбегем мен.
Жүрөктөн кармаган каргаша дарт,
Буларды жалмап кеткен эмне деген?

Мектептен чыкканымда үйүңүзгө,
Карачумун, кайгы чалып жүрөгүмдү.
Азыр эле чыга калып келүүчүдөй,
Көзүмдү албай тиктечүмүн, мен үмүттү.

Андан бери көп жыл өттү, биз карыдык,
Ойлой берем, ошол сиздин дартыңызды.
Кыйын врач чыкты дешет Зууракандı,
Анализдеп оору дартын таптыбы?
Илимий бир жаңылык ачтыбы?



## МАЙРАМКАН СУЛТАНОВАГА

Орусча окуп шаарда өссө да,
Келин болуп келген Терек айылына.
Көшөгөдөй көгөрүп, кадимкидей,
Айыл салтын өздөштүрүп таанылган.

Сут бышырып, айранды уютканды,
Үйрөнүп, айылдагы жумуштарды.
Бээ саап, кымыранды кошо куюп,
Сабада, көбүртүп кымыз бышканды.

Жайлоодо таңдан туруп, түндүк тарткан,
Аксакалдар алдында даам жайнаткан.
Берешен, алтын колдуу кайын эненин,
Кадырлап сыйлоо менен көңүл тапкан.

Ал кезде биз кичине кыздар элек,
Майрамкан эжебизди сыйлаар элек.
Тамашалап баарыбызды эриктирбей,
Сүйлөп берген сөздөрүн угаар элек.

Жароокер келин болгон, Майрамкан эже,
Жылкы айдап, кээде дайра кечээр элек.
Келберсиген кең жайлоо "Сары күчүк",
Келиндик доор өткөрүп, жашап келген.

Бата алыш, кыйын кайын энеден,
Чолпондой уул-кыздарды төрөп берген.
Алдыңкы адам болсо,деп тиленип,
Татыктуу тарбиясын арнап келген.

Көп максат тилектери арбын эле,
Сүйлөгөн акылдары алтын эле.
Балдарын ак эмгекке үйрөтүшкөн,
Эки жубай адамдардын алды эле.

Кудайдын буйругуна айла барбы?
Тагдырдын салганына даба барбы?
Балдардын урмат-сыйын көрөөрүндө,
Үмүттөр ишке ашпай, жайрап калды.

## Терек мектебинин орус тилчи мугалими СУЛТАНОВА ФАРИДАГА

Кадырмамат Султановдун ушул кызы,
Орус тилден сабак берип, бизде жүрдү.
Көзгө сүйкүм, жаадыраган жароокер кыз,
Узун бойлуу субагай, сулуу жүздүү.

Tууган эле апасы, Дөдө эжебиз,
Мектебинде мугалим Теректеги.
Дүңгүрөткөн, Алай айылы сельсоветти,
Исаева Жибектин келини эле.

Омарбек деп, төрайымдын уулу эле,
Баш кошкондо, мамилеси жылуу эле.
Сопудан барып-келип, Терекке иштеп,
Кээ-кээде үйгө келип, турчу эле.

Ачык айтып, ак сүйлөп жаңылбаган,
Жароокер жан болуучу, жаркыраган.
Мектептин ишин дайым алга сүрөп,
Окуучусун тарбиялап тартынбаган.

Курманжандай керилген кайын энеси,
Кайратынан жазбаган, акыл берип.
Көптү билип, көптү үйрөтүп, тажрыйба алып,
Таскак менен такшалган, элди көрүп.



Бул турмушта баары болот, болжош кыйын,
Эки жубай ажырашты, айтпай сырын.
Ошол бойдон курдашым, Ошко кеткен,
Турмуш куруп, мен укпадым дайнын кийин.

Эң жакшы курдаш элек, тууган элек,
Далай жолу сайрандарды курган элек.
Арадан өтсө дагы нечен жылдар,
Дайынын билбей, кабарын укпай келгем.

Авария болуптур капылеттен,
Кайран курбум, жашоодон өтүп кеткен.
Жүрөк сыздайт, жаткан жерин жайлуу болсун,
Алла Таалам орун берсин, бейишинен.

## КАРЫЛАРГА

Кебез сыңдуу, чачын бубак баскандар,
Турмуштун оор сыноосун ашкандар.
Балдары үчүн, бар тапканын аябай,
Уул үйлөп, кыз чыгарып жаткандар.

Кутман күнүң куттуу болсун, карылар,
Бүгүнкү күн, өзгөчө күн баарынан.
Урмат менен сыйлап турсун, балдарың,
Мээрим көрүп, жаралышкан канындан.

Аруу тилек, оюңдагы ишке ашып,
Уул-кыздардын орундатып максатын.
Элиң үчүн кызмат кылып, талыкпай,
Ак эмгектин үзүрүнөн баар таптың.

Өсүп-өнүп, уул-кыздар төрөлүп,
Саны өсүп, неберелер көбөйүп.
Балдыр тилдүү, бал татыган кыялы,
Чоң аталап ээрчип жүрсүн, чоңоюп.

Жакшылыгын көргүлөчү, балдардын,
Тынчылыкта жакшы болсун, заманым.
Карыялар урмат-сыйлуу болгула,
Ак тилектен, мен дайыма каалаймын.

## АЙДАНАГА

Аттап мектеп босогосун, биринчи,
Айдана кыз окуйт экен, сүйүнчү!
Ак дилимден, ийгиликтер каалаймын,
Аллах сактап, аман-эсен жүрсүнчү!

## АНЖЕЛИКАГА

Кудай колдоп, аман жүрсүн бул кызым,
Анжелика үнүң мукам, ырчысың.
Мезгил өтүп, курагыңа жеткенде,
Сыймыктанаар, жылдызы бол кыргыздын.

## АРСТАНБЕККЕ

Куттуктаймын туулган күнүң Арстаным,
Аман болгун бекем ташта кадамың.
Сабагыңды бешке окуп дайыма,
Ата-энеңдин ак үмүтүн актагын.

Өмүр берсин ден-соолугуң чың болсун,
Ынтымак, шаттык үйүңөргө кут консун.
Бабаң Манас осуятын унутпай,
Тайманбаган кыраан куштай уул болгун.



## МЫРЗАГҮЛГӨ

Максат кылган ойлоруңдан тайбагын,
Билимиңди окуучуга арнагын.
Билбегенин түшүндүрүп сабырдуу,
Жароокер бол, ачууланбай ар дайым.

Кайгы тартса жан дүйнөсү жабыркап,
Көңүлү ооруп аран жүрсө алсырап.
Андайлардын маңдайынан сылап жүр,
Жылуу сүйлөп мээримиңди тартуулап.

## НУРПЕРИМЕ

Бактылуу бол бакырайган берекем,
Жаратканым сулуулукту мол берген.
Бекем карма бакыт кушун учурбай,
Аллах таала насип кылсын бир келген.

Бакыт кушу башыңа консун,
Наристе сүйүп тукумуң өссүн.
Кудайым берип тилегиңди,
Түгөйүң менен бактылуу болгун.

Кайын журтуң сыйлаган,
Кадырлуу келин болуп жүр.
Элиң журтуң сыйлаган,
Элпек келин болуп жүр.

Ыр десте менин белегим,
Өсүп өнүп көбөйгүн.
Келээрки жылы буюрса,
Ак жолтой бешик өңөргүн.

## Мугалимдер күнүндө АЙЛИРАГА

Айлира майрамың куттуу болсун,
Үйүңө күлкү шаттык ырыс толсун.
Ишиңди ийгиликтер коштоп дайым,
Башыңа бакыттын кушу консун.

## НАСИРДИН МАМАТОВГО

*Токтомамат Жумабаев атындагы орто мектебинин сүрөт мугалими*

60-жашка быйыл толдуң,
Зор эмгектин ээси болдуң.
Жан дилиңден изденип,
Эң мыкты сүрөтчү атка кондуң.

Жасалгасы сенсиз бүтпөгөн,
Ишкана жоктур сени күтпөгөн.
Кооз ажайып тарткан пейзаждар,
Алтын колдуу агай иштеген.

Сен жасаган коздук эстелик,
Оштун турат мээрим паркында.
Жан дүйнөңү коздоп чагылткан,
Эмгектериң окуу жайларда.

Ар бир үйгө кирсең төрүнө,
Сүрөттөргө көңүл бөлүнөт.
Бээ саап кулун байлаган,
Жайлоо элеси көрүнөт.

60-жаш курак кут болсун,
Үйүңөргө бакыт куш консун.
Байбичең менен бирге тең карып,
Узак жашап жүзгө толуңуз.



Ар бир үйдө сүрөттөрүң илинген,
Кыл калемиң курчуй берсин иничек.
Өткөн күндү элестеткен картина,
Жаштыгыңды эске салып сүйүнткөн.

## СҮЙҮНБАЙ ИНИМЕ

Ооруп жанын кыйналганга карабай,
Чыдап жүрдүң сабыр кылып садагам.
Аман эсен айылыңа келсин деп,
Жүрөгүмдөн тилек ырын арнагам.

Кудайыма шүгүрчүлүк кылалык,
Сакайыпсың көрүп сени кубандым.
Өмүрүңү узун кылсын Аллахым,
Элиң үчүн бийик учкан шумкарсың.

Энелердин үмүттөрүн актадың,
Алайымдын ак-кууларын мактадың.
Арбын сөзүн жүрөктөрүн эргитип,
Эмгек кылган энелерди даңктадың.

Билинбеген канча кыйын энелер,
Көмүскөдө билинбеген немелер.
Сенин гана алтын сөзүң аркылуу,
Даңазалуу энелерге теңелген.

Тоодо өсүп таза аба жуткан элең,
Эркин жүрүп тоо койнунда уктаар элең.
Денеңди алсыраткан алсыз оору,
Каяктан байкалбастан чыккан экен.

Сезимиңди башкарып санаа тартпа,
Жашоодон үмүт үзбөй эркин жаша.
Илдетиңе шыпаа болсун, кирсин дарман,
Ичкен дарың дартыңа даба болуп.

Аллах берсин шыпаасын айыгасың,
Ак моңгүлүү Алайыңа кайрыласың.
Кошулмалуу алтындуу Терек суусун,
Кана жутсаң, бул оорудан айыгасың.

Көңүл сергип өмүрдү узак жашап,
Неберенин тойлоруна катышасың.
Күйсө да жаның чоң отко,
Үмүтүңдү жоготпо.
Даанышмандар айткандай,
Үмүтүң баштайт оң жолго.

## ЭРКИНБАЙГА

Төрөлгөндө шашылып,
Суйунучко батышып.
Топоздун майын томкоруп,
Жентектин даамын татышып.

Азан айтып ат коюп,
Эркинбай деп бат койуп.
Элден бата алышкан,
Жентегиңе тай союп.

Мезгил өтүп төрөлүп,
Артыңан уул кыз чоңойуп.
Ата менен энеңин,
Мээримине бөлөнүп.

Атаныn болуп ардагы,
Абийирдүү жолду тандады.
Эненин болуп эркеси,
Кызматын элге арнады.



Кеңешин берип Ата-эне,
Билимге дилгир аттанган.
Фестивалда конкурска,
Таллинге барып данкталган.

Атак данкы элине,
Даңаза менен тараган.
Үй-бүлөөгө өзгөчө,
Мээрим менен караган.

Кадыр барк күтүп жашыңда,
Акындардын жанында.
Өйдөдө өбөк бел болуп,
Махбурат айым жанында.

Эл агартуу мыктысы,
Төш белгисин тагынган.
Спорттун кээ бир түрүнөн,
Машыгып оозго алынган.

Дабан ашып таш басып,
Кайберен аткан зоолордон.
Илбээсин атып кебелбей,
Ырларын тапкан тоолордон.

«Терек дабан», «Эркин тоо»,
Чыгармалар жазылган.
«Көк-Суу элестери», «Өчпөс издер»,
Баяндары камтылган.

Жазмакердик жагынан,
Оозуп барат алдыда.
Жазуучулар союзунун мүчөсү,
Төш белгисин тагынган.

Курчуй берсин калемиң,
Даңкың чыгаар далайдын.
Чыгармаң чыгып чет элге,
Чыңгызы болгун Алайдын.

## ЖООКЕРЛЕРГЕ

Тынчтык болсун жоокер элди коргосун,
Ниети бузук кара өзгөйлөр оңбосун.
Чек араны бек сактаган уулдарды,
Өмүр берип Аллах өзу колдосун.

## ОШ ШААРЫНА 318-ЖЫЛ

Гүлдөп өсүп өркүндөй бер Ош шаарым,
Куттуктаймын ар улуттун бүт баарын.
Илим билим туу чокусун багынтып,
Ийгиликти жаратышкан жаштарын.

Алга элим эмгек менен кубанып,
Биримдикте ынтымактуу туралык.
Акыл эстүү, аң сезимдүү айбаттуу,
Улуулардын баскан жолун улантып.

## Сиңдим Сапарбү жана күйөө балам Улукбектин уулу Рафаел келини Шахранын ак тоюна арноо

Кадырлуу элим калайык,
Саламдашып алайлык.
Ак тоюна чакырган,
Адамга көңүл салайлык.



Аты кеткен Алайга,
Даңкы кеткен далайга.
Уул-кыздарын өстүрүп,
Кошкон мыкты катарга.

Калдыбай ава жактырган,
Ат коюп азан чакырган.
Улукбек болсун уулум деп,
Тарбия берген жашынан.

Мугалимдик кызматта,
Билим берген жаштарга.
Жумабаев мектебинде,
Директор болуп башкарган.

Байбичеси Сапарбү,
Эмгегин арнап балдарга.
Бирге тизгин кагышып,
Чогуу иштешкен катарлаш.

Балдардын көргүн ызатын,
Бай-байбиче урматтуу.
Небере сүйүп бапестеп,
Келиндин көргүн кызматын.

Эмгектин көрүп үзүрүн,
Эс алууга чыгышкан.
Бакыттын балын татышып,
Урмат сый көргөн уул кыздан.

Улукбек Үч-Төбөдө төрөлүп,
Ата-эне мээримине бөлөнүп.
Таза аба жутуп чоңойгон,
Шарт жайлоонун төрүндө.

Асылы Терек жеринин,
Нурдуусу сарттар элинин.
Сапарбү Калдыбай аванын,
Тандап алган келини.

Толкуган элим кубансын,
Тоюңар тойго улансын.
Узак жашап тең көргүн,
Уул келиндин урматын.

Эки жаш болуп бактылуу,
Көшөгөсү көгөрсүн.
Өсүп өнүп көбөйүп,
Алтындан бешик өңөрсүн.
Ак сөздү жерге калтырбас,
Атага наалат алдырбас.
Акылдуу чыксын келиниң,
Артылтып камчы салдырбас.

Эл сөзүн жерге калтырбас,
Энеге наалат алдырбас.
Эстүү чыксын келинин,
Эңилтип камчы салдырбас.

Бай-байбиче тең карып,
Ынтымактуу жүргүлө,
Ой тилегиң ишке ашып,
Дөөлөттүү өмүр сүргүлө.

Кудаалар менен бир баскан,
Кыналышып сырдашкан.
Ынтымак кудаа болгула,
Бири-бириңди сыйлашкан.



Элимде болсун жакшылык
Чачылалар чачылып,
Үйүңдү шаңга бөлөсүн,
Неберелер каткырып.

Жылдызың жанып ачылып,
Жылоолоп жүрсүн жакшылык.
Ак жолтой келин болуп жүр,
Сүйгөнүң менен тең басып.

Балын татып бакыттын,
Турмуштун белин тең ашып.
Ынтымактуу жубай бол,
Бири-бириңди сыйлашып.

Эки жакты тең сыйлап,
Абийирдүү жаштар болгула,
Түбөлүккө бир болсун,
Кармашкан эки колуңар.

Ак тоюңар кут болсун,
Башыңарга бак консун.
Жусуп менен Зулайка,
Сүйүү пири колдосун.

Бата менен көгөрүп,
Өсүп өнүп көбөйүп.
Наристе сүйгүн бапырап,
Алтындан бешик өңөрүп.

## ЖАРКЫНБАЙ ЖЭЭНИМЕ

Жакшы көргөн Жаркынбай жээниме,
Жүрөгүмдөн арноо айтып берүүгө.
Эжекемдин жакшы көргөн келини,
Чынарга да куттук айтып келдим мен.

Куттуу болсун бүгүнкү ак тоюңар,
Ишке ашсын асыл максат оюңар.
Күткөн мейман күлүп жайнап сый көрүп,
Кут береке толсун дасторконуңа.

Уул келиндин көшөгөсү көгөрсүн,
Өсүп өнүп тукумдары көбөйсүн.
Кудай берип бак таалайлуу болушуп,
Уул кыздар удаалашып төрөлсүн.

Ата-энени урматтаган жар болсун,
Омуру узун ден соолукта бар болсун.
Кадырман калың элден ак бата алып,
Оомат келип жаратканым колдосун.

Тоюңар тойго уланып аман болгун,
Элибизде тынчылык заман болсун.
Жаштар болуп бактылуу түбөлүккө,
Саябандуу дарактай өсүп өнсүн.

Жаман жакшы айтышпай,
Сырдашкан кудаа болгула.
Эки жаш болуп бактылуу,
Ойносун бөбөк койнунда.

Насип кылса кудайым,
Наристе жытын жыттайлы.
Келээрки ушул мезгилде,
Бешик той болсун ылайым.



## БЕШИК БООНОР БЕК БОЛСУН

Кудай берип эгиз уулдуу болдуңар,
Бешик тоюн берип бээ сойдуңар.
Неберенин жытына магдыраган,
Бак дөөлөттүү бай байбиче болгула.

Кут болсун бактың бир келген,
Кудайым эгиз уул берген.
Дайыма күлүп жайнап жүр,
Уул неберелерди жетелеп.

## МАКТОО

Келберсип жаткан кең-Алай,
Жаркынбайым өскөн жер.
Шаттуу курак жаштыгы,
Шайыр ойноп өткөн жер.

Ата-энеси кашында,
Жамандык көрбөй чоңойгон.
Жараткан төгүп мээримин,
Өсүп өнүп көбөйгүн.

Бой жетип Жаркын кермурут,
Жигит болгон кезинде.
Сүйлөшүп экөө баш кошкон,
Чынардай болгон теңине.

Эриш аркак бир жашап,
Бактылуу жубай болушту.
Турмуштун оор жеңилин,
Колдон алып бөлүштү.

Эжеме жаккан жашынан,
Эстүү келин Чынарым.
Көз жоосун алган боз үйдүн,
Сактаган боосун жип шууларын.

Кыргызымдын көөнөрбөс,
Боосуна түшкөн туюмун.
Эжем коодоп жасаган,
Сактап жүрөт буюмун.

Кызматы жагып элине,
Кыйын кырдаал мезгилде.
Аз камсыз болгон үйлөргө,
Жаркыным жардам кылган кезинде.

Кайын ата кайын энени,
Кадырлаган барктаган.
Кол өнөрүн бапестеп,
Карегиндей сактаган.

Төрт тарабы төп келген,
Колунан көөрү төгүлгөн.
Жароокер жанга алымдуу,
Кызматы менен көрүнгөн.

Райондук жен. совет,
Төрайымы аталган.
Айыл өкмөттө депутат,
Чынарым бизнеси менен данкталган.
Тең арып Жаркын Чынарым,
Узун болсун өмүрүң.
Уул келиндин урмат сыйын,
Тең көрсөтсүн теңирим.

Тоюңар тойго улансын,
Калың эл көрүп урматын.
Небере сүйүп башырап,
Чоң ата Чоң эне болуп кубангын.



## КЕЛИНИМ ЧЫНАРГА

Алай датка ак элечек энелер,
Алай элин даназалап келдиңер.
Медалдарды катар катар тагынып,
Атак даңкты ырдоо менен жендинер.

Руханий жан дүйнөсүн байытып,
Өнөрлүүлөр өзүнөрдү таанытып.
Көпчүлүктөн ыраазылык алдынар,
Ыр дүйнөңөр жүрөктөрдү багынтып.

Ташкындаган талантуулар айылда,
Энелерди сүрөгүлө дайыма.
Баскан жолдор дайым болсун байсалдуу,
Башка өлкөгө саякатка баргыла.

Дүйнө элине даңазалап Алайды,
Биз силерге зор ийгилик каалайбыз.
Эмгегиңер эске алынып дайыма,
Курманжандын кыздары деп баалайбыз.

## АРНОО

Алайлык ак калпакчан аталар,
Атак даңкын жүрөктөрдө сакталаар.
Мээрим чачкан ак элечек энелер,
Силер менен уул келиниң даңкталаар.

Эки жашка ак тилегин арнашып,
Ак дилинен бакыт таалай каалашып.
Той ээлери бата тилейт элинен,
Дасторконго бар тапканын жайнатып.

Алыс жолдон, аман келсин тойго, деп,
Салтты сактап урпактарым тойло, деп.
Тосуп алат атчан турган Датка ата,
Ыйман сакта намысыңды ойло,деп.

Көп сыр жаткан тоолорунда, Алайдын,
Өлбөс өчпөс баатырларды даңктайлы.
Надирбек мырза, Чачыкейдей айымга,
Ак тилектен, каалообузду арнайлык.

Үч-Төбөнүн тоолорунан теке аткан,
Тайгак жолдуу жаламадан, жөө баскан.
Боობек баатыр жолун улап Ибраш,
Кайберендин эти менен эл баккан.

Кадырмамат Султановдун иниси.
Жолдубай элдин актап үмүтүн,
Темир ийлеп көөрүк баскан, кебелбей.
Арнап келген, күч кубатын эл үчүн,

## НАЗАРБЕК ЖЭЭНИМДИН АК ТОЮНА

Тоюңар тойго улансын,
Той жегендер кубансын.
Дөөлөттүү жашап узакка,
Уул кыздын көргүн урматын.

Калкыңдын тийип батасы,
Жубайлар болсун бактылуу.
Милдетиңди кутулуп,
Аткардын ата парзыңды.

Көшөгөсү көгөрсүн,
Өздөрүнөн көбөйсүн.
Жараткан төгүп мээримин,
Алтындан бешик өңөрсүн.



Бактылуу болуп түбөлүк,
Кармашкан колдор бир болсун.
Турмуштун түмөн түйшүгүн,
Эки жаш бирдей тең көрсүн.

Адептүү жаштар болушсун,
Ата-энени барктаган.
Түбөлүктүү тандаган,
Гүлдөтүшсүн конушун.

Калайык калкым аманбы?
Кадырлап айтам саламды.
Тойго арнап бул ырымды,
Толкундап кармайм каламды.

Кадырман элим калың журт,
Каалаймын дайым ден соолук.
Келин алып кыз берип,
Каада салт менен мейман кут.

Жакшы заман кут болсун,
Жергебизге кут консун.
Шаарыбыз гүлдөп эл өсүп,
Ынтымактуу журт болсун.

Эмгегинен баар тапкан,
Ардагер келди мейманга.
Жазуучулар союзунун,
Мүчөсү келди мейманга.

Бала кезде чогуу өскөн,
Достор келди мейманга.
Чечимди туура чыгарган,
Соттор келди мейманга.

Кара кылды как жарган,
Калыстар келди бул тойго.
Жогору жакта депутат,
Чондор келди бул тойго.

Ден-соолуктун сакчысы,
Дарыгер келди мейманга.
Космонавтты окуткан,
Мугалим келди мейманга.

Ырга жакын ышкыбоз,
Жаштар келди мейманга.
Бийлеп коңул ачууга,
Ынактар келди мейманга.

Жаактуугa жай бербеген,
Чечендер келди мейманга.
Кийизге жан киргизген,
Чеберлер келди мейманга.

Аптабы адам чаңкаткан,
Араба жолун чаңдаткан.
Мандай терин агызган,
Дыйкандар келди мейманга.

Дыйкан чарба кармаган,
Этке топоз камдаган.
Эт майын элге арнаган,
Фермерлер келди мейманга.

Жарышка күлүк таптаган,
Жоргосу чыгып мактоо алган.
Көкбөрү тартып байге алган,
Чабандес келди мейманга.



Долларды салып конвертке,
Эки жашка белекке.
Байлыгына мактанган,
Бизнесмен келди бермекке.

Кыргый мүчө кымча бел,
Кыздар келди мейманга.
Кер маралдай керилген,
Келиндер келди мейманга.

Көргөндүн көөнүн кубантып,
Ич тардын көзүн кызартып.
Ак тойго жылкы союлду,
Байгелер күчтүү коюлду.

Байге алгандар сүйүндү,
Жөндөму жоктор билинди.
Байгеден куру калгандар,
Айласын таппай күйүндү.

Бул дагы сенин атагың,
Калың элден бата алдың.
Узак жашап уул кызга,
Камкор ата аталдың.

Баардык түшкөн белектер,
Эки жашка буюрсун.
Сыйлап барктап актасын,
Ата эненин үмүтүн.
Ынтымак болсун кудаалар,
Ардакташып сыйлашкан.
Акыл насаат сөз айтып,
Божурашып сырдашкан.

Ак дастаркон жайнаткан,
Той ээсине рахмат.
Той үстүнө той болуп,
Колдоп жүрсүн жараткан.

Жубайларга актилек,
Арнайлычы аталар.
Эки жаш болуп бактылуу,
Кабыл болсун баталар.

Шыдыр болсун жолдору,
Кыдыр болуп жолдошу.
Телегейин текши берип,
Жараткан өзү колдосун.

## БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ
*2018-Ж 24-МАЙ*

20 жылдык мыкты курак мезгилиң,
Күчтүү болуп чөнтөк толуп жетилип.
Жолугушуп сагынышкан досторуң,
Кездешишип божурап сыр чечишип.

Мектебинен салымдарын аябай,
Бар-жогуна, ач-тогуна карабай.
Мыкты белек арноо айтып келишет,
5-6 күн сагынычтар тарабай.

Эсте калаар сонун күндөр түбөлүк,
20 жылдык эстен кеткис күндөрүң.
Ыр күү коштоп жалын жүрөк жаштарды,
Бирге чыккан шайыр шандуу үндөрдү.



Мектеп менен бакчаны да эстешкен,
Бөбөктөргө жылгаякты теп дешкен.
20-жылдык азаматтар рахмат!
Бакчадан да билим алган мектептен.

Үйүңөргө шаттык толуп кут консун,
Шаңдуу майрам жолугушуу көп болсун.
Алга жылып баарыңардын ишиңер,
Арнап берген белегиңер кут болсун.

Өмүр берсин ден соолуктар чың болсун,
Аллах сактап эли журтум тынч болсун.
Элим деген уул кыздарга жараткан,
Берген сайын берекесин мол берсин.

## БЕКТУРГАН КАМЧЫБЕКОВГО

Бир мектепте көп иштеп,
Көтөрүлдү баркыңыз.
Чыгармалар жаратып,
Далайга кетти данкыңыз.

Узак жашап агайым,
Урматын көрүң балдардын.
Чыгармалар жаратып,
Чыңгызы болуң Алайдын.

Билимдин күчтүү булагын,
Жаш адисттер улантсын.
Кесиптешке насаат айтып,
Көңүл бөлөөр убагың.

20-жылдык салтыбыз,
Рахмат дейбиз жалпыбыз.
Жетимишке сермеген,
Бул дагы сиздин бактыңыз.

## БЕКТУРГАН КАМЧЫБЕКОВГО

Көп жыл бою билим берип балдарга,
Көкүрөктө сыр дүйнөсүн антарган.
Терең билим булагына сугарып,
«Адам бол» деп кошкон бизди катарга.

Акыл сөзүн аябастан эч кимден,
Күнү бою балдар менен кечкирткен.
Тынышь белги, үтүрүнөн адашпай,
Катасы жок так жазгын деп сездирген.

Баа жетпеген агайымдын эмгеги,
Талыкпастан иштей бериң кебелбей.
Окуучуңа арнап сөздүн берметин,
Балдарыңа мээрим салдың кейитпей.

Ой дүйнөңүз чалкып жаткан деңиздей,
Уйкаштырып куюлушуп жазылган.
Агайлардан эң алдыңкы саптасыз.
Сөзгө байсыз «Ош дастаны» китебиндей,

Эмгегиңиз баалап алкыш айтабыз,
Сиз окуткан, классташтар баарыбыз.
Чың ден соолук кудай берсин өмүрдү,
Токсон ашып жүзгө чыгып жашаңыз.



## БААРДЫК АГАЙ ЭЖЕЛЕРГЕ

Көп жылдар педагогдук чыйыр менен,
Из салып канча жылдар иштеп келген.
Мээримин окуучудан аябастан,
Акыл насаат үйрөтүп билим берген.

Ыраазыбыз агай эжей баарыңарга,
Мугалимдер жамааты жалпынарга.
Мектеп иши ар күндөн алга жылып,
Күчтүү илимдүү кошулсун сабыңарга.

## ЖОРОЕВА ЗУУРАКАНГА

Жумшак мүнөз жароокер эжекебиз,
Билим берген экинчи энекебиз.
Көңүлдөрдү оорутпай күлө сүйлөп.
Өтө назик тарбиялап чебердепсиз.

Мезгил өтүп жыйырма жыл толуптур,
Чоң эне, таене деген атка коңупсуз.
Улгайганда тилегиңиз ишке ашып,
Байбичелик куракка сиз келипсиз.

Билим берип тарбиялап сиз бизди,
Акыл ойдун казынасын бергенсиз.
Жоопкерчилик мойнуңузга жүктөлүп,
Биз үчүн көп камкордук көргөнсүз.

Ыраазыбыз эжекебиз өзүңүзгө,
Акыл айтып үйрөткөн сөзүңүзгө.
Иштеп кетип башка жакта жүрсөңүз да,
Бизди окуткан күндөрүңүз эсибизде.

## БҮБАЙША МАДАКИМОВАГА

Алгачкы жолу сумка кармап колума,
Биринчи келип парталарга отургам.
Эжекелер жазып берген тамганы,
Кандай жазам деп ойлонуп чочугам.

Талыкпастан тамга үйрөтүп тажабай,
Алга сүрөп, сүрдөгөнгө карабай.
Зээнин коюп жаздырышкан эжейлер,
Ручканы карматышып аярлай.

Жыйырма жыл толуп баары өзгөргөн,
Эң алгачкы эжекебиз биз көргөн.
Тамга таанып Алиппени үйрөтүп,
Билимибиз ушул жерден түптөлгөн.

Тарбиялап билим берген мектебим,
Көптү үйрөнүп ушул жерден кеткемин.
Билим берген эжейлерге рахмат,
Акыл айтып аябаган кептерин.

## САЛКЫН ЭЖЕКЕГЕ

Биринчи көрүп мектеп партасын,
Калемсапты колго кармадым.
«А» тамгасын бизге тааныткан,
Эжекеме алкыш айтамын.

Мээрим төгүп карап балдарды,
Күндө жаңы жазган тамганы.
Кол үйрөтүп анан жазгын деп,
Бирден баштап жүзгө санатып.



Ушуп кетсем колум жылытып,
Жакшы сөзгө көңүл муютуп.
Ар бир сөзүң туура болсун деп,
Тамгаларды жазат тизилтип.

Капа болсок бизди жубатып,
Жүрчү элеңиз дайым кубантып.
Баардыгы үчүн сизге рахмат,
Бизге кеткен алтын убактың.

## САУЛЕГЕ

Аман жүрүп элдин кызы болуп өс,
Узун болсун тоо сусундай өмүрүң.
Жүрөгүмдөн ырымды арнайм берилип,
Ачык болсун жайкы күндөй көңүлүң.

Мезгил өтүп, айлар жылга алмашып,
Самап жүргөн дипломду колго алып.
Аллах таала насип кылып өзүңө,
Ойлоп жүргөн максаттарың ишке ашсын.

## НЕБЕРЕМЕ

Саида!- деп тилек менен апамдын,
Атын коюп жакшы каалоо арнадым.
Узак жашап өсүп-өнүп жүрсүн- деп,
Апакемдин ыйык жолун тандадым.

Өмүрлүү бол, акжолтой бол чырагым,
Өзүңдү ойлоп толкунданып турамын.
Ата-энең, ырыс- наспең менен бол,
Көптөн күтүп сагындырган кубанычым.

**Нурисламды тарбиялаган «Байчечекей» бакчасынын тарбиячы жана тарбиялануучуларына жаны жылдык арноо**

Ак карлуу Ала-Тоонун арасынан,
Аяз ата келет топозуна куржун салган.
«Байчечекей» бакчасында бөбөктөргө,
Түгөнбөгөн берекелүү белек камдап.

Куттуу болсун бөбөктөр жаңы жылың,
Көптү окуп көптү үйрөнүп көптү билгин.
Дениңер сак өмүрүнөр узун болсун,
Эр жеткенде элиң үчүн кызмат кылгын.

Кой жылы токчулуктун жылы болсун,
Башыңарга бак таалайдын кушу консун.
Элим өсүп ынтымактуу заман болуп,
Ак жолтой берекелүү жылдар болсун.

Эжекелер жаңы жылың куттуу болсун,
Бакчанда оюн күлкү шаттык толсун.
Ата-энелер чын дилинен куттукташат,
Ак ниеттүү кызматкерлер аман болсун.

*2014 ж.*

**№37 «Байчечекей» балдар бакчасынын тарбиячыларына тарбиялануучулардан ыраазычылык**

Тынчтык болсун Кыргызстан өнүксүн,
Жаштар өсүп акылга бай болушсун.
«Элим» деген эр азамат уул кызды,
Энекелер тарбиялай беришсин.

Эжекелер экинчи эне катары,
Көптү үйрөтүп тарбиялап жатасыз.
Акыл айтып ак сүйлөөгө үйрөткөн,
Эжейлерге ырахматты айтабыз.



Тарбиялап талпындырып жатасыз,
Улуу жолго чыйыр салып басаарсыз.
Ак жол берип насип кылса кудайым,
Бизге болгон үмүттөрдү актаарбыз.

Өмүр берсе тилектерге жетербиз,
Мезгил жетип көп нерсени сезербиз.
Көзгө сүйкүм ушул алтын бакчага,
Саламдашып бир кайрылып келербиз.

Ишке ашсын наристелик оюбуз,
Эжекелер бизге көңүл бөлүңүз.
Акыл айтып ак тилекте узаткан,
Ак мектепке шыдыр болсун жолубуз.

*2016 ж Даканов Нурислам*

## ТАРБИЯЧЫ БУРУЛЧАГА

Майрамыңар куттуу болсун эжеке,
Тартуулаймын ыр дестени белекке.
Билимиңиз бизге болуп жагымдуу,
Биз жарайлы элибизге керекке.

Дилиңизди бизге арнап кунт коюп,
Тамга үйрөтүп сезимиңиз бүт болуп.
Бөбөктөргө мээрим чачкан эжекем,
Көңүл бурган момундарга кунт коюп.

## УУЛУМ МЕДЕРБЕККЕ АК ЖОЛТОЙ БОЛСУН КОНУШУҢ!

Пайдубалы бекем болсун үйүңдүн,
Үй салууга камындың мен сүйүндүм.
Жарың менен өсүп-өнүп, тең карып,
Узак жашап, өмүрлүү бол-дейм уулум.

Сүйүндүрүп жаңы салган үйүңөр,
Курулууда угуп жатам сүйүнө.
Түбөлүккө тең буюрсун баарыңа,
Тойлор болуп шаттык сүрсүн күнүгө.

Ак жолтой, ак босого үй болсун,
Бакыт-таалай, ырыс-кешик кут консун.
Уул үйлөп, кыз чыгарып той берип,
Жаратканым ишиңерди оңдосун.

Бешик тойлор болуп турсун дайыма,
Чоң ата бол, небере алып алдыңа.
Эли-журтуң, тууган-урук бир болуп,
Жакшылыктар чогуу келсин жалпыңа.

Кудааларды чогуу бирге тосууга,
Ынтымактуу болсун дайым кошунаң.
Тойлордо меймандарды сыйлашып,
Обон созуп, бирге чыксын доошуңар.



## АПАМА

Ата-мекен эне нур,
Кылып кызмат жеткен жок.
Кызматы өткөн адамдар,
Бейиштен ыраак кеткен жок.

Апам дайым ушул ырды ырдачу,
Жашып алып, көзүн дайым нымдачу.
Унсуз гана тиктеп тыңшап турчумун,
Шыңгыр сүйкүм назик үнүн укчумун.

Көрсө ырда көп сыр жаткан турбайбы?
Ата-энени кадырлайлы, сыйлайлы.
Кайран асыл, атам менен апакем,
Акылманым, асыл кенчим кымбатым.

Мезгил өттү өкүнөмүн, ойлоном,
Жаштыгымды эстеп дайым толгоном.
«Көңүлдөрүн оорутпадым бекен» - деп,
«Жаның барда» жетпей калып боздогом.

## СИҢДИМ НУРГҮЛГӨ

Эриктирбей энекеңди дайыма,
Кирин жууп, үтүктөрүн басышкан.
«Энем тилдейт, мындай кылбай жүргүн» – деп,
Сиңдилерге акыл-насаат айтышкан.

Шырмал ойсо кошо кармап четинен,
«Жээк баскын» – деп берсе көрсөтүп.
Сайуучусуң, үйрөнчүсүң эрикбей,
Акыл насаат сөздөрүңө кангансың.

Ыймандуулук, тазалыкты туу тутуп,
Сарамжалын сен үйрөнүп калгансың.
Эрте туруп ысык чайын белендеп,
Набат салып көк чай кылып берем-деп.

Дасторконду жайып даамды жайнатып,
Ысык тамак азыр жасай коем-деп.
Сезимдүүсүң көз караштаы байкаган,
Зирек чыктың алдына адам салбаган.

Куну-туну тыным билбей тыпылдап,
Чыйрак чыктың чарчабаган талбаган.
Ыйманды да адепти да сактаган,
Кыргызымдын нарк насилин барктаган.

Улуулардан ыйбаа кылып дайыма,
Чоң эненин айткандарын аткарган.
Ак ниет, чынчыл, калп айтуудан коркчусуң,
Туугандардын купулуна толчусуң.

Даaратына суу ысытып зерикпей,
Кумганына суу белендеп койчусуң,
Ак батасын алып дайым карынын,
Ак бaтасын алып дайым карынын,
Өсүп өнүп байбиче болуп таанылдың.
Аллах таалам дайым сактап суук көздөн,
Алганың менен узак жашап тең карыгын.

## ЖАКШЫ КӨРГӨН АГАМ АРЗИНИН ЖУБАЙЫ АЙТБҮ

***(Автомат) жеңеме***

Эң алгачкы келин болуп жаңыдан,
Боз үй тигип үйүбүздүн жанына.
Өргөө тигип Арзи акемди үйлөшкөн,
Ойрумада, атакемдин айылында.



Шайы-шалпар төшөктөрдөн сеп жасап,
Төрдү текши ээлегендей көп жасап.
Көшөгөсү бир башкача жакшына,
Көрчү элек биз кичине бала-чак.

Ошол кезек эсте калды кечинде,
Унута албайм белек алгам өзгөчө.
Чөнтөгүнөн жыттуу самын чыгарып,
Кубангаммын мага арнап бергенде.

Жаш жеңенин чөнтөктөрүн аңтаруу,
Кайын сиңдиге буйрук экен ал салттуу.
Жаштыгымда өткөндөрүм унутпай,
Эстей берем ошол күндү сагынып.

Кечке отуруп жаныңыздан чыкпастан,
Апакемдин чакырыгын укпастан.
Кийимиңиз өзгөчө кооз жарашып,
Укмуш эле жытыңызды жыттасам.

Кереметтүү келиндик доор сүрдүңүз,
Жаныңыздан карыш жылбай жүрчүмүн.
Качан гана Разакты төрөгөндө,
Ошол күндү эстеп көпкө күлчүмүн.

Жакшынакай жароокерим жеңекем,
Шыпылдаган шайдоот кыйын жан элең.
Чайың кайнап, атала оокат жайнатып,
Баары жогун даяр кылган дароо эле.

Ак көңүлсүң шартылдаган мүнөзүң,
Күлкү коштоп чыгып турчу ар сөзүң.
«Автомат» деп ат коюшкан өзүңө,
Досу болчу ошо менин күйөөмдүн.

Ар бир келген меймандарга тыпылдап,
Дасторкону тез жайылчу шыпылдап.
Ары-бери тамак ашын даярдап,
Чай сунганда жалтылдаган чынылар.

Зымырап мезгилдер өтүп билинбей,
Бизди салды азаптуу өлүм күйүткө.
Уул-кыздарды тарбиялап оң колдой,
Эрезеге жеткирдиңиз билинбей.

Кардуу дагы каргашалуу күндөрдү,
Кирпик какпай өткөрдүк оор түндөрдү.
Түрдүү сөздөр жаайт экен жесирге,
Ага дагы буга дагы биз көндүк.

Кутман эне үйүңүздүн төрүнүн,
Уул-кыздардын урмат сыйын көрүңүз.
Баш көз болуп небере чеберелерге,
Сак-саламат аман жүрө бериңиз.

## РОЗА ОТУНБАЕВАГА

Эл энеси-деген атын актабадын,
Ызат менен сый сөзүңдү сактабадың.
Сынчынын сыңар өтүгү майрык деген,
Кемсинтпестен адамдарды барктабадын.

Жети атанды билбейсиң,
Айылдык деп тилдейсиң.
Экиге бөлбө элдерди,
Айыл элин ким дейсиң?

Касиеттүү тоолордун,
Арасында чоңойгон.
Акылман кыйын жигиттер,
Иштеп жатат борбордо.



Абайлап сүйлөп сөзүңдү,
Ачып жүргүн көзүңдү.
Жаман жакшы айтышпай,
Абийирин сактап өзүңдүн.

Кыргызда сөз бар байкагын,
Чондугун менин чокойум.
Байлыгың менин байпагым,
Башкасын кийин айтаармын.

Ириген ооздон чириген,
«Сөз чыгат» дейт кыргыздар.
Элге каршы сүйлөгөн,
Запкыны көрөт турмуштан.

## АРНОО

«Айкөкүл» аттуу ресторан,
Атын угуп таңданам.
Баалаган эне эмгегин,
Чыгаан уулбу башкарган?

Ак тилек менен той берген,
Аксакал, жашы карыга.
Ак кызмат кылган баарына,
Алкыш айтам жалпыңа.

## АЙЫЛДЫКТАРГА

Айыл эли жакындарым асылдарым,
Сабыр кылып ачууга алдырбагын.
Байлыгына манчыркап көпкөнүнөн,
Уктуңар го шылдың менен асылганын.

Ак сакалын жайкалткан ажылар бар айылда,
Ак элечек салмактуу байбиче бар айылда.
Санжыраны так билген акылман бар айылда,
Жети атасын үйрөткөн даанышман бар айылда.

## АЛАЙЫМ – АЛТЫН ТУРАГЫМ

Тоолору толгон кенге бай,
Кооз турагым кең Алай.
Өз элин коргоп душмандан,
Баатырлар өткөн бир далай.

Тоолору тоого канатташ,
Жайлоолору жамаатташ.
Төрт тулук малы дүркүрөп,
Жайытка көркү жарашкан.

Алымбек датка, Курманжан,
Сактаган элин душмандан.
Атабаев Жумадай, Мамакова Сыргадай,
Кыйындар чыккан суктанган.

Өмүрүн элге арнаган,
Баатырдык менен даңкталган.
Кадырмамат Султанов,
Ак кызмат менен макталган.

Сабиев Кашан – партизан,
Эл үчүн иштеп жашынан.
Эл баатыры атыгып,
Кадыр баркын ашырган.

Сабиев Кашан уулдары,
Уулдарынын султаны.
Республикага таанылган,
Жусуп атасы болот, Уландын.



Жараткан өзү колдосун,
Эркелетип ойноткон.
Бой жетип, Улан үйлөнүп,
Чоң ата жолун жолдогон.

Өсүп-өнүп көбөйүп,
Уул кыздарын чоңойду.
Ак тоюнда бир болуп,
Ушул күндү көрбөдүң.

Өмүр берсин балдарга,
Кейибейли арманда.
Көкүрөгү бүтүн жок,
Ким өтпөптүр жалгандан.

Бул сыноосу турмуштун,
Уул-кызы мыкты, тың чыкты.
Атанын ишин улантып,
Бактылуу болсун уул-кызы.

Узатып кызын турмушка,
Жадырап бирге турушса.
Арманда жүрөк сыздабай,
Арноо сөзүн угушмак.

Эки жаш болсун бактылуу,
Болушсун алтын тактылуу.
Элине кылып ак кызмат,
Тең карышсын татыктуу.

Узунунан уул берсин,
Кыскасынан кыз көргүн.
Өсүп-өнүп көбөйүп,
Жаратканым колдосун.

Кайын журтту сыйлаган,
Кадырлуу келин болуп жүр.
Эл журтуңду сыйлаган,
Элпек келин болуп жүр.

Куттуу болсун тоюңар,
Ишке ашсын максат оюңар.
Түбөлүккө тең карып,
Бактылуу түгөй болуңар.

Баатырлар жолун жолдогон,
Бакыбат турмуш орногон.
Бактылуу жубай болгула,
Даткалар жолун жолдогон.

Аталар баскан улуу жол,
Бул жолдор бизге ыйык жол.
Тайгылбай басып чебердеп,
Тасыган мыкты жубай бол.

Алайым алтын турагым,
Сагынып дайым турамын.
Мезгил жетип улгайып,
Калкылдак баскан убагым.

Жүрөктөн чыккан каалоомду,
Жаштарга деген арноомду.
Ырга айлантып жазгамын,
Эл жерге болгон самоомду.



## БАЙБОЛСУНДУН ЧОН АТАСЫНА

Абдраманов Токтобай,
Атактуу чабан болучу.
Жүз койдон жүз он төл алып,
Жүн планы толуучу.

## ЧОҢ ЭНЕСИ

Бусурманкулова Алмакан,
Кызматын элге арнаган.
Алдыңкы саанчы болучу,
Май сүтүн элге арнаган.

## ТАЯТАСЫ ДОДУШ ТАЕНЕСИ ГҮЛБАРА

Соодада элди тейлеген,
Алайда мыкты мен деген.
Элинин алып алкышын,
Экөөнө эч ким тең келбеген.

## КУДАА – КУДАГЫЙГА

Тоюнар тойго улансын,
Толкундап элим кубансын.
Ак кызмат кылып уул-келин,
Колуңарды узартсын.

Уул келиндин урматын,
Тең көргүлө кызматын.
Небере сүйүп, бапырап,
Жетелеп чогуу бир баскын.

Батасы тийип элинин,
Бактылуу жубай болушсун.
Алкышы тийип элинин,
Ак жолтой болсун конушу.

Бабалар баскан улуу жол,
Аталардын ыйык жол.
Тайылбай басып бул жолду,
Тайманбас чынчыл уулдан бол.

## АЛЫМБЕК ДАТКА ЭСТЕЛИГИ

Өткөндөгү эрдиктерин бабалардын,
Басып откон татаал жолду аталарым.
Эли үчүн канжыгага баш байлаган,
Эскерели унутпастан эстеп дайым.

Жаш кезинен ордо ишине аралашкан,
Калкы үчүн кара жанын аябаган.
Элинин эркиндигин эңсеп жүргөн,
Эрдигинен аталардын сабак алгын.

Илимдүү агартуучу болуп келген,
Балдар үчүн медресе куруп берген.
Жаштардын келечегин көп ойлонуп,
Өмүрү ат жалында өткөн экен.

Так талаш кандык талаш чыркыраган,
Ордонун ынтымагы ыдыраган.
«Түндүк менен туу алдында бирге бол»-деп,
Кыргыздын ынтымагын чыңдап турган.

Уулдары эркиндик-деп күнөтүшкөн,
Элинин тынчылыгын күзөтүшкөн.
Абдылдабек жана анын жигиттери,
Эмне көргөн ат жалында күрөшүшкөн.



Душманына тике карап жалтанбаган,
Үлгү алгын аталардан акыл калган.
Тынч жашоо өз элине эркиндик-деп,
Күнү-түн чапкылаган жанын сабап.

Кара ниет душманынын кастыгынан,
Алымбектин ак ордодо башы алынган.
Камчыбеги дарга асылып сыздаса да,
Курманжан эл тынчтыгын сактап калган.

Тарыхы өткөн күндү даңазалап,
Эстелиги Алымбектин атчан турат.
Кооздолгон сүрөттөрдөн нур чачырап,
Көөнөрбөс кыргызымдын көчү уланат.

## ДАТКА ЭНЕБИЗГЕ

Энекебиз Курманжан датка даңкталуу,
Эли үчүн каадасы улуу бaркталуу.
Аялзаттын акыл эси өзгөчө,
Баалагандын жүрөгүндө сакталуу.

Дүйнө элине атак даңкы тараган,
Даанышмандын зиректиги бааланган.
Эл таламын коргоп, калкын аялап,
Күч-кайратын өз элине арнаган.

Атагы дүйнө кезген бул ааламда,
Өмүрү өрнөк болгон урпактарга.
Генерал наамын алып кызматы үчүн,
Эмгеги дастан болгон бүт жаштарга.

Николай падыша баалаган,
Өзгөчө белек камдаган.
Зээндуу ишкер даткага,
Алтын саатын арнаган.

Биринчи саатын белекке,
Арнап берген энесине.
Экинчи саатын тагыптыр,
Дааныпман датка энеге.

Даназалап Алайымдын каныпасын,
Музей куруп көкөлөтүп атак даңкын.
Түбөлүккө эрдигине таазим кылып,
Эстеп жүрөт эскерилет Алай калкым.

## УЛАМЫШ

Улашмыштан улай-улай кеп уксаң,
Датка энебиз күлүк минип качкан-дейт.
Көк суу менен Терек дабан ашкан-дейт,
Сайра деген байбиче эне каткан дейт.

Минип келген күлүк изин жашырып,
Көп жылкыга тебелетип салган дейт.
Кууп келген куугунчулар таба албай,
Аргасы жок кайра артына качкан-дейт

Көп сүйлөбөс, түркөй күйөө жакпастан,
Уйку көрбөй кирпик көзүн какпастан.
Күлүк минип качып келген Курманжан,
Көңүл сүйүп Алымбекти тапкан-дейт.

## ТОО СЫРЫ

Байлык үчүн башы кеткен байлардын,
Талкаланган, эчен кооз жайлары.
Ач көз сараң, мансапкорго айланбай,
Урпактары уксун тоонун баянын.



Күңгүрөшөт улуу тоо,
Өткөн тарых баянын.
Эр азамат баатырлар,
Элин сактап калганын.

Алсыздарды алдуулар,
Кулчулукка алганын.
Кыргыздын сулуу кыздары,
Көргөнүн кордук азабын.

Душмандардан ажал таап,
Жер кучактап калганын.
Күлүн көккө сапырып,
Калмактар чаап алганын.

Улуп жалгыз журтунда,
Сары күчүк калганын.
Ат үстүндө кулаган,
Баатырлардын кандары.

Кызгалдакка айланып,
Тоо боорунда жайнаарын.
Жеңилип жана жеңишип.
Жерин коргоп калганын

Өткөн кыйын заманда,
Оор заман болгон-дейт.
Колго түшүп кыргыздар,
Кыйноо азапты көргөн-дейт.

Кыйын чыкма кыргыздын,
Эр азамат уулдары.
Жерин коргоп душмандан,
Жанын кылган курмандык.

Алымбек датка уулдары,
Ак жеринен күйгөн-дейт.
Чыккынчынын айынан,
Башына балээ үйгөн-дейт.

Акылман энем Курманжан,
Оруска колун берген-дейт.
Азапка салбай өз элин,
Эркин сактап калган-дейт.

Азаттыкка эңсеген,
Жетүү кыйын болгон-дейт.
Бай -манаптын тукуму,
Бечараны соргон-дейт.

Болоор болбос акыга,
Кулчулукта жүргөн-дейт.
Кыйын кырдаал мезгилде,
Кытайды көздөй үрккөн-дейт.

Чек арадан өтө албай,
Черүүлөр алдын тоскон-дейт.
Аркадан атып орустар,
Кыргыздар кыргын болгон-дейт.

Эки ортодо ажал таап,
Нечен шордуу мерт болгон.
Талаада сөөгу көмүлбөй,
Ит куштарга жем болгон.

Ашууда кыргыз кырылып,
Көмүлбөй өлүк калган-дейт.
Өлгөнүнөн калганы,
Үч-Турпанга барган дейт.
Оор азаптуу күндөрдө,
Кыйноону баштан өткөргөн.
Кыздарын сатып аштыкка,
Көз жаштары көлдөгөн.



Кыйчалыш кыйын мезгилде,
Боштондук күнү тийиптир.
Он жетинчи жылында,
Укугун кыргыз билиптир.

Жакшылык күндүн келиши,
Эңсеген тилек ишке ашты.
Кулчулуктан кутулуп ,
Түгөйлөр дайым бир басты.

Жыргалын ойлоп элимдин,
Уркуя жана Сыргалар.
Басмачынын колунан,
Эли үчүн болду курмандык.

Кан төгүү менен курулган,
Көп улут элдер туруктап.
Он беш өлкө биригип,
Союз болуп курулган.

Фащисттер салып бүлүктү.
Боздоду эне күйүттүү.
Канчанын каны төгүлдү,
Элдерин коргоп улуттун.

Урушта болуп бирдиктүү.
Жогору коюп үмүттү,
Берлинди алып туу сайып,
Жеңиши элди сүйүнттү.

Армандуу да азаптуу,
Согуштун тагы жүрөктө.
Уулдарын күтүп жол карап,
Көз жумду эне үмүттө.

Өтсө да жылдар арадан,
Согуштун тагы айыкпас.
Кан күйгөн мындай апаатка,
Канкорлор эми барышпас.

Эгемен элим даңкталсын,
Эркин элим мактылсын.
Ынтымак туусун којорул,
Жат душмандан сактансын.

Дүйнөлүк көчмөн оюну,
Кыргызстанда өтүшү.
Тарыхка бай калкымдын,
Атак даңкка жетиши.

Каада салтын кыргыздын,
Өркүндөтүп мыктысын.
Алдыңкы жетишкендигин,
Даназалайт уул кызын.

Даткалардын тасмасын,
Сыймыгы менен мактасын.
Дүйнө элине дүңгүрөп,
Атагы чыгып даңкталсын.

Көчмөн элдин көргөнүн,
Сарасеп салып эстей жүр.
Бабалар баскан улуу жол,
Эскерип сактап барктай бил.

Образды жараткан,
Актерлорго рахмат!
Ак жол каалап энелер,
Ак тилек менен кубаттайт.



Алп Манастын тукуму,
Атагы кетти бул дагы.
Юнеского жазылды,
Ала кийиз шырдагы.

Раевдей мырзалар,
Элим-деп жүзү нурданат.
Датканын даңкын чыгарган,
Жылдызканга рахмат!

Кыргыз элим аман жүр,
Билимдүү өссүн балдарың.
Тоо койну толгон кен байлык,
Чыгаан уулдар башкарсын.

Илимдүү уулдар элимдин,
Иштетишсин байлык кенимди.
Ынтымакка биригип.
Гүлдөтүшсүн жеримди.

Уруу урууга бөлүнүп,
Убайымга салбасын.
Коктуларга бөлүнүп,
Кордук көрүп калбасын.

Тоо койну толгон кен байлык,
Акыл топтоп казып ал.
Келечек муун балдарга,
Казынамды сактап кал.

Жат буттарга тепселип,
Булганбасын жерибиз.
Байлыктарын сакташып,
Абайлагын кенинди.

Калайык калкка сыр кылып,
Улуу тоолор кеп айтат.
Байлыктарын коротпой,
Үнөмдөгүн-деп айтат.

## АКАДЕМИК АДЫШЕВ

Туура жолго баштаган,
Кен байлыкты бартаган.
Акыл менен иш кылып.
Урпактарга сактаган,

Кыска болуп өмүрү,
Бүтпөй кетти көп ишти.
Чыгаан уулдар чыкса экен,
Улантып кетер бул ишти.

Атадан калган мурасты,
Акылман уулдар уласын.
Ак кызмат кылып талыкпай,
Момундарды кубантсын.

## ДАТКАЛАРДЫН ТАСМАСЫ

Даткаларды тарткан ушул тасмага,
Өткөн доорду чагылдырып тандаган.
Чыгармачыл адамдарга рахмат,
Актерлорду бийик коём башкадан.

Эрдиктерге тайманбастан барышкан,
Даткаларды дүйнөгө бүт тааныткан.
Алп Манастын тукумдары дегизип,
Кыргыз элди даназалап тарыхтан.

Көкөлөтүп Алайымдын даткасын,
Эрдиктерин эскеришип макташсын.
Эли үчүн жан аябас эрлерди,
Урпактары дастан кылып даңкташсын.



Алымбектин образын жараткан,
Кыргызымдын каада салтын тараткан.
Ат үстүндө душман менен согушуп,
Дүйнө эли эрдигине таңкалган.

Кайрат менен эркектерче кармашкан,
Колдорунан ажал тапкан сарбаздар.
Эли журтун сактап калган кыргындан,
Курманжанды даткалыкка тандашкан.

Алымбеги ажал таап калса да,
Камчыбекти көз алдында асса да.
Акназарды сүргүнгө айдап күнөөсүз,
Абдылдабек ооган жакта калса да.

Кайгы-капа арман оюн билгизбей,
Сактап калды өчтүн отун күйгүзбөй.
Бийик койду кыргыздардын тынчтыгын,
Оз элине душман колун тийгизбей.

Кыйын кырдаал кырчалышкан мезгилде,
Бир ууч кыргыз жоо чабышка кетишсе.
Тукум курут болуп калмак кыргыздар,
Окторунан душманынын мертинткен.

Жоо карагы аз, күчү теңсиз экенин,
Билип туруп каршы турган тең келип.
Жүзү кара чыккынчынын айынан,
Көп кыргыздар окко учкан, мерт кетип.

Даткалардын тасмаларын тандаган,
Түйшүктөнүп кино тартып камдаган.
Өткөндөрдү чагылдырган тарыхтан,
Адамдарга, эли алкыш арнаган.

*Данктууларга таазим*
*Социалистик эмгектин баатыры*

## КАДЫРМАМАТ СУЛТАНОВГО

Кебелбестен көп иштерди аткарып,
Көп мекеме жетектептир башкарып.
Талыкпаган уюштуруучу болуптур,
Барган жерден мактоо алган даңкталып.

Бой көтөрбөс, эң жупуну экенсиз,
Байлык топтоп дүнүйө да дебепсиз.
Эмгек десе кара жанды карч уруп,
Өлкөң үчүн жан аяган эмессиз.

Эң жооптуу кызматтарда иштеген,
Аткарылат иши калбайт бүтпөгөн.
Кайсыл шартта кандай иштер болбосун,
Пайдубалын өтө бекем түптөгөн.

Пахта талаа өздөштүрүп эл үчүн,
Жер айдалып жыйнап андан мол түшүм.
Сунуш кылган суу жагынан кеңири,
«Базар коргон» суу сактагычын курупсуң.

Түзүүчүлүк уюштуруучулук демилге,
Өздөштүргөн дың жерлерди көбүнчө.
Жер аянтын кеңейттирип дайыма,
Дилгирленип ишине так берилген.

Тарбиялап уул кыздарды өстүргөн,
Билимдүүлөр алга болгон көбүнөн.
Жогорку билим жооптуу иштерди аркалап,
Кызматына ак ниети менен берилген.



Кыргыз үчүн тоодой иштер жаратып,
Шыктандырып эмгекке элди каратып.
«Баатыр» деген наамды ыйгарып беришти,
Элге кылган ак кызматын баалашып.

Музей десин куттуу Алай жеринде,
Түбөлүккө атың калды элиңде.
Эстелик коюп, атын берип мектепке,
Эстеп дайым ,эскеришип келишет.

Өсүп жатат неберелер керилген,
Элин ойлоп өз ишине берилген.
Баскан изин даңктап дайым улантып,
Султановдун небереси дегизген.

Марат, Омар улантышып жолуңду,
Узартышып эмгек менен өмүрдү.
Даңктуу жолун даңазалап жаштарга,
Үлгү кылып эскеришет өзүңдү.

## ГҮЛБАРА ОРМОНОВАГА

Урмат сыйга бөлөнгөн Гулбар эже,
Эмгек жолун баштаган чарба менен.
Мал багуунун сырларын өздөштүрүп,
Тажрыйба топтогон өтө кенен.

Социалистик эмгектин баатыры-деп,
Эл сыйлаган кадырлап татыктуу-деп.
Күнү-түнү бел чечпей уктабастан,
Наам алыптыр «Мал багуунун устаты»-деп.

Көк суу жайлоо, Кулдамада кой багып,
Ак эмгеги элге түрдү арналып.
Жүн жана эт багытындагы ириктен,
Арбын бакты пландарын аткарып.

Элиң үчүн кызмат кылдың камыкпай,
Аянбадың күч кубатың талыкпай.
Ак эмгегиң акыбети бааланып,
Атың калды түбөлүккө тарыхта.

Ат баспаган ашууларда кыр ашып,
Тер шыпырып ак койлорду көп багып,
Мээнеттенген аракетиң даңкталып,
«Баатыр чабан» дешкен экен эл таанып.

## «АК КУУЛАР» БРИГАДАСЫ ЖӨНҮНДӨ

Ак-куулар бригадасы түзүлүп,
Жоодураган кыздар иштеп жүрүштү.
«Көптү үйрөнүп ордумду басса»-деп,
Санталат эже жүргөн болчу үмүттүү.

Бригадада ай чырайлуу Жыпара,
Демилгечи Аданова Чынара.
Аябастан күч кубатын эл үчүн,
Иштеп жүрдү намыс менен чыйрала.

Комсомолдук бригаданы түзүшкөн,
Демилгелүү топтон көптү күтүшкөн.
Жалын жүрөк жалтам болгон бул кыздар,
Опол тоодой көп иштерди бүтүшкөн.

Келе жатып бюродон чыгышып,
Сыйлык алып шандуу түрдө сүйүнүп.
Кырсык болуп Аданова Чынара,
Көз ирмемдик убакытта үзүлдү.

Боздоп калды апакеси буркурап,
Туугандары өксүп ыйлап чыркырап.
Аткарылбай максат кылган көп иштер,
Кырчындайда кыйылышты кыз бурак.



Кайран кыздар ойлобошкон бул ишти,
Кызгалдактай жайнап, дайым жүрүшчү.
Асыл оюу, тилектери ишке ашпай,
Туугандары, эли калды күйүттүү.

Арман, арман, арман ойго салышты,
Самаганга толук жетпей калышты.
Бел чечпестен кызмат кылчу жылдыздар,
Жашоо токтоп жер кучактап калышты.

Элим деген асыл оюу максаты,
Талкаланды үмүтү ишке ашпады.
Китепкана Чынаранын атында,
Нур кыздардын анты дайым даңкталуу.

## АТАБАЕВ ЖУМА

Санжыралуу тарыхка бай айтылуу,
Алайымдан баатырлар көп данкталуу.
Кан майданда көп эрдикти жараткан,
Арстан жүрөк Атабайдын Жума уулу.

Ак мөңгүлүү бийик зоолордо,
Улар жүргөн улуу тоолордо.
Көчмөн кыргыз жашайт мал багып,
Татаал ашуу тайгак жондордо.

Тоолор тоого канатташат тизилип,
Кээде ашпак кээде жашыл кийишип.
Сүйүнүчтү, күйүнүчтү бирге көрүп,
Ынтымактуу тоо эли биригишип.

Кыяк үстүндө тоодо төрөлгөн,
Бешик ырын угуп чоңойгон.
Чыйрак өскөн кыргыз балдары,
Ат жалында ойноп чоңойгон.

Кар жамынган тоолордо бүгүн шаңдуу,
Бөбөк үнү жаңырып ыйлап жатты.
Ак өргөнүн түндүгүнөн түтүн булап,
Кыргыз эли журтун коргоор уул тапты.

Ак сакалын жайкалткан аталары,
Ак элечек, акылчач апалары.
Азан айтып ат коюп «жаңы көзгө»,
Аяшпады наристеден баталарын.

Кымыз ичип, жылкы кайтарган,
Чучук каптап, курут кайнаткан.
Топоз саап, карын май алып,
Дасторконго даамын жайнаткан.

Баглан козу куурдак дайыма,
Кырыз пейли аккан дарыя.
Мейман келсе сыйлап кой сойгон,
Берекесин колдон агыза.

Арча бешик арча жыттуу кыргыз үйдө,
Ак бешикте бөбөк өсту күндүн күнгө.
Үмүт менен ата-энен багып жатты,
Уктабастан тилек менен узун түндө.

Ууз жытташып капарсыз бөбөк өсту,
Чыйрак болду чамалады жашы төрттү.
Ажал жетип атасы каза болуп,
Айла канча арман менен өксүк өсту.

Жашоонун агымында көрдү көптү,
Кээде күлүп кээде ыйлап муңга чөктү.
7-жашка интернатка окуймун-деп,
Башка салган азапка чыдап кетти.



Олжокенин кара козу уруусунан,
Алмамат, Атабайлар бир тууган.
Алмаматтан: Жунус жана Сонунбу,
Атабайдан: Жума, Тойтук, Кожо бир тууган.

Интернатты окуп бүтүп тура албай,
Фрунзеден билим жолун улаган.
Окуу жайын мыкты окуган жаш адис,
Журналисттик калем менен чыйралган.

Үч-Төбөнүн жайлоосунда айтылуу,
Кууландыда ойноп өскөн тай күлүк.
Кыл калемин алмаштырган куралга,
Жалын жүрөк кыргызымдын баатыры.

Душман келсе моюн бербеген,
Ата журтту коргойм мен-деген.
Жалтанбаган өткүр жигитке,
Кыргызымдын ыры дем берген.

Кызыл кыргын сары сүргүндөн,
Коркуп койбой душман сүрүнөн.
«Десант жигит» бизден чыккан-дейт,
Башталгандан согуш күнүнөн.

Кошо жүргөн тууганынын оозунан,
Сөз казынасын укпаганга өкүнөм.
Эр жүрөк өткүр ушул адамдар,
Билгендердин укпай калдым көбүнөн.

Тойтук аба өтүп кетип аялы,
Сүйлөшкөндө тай эженин баяны.
Атабаев Жума абаны билгенден,
Сураштырсам ушул экен аманы.

Мен башка мамлекетке кеттим-деп,
Өз колу менен жазылган каты келген.
«Өзүм кат жазганча кат жазбагыла-дечү,
Эскерүүчү таежем маектешсем.

Кытайда чач коюп кызыл лента тагышкан,
Сүрөтү бизди кызыктырган баарынан.
Өз элине эсен-аман келсе-деп,
Тууган урук эли журту сагынган.

«Тоо шумкары» көк асманга берилген,
1600 метрлик бийиктикте эргиген.
1934-44жылдары РН-ТБ-3-самолетунан,
Отуз сегиз жолу парашюттан секирген.

Алайдын эр журок уулу,
Ага лейтенанттык алып чинин.
Кызыл-Жылдыз ордени - менен сыйланган,
Согуштагы каармандыктары үчүн.

Германияны Японияны женгендиги үчүн,
«Аскердик күжүрмөндүүлүгү» үчүн.
Медалдарын алууга татыктуу болгон,
Согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн.

Согуш деген суук сөздөн жадашкан,
Жеңиш үчүн аянбастан кармашкан.
Душмандарды биротоло талкалап,
Түбөлүккө тынчылыкты самашкан.

Союз элин түбөлүккө коргоого,
Күчтүү адис керек болгон борборго.
Күчөп кеткен оорусунун айынан,
Айласыздан кызматынан бошоткон.



Уйтулдап тоодон үн салган улар үнүн эстеди,
Көпөлөк кууп ойногон кыраны эстен кетпеди.
Жыланайлак чуркаган шибер чөбүн көксөдү,
Чанкаганда суу ичкен булагын Жума эңседи.

Аман кайтып тоону эңсеген шумкарым,
Тосуп алды эли журту кубанып.
Сыймык менен сый ызатын кылышып,
Толкунданды, тон кийгизди булгаары.

Сыздап турган кайран элдин жүрөгү,
Сезди уулунун кыска калган өмүрүн.
Кайгырса да капаланса айла жок,
Абайлашып аздектешип көңүлүн.

Чагылдырып согуштагы оор күнүн,
Үзбөй жазган көргөндөрүн күнү түн.
«Бул оорудан айыгармын мүмкүн-деп,
Бул жапоодон үзгөн эмес үмүтүн.

Алмаматов Жунус деген тууганы,
Жума абанын үйүндө көп жүргөн-дейт.
Ооруп жүргөн, тынбай жазган абасын,
Ичтен аяп өксүп ага күйгөн-дейт.

Ч. Айтматов, Тойматова бөлө экен,
Айтиев Жума бажа дээр экен.
Ортодогу каттоолору байма-бай,
Жума абанын жазгандары мол экен.

Өкүнчү экен тууганы Жунус көбүнчө,
Ошол жазган жазуулары көрүнбөйт.
Айтматовго берсе керек женем-деп,
«Көзү өткөндө абанын»-деп өзүнчө.

Мүмкүн ошол жазгандарын аялы,
Иштетсин деп бөлөсүнө бергендир.
Жума аба оорусунан жөнүктөй,
Армандуу тагдырына көнгөндүр.

Алмаматова Сонунбү карындашы,
Жунус менен тууган экен кандашы.
Анара экөө бир жылда төрөлүп,
Тең болушкан айтуусунда чамасы.

Анараны бакчасына жеткирип,
Аялашып чоңойтушкан телчитип.
Тойматова кызматынан бошобой,
Бакчасынан  Жунус алчу ээрчитип.

Ашказандын рагынын айынан,
Үч жолу операция болгон жабыркай.
Бишкекте көзү өтүптүр Асылдын,
Москвадан дартка даба табылбай.

Кылкылдап буудай текши бышкан маалда,
Тоо бүркүтү үзүлдү күзгү таңда.
Бийиктикте эргүүнү эңсеп турду,
Жетпей калды тоолоруна алыс жакта.

Артында уул калбады изин улаар,
Босогодо өкүрүп ыйлап тураар.
Аяган туугандары айла таппай,
Бушайман күндө болду өксүп ыйлап.

Эр жүрөк кыргыз уулу жалындаган,
Душманга тике карап багынбаган.
Сыймык менен эл эскерет даңазалап,
Каармандык эмгегиңди талыкпаган.



Кырк жашында кырчынында кыйылгандар,
Сейрек туулат элден мындай кыйындар.
Эл оозунда дайым тирүү эстелет,
«Эл адамы» деп аталган ыйыктар.

Такшалган билимдүү адис болчу,
Кооз жерлерин коргоп турган эл үчүн.
Таскактуу тулпар сындуу ташыркабай,
Ташка салса тайгылбаган намыс үчүн.

Турмуштун ысык-суугун көрүп өскөн,
Өжөрдүк менен эңсеп бийик көксөп.
Майданда күнү-түнү уйку көрбөй,
Элинин тынчылыгын бийик койгон.

Тойматова калың журту эли журтуң,
Алай эмес Кыргызстан жери үчүн.
Мыкты медик кесип ээсин даярдап,
Элге берди бардык болгон дем-күчүн.

Даңазалуу жубайлардын эмгегин,
Издөө салып толук жазып бербедим.
Туугандардын билгендердин көбү жок,
Анара аттуу кызы барга демдендим.

Тирүү болсо кош жылдыздай жаркырап,
Эли үчүн болмок күйгөн шамчырак.
Өлбөс өчпөс эрдиктерди жаратып,
Түбөлүккө атак даңкын калтырган.

Жаткан жери жайлуу болсун асылдар,
Жылдыз сымал өтүп кеттиң закымдан.
Эли үчүн эмгек кылган эки инсан,
Эл ичинде даңкталууга акы бар.

Тойматова окуткан окуу жайынан,
Билим алган адистерге кайрылам.
Эскерели эки инсанды түбөлүк,
Басып өткөн жолдору ыйык баарынан.

**Алайдын данктуу кызы МАМАКОВА СЫРГАнын жаркын элесине арналат**

Жамалы жанып турган жаштык убак,
Аттиң ай 20 жаш күлгүн курак.
Эли үчүн жан аябай кызмат кылып,
Кырчынында кыйылды чөптөй куурап.

Жарк деп жанган жылдыз болуп жайнаган,
Жаңылыкка жарчы болдуң шаңданган.
Кайкып учкан карлыгачы элимдин,
Комсомолго өз өмүрүн арнаган.

Жаңы доор жаны заман курабыз-деп,
Азаттык үчүн жан аябай турабыз-деп.
Өмүрүндө өчпөс издер салып кетти,
Айыл калкын сабаттуу кылабыз-деп.

Тарбия алып такшалган комсомолдон,
Кат сабатын биринчи Сырга жойгон.
Эл агартуу ишинде тыным албай,
Жаңы доорду куруууда салым кошкон.

30-жылдары болуп чоң бурулуш,
Боштондуктун туусу орногон.
Кат сабатын жоюшуп эркин басып,
Көзү ачылып элде болду ,чоң өзгөрүш.

Тап душманды жоюш үчүн эч тайманбай,
Күнү-түнү бел чечпестен тыным албай.
Зыяндуу үрп-адатты жоёбуз-деп,
Өмүрүн койгон экен элине арнай.



Укугуна кыз-келиндин көңүл бурган,
Кыйынчылык тоскоолдорду жеңип.
Жалтанбаган курч мүнөзү курал болуп,
Душмандардын сазайын берип турган.

Жаңылыкка алгачкы чыйыр салган,
Жалын жоолук тоолук келин жалтанбаган.
Тап душмандын тукуруусун кабыл кылган,
Күйөөсүнүн колунан ажал тапкан.

Башындагы жоолугу байрак сымал,
Кызгалдактай кып-кызыл жайнап турган.
Чечкиндүү сөздөр менен эңип сүйлөп,
Тоолуктарга ак кызматын арнап турган.

Алайдын данктуу кызы биздин Сырга,
Элинде жалын болуп жанып турган.
Биринчи курултайга катыша албай,
Азаттыктын туусу үчүн болду курман.

Эркиндик элим үчүн болду кымбат,
Тап душмандар жолун тосуп тоскоол кылган.
Маркумдарды эскеришет урпактары,
Түбөлүккө эли үчүн жанын кыйган.

Боштондук деп өз өмүрүн кыйгандар,
Ырга айланып дастан болоор чыгаандар.
Унутулбайт ысымдары жүрөктө,
Баскан жолун улантышат урпактар.

## КАЗЫНАБЫЗ БАЙ БОЛСУН

Бардык жерде китепкана иштеп турса,
Өз айылына ишкер балдар көңүл бурса.
Акындардын жазуучунун чыгармасын,
Колдон келсе балдар үчүн белек кылсак.
Акаев китепкананы жойгун-деди,
Маданият министрлиги, агент болду.
Коньяк согуп, кытайдын рюмкалап,
Атамбаев көңүлүн бурбай койду.

Маданияты жок эл маңкурт болот,
Кыргыз сөзүн чала сүйлөп, тантык болот.
Ата салтын, нарк насилин сактабаган,
Ылай сымал тебеленип, балчык болот.

Ар бир адам маани берип терең талдап,
Ой дүйнөбүз өксүбөсүн жылдар санап.
Артыңызда өсүп жаткан уул кыздарга,
Арнайлычы акыл кенчти баалап барктап.

Асыл элим төрт тарабың шай болсун,
Жерибизде тынчтык болуп кут консун.
Руханий азык болгон жаштарга,
Китепкана казынаңар бай болсун.

Келечектин ээлери-деп санасак,
Балдар үчүн чыгармалар арнасак.
Казынага салым кошкон адамды,
Ой дүйнөсү бай экен-деп бааласак.

*2020. 13. 02.*



## БАКТЫГҮЛ МЫРЗАЕВАГА

*Т. Сатылганов атындагы китепкана*

Кызматкерлер тыкан жана таптаза,
Жан дүйнөсүн китепкөйгө арнаган.
Темалардын мазмундуусун тандаган,
Окурмандын талабын так аткарган.

Университеттен, колледждерден ,лицейден.
Студенттер келет китеп издеген,
Суроолорго жооп угуп кубанып.
Рахматын жаадырышат миңдеген,

Көп жыл иштеп китепкана тармакта.
Акыл-насаат айтып келген жаштарга,
Министрлик баалашыппп эмгегин.
Нечен жолу сыйлык менен мактоо алган,

Америка, чет элдерди кыдырып.
Тажрыйба топтоп таптың көп сырды,
Уюштуруп семинарлар, тренинг.
Окурманга баяндашат кызыкты,

Суроосуна жооп алат билбегендер.
Окуу залдан табылат издегендер,
Абонемент жоктору таап келет.
Көп нерсеге кызматкерлер жардам берет,

Профессор, илимпоздор, кандидаттар.
Ак сакалын жайкалткан карысы бар,
Элибиздин казынасы болгон жайдан.
Руханий суусунун кандыргандар,

Демократ акындын наамын алган.
Окурмандар түрдүү улуттан куралган,
Биримдикте ынтымактуу болушуп.
Жаштары улуулардан үлгү алган,

Заңгыраган китепкана ичинде.
Көп сыр жатат ачылбаган кишиге,
Кызыктырат китептердин дүйнөсү,
Ааламдагы бардык болгон илимге.

***Алай райондук борборлоштурулган китепкананын башчысы***

## УРНИСА АСИЛОВАГА

Көп жыл иштеп кебелбедиң чалыкпадың,
Окурманга китеп сырын тартууладың.
Талыкпаган эмгектериң бааланып,
"Китепкана жылдызы» болду тагынганың.

Бардык дитиң китепкөйгө арнадың,
Бааланыптыр ак мээнетиң адамдык.
Майда, бирок маанилүү бул тармакты,
Барктагыла унутулуп калбасын.

Эл тарыхын нарк насилин чагылтып,
Китепкөйдүн жан дүйнөсүн багынтып.
Руханий азык болгон китепкана,
Дайыма элди турат сагынтып.

Эң оор жылдар кызыл үйгө көңүл бурган,
Сабатсызды жоюу элге кыйын турган.
Ок чуулдап атышуу болсо дагы,
Кан майданда кызыл бурчтар иштеп турган.



Жоёбуз деп опузалап оолуккандар,
Күпүлдөшкөн жазасын өздөрү алаар.
Элибиздин эң керектүү казынасын,
Түбөлүккө акылдуулар сактап калаар.

Ак эмгегиң баалаган адамдарга,
Ишенимин көрсөткөн жамааттарга.
Ыракматың айтып тур таазим кылып,
Ыраазылык билдирип башыңды ийип.

Балдарыңдын урматына бөлөнүп,
Абройлуу жетекчиден болуп жүр.
Неберелер турмуш жолун улашса,
Чебереңи эркелетип көңүл бур.

Сыр сандыгы түгөнбөгөн бул жайга,
Окуучулар агылышат ар кайдан.
Кереметтүү жомоктордун дүйнөсү,
Бөбөктөргө кызыктырып арналган.

## СОГУШ АРДАГЕРЛЕРИНЕ

Соолгон согуш сыздатты го, канчаны,
Ажыратты балдарынан атаны.
Боздоп ыйлап өксүп калган энелер,
Айла таппай азап менен жашады.

Айтматовдун Толгонайга окшошкон,
Шордуу энелер муун-жүүнү бошогон.
Ар бир үйдөн майданга кеткен аталар,
Кайтып келбей кошок үнү коштогон.

«Бетме-бетте» качкын болгон, Ысмайыл,
Жабыр тарткан, ууруларлан бүт айыл.
Жетимдердин акысына кол салган,
Жырткыч сымал элден качкан, түн катып.

Тылда иштеп кыйналса да күнү-түнү,
Бул жашоодон үзгөн эмес үмүтүн.
Кан майдандан майып болуп кайтса да,
Өчкөн эмес Даниярдын Жамилага сүйүүсү.

Кайтпай калган аталарды согуштан,
Эскеришип эстелигин коюшкан.
Кан майдандан аман кайткан аталар,
Жеңип келип сыйлык алган союздан.

Кандуу согуш өчпөй калды сезимден,
Эрдиктери кетпейт ,элдин эсинен.
Өмүр бою кабар күткөн энелер,
Үмүт үзбөй, үмүт менен кечкиркен.

Согуш бүтүп аман кайткан аталар,
Түбөлүккө эрдиктери даңкталаар.
Өзү өлсө да ысымы калган элинде,
Урпактары унутпастан, макталаар.

Кан кечип согуш бүтүп аман эсен,
Денесине жаракат алып келген.
Ичээр суу туз насибин кудай буюруп,
Ата-журтка кайрылып аман келген.



## МАМАК АБАГА

Мамак уста көпчүлүктү таңдандырган,
Акыл эстүү, пейли кенен адамдардан.
Кызы Сырга комсомолдун кызматкери,
Нышанбай уулу комуз жасап жандандырган.

Уулу жасап, үн күчөткүч аспаптарды,
Моделин самолеттун ойлоп тапты.
Өзү минген запорожец машинага,
Кыймылдаткыч жасап-коюп айдап калды.

Темир эмес, жан киргизген жыгачка да,
Ар кандай комуз күүлөп, доошун тандап.
Устачылык, комузчулук шыгы менен,
Айылына кадыр баркы жогору адам.

Кызы Сырга жаңылыкка жарчы болгон,
Сабатын кыз-келиндин Сырга жойгон.
Эскиликтин үрп-адатын артка таштап,
Бечаралар боштондукта эркин болгон.

Жаккан эмес бул жоругу тап душманга,
Тымызын арттан аңдып тузак жайган.
Көзөмөлдүк,тапшырманы аткарам деп,
20 жашта кырчынында жайрап калган.

Оо! Ал мезгил оор дагы кыйын болгон,
Терек эли, көздөрү каарга толгон.
Боз үйдү ат менен сүдүрөөтөрдө,
Кайын журту алдын тосуп, кой-койлогон.

Кайгыдан Мамак турган араң мөгдөп,
Күйүттөн алы кетип өксүп-өксүп.
Курун салып мойнуна чырды баскан,
Ортого өзү түшүп кайрат топтоп.

«Канга кан» деп боздогон тууганларын,
«Кечиргиле тынч чоңойсун-деп балдарын».
Камчы салып чөгөлөп токтоткон-дейт,
Өч алууга камданган тууганларын.

## ЭЖЕКЕМ МАМАКОВА МАЛИКЕГЕ

Бир жарым жаш кезинде энекеси,
Ажал таап калган экен эжекемдин.
Таятасы жаздырып өз наамына,
Тарбиялап чоңойткон таенеси.

Энекесин сагынып дайыма ыйлап,
Жүрөгүндө кусалык эзип кыйнап.
Боорго кысып өстүрүп тайэнеси,
Көкөлөтчү көңүлүн ачып ырдап.

Эске кирип эркеликти унутуптур,
Чыйрак өсүп чынчылдыкты туу тутуптур.
Терең ойлоп билим эңсеп үмүт байлап,
Кайрат жыйып алга карай умтулуптур.

Билимдин аркасынан сая түшүп,
Апасынын элесин эске тутуп.
Баскан жолу эрдигине таасирленип,
Максат кылган ушул күндү көптөн күтүп.

Таятанын акыл кеңеш кебин угуп,
Айткан сөзүн аткарууга бекем туруп.
Өркүндөтүп билимин окуу жайдан,
Жогорку билим алууну эңсеп жүрдү.

Ой тилеги орундалып өжөр кыздын,
Окуу жайга келип кирди санаа тынып.
Студенттик жылдары оор кырдаалдар,
Чымырканып тартып өстү кыйынчылык.



Энекесин эстеп кээде ыйлап жүргөн,
Сабыр кылды кыйналса да чыдап жүрдү.
Токтоо тартып өзүнө кайрат берип,
Билимдин аркасынан сая түшүп.

Алдыңкы активистка кыз катары,
Күн санап өсүп турду кадыр баркы.
Окууну мыкты бүтүп диплом алып,
Терекке келип мектепке иштеп калды.

Жигердүү иштеп, сөзүнө калп кошподу,
Мугалимдик тажрыйбаны мол топтоду.
Сүйгөнү Парманкулдай жигит менен,
Элге жакты, кош жылдыздай баш кошкону.

Мыкты иштеп көп маселе чечип турду,
Окуучулар мыкты билип сабагынан.
Директордук кадыр баркы өсүп турду,
Кудай берип иштери алга кетти.

Эжекемдин иш жөндөмү күчтүү эле.
Эжекеме жаадырышчу мактоо кепти,
Мектептин аты чыгып алга жылып.
Бүбайшадай, Бактыбектей уул кыз берди,

Эжекемден эли көптү күтчү эле,
Райондук советке депутат болгон.
Устат педагог, тарбиячы мыкты эле,
Жаш кетти жүрөк толо армандуу.

Мөмөлөп көңкө түшүм бере албады,
Билимин, талантын да элге арнады.
Отуз жети жашында күлгүн курак.
Оорул жүрүп көз жумду түн бир убак.

Мыкты врач дарысын аябады,
Борборго да алып барып дабалады,.
Элдин кызы эл үчүн кызмат кыл-деп,
Ажалдан арачалап кала албады.

## ЖЭЭНИМ АБДЫКАДЫРОВА БЕГИМЖАНГА

Кырк жыл болду мектебинди бүткөнгө,
Жароокер жар болдуң өзүм күткөндөй.
Ак байбиче чоң эне жана таене,
Шаттык менен күлүп жайнап жүрө бер.

Жаш кезегиң колуң булгап ыраактап,
Кош айтышып кетип жатат кылчактап.
Мезгил чотун каккан сымал дайыма,
Өтүп жаткан мезгил бизди улгайтат.

Жарың менен таттуу өмүр сүрө бер,
Уул-кызыңдын урмат сыйын чогуу көр.
Неберелер чөбөрөлөр көбөйүп,
Кадыр барктуу бай-байбиче боло бер.

Насип кылсын жакшы күндү кудайым,
Амандыгын тилеп дайым турайын.
Небере үйлөп чебере көрүп дайыма,
Кыбыранын колунан даам сызалык.

*Таежең Кенжебү*

## ТООЛОРУМ МАГА ДЕМ БЕРЕТ

Чокуларын ак кар баскан алыста,
Арча жыттуу тоолорумду дайыма.
Ак калпагын кийип турган атамдай,
Ак жоолукчан апакемдей сагынам.



Алымбектин калпагындай бийиктик,
Курманжандын элечектей ыйыктык.
Элес берген, ушул улуу тоолордо,
Кыргыз жигит жүрөгүнө түйүп жүр.

Эчен жоосун кармаш менен жеңишкен,
Эр жүрөктөр намыс менен келишкен.
К. Жантөшевдин Каныбектей каармандар,
Элибизге тынчтык алып келишкен.

Тоолорумдун койну толо сырлар көп,
Коoздугунан жазылбаган ырлар көп.
Карт тарыхтын күбөлөрү болгондой,
Тоолуктарда калыстык бар ыйман көп.

Кыргыз уулу кыргыз үйдө төрөлгөн,
Арча жыттуу ак бешикке бөлөнгөн.
Ат жалында эркин өсүп тайманбай,
Азаматтар Ата-журтун ойлошкон.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ -ТЕРЕГИМ

Ак мөңгүлүү Ала-Тоомду сагынам,
Шылдыр аккан булагы суусун кандырган.
Түндүгүнөн жылдыз санап боз үйдүн,
Жайлоо түнүн, жыпар жыты аңкыган.

Балалыгым тоодо өскөн бакытым,
Көпөлөк кууп жүргөн кезим сагындым.
Жел аргылуу арча жыты өзгөчө,
Тоо койнунда калды менин жаштыгым.

Уккум келет акыл сөзүн карынын,
Бээ айдаган жайлоо таңын сагындым.
Куймак куйуп ооз тийгизген кымызын,
Мейман күткөн салты сонун айылдын.

Ак жүзүнөн күлкү нуру көрүнүп,
Колдорунан берекеси төгүлүп.
Энекемдин мээрбан жүзү элестейт,
Сабаасында бышкан кымыз көбүрүп.

Кылы айланып кыяк күүсү сыбызгып,
Билдиргендей арман муңун тымызын.
Маш ботойду чертип жаткан Нышанбай,
Жаңырткансыйт кубулжутуп too ичин.

## БУТ КИЙИМ ТИГҮҮЧҮ ЖАЙ

Калдар, Чынар ынтымактуу жубайлар,
Жашылдандырып, көрктөндүрүп тургандар.
Шаар эли таза аба жутсун – деп,
Кооз гүлдөргө өзгөчө көңүл бургандар.

Кадыр-барктуу жамаатынын ичинде,
Көп иштерди бүтүрүшөт билинбей.
Шаар көрктөнсүн, таза аба булганбай,
Жаш чырпыктар өсө берсин бүчүрлөй.

Бош убакыт боло калган мезгилде,
Бут кийимдер болсо ала келгиле.
Колум бошто тигип бере коеюн,
Шашып турат кызмат кылып элине.

Кичинекей устакана ичинде,
Байкалбаган зор иштерди бүтүргөн.
Бир жумага жетпей жаңы батинка,
Калбыр болгон жерин кайра тиктирген.

Зарыккандар келет бизге окшогон,
Бири маасы, бири өтүк ондоткон.
Сатып келген 600 сом акчага,
Тапандары түшүп калган ,октолгон.



Кейинбейсиң арзан жана сапаттуу,
Тиктиресиң ыраазысың алкайсың.
Эң жөнөкөй кичипейил адамдын,
Эмгектерин эң жогору баалайсың.

Тиге бергин алтын колдуу жамакчы,
Ар күн сайын эл алкышын аласың.
Магазинден жаңы сатып алгандай,
Көңүлдөрү көтөрүңкү алардын.

Сага келген, тиктиришкен сапаттуу,
Экономдуу жакшы билген адамдыр.
Ченеп жашоо өткөрүшкөн күнүмдүк,
Бечарадыр оюнда жок жамандык.

## ҮЙЛӨНҮП,ҮЙҮҢ ГҮЛ БОЛСУН...

Үйүңдө чымчым унуң калбаса да,
Берерге ашың таппай далбасалап.
«Куданын толоюн» деп купулуна,
Тапканың жайнатасың насыялап.

Ойлонуп кыз-күйөөнүн ынтымагын,
Бакты тилеп өз кызыңа тыңыраагын.
Ак батасын аябаса кыз күйөөдөн,
Санаа тартпай, көңүлүңдүн тынчыганы.

Аны тап, муну тап деп, чойрондосо,
Ач көз саран, сөз түшүнбөс адам болсо.
Калың берип «Капиталга» той өткөр деп,
Айтканын аткаргын, деп сөз бербесе.

Аргасыз итке минип, жакырланып,
Төлөйсүң ал калыңды кредит алып.
Процент төгүү андан кыйын болуп,
Тынышат эки жашты ажыратып.

Бак таалай жолун издеп үйлөнүүнүн,
Ойлонолук эки жаштын түбөлүгүн.
Артык сөз каада салтты көбөйтпөстөн,
Тартуулайлык никелешүү күбөлүгүн.

Жаштардын өмүрлөрүн кудай берсе,
Башына бакыт кушу коно келсе.
Азгырылбай арам дүйнө бекерликке,
Табышсын таман акы мандай терден.

## УЛАН ПРИМОВГО

Куттуу Алай жериндин,
Кадырлуу асыл элиндин.
Аркалаган түйшүгүн,
Бул дагы сенин эрдигиң.

Ызгаар суукта үшүгөн,
Калк үчүн көрдүң камкордук.
Бей бечара майышка,
Түшүртүп бердиң ташкөмүр.

Баасы өсүп товардын,
Элдин эсин оодарды.
Бей бечара кыйналып,
Акчалуу сүрдү доорайды.

Кыйналган элдин мүдөөсүн,
Социалдык жактан кыйноосун.
Жүрөгүң менен сезипсиң,
Аз камсыз элдин жүдөшүн.

Алкышын алып жүрөсүң,
Аткарып элдин мүдөөсүн.
Кең пейил калкка жагымдуу,
Берешен экен мүнөзүң.



Акылмандар кеп айтат,
Атага тең уул – деп айтат.
Атанын уулу дедирттиң,
Зоболоң өссүн – деп айтам.

Эмгегиң элиң даңкташат,
Намыскөй уул – деп мактавшат.
Ден соолук каалап өзүңө,
Ак бата берип алкашат.

Жашыңдан оозго алындың,
Атың чыгып таанылдың.
Жардамың элден аябай,
Артып жатат кадырың.

Кетпесин оомат өзүңдөн,
Туруктуу болгун сөзүңө.
Ичи кара душмандын,
Сактасын кудай өзүңөн.

Текши карап элинди,
Урууга бөлбөй жеринди.
Калыс сүйлөп сөзүңдү,
Жалпыга салгын мээримди.

## СОГУШЧАНДАРГА

Ажал бүрккөн кан төгүүнү токтоткун,
Адам эмес кара жерди онтоттуң.
Эне уулун өлүм үчүн тууган жок,
Энелерди буркуратып боздоттуң.

Согуш оту кызыл жалын болбосун,
Эли жердин тынчылыгын ойлонгун.
Өчөшүүнүн касташуунун акыры,
Адамзатка азап салып койбосун.

Адам өлүп бөөдө каны акпасын,
Тентитпегин өз элиңди сактагын.
Азап менен тозок көрбөй адамзат,
Ар намысын акыл менен калчасын.

Бир берилген бул жашоодо өмүргө,
Капа кылып кайгы салба көңүлгө.
Максат коюп үмүт менен жашасын,
Азаматтар өз элине берилген.

Дүйнөдөгү согуш оту токтосо,
Балдар ыйлап муңдуу болуп өспөсө.
Кан соргучтар жексен болуп жер менен,
Энелердин үмүттөрү өчпөсө.

## ЧЫНДЫК ЧЫРКЫРАГАНДА

Чыркырайт чындык чыркырайт,
Бечаралар буркурайт.
Мыйзамды бузуп бурмалап,
Пара алгандар туйтуңдайт.

Пулуң болсо кулуңмун деген – заман,
Чындыкты чыркыратып арман арман.
Бир байкуштун көз жашын көлдөтөсүң,
Буюрбасын ошол алган арам акчаң.

Соолуйт байкуш түрмөдө күнөөсү жок,
Айып такты мойнуна жүйөөсү жок.
Ур токмоктон арылтып акча берээр,
Аркасында жөлөк болоор бирөөсү жок.

Адилетсиз сот прокурор кармалабы?
Коррупция өлкөдөн тазарабы?
Акча алгандар колдору кишенделип,
Кудай берсин көпкөндөрдүн жазаларын.



Заманда эмес бул күнөө адамдарда,
Алкы бузук ачкөз акмак сараңдарда.
Өз милдетин ак ниет аткарбаган,
Булганган арам ишке, кадамдарда.

## ЖАШОО КӨЙГӨЙҮ

*1990-2019 жылдар*

Жолдошум жол кырсыктан каза болуп,
Балдарым сыздап жүрдү жүрөк ооруп.
Күч кубат алдан тайып турган мезгил,
Көзүмдөн аккан жашым сел-сел болуп.

Акаев президент болгон кезде,
Талгарбеков жерди үлүшкө бөлгөн эле.
Кармалып кандай кылаар айла таппайм,
Жер бөлүп бизге дагы берген эле.

Кантели жер иштетүү оорго турду,
Балдарым жаш болуучу, ыйлап жүрдүм.
Айдатып тракторго уругун сээп,
Күзүндө кылкылдаган арпа белен.

Кырк сотых жердин баарын орок менен,
Оробуз, кодурасын жулуп берем.
Төрт жүз сексен боо арпа оруп,
Ошол жылы берекесин кудай берген.

Жокчулуктун азабын көп тартып жүрдүк,
Комбайн жок, арпа жанчып токмок кылдык.
Тогуз чыпта арпаны ажыратып,
Калганын малыбызга тоют кылдык.

Эл жүрдү, магазинге самын келбей,
Кыйнап койду, өлге убакты айлык бербей.
Айылдыктар аябай кыйналышты,
Оозу толо даам татпай, нан да жебей.

Магазинге мурдакыдай самын келбей,
Кирибизди учтанга жууп, учтан тердик.
Шарт чатынан туздуу суу ташып келип,
Кыйналып ,тундуруп тузун жедик.

Чек менен килограммдап ун сатылып,
Союздагы жашообузду эске салды.
Кандай заман болот – деп баштары маң,
Азык-түлүк райондон ташып калдык.

Бир койго, бир чыпта ун да келбей,
Кыдырып келгендердин күнү тууду.
Кыйналган ун ташаган калың элге,
Пенсияга, Назарбек ун берип турду.

Жетекчим Жаманкулов ошол кезде,
Айлыгым тийбей калган мезгилдерде.
Маданбектин камогунан соода алып,
Айлыгымдан котортуп коер элем.

Кыйналып биз баккан ак токтулар,
Бир литр майга алмашты көп шордуулар.
Союздагы ак эмгекти мандай терди,
Акаевдей жетекчилер тез жойдуңар.

Сатылды ишканалар иш токтоду,
Текстиль, шелк комбинат, насос заводдору.
Бузуп жарып темирди кытай ташып,
Жумушу жок самсып кетти канча шордуу.

Кашарлар, бала-бакча, магазиндер,
Эбин таап бузуп жатты, кереги жоктой.
«Карышкырлар» азууларын арсайтышып,
Байкуштарды жолотподу жолун бөгөй.



Кыйналып кашар курган момундарга,
Тийбей калды колдоруна эч бир нерсе.
Шылуундардын күнү тууп шыкылдатып,
Ортомчулук кылып турган ошол кезде.

Бейтааныш аял иш таап беремин деп,
Уулу кеткен сатылып ,эне онтойт.
Казактарга сатылган уулун эстеп,
Өзүн билбей эне жүрдү, какшап- боздоп.

Иш беребиз – деп алдап түгөт аял,
Паспортторун чогултуп жыйып алган.
Казактарга сатып ийген аларды алдап,
Казакстандан качып чыгып эки жылда.
Өз үйүн араң таап зорго барган.

Россиядан араң тапкан долларларын,
Жөн эле берип турган жер алганы.
Этиң түгүл табагың таап ал болуп,
Кайдан билди муунуп өлүп каларын.

Кайдан алат долларларын бүт баарын?
Ойлонбогон минтип өлүп калаарын.
Айла ташпай документсиз жан берген,
Ыйлап жатты «эми кайдан аламын?».

Жан албастан, госрегистр тактаптыр,
Аялы менен ажырашты кылып таштаптыр.
Жесир байкуш кыйноо менен тапканын,
Оо! дүйнөдө тартаар бекен азабын.

Бул окшогон кыйынчылык азап тозок,
Кыргыз элдин башында арман орноп.
Баш болом деп, баш боло албай, кара жемсөө,
Бечаранын акысын соруп келет.

Иштегенден азыркы сынчысы көп,
Ак сүйлөбөс кара ниет тыңчысы көп.
Эриктирбей эки элди эрмектеген,
Кайраштырган ортодо бузуку көп.

Өз башында төөнү көрбөй жылмыңдашкан,
Бирөөнүн башындагы чөптү көрүп
шылдыңдашкан.
Сынчынын сыңар өтүгү майрык болуп,
Өз жоругун билбестен кыйшыңдашкан.

Өз көмөчүнө күл тарткан, өзүмчүл көп,
Кара жемсөө көптүн акын кемирчү көп.
Ойлонбостон алсызды бечараны,
Байлыгына манчыркап көкүтчү көп.

Ак жеринен караланып күйгөндөр бар,
Кутула албай жалаадан жүргөндөр бар.
Ур токмоктун айынан азап чегип,
Өмүр бою соттолуп жүргөндөр бар.

Акчасы жок сотко пара бер албаган,
Жокчулуктан өзүнө келе албаган.
Жоодураган мончоктой уул кызына,
Бир сындырым нан таап бере албаган.

Кара жанын карч уруп иштеп тапкан,
Бүт тапканын оюнга коюп салган.
Үйүн дагы жайын дагы текши сайып,
«Коммерсант» деген гана аты калган.

Бала-чака аялдарын бага албаган,
Мигрант деп киши ордуна бааланбаган.
Жетекчинин алкына, акча таппай,
Өз айылынан пособия алалбаган.



Жемкордуктун айынан элим жүдөп,
Тентип кетти, ар кайда балдар жүрөт.
Алкын тыйбас зулумдардан тазаланып,
Мыйзамдуулук сакталышын алар күтөт.

Бап көтөргөн мыктыларды камап сабап,
Сот жообуна тартышып азап салат.
Чагымчылык иштерин жүргүзүшүп,
Кыргыз элин экиге бөлүп жатат.

Сотторубуз адилет иш жүргүзсө,
Жакшы иштерди калыс чечип бүтүрүшсө.
Кылмышына жараша жаза берип,
Айып пул салып, созо бербей бүтүрүшсө.

Ойлогула момундардын акыбалын,
Менчиктешип кеткен бүтүн баары.
Өз жеринде жашап жүрүп пособия,
Алалбаган байкуштарды, шордууларды.

Жалаң гана партияга бөлүнүшкөн,
Өздөрүнө кыйын болуп көрүнүшкөн.
Тууганына пособия чыгартышып,
Жарымын өздөрү алып бөлүшүшкөн.

Жолун таап менчигине баарын баскан,
Байлык топтоп дүнүйөсү чирип жаткан.
«Карт карышкыр» ага дагы алымсынбай,
Жаш балдардын ырыскысына сугун арткан.

«Карышкырга» кой кайтартып кызмат берген,
Улгайса да иш ордунан жылган эмес.
Пенсиянын үзүрүн көрүп жатпай,
Таң каламын ,ага эмне жетпейт экен.

Мыйзамды одоно бузат экен,
Момоюп жоош адамдай турат экен.
Эки тизгин бир чылбыр колдорунда,
Уурулугун жаап жашырып койот экен.

Уткан партиялаштар колдойт экен,
Утулганын кодулап кордойт экен.
Тең бөлүшүп ,тең жешип жашырышып,
Партиялаштар аларды коргойт экен.

Негизи көп партия болбойт экен,
Ынтымаксыз ырк бузарлык орнойт экен.
Партиялар көбөйүшүп шайлоодо,
Айылдагы байкуштарды алдайт экен.

Бөлүп жарып, ырк кетирген ортодо,
Бири-бирине кара тилин кайроодо.
Элдин ою көп партия жоюлуп,
Тартип орноп баары жолго коюлуп.
Бир гана партияга бириксек,
Жакшы болмок ынтымакта чогулуп.

## 20 ЖЫЛДЫКТАРГА

*1983-жылы туулгандарга*

Жүрөгү сыздап арманда,
Индияга баргандар.
Дартына даба издешип,
Муктаж болгон жардамга.

Бир баруудан айыкпай,
Же каражат табышпай.
Үй жерин сатып, мал мүлкүн,
Кыйын күндө калышкан.



Канча жылдар кыйналып,
Буркурашып ыйлашып.
Акчасы жок айласыз,
Элден жардам сурашып.

«Көп түкүрсө көл» деген,
Адамбыз биз эл менен.
Тапкандарын беришкен,
Сакайып аман кел деген.

Дартына дабаа тапканы,
Аман эсен сакайып.
Ата-энени кубантып,
Босогосун аттады.

Айыгып келип кубанып,
Жакшына болуп ыраңы.
Эли журту келишип,
Акыбалын сурашып.

Кагылайын касиеттүү калың элден,
«Көп түкүрсө көл» болот деген экен.
Берип жатат жардамын аябастан,
Болушун долларларын, сому менен.

1983-жылкы туулгандар,
Азамат чыкты бул балдар.
Боорукер жана кайрымдуу,
Ден соолукка көңүл бургандар.

Алтындай балдар асылдар,
Ка[illegible]ыстан акыл тапчулар.
Калайык калкым калың эл,
Ыраазылык айтышат.

Эл мүдөөсүн түйдүңар,
Азаматтык кылдыңар.
Батасы тийип элимдин,
Дайыма болгун ынтымак.

Ооматтуу болсун башыңар,
Ак көңүл чынчыл жакшылар.
Аллахым сактап силерди,
Жүзгө чыксын жашыңар.

Аппарат алчу туугандар,
1983-жылкы уландар.
Алкыш жаасын силерге,
Элге көңүл бургандар.

Калайык калкың жадырап,
Ден соолук каалайт баарыңа.
Аман болсун балдар – деп,
Ак бата берет жабырап.

Бул саамалык дайыма,
Улансын ар бир айылда.
Бир уучтан кылып чогултат,
Колунда жогу бары да.

Тарыхта калып атагы,
1983-жылдын азаматтары.
Алтын тамга менен жазылсын,
Гиннес китебине басылсын.



## КАРЫЯЛАРДЫН КАЙРАТЫ

Аппак пейил тоо жаңырткан тоолуктарым,
Узак жашап аман жүргүн бүтүн баарың.
Кең жайлоонун абасынан дем алышып,
Тилек менен тосушкан тоонун таңын.

Жылдыз тарап таң агарып атканда,
Жылкы айдап кулун байлап жатканда.
Ак боз үйдө аксакалдар кеңешет,
Байтал бээнин бал кымызын татканча.

Кыска жана нуска сөздөр сүйлөнүп,
Кайсыл жайлоо ,малга жайлуу билелик.
Журт которуп, малга ыктоо жер болсо,
Ошол жерге кыргыз үйдү тигелик.

Суу киргиче көпүрөлөр ондойлук,
Тайгак жана тар жолдорду койбойлук.
Кетмен-күрөк , балта-теше курч болсун,
Иш тез арбыйт,ушул жагын ойлойлук.

Улуу кеңеш жерде калбай дайыма,
Баш көз болот көптү билген карыя.
Жайлоо жолу ат эшекчен чубашкан,
Ыймандуулар жашы жана карылар.

МЧС деген ал жерге узак эмеспи,
Эстеп көрчү ошол кыйын элести.
Суу ташкыны каптап кеткен жерлерге,
Орнотушат жыгачтан үч эмекти.

Сууну салып өз нугуна, жээкти бекемдеп,
Мал карайлы кетели – деп эртерээк.
Балта, чотун жыйыштырып шашылат,
Бүтпөгөнү эрте бүтөт келсин – деп.

Күүгүм тартып тоо арасы караңгы,
Ага болбой бекем жыйып кайратты.
Эмгекчил эл туугандарым талыкпай,
Албан иштер эли үчүн жаратып.

Өткөн элес көзгө келет закымдап,
Мезгил келди ошол курак жакындап.
Акыл кеңеш уккан улуу карынын,
Алтын сөзү эми кайдан табылмак.

Улуулардын урпактары – дагы эле,
Жол көпүрө оңдошот – деп угамын.
Ар намысын бийик койгон акчадан,
Ак ниеттүү адам менин тууганым.

Эмгектерин эске алып кубантып,
Көрсөтүшсө болоор эле сыйлыкка.
Медалдарын акчалууга сатпастан,
Мээнеткечке берсин кудай буйруса.

## НАСИРДИН МАМАТОВГО

Алтымыштан ашкан курак кут болсун,
Үйүңөргө бакыт-таалай, кут консун.
Жубайың менен узак жашап улгайып,
Аллах таалам кайрат, кубат, күч берсин.

Кыл калемдүү Насридин иштеген,
Айыл жоктур үйүнө сүрөт кирбеген.
Боз үй тигип желеге кулун байлашып,
Адам жоктур сүрөтчүнү күтпөгөн.

Сары-жашыл, кызыл боек кийизди,
Насридинге түркүн оймо чийгизди.
Шырдак жасап жаткан эне кубанат,
Сүрөтчүгө ыраазылык билдирип.



«Үч баатыры» турат кайтарып,
Жоого каршы мизин майтарып.
Жандуу сүрөт укмуш тартылган,
Көргөндөрдүн баары таң калып.

Эне-бала жөнүндөгү баллада,
Мээрим паркта турат Ош шаарында.
Кызыктырып жомок дүйнөсү,
Соонун таасир берет балдарга.

Ийгиликке көппөй манчыркап,
Баланын да көөнүн калтырбай.
Ой дүйнөсү кенен өнөрчү,
Алдына бир кадам салдырбайт.

Зор эмгектин ээси болдуң Насридин,
Түйшүгү күч кыл калемдин асылы.
Көздүн жоосун алган сулуулукту жаратып,
Алуудасың адамдардын алкышын.

## ЭМГЕКЧИЛ ЭНЕЛЕР

Апаш, Абаз эки эне,
Чогуу иштешкен мектепте.
Жайкы жумуш башталса,
Чөпкө чыкчу эртелеп.

Баатыр эне наам алган,
Иштеп ишке такшалган.
Бошой калган мезгилде,
Көп баланы башкарган.

Аппак жоолук салынып,
Жашынан оозго алынып.
Эгиздердей ээрчишип,
Ишке чогуу барышып.

Жайдын салкын таңында,
Кошуналар дайыма.
Жарма жасап алышып,
Белендешчү чайын да.

Сорт, Көл чатын кыдырып,
Чөмөлө кылып үйүшүп.
Чөптү тарап иреттеп,
Машинага үлгүртүп.

Каникулда жайында,
Тынбай иштеп дайыма.
Сүрүп келчү чөптөрдү,
Араба келчү жагына.

Түйшүгүнө чыдашып,
Бош боло калса сырдашып.
Талааны шаңга бөлөшүп,
Обон созуп ырдашып.

Тарбиялап балдарын,
Бардык күчүн арнашты.
Билимдүү болуп уул-кызы,
Үмүттөрүн акташты.

## ТААЛАЙБЕК САРЫБАШЕВГЕ

Түшүнүктүү мыкты уулу Алайдын,
Рахматын алып тургун далайдын.
Түйшүгүнө чымырканып чыдаган,
Урпагысың даңазалуу датканын.

Элиң колдоп аким болдуң Алайга,
Жаштыгыңды, бар күчүңдү арнаган.
Калп сүйлөбөй, калыс сүйлөп элиңе,
Ак кызматың жагып турган далайга.



Кадыр баркың көтөрүлүп жетилдиң,
Карабадың, ысык суугун мезгилдин.
Уйкуң бузуп таңкы салган убакта,
Тартипти да тазалыкты тең кылдың.

Камкор карап оору сыркоо адамга,
Дайның билип, белектерин камдаган.
Көңүл өксүп, ыйлап турган адамга,
Мээрим төгүп жакшы сөзүн арнаган.

Зобололор көтөрүлүп дайыма,
Ак кызматың жагып турсун калкыңа.
Аллах таалам суук көздөн, тынч сактап,
Жогорулай берсин кадыр баркыңар.

## НАН ЫЙЫК

Баба дыйкан жер айдап, урук себет,
Сугарышат сугатчылар, күз да келет.
Кылкылдап бышкан буудайды оруп алып,
Тегирменден ун чыгып, даяр болот.

Кербезденген суп-сулуу аппак келин,
Таштандыга дасторкондо нанды төктүң.
Байлыгыңа манчыркабай, бечарага,
Жерге төкпөй, аппак нанды ага бергин.

Алып жешке акча таппай, ачка калган,
Сен ыргыткан нандарды таба албаган.
Бечара бар өп чап [illegible]на жашап жаткан,
А сен байсың үстөк кошуп соода саткан.

Согуштагы оор күнүн эстегиле,
Туугандар эсирип к[illegible]пөгүлө.
Ак буудайдан жасалган аппак нанды,
Кесир кылып таштандыга төкпөгүлө.

Балдар окуйт мектепте нан жөнүндө,
Алише майрамы өтөт «Н» көңүлдө.
Нандан ыйык байлык жок билгендерге,
Нанды баркта, берекеси мол төгүлгөн.

## Дача-Суудагы БОИНГ 747 учагынын курмандыктары

Кайгылуу, каргашалуу ушул түндө,
Капарсыз, таттуу уйкуда жаткан күндө.
Сезбестен алааматты башка келген,
Түбөлүккө уктап калды көп үй-бүлө.

Жумуш издеп, үй-бүлөсүн багуу үчүн,
Мээнет кылып ,иштеп акча табуу үчүн.
Алыскы айылдардан келген эле,
Туруктуу жумуш таап алуу үчүн.

Ак жол каалап «Аман жүргүн кулунум» - деп,
Бата берип ата-энең калган экен.
Силерден көз жаш топурак буюрбастан,
Карылар калды муңдуу, көз жаш арман менен.

Ата-эне бул шумдукту күткөн эмес,
Иштешип жашоо улантып келет – дешкен.
Айылда иш жок болуп, кыйналгандан,
Аялуу малын сатып берген экен.

Көз жашын ойлободуң, кайран элдин,
Көкүрөк каккылайсың, мына «менмин».
Канкорсуң, кан ичкичсиң, кара жолтой,
Каргышы бечара элдин сага тийсин.

Эсирипсиң, эбегейсиз байлык топтоп,
Калчадың эл өмүрүн «койдой» ойлоп.
Кокустуктан ажал тапкан шордууларга,
Көз көрсөтүп койбойсуң адамга окшоп.



«Көп түкүрсө көл» - деген элде,
Миллиондор чогулду калың элден.
Алтынга бөлөнсө да, өлгөндөн соң,
Адамдын өмүрүнө татый бекен?

Мээриминден ажырап бала калды,
Катуу чочуп акыл эстен чала калды.
Ошол берген жарыбаган акчаларың,
Шордууларга, ата-эне жытын бере алабы?

## ДАТКА ЭНЕ

Датка энеге теңелишке күч кайда,
Медалдарын сатып жатат, ар жайда.
Уят, намыс алмашышып акчага,
Улуу адамдар кейип турат, баркталбай.

Даанышман эне мен эмнеге кейинем,
Даткалыкка татыктуубу деги дейм.
Ооз кесирлүү айылдыкка асылган,
Баркы жокко, неге медаль берди дейм.

Датка эненин бучкагына чендебес,
Акыл оюу бир сөзүнө тең келбес.
Бийлик үчүн канчалаган мүрт кетти,
Ал жөнүндө ойлонбоду бул мерез.

Канча байкуш кара кийип кан жутту,
Өчтү п[illegible]мы кабары жок уулунун.
Эне байкуш кайгыга уугуп томсорот,
Баласы[illegible]ын, билбей өлүү тирүүсүн.

# АТА ЖУРТ

Мөңгү кетпес көк мелжиген зоолору,
Үч-Төбөнүн асман тиреп тоолору.
Алыс жүрсөң сагындырып эңсеткен,
Бүркүт шаңшып, кайберен жүргөн жолдору.

Төрт түлүк мал түрү сайын багылган,
Миңдеген мал жайлоолорго жайылган.
Малга ыңгайлуу ушул аймак бир кезде,
Миллионер колхоз болуп таанылган.

Үч-Төбөдөн Талдыкка барып такалган,
Бийик тоолор төмөнкүдөй аталат;
Биринчи тоо – Улуу тоо – деп бaрктaлат,
Экинчи тоо – Сулуу тоо – деп макталат.

Үчүнчү тоо – Чулуу тоо – деп даңкталат,
Төртүнчү тоо – Кескен тоо – деп сакталат.
Бешинчи тоо –Кеткен тоо – деп аталат,

Элин коргоп кас душманга тең келген.
Кан төгүлүп эрлер намыс бербеген,
Жоого аттанып элин коргоп душмандан.
Эчен жылдар сак уурусу жердеген,

Алп тоолорго көз арткандар көп болгон,
Атайылап жасалгандай көрк берген.
Душманынан коргонуусга ыңгайлуу,
Улуу тоолор эли үчүн чеп коргон.



## «Жырткычтар мезгили» китебинин авторуна

Жанкечти канкор огунан,
Бей ажал кеткен кыргыздар.
Эсепке кирбей сен үчүн,
Теңедиң элди жырткычка.

Кечирилгис күнөөң көп,
Кылмышыңдын көбүнөн.
Эл ичинен жай таппай,
Улудуң четте итке окшоп.

Кыргызды теңеп айбанга,
Моокумуң канбай андан да.
Уулаудың элди сөз менен,
Ордуң сенин абакта.

Кылмыш кылдың түгөнгүс,
Канатып эне жүрөгүн.
Жүзү жок канкор атыктың,
Каргышы тийсин бүт элдин.

«Катылган бала ыйлабайт»,
Деген элде макал бар.
Уулунун таппай дайынын,
Күйүттүү эне арманда.
Элдин бузуп тынчтыгын,
Ууңду чачып ышкырдың.
Өзүңдөн көрбөй күнөөнү,
Жек көргөздүң кыргызды.

Долуланып догуруп,
Асылдыңар кыргызга.
Ак ийилет сынбайт – дейт,
Улуу сөз бар турмушта.

Эсиңер барда этегиң,
Жапкылагын бузуку.
Көп тийишпей жаагыңды,
Баскын эми бузуку.

Намыска бек кыргыздын,
Келтирбегин кыжырын.
Ынтымагын бекемдеп,
Сактайлы элдин тынчтыгын.

## АЙЫЛ АЖАРЫ ЫНТЫМАКТА

Ак карлуу Алай тоолорум,
Арчалуу бетиң сонсонун.
Алыстан жытың сагынып,
Айылымда болот ойлорум.

Айылдын көркү аталар,
Ак жоолукчан апалар.
Эмгектенип эл үчүн,
Алкыш менен бата алган.

Таң менен баштап жашоону,
Тамаша менен баштоочу.
Коомдук баардык жумушка,
Күч кайратың сарпталуу.

Тажабастан эмгектен,
Талыбаган мээнеткеч.
Баардык чарба иштерин,
Бүтүрүшүп келишкен.

Уул-кыздары үлгүрүп,
Окууларда тың чыгып.
Мейман келсе коноктоп,
Тосуп алган күйүнүп.



Ошол балдар бой жетип,
Билим жолун улашкан.
Профессор илимпоз,
Доктор болуп чыңалган.

Сыймыгы болуп дайыма,
Чыгаандар чыгат айылдан.
Учугун улап кыргыздын,
Атагы кеткен алыска.

Нарк насилди сактаган,
Ата жолун даңктаган.
Калыс сүйлөп дайыма,
Ак эмгегин арнаган.

Эмгекчил жана мээнеткеч,
Илимди кууган илимпоз.
Аталар курган улуу жол,
Татыктуу баскан адам бол.

## АБДЫКЕРИМ АЛЫМОВго

Ал мезгил жолдошумдан ажырагам,
Жүрөгүм кайгы тартып کансыраган.
Караны чүмбөттөгөн турпатымда,
Күч кубат калбай денем алсыраган.

Караңгы түн каптап бүт айланамды,
Калгансыймээн талаада туман басып.
Кайсалап жолдошумду издеп таппай,
Эч кимге бөлүшө албай арманымды.

Айла жок балдарым – деп чыкпайм үйдөн,
Балдарды багыш үчүн иштеп жүрөм.
Жүрөгүм чексиз мунга батса дагы,
Тышымда кара күчкө жалган күлөм.

Жетекчи ошол кезде Абдыкерим,
Муңканып үнсүз турган мага келип.
«Эмгектин ардагери» медалымды,
Тапшырды, куттук айтып, колду берип.

Жылдызы жанып турган жетекчи эле,
Бишкекке фестивалга кетишкен эле.
Үй-бүлөсү, үч артист кызы кошо өлүп,
Кетишкен Токтогулга бүтүн чөгүп.

Кейишти сыздабаган адам калбай,
Кудай ай, жер үстүндө толгон арман.
Үй жайдын, куттуу үйдүн босогосун,
Аттиң ай кайра келип аттабаган.

Алайдын маданият бөлүмүнүн,
Башчысы болуп турган көрүнүктүү.
«Алымканды» сахнада созолонтуп,
Эргитип көкөлөтчү көрүүчүнү.

Адамдык сапаттары Алымовдун,
Жамаатка жагып турган, иштин көбү.
Иштерман чыгармачыл бул жигитти,
Мактоочу бирге жүргөн көбү топтун.

Фестиваль ийгиликтүү болуп өтүп,
Көңүлүн бурган экен Алай кептүн.
Жигиттер самолетко түшүп кетип,
Кыздары калган экен ушул топтун.

Көпчүлүктүн назары өтүп жеттиби,
Же уйкуда көзү илинип кеттиби.
Кырк метр жерден кулап жети киши,
Машинеси Токтогулга чөгүп кеткен.



Эки уулу аялы өзү менен үч артист кыз,
Эли үчүн обон созгон үч барктуу кыз.
Арман ай уктап кетип түбөлүккө уктап калды,
Эли журту ата-энеси үй-бүлөсү сыздап калды.

## КУБАНЫЧТУУ КАБАРЛАР

Алайдан угуп жаңылык,
Айылымды турам сагынып.
Кубандырды бул кабар,
Оорукана салынып.

Эл үчүн көрүп камылга,
Үч-Төбө Ак-жай айылына.
Заманбап имарат салышкан,
Мурдагы ФАПтын жанына.

Кежигеге аппак Мечит салышкан,
Аллах үйүн ыйык сактоо камында.
Ыйман жолун ыйык туткан адамга,
Ыраазылык билдиребиз дайыма.

Көтөрүшүп демилге,
Жан дили менен берилген.
Сактасын кудай уул-кызды,
Ак кызмат кылган элине.

Үч-Төбө Алай тоолору,
Кубанычка баткандай.
Жаадырап тийген күн нуру,
Мээриминин элге чачкандай.

## ДЕМИЛГЕЛҮҮ ЖАШТАР

Демилгелеп дайыма,
Эл үчүн иштеп келишкен.
Азыноолак болсо да,
Керегин жасап беришкен.

1983-жылы туулгандар,
Тай казанды кургандар.
Көнө албастан көптөрү,
Аламан улак кылгандар.

Классташтар бириги,
Бир муштумдай түйүлүп.
Ушундай уулдар болсо – деп,
Элинин көбүн сүйүнтүп.

Мончо куруп мектепке,
Суусун камдап эрте-кеч.
Ыраазы кылды далайды,
Чолпон айым жетектеп.

Өнөктөш болгон айылга,
Улак берүү дайыма.
Тайказанга көнө албай,
Аламан улак чабышкан.

Союшун тойго арнаган,
Күлүктөрүн камдаган.
Аксакалын жайкалткан,
Аталардан бата алган.

Чакан айыл ичинде,
Жүргөндөр бардыр билинбей.
Катышып көчмөн оюнга,
Атыңды чыгар дүңгүрөй.



Күчтүүнүн күчтүү сынагы,
Бул оюнда сыналды.
Күч сынашып катышсын,
Сыймыктанып туралык.

## АЙГА СЕРМЕ КАНАТЫҢ

Айылдан аалам башталган,
Жөндөмдүү балдар тандалган.
Илимдин түшүп артынан,
Тарбия алып такшалган.

Ак сакалын жайкалтып,
Акыл сөзүн камдаган.
Багыт берип уул-кызга,
Ак батасын арнаган.

Айыл эли таң атса,
Түйшүк менен кармашкан.
Эмгек менен шаңданып,
Чарчоо билбей күн баткан.

Айыл калкы каарман эл,
Чарба күткөн балбан эл.
Өзүн өзү каржылап,
Жүзүнөн нуру жанган эл.

Атанын сөзүн таштабай,
Жаман жорук баштабай.
Таберик тутуп ар сөзүн,
Ызат кылган жаштар бар.

Абжали молдо жамаатташ,
Маматали, Молдоташ.
Айылды тутуп ынтымак,
Ааламдан өттү катарлаш.

Көчүрүп элди өтөөрдө,
Ак- Жайга баары көчөөрдө.
«Чечими туура эмес» - деп,
Элди койгон өткөрбөй.

Көпүрө салып, жол ондолуп,
Мечит түшүп коозролуп.
Оңдолуп үйлөр кайрадан,
Кежиге барат өзгөрүп.

Депутат болгон уулдары,
Элинин көбүн кубантып.
Оорукана, Мечит салынып,
Бүтүрдү Марлен буларды.

Тетик чыгып жашынан,
Илимдүү ушул айылдан.
Доктор, профессор Акылбек,
Дүйнөгө аты таанылган.

Абдрахман айылдан,
Министр болуп таанылган.
Жогорку Кеңешке болуп депутат,
Кадыр баркы арбыган.

## АКАДЕМИК ЖУМАБЕКОВ САБЫРБЕК

Алтын колдуу врач – деп,
Ар кимдер айтат, мактоо кеп.
Баса албай калган адамдар,
Сабырбектен басат – деп.

Атагың жетип Алайга,
Опушев сенден сакайган.
Буту ооруп, азап тартканда,
Алтын колуң сакайткан.



Атагың тарап дүйнөгө,
Таанылдың азыр бүт элге.
Илимий жасап ачылыш,
Айыкты сенден миңдеген.

Ден соолук берсин өзүңө,
Узун болсун өмүрүң.
Суук көздөн сактап кудайым,
Кызматың арна элиңе.

Ааламда сендей кыйындар,
Жаралат чанда кылымдар.
Тарбия берип өстүргөн,
Ата -энеңе ырахмат.

## АЛМА-АТА-1989-1994

Тоо томкорор, ойду омкорор күчтүү убак,
Жаштык кез - студенттик күлгүн курак.
Жалын жүрөк жалтанбаган азаматтар,
Алматыга келишкен билим улап.

Уктабай, сабактарга даярданып,
Муздак сууга бетти жууп, уйкуну ачып.
Көз ирмебей таң атканча сабак окуп,
Эртеси экзаменден «беш» балл алып.

Эриш-аркак Кыргызстандык бул жигиттер,
«Мыкты билим алалы», – деп келишкен.
Колу бошоп калган кезде сабактардан,
Жумуш иштеп, ага да үлгүрүшкөн.

Ибрай полду жууп, үй шыпырат,
Медербек баш көтөрбөй чертеж сызат.
Алтынбек, Абдикерим эт туурашып,
Кастрюлда демделип палоо турат.

Окуу жайды бүтүп кеткен туш-тарапка,
Иштешүүдө ар кимиси ар кызматта.
Элүү жашты белгилөөгө убакыт жок,
Баардыгы тең турмуш деген « арабада».

## АЙСУЛУУ ТЫНЫБЕКОВА

Атак даңктуу, Айсулуу кыз балбаным,
Талыкпастан, күрөшкөнгө таң калдым.
Эң жөнөкөй кыргызымдын бул кызы,
Биле албаймын күчтү кайдан алганын?

Балбан кызым кудай берсин кубатты,
Дүйнө жүзүн таңдандырып турасың.
Өмүрүң узун, ден соолугун чын болсун,
Элиң үчүн көрсөтө бер кызматты.

Алтын медаль, ийгилигиң кут болсун,
Бактылуу бол, үйүңөргө кут консун.
Кыргыз туусун желбиретип көтөрүп,
Баатырлыкты багындырчу кыз болдуң.

Ар-намысты бийик коюп башкадан,
Жеңиш үчүн баардык күчүн сарптаган.
Айсулуудай кыйын кызын кыргыздын,
Ээрчип чыксын, аркасынан сандаган.



## ПАЛАТАЛАШТАР

Ош облустук көз оорулар бөлүмү,
Райондордон оорул келип, көрүндүк.
Мухарам эне, Адина эже биригип,
Экинчи палатада көрүштүк.

Сузак район Рахманова Мухарам,
Кара-Суу район Абжапарова Адина.
Ноокат район Токтомаматова Кандалат,
Ош шаарынан Сатарова Зульфия.

Алай, Правда Камбарова Сайдибү,
Өзгөн, Кызыл-Тоо Адилова Канымбү.
Отуз-Адыр Касымова Максуда,
Алай, Үч-Төбө Ормонова Кенжебү.

Бир суткада анализди алышып,
Аппаратта өлчөп көрүп каныңды.
Операция бөлүмүнө жаткырып,
Алып таштайт жан кыйнаган дартыңды.

Эки саатка былк этпестен, жатасың,
Баштагыдай тартпай оору азабын.
Жарк дей түшкөн жарык чачкан шооланы,
Көрүп, врачтарга ыраазылык айтасың.

Сүйүнүчкө, сүйүнүчтөр кошулуп,
Кыздар көрүп, кубанычта болушуп.
Тууган урук, эли журту биригип,
Уул-кыздары алып сурап келишип.

Палатада береке толуп ташып,
Ден соолукту сурашууга ашыгат.
Күндөн күнгө жакшы болуп абалы,
Бир жумада чыгалы деп шашышат.

Бир туугандай бирге болуп дайыма,
Тамак ашын чогуу жешип, шашылбай.
Айыккан соң ,сырдашышып ар кими,
Кайдан келдиң ,ким элең деп басышат.

Адрестер, телефондор алышып,
Кетүүчүдөй бири-бирин сагынып.
Чопулдашып өпкүлөшүп коштошот,
Андан кийин таппай калат дайынын…

## ЫНТЫМАК ЖАКШЫ ЫР ЖАКШЫ ЫРЫСКЫЛУУ ЖУРТ ЖАКШЫ

Түндүк түштүк – деп экиге бөлүнбөгүн,
Бириңден бириң кыйын болуп көрүнбөгүн.
Алакандай кыргыз жерин өңүктүрбөй,
Өкүндүрөт бир четинен кемиргениң.

Эрегишпе мырзалар эрегишпе,
Эрегишүү аягы жакшы болбойт.
Ынтымагы жок элдин арасында,
Ырыскыны токтотуу кыйын болот.

Бир жакадан баш чыгарып, ынтымак бол,
Бийик болгун, азаматтар бирдиктүү бол.
Алга басып ,бут тоспой, кол кармашып,
Бир туугандай, бир жеңден чыгаргын кол.

Күндөш сымал күнүлдөшпөй бир бүтүндүү,
Абысындай аңдышпай бири-бириңди.
Сары изиңе чөп салып жаакташпагын,
Бекем сакта, бийиктикти, жигиттикти.



Акыл насаат сөзүң айтып балдарыңа,
Кыргызстандын ынтымагын сактагыла.
Ооздуксуз, оозу жок уулуңарды,
Элге агытпай, тарбиялуу баштагыла.

## КУДАМА

Токур аба жаш кезинен тынчу эмес,
Ылай ийлеп, дубал уруп жүрчү эле.
Чарчоо билбей, салган үйүн бүтүрүп,
Пайдубалын байкап, дайым турчу эле.

Заңгыратып салган ушул үйлөрү,
Көзгө сүйкүм кооз көрүнөт түрлөнүп.
Колу усулдуу, ушул жакшы адамды,
Кубандырат неберелеринин күлгөнү.

Терек эгет, эмгектенет, тынбастан,
Жаны ооруса, ага көңүл бурбастан.
Жумуш жасайт, чарчоо билбей, дем албай,
Жайгаштырып, иши бүтөт бир баштан.

Шуудурап өсүп теректери жетилет,
Каалаганча керегине кесишет.
Жыгач издеп, убарачылык тартпастан,
Такта-жыгач кенен турат, иштетсе.

Сексен жаштан ашып турган курагы,
Кадыр барктуу сый үстүндө убагы.
Ден соолуктуу, өмүр берсин кудайым,
Жүз жашты да, насип кылсын кудайым.

## КУДАГЫЙЫМ ШЕКЕРКАНГА

Таң эртеден жаны тынбай жүгүргөн,
Камыр жууруп, нанын жаап үлгүргөн.
Абышкасы малын жайлап келгенде,
Тамак жасап чай белендейт, күлүңдөп.

Үйдөн чыкпай тиргилигин бүтүрөт,
Жүнүн тытып, ийик ийрип үлгүрөт.
Кийиз жасап ,боеп .түрлүү түрлөнтүп,
Сыңар оюм, түрдүү оюу түшүрөт.

Жип ийрип, аны кайра чыйратып,
Оймолорго ар түрдөгү жээк басып.
Суктандырып ,кыялданып жасаган,
Кылган шырмал, кыздарына арналып.

Жибин ийрип, килем токуп түрлөнтүп,
Кечке дагы айылды да билбептир.
Курак курап, кол өнөрдүн ар түрүн,
Бүткүчөктү кыйла- кыйла жүдөптүр.

Ден соолукка дагы көңүл бөлүңүз,
Өзүңүзгө камкордукту көрүңүз.
Бир килемдин түйшүгү эле, канча оор,
Эс алыңыз келиндерге бериңиз.



## АТАЛАРДЫН АК БАТА

Алп тоолорду мекен кылып, ата бабам,
Аңчы болуп кийик уулап, дабандардан.
Ар бир үйгө кайберендин этин бөлүп,
Алар үчүн кам көрүшкөн азаматтар.

Алыстан жоо тийип чабарында,
Атчан келип жылкы тийип качаарында.
Айгай салып артынан куугун жетип,
Азабын берчү дешет өз маалында.

Ак сакалдуу карыянын кебин уккан,
Абайлап өз жерлерин сактап турган.
Ар дайым элин коргоп душмандардан,
Аталардын акылына көңүл бурган.

Ала-Тоо, мекендеген жерин коргоп,
Ак калпак кыргыз уулу, элин ойлоп
Алай жерин сактап келген суук көздөн.
Азаматтар, келген жоонун жолун тороп.

Асаба туу көтөрүп эрдик кылган,
Ак жүрөк элим деген жигиттери,
Ат оюнга камдайт эли күлүктөрүн.
Аппак карлуу, тоодой бийик үмүттөрү.

Ак чокулуу тоолордун арасынан,
Атыр жытын кана жутуп абасынан.
Ак калпакчан жигиттер ат ойнотуп,
Ак батасын алышат атасынан.

Алыс жолго аттанса сылык гана,
Ак сакалын жайкалтып берет бата.
Ак жол берсин, сапардан аман кайт – деп,
Аллах Таалам колдосун өзү сактап.

Ак той берип, алышат элден бата,
«Алтын бешик өнөр» - деп узак жашап.
Ата-энени сыйлаган келин бол- деп,
Ак жолтой бактылуу бол – деп алкашат.

Ак батадан өсүп өнүп көбөйүшүп,
Аллах берип уул-кыздар төрөлүшүп.
Адамзаттын тукумун улап келет,
Азаматтар акыл толуп эр жетишип.

## АТАБАЕВ ЖУМАГА

Ак калпагын түшүрбөгөн башынан,
Ак мөңгүлүү тоолорундай дайыма.
Ата жолун улап, илим- эмгектен,
Алайымдан аты чыккан баатырлар.

Алыс шаарга узак сапар аттанып,
Аалам кезип билим улап даңкталып.
Ар өлкөдөн тил үйрөнүп төрт тилде,
Атабаев Жума чыккан макталып.

Алайымда Үч-Төбөдө төрөлгөн,
Ак бешикке бапестелип бөлөнгөн.
Ак бий деген абасынын колунда,
Атка чыйрак, эркин ойноп чоңойгон.

Алыс шаардан билим алып көптү ойлоп,
Алайдан чыккан алгачкы журналист болгон.
Согуштук курсту бүтүп десант болуп,
Айбат менен совет элин коргогон.



## АШБАЕВ АКЫЛБЕККЕ

Асман тиреп Үч-Төбөнүн тоолору,
Ак кар түнөйт, чокусунда зоолордун.
Абжали ата, Марал эне эркеси,
Алыс шаарга билим улап, көксөгөн,

Алайымдын чыгаан уулу Акылбек .
Айткан сөзүн аткарбастан койбогон.
Айылынан көп жыл ыраак кетсе да,
Ата-журттун, элдин камын ойлогон.

Алайынын ар намысын сактаган,
Алдыңкы уул деп эмгектери макталган.
Акылбектин илимдери жазылуу,
Ашбаев деп, аты чыгып даңкталган.

Айылынын атак даңкын чыгарган,
Алдыңкыга билим берип сугарган.
Ашбаев доктор, профессор аталып,
Акылбектин эмгектери, ВУЗдарда.

## КАСИЕТТҮҮ АЛАЙ ТООЛОРУМ

Атыр жыттуу тоолорунда Алайдын,
Асылдары жашайт дешет адамдын.
Ачык сүйлөп кара кылды как жарган,
Акылмандар чыгат дешет алардан.

Алай эли, төрт түлүгү шай элим,
Асмандаган чокуларга бай элим.
Ар жылгада дартка даба болуучу,
Арча-кайың, дары чөбү бар элим.

Асмандаган аскасында зоолор бар,
Аркар-кулжа өткөн чыйыр жолдор бар.
Ак шумкары канат кагып көккө учкан,
Алайымда ак кар баскан тоолор бар.

Арча жыттуу жайлоосуна суктанам,
Адырлардан малдары оттоп, чыкпаган.
Ак өргөдө, арча бешик ичинде,
Ак шейшепте, апшак бөбөк уктаган.

Азоо минип, тулпарларын туйлатып,
Ата келет, тээ алыстан үн салып.
Ак калпагын кийип турган атчандын,
Ала-Тоого окшоп кетет, турпаты.

Алай тоосу касиеттүү, кенге бай,
Алай эли калыс сүйлөп, кепке бай.
Ар бир үйгө конок келсе, кой сойгон,
Ак көңүл эл, берешен эл, этке бай.

Алайымдын тоолорунда карагат,
Ашказандын ооруларын дабалайт.
Ак кодолдон кошуп ичсең тамакка,
Азап тарткан бел оорудан сакайтат.

Алайда көп дары чөптөр керемет,
Адистер да дайым жүрөт, изилдеп.
«Аркар отту» суугa демдеп ичкенде,
Азап тарткан ич оорунду жоготот.

Ак мөңгүлүү тоолорумда улар бар,
Алайымда ачылбаган сырлар бар.
Аппак барак, дептер бетин сыялап,
Айтып бүткүс, аалам кезчү, ырлар бар.



## АК НИЕТ АДАМДАРГА

Ашуусу бийик бел ашкан,
Арчатыдай жер баскан.
Алайдын азаматтары,
Ак эмгек элге арнашкан.

Жылгадан жылкы айдаган,
Желеге кулун байлаган.
Тоодон топоз айдаган,
Тонналап эт май камдаган.

Малды багып, тоютуна үлгүрүп,
Бел чечпестен төлүн алган, күнү-түн.
Милдеттерин так аткарып кубанып,
Жүргүзүшкөн тарбиянын үгүтүн.

Сыйлыгына сыймыктанып эмгектин,
Шыпырышкан ак мээнеттен терлерин.
Кайрат топтоп ак ниеттен иштешкен,
Коммунисттик партияга демденип.

Чынчыл иштеп ушул таза адамдар,
Ак кызматын өз элинен аябай.
Пенсияга эс алууга чыкса да,
Кайрат менен чарбаларын караган.

Ак кызматын арнап дайым элине,
Көп нерсеге көтөрүшкөн демилге.
Дили таза, асыл ушул адамдар,
Өлбөс болуп жаралышса эмине.

Калыс сүйлөп таза жүргөн адамдар,
Тайгылбаган татаал жолдо кадамдар.
Союз үчүн талыкпастан иштеген,
Андан бери өттү далай замандар.

## КАЛЫК ТЕРМЕЧИКОВГО

Райкооптун складын башкарып,
Сүйлөөр эле, кара кылды как жарып.
Тарбиялап уул-кыздарды татыктуу,
Кадыр күткөн, эл ичинде даңкталып.

## АШБАЕВ МАРТАГА

Ак сакалдуу, акыл эстүү карыя,
Насаат сөзүн айтып турчу дайыма.
Калыс сүйлөп, кара сөздү жактырбай,
Шүгүр дечү ушунчалык барына.
Такыба эле намазынан жазбаган,
Калыс эле, өз сөзүнөн кайтпаган.
Таза болчу өз ишине, булганбай,
Элим десе, элдин сөзүн аткарган.

## ТАЙЧАБАРОВ АБДИЛАЗ

Сорт талаасын багынткан,
Чаалыкпай, чалгы чабышкан.
Намыс бербей иштешкен,
Ак эмгектен талыкпай.

Эмгек кылып эрикпей,
Жанбакты, жалкоо дедиртпей.
Күнү-түнү кыйналып,
Сугарып суугат келишкен.

Көптөгөн гектар, сугат жер,
Эмгектенип таң эртең.
Ак ниетинен иштешип,
Шыпырышкан, мандай тер.



Эрте жаздан, кеч күзгө,
Сезон маалы бүткүчө.
Малга тоют камдашка,
Кайрат-күчүн арнашкан.

Үчүнчү бөлүм боюнча,
6000 кой деп, коюшкан.
Келбеттүү, биздин абалар,
Өксүтпөгөн тоюттан.

Эл кыйналган кезинде,
Физого барып келишкен,
Согуш мезгил, оор күндө,
Кыйынчылык көрүшкөн.

Ак тойго бата арнашып,
Ак сакалын жайкалтып.
Бактылуу ата болушкан,
Уул-келин сыйлап, баркташып.

## ЖАНИБЕКОВ КАПАРГА

Совхоз малы ачка калбай турсун деп,
Машиналап ташуучу чөп, күн-түндөп.
Ар бир чабан жаңы журтка көчкөндө,
Кабар берет, даярданып турсун ,деп.

Ата жолун жолдоп, ишин ондогон,
Көп иштерди аткарышып совхоздо.
Айыл советке, депутаттыка шайланып,
Эл ичинде кадыр-баркы зор болгон.

## ЖЭЭНБЕКОВ АБДРАШИТ

Ар бир топоз төлдөй турган маалында,
Тынч турсун деп, күнү-түнү аңдыган.
Мамалагын тынч туудуруп, шашылбай,
Топоздорун катар тизип, саадырган.

Ак ниет менен топоз кармап, көп жылдар,
Тоют камдап, төлүн алган эч тынбай.
Жүзү жарык, этин төгүп өкмөткө,
Ак эмгектен, алып турган сыйлыктар.

## МОЛДОТАШОВ ТУРГУНГА

Машине айдап, көп жылдар шофер болдуң,
Ошол сага, кийин кайра менчик болду.
Асыл максат, тилектериң кабыл келип,
Топоз чарба уюштуруп, фермер болдуң.

Чарба кылдың, бар күчүңдү аябай,
Көлдү ээлеп, ошол жерде жай жатпай.
Келиндердин урмат-сыйы буюруп,
Токсон жашта, той өткөргүн балдарга.

## ТОЙТОЕВ САРДЕККЕ

Сардек дайым мыкты чабан атыкчу,
Ак койлору семиздикте багылуу.
Жүз койдон, жүз алтымыш төл алып,
Жүн планын жүз пайызга тапшырчу.

Мыкты чабан болуп турган мезгилде,
Кайрат күчкө толуп турган кезинде.
Алдыңкы чабан, деп эмгеги бааланып,
Москвич машина сыйлык кылып берилген.



## ДҮЙШӨБАЕВ САГЫНБАЙ

Баш оту менен өз ишине берилген,
Койлоруна Алай тузун жегизген.
Жем чөбүнөн өксүтпөстөн, беленден,
Ит куштарга жем кылбастан семирткен.

Элдин алып рахматын батасын,
Бүт өмүрүн чарба үчүн арнашып.
Баалап эли эмгектерин эске алып,
Алкыш айтып сыйлыктарын тапшырган.

## БЕКЖУМАЕВ ЭРМАМАТКА

Малды багып, ак ниет иш аткарып,
Аябады күч кубатын кайратын.
Кийинчерээк, дыйкан чарба күтүшүп,
Топозду саап, мамалакты кармашып.

Элдин алды рахматын, батасын,
Бүт өмүрүн чарба үчүн арнашып.
Улуу жолду уласын , деп артынан,
Үйрөтүүдө небере, уул-балдарын.

## САТЫБАЕВ ҮРКҮНБАЙГА

Ак эмгегин аябастан элинен,
Ак дилинен кесибине берилген.
Тынымы жок, чарчоо билбей күнү-түн,
Көөрүк басып, ширетесин темирди.

Уук-кереге жасай берчү, боз үйгө,
Колу эптүү, ээр чапчу тезинен.
Менин акым ит менен битте, деп,
Тапканында бер деп койчу ар кимге.

## АБДРАИМОВ ГАЖИГЕ

Тоо малы деп, топоз баккан дайыма,
Эмгектенген маңдай терин агыза.
Баккан малын көзөмөлдөп, сак кармап,
Алай жайлоо, көк шиберге багышкан.

Тартип сактап, Гажи аба темирдей,
Тойго чакыруу мага кана берилген.
Бир жөнөйлү, чогулгула эртелеп,
Эскертчү эле, келгилегин кечикпей.

Кийин калсаң, уудан калган немедей,
Жалгыз-жарым барбагыла, темселей.
Той ээлерин жүдөтпөйлү бириндеп,
Жалгыз барба, чогуу жүр деп жемелей.

## МОЛДАЛИЕВ КАКИГА

Төрт түлүктүн түрү сайын багышкан,
План толуп, дайым сыйлык алышкан.
Уул-кыздары удаа өсүп жетилип,
Ата-энени урмат сыйга алышкан.

Алкыш алып, ак кой багып элинен,
Ар жүзүнөн, жүз отуздан кемибей.
Жүн планын жүз пайызга толтуруп,
Дилгир адам, чарбага бек берилген.

Кулун байлап, бээлерди саадырган,
Күлүк таптап, жорго жүрүм салдырган.
Орундуу тамашалап, күлдүрүп,
Ыраазылык алып турган, калкынан.



## АЛИЕВ КУТУГА

Элге сууну өлчөм менен үнөмдөп,
Кезек келсе суу бөлүнөт үкам – деп.
Ар бириңер сабыр тутуп тургун – деп,
Көзөмөлдөп суу бургузбай күлүңдөп.

Бечарага боор ооруп кыйналып,
Жардамдашып жерин берчү сугарып.
Рахматын алып ошол адамдын,
Өзү кошо калчу эле кубанып.

## ИСАКОВ ЖАКЫПКА

Зав фермалык кызматты да аткардың,
Бардык күчүң мал чарбага арнадың.
Кол аяктуу чебер айым Кадича,
Өмүрлүгүң, дайым сени барктады.

Мал догдурлук кызматтан баш тартпадың,
Ылаң малды даарылоодон качпадың.
Токсон жылдык той маарекең өткөрүп,
Бактылуу ата Жакыпбай – деп аталдың.

## АБДЫКЕРИМОВ ТУРДУГА

Согуш бүтүп, тынчтык алып келишти,
Сүйүнтүшүп, камсыз кылды жеңишти.
Бул согуштан аман кайткан аталар,
Эли жерин аман-эсен көрүштү.

Согуш алды, алсыратып күчүңдү,
Өлүм менен өмүр жолун түшүнүп.
Мээнет менен уул-кыздарды чоңойттуң,
«Аман жүр» - деп өмүр тилеп, күнү-түн.

Беш убакыт намазынан жазбаган,
Ишенимдүү ишин алга баштаган.
Кудай буйруп жеңиш күнүн тоскондо,
Жака кармап тообасынан жазбаган.

## АБДРАМАНОВ СЫДЫККА

Эмгекчилдик, мээнеткечтик жагынан,
Кыйын эле, алдына адам салдырбай.
Кан майдандан аман сактап жараткан,
Эли-жерин аман көргөн, сагынган.

Ойлогондой болушту, көп балалуу,
Сарамжалдуу камкор болчу, аялы.
Он баланы тарбиялап, өстүрүп,
«Баатыр эне» деген, атак-наам алды.

## МЫРЗАЕВ АДАНБАЙГА

Колхозду куруп түптөгөн,
Согуштан аман – тынч келген.
Башкарма, бригад, жетекчи,
Совхоздо тынбай иштеген.

Таңга маал үрүл-бүрүлдөн,
Келиндер саар жөнөп, ишке үлгүргөн.
Башкарма көрсө уят деп,
Жумуштан кайткан күүгүмдө.

Кирешелүү мал тармак,
Топоз чарба кураган.
Уулдары жолун улантып,
Мал кошуп малын улаган.



## АБДЫЛДАГА

Совхоздун багып койлорун,
Өлтүрбөй карап төлдөрүн.
Малга жайлуу ыңгайлуу,
Күртүктө салган коргонун.

## ТОЙТОЕВ КАЧЫГА

Адамдан өзгө жан эле,
Ак көңүл Базилат жары эле.
Базарлуу шаарды буюруп,
Бактысы мелт-калт жан эле.

Башкалардай жулунбай,
Мага – деп сурап умтулбай.
Уул кыздар удаа төрөлүп,
Бериптир ага чоң кудай.

## ОРУНБАЕВ АБЖАГА

Агрономдук кесибинди кенебей,
Ар тармактан иштеп жүрдүң кебелбей.
Алды болуп активи совхоздун,
Үйүңөргө кирип турду береке.

Мыкты аткарып агрономдук ишинди,
Арнадың элге болгон күчүңдү.
Алкыш алып элиңден да совхоздон,
Талыкпастан көп иштерди бүтүрдүң.

## БАЛТАБАЕВ ШАМАЙДАНГА

Шарт жайлоосун мекендеген Шамайдан,
Шакабалап сөз атычу көп жайдан.
Арчалардын арасына үй тигип,
Эт азыгын совхозго көп арнаган.

Фермер болуп чарба күтүп топоздон,
Топоз саап сары майын топтогон.
Бээ байлатып кымыздарын чогултуп,
«Үлүш» жешип аксакалдар колдогон.

## АЛМАМАТОВ АМАНБАЙГА

Совхоздун ак койлорун багып турган,
Партияга иштери жагып турган.
Жүн планын аткарып жүз пайызга,
Жүз койдон жүз элүү козу алып турган.

Күлмүңдөгөн токтоо мүнөз адам эле,
Он беш күндө китеп алып бараар эле.
Китеп окуп аңгеме дүкөн куруп,
Ызгаар суукта кайра үйгө кайтаар эле.

## КАЛЫЕВ АШАНБАЙГА

Китептерим таңгактап бараар элем,
Зыякан эже жылуу тосуп алаар эле.
Ырдап бер деп эжебиз сураганда,
Ырдап кирсем, тоо жаңырып калаар эле.

Койлоруна жем чөп берип, семиртип,
Төлүн алып козуларын телитип.
Нык семиртип малын жакшы караган,
Ашанбайдын баккан кою дегизип.



## АЙДАРОВ ЖОЛДОШКО

Жолдош чабан жол боюнда кашарда,
Малын багып, Ыркоол жакта кыштаган.
Ак койлорду карап, төлүн өлтүрбөй,
Кирпик какпай, төлүн аман сактаган.

Кашар болгон ит-куштардын жолунда,
Дайым мылтык түшчү эмес колунан.
Кокусунан жеп кетпесин ит-куш – деп,
Ок чыгарып коер эле коктудан.

## ТАЛКАНЧИЕВ ЭСЕНГЕ

Эсен чабан малга чыйрак жан эле,
Пирим деген иниси да бар эле.
Жардам берип малын бирге багышкан,
«Жардамчы чабан» деген наамы бар эле.

Эриш аркак эки тууган биригип,
Беш жүз койду караар эле күнү-түн.
Ар жүз койдон, жүз отуздан төл алып,
Пландарын дагы аткарчу жүнүнүн.

## БЕЛЕКОВ КУЛБАККА

Ачык айтып ак сүйлөп,
Таамай жана так сүйлөп.
Күлүп калчу дайыма.
Топоз мага жакты – деп.

Күлүк минип булкунтуп,
Бригадир болуп жүрүптүр.
Совхоз тарап кеткенде,
Топоз чарба күтүптүр.

## ЖОЛОНОВ ОРОЗБАЙГА

Өрдөш`айылы, бүт чарба,
Жайыты мол багарга.
Топоз баксаң киреше,
Издесең оңой тапканга.

Ак ниет чынчыл Орозбай,
Чечкиндүү эле сөзгө бай.
Ак кызматын элине,
Арнап келген аябай.

## АПИЕВ ЖАНЫШКА

Колхоз -совхоз курдуңар,
Кынаптап, таштан кашар урдуңар.
Жан аябай кыйналып,
Таалыкпай мээнет кылдыңар.

Тоют камдап шашылдың,
Чабанды белден ашырдың.
Алайга үйүн көчүрүп,
Машинең менен ташыдың.

Ал кезде тартип ошондой,
Түйшүктөн шофер бошобойт.
Жүгүн жүктөп чабандын,
Алайга барчу токтобой.



## ҮСӨНОВ ӨСӨГӨ

Таң эртелеп радио таңшып жаткан,
Ыр күүлөрү жаңырып шаңшып жаткан.
Муюп угуп көңүлдөрү көтөрүлүп,
Комуз чертип маш ботойду шартылдаткан.

Радио таңдан кечке сайрап турчу,
Өсө ишине кунт коюп көңүл бурчу.
Кабар уккан калың эл бата берип,
Рахмат айтып, дайыма кадырлашчу.

## ИСАКОВ ӨМҮРКУЛГА

Алгачкы кино коюп элге жаккан,
Өз ишине берилген чынчыл адам.
Эң мыкты уул – деп эли алкап,
Өмүркулга алкоолор жаап жаткан.

Эл алкышы Өмүркулду көкөлөттү,
Жаңы кино алып келип элге көп көрсөттү.
Жаштар эмес чал-кемпирлер кино көрүп,
Алкыш алып, иш оңолуп алга кетти.

## КЕБЕКБАЕВА КАНПАША

Кыйын чабан чыкты, биздин Канпаша,
Апасы арнап койгон аты жарашкан.
Оор салмактуу Миңбай болуп жолдошу,
Атак-даңкы кыйла жерге тараган.

Куугандыда кышы-жайы жайлады,
Сельсоветке, депутат болуп шайланды.
Эң жакшы көрсөткүчтү көрсөтүп,
Жакшы атак көкөлөттү кайранды.

Кырсык болуп Миңбай аттан жыгылып,
Эркеги жок жалгыздыгы билинип.
Арман ойго салып, кетти күйүтүү,
Күйөөсү өлүп, үстүнө түшөөр үйрүлүп.

## ОЛЖОЕВ МАРКАБАЙГА

Айдаров Олжо чабан болуп көп жылдар,
Көп баланы тарбиялап уул-кыздар.
Арасынан Маркабайы чарбачыл,
Чабан болуп аткарды көп жумуштар.

Ата-бала чабан болуп турушкан,
Чабан болуп чыйралышты турмуштан.
Пландарын дайым жакшы аткарып,
Жокко канаат барга шүгүр кылышкан.

## АБДРАМАНОВ КУЛАМЖАНГА

Малга жайлуу – Күртүк болуп кашары,
Куламжан дайым, малын багып жашады.
Кышкы тоют төлүн камдап малына,
Чыгашасыз төл эсебин тактады.

Тажрыйба топтоп жүргөн айлыбызда,
Чабандар өткөн иши жаккан калкыбызга.
Балдарына үйрөтүшүп мал багууну,
Акыл сөзүн аябаган кеби нуска.

Баалы, Олжо, Эсен, Сардек, Бөрүбайлар,
Куламжан, Ашанбай, Молдош, Аманбайлар.
Мугалимдик жылуу орунду каалабастан,
Чарба жолун тандап кеткен Суранбайлар.



## ЖУСУПОВА БУРУЛГА

Оймо салып, шырмал жасап айылда,
Уз кыздарга үлгү жасап, калтырган.
Чебер колдуу баатыр эне Бурул бар,
Ой дүйнөсүн кийиздерге айттырган.

Кыз кезинен, эжесинен үйрөнгөн,
Өзү дагы кыз-келинге үйрөткөн.
Арнаментти келиштирген өзгөчө,
Оймолорду коздоп сайып гүлдөткөн.

Кыял менен курак курап эринбей,
Саар баштаса күн батканы сезилбей.
Уул-кызына арнап жасап буюмун,
Үй тоюна арнап шырмал беришкен.

Коротушуп көздүн майын балдарга,
Жакшы тилек каалоолорун арнаган.
Сыймыктанаар арабызда айым бар,
Мезгилинде эмгегинен баар тапкан.

## МОМОНОВА КЫЛЫМБҮГӨ

Кайын синдим – өзгөчө кыз Кылымбү,
Ашкана согуп кыйындыгы билинди.
Гүл салдырып коздукту чагылткан,
Тартып турат элди өзүнө буюмун.

Пособия берип элге тараткан,
Акча санап, калыстыкты жараткан.
Кадыр баркы жогорулап элинде,
Алкыш алган, эмгегинин баары так.

## АКМАТОВА АЙШАБҮГӨ

Кайрат күчтүү тоо томкороор убагы,
Ырга шыктуу, оюн шоокко кумарлуу.
Кийиз жасап оюп шырдак жасады,
Жан аябай, бекер карап турбады.

Данак, Чынар, Чыныгүлдөр, биригип,
Гежигелик келиндерим киришип.
Шырмал жасап, туштук курап тойлорго,
Чогуу иштеп тыным албайт, күнү-түн.

Колдорунан кооз буюмдар жаралган,
Түрдүү оймо, ой туюмдан жасалган.
Жүндү тытып, боеп кийиз жасоодо,
Жан аябай күч кубатын арнаган.

Ак ниет чынчыл, көздөгөнүн бербеген,
Айымдар көп иш аткарган, миндеген.
Обон созсо тоолор коштоп жаңырган,
«Тоо айымдары», тоо арасын жердеген.

Музыканты ырчысы да жанында,
Акжол, Айнаш жубайлар да барышат.
Аккордеон тартып, обон созушуп,
Кыргыз үйдө көңүл черин жазышат.

Көл чатына, кыргыз үйдү тигишет,
Бээ саашып, үлүш кымыз ичишет.
Ишин кылып, малын дагы карашып,
Шайыр шатман жашоо өткөрүп жүрүшөт.

Уул-кыздары иштеп жүрөт бой жетип,
Кээде кетип, кээде келип бир болуп.
Урмат сыйлуу, кадыр барктуу энелер,
Чогуу жүрөт, бири-бирин жүр дешип.



## КАЙНИЛЕРИМЕ

Сорт талаасын айдатып, каралбаган,
Суу чыгартып, жер сугарып аянбаган.
Аталардын жолун улап, арык казган,
Алп мүчөлүү адамдар бар, жаралгандан.

Аталар ушул жолду чаап кеткен,
Колдорунан түшүрбөгөн күрөк-кетмен.
Сорт, Ой кайың, Туюктарды багындырып,
Уулдарына калтырып мурас берген.

Жаз баштала жерин айдап урук сепкен,
Жай жайлата арык казып, сугат берген.
Күз келгенде чөбүн оруп чөмөлөп,
Малга тоют мол камдап, жыйып келген.

Совхоз мезгил, Сорт талаасын чогу жыйнап,
Кашарларга жөнөчү чөптү камдап.
Адам күчү жетпесе студенттер,
Жардам берип кетүүчү, жанды кыйнап.

Менчик болду, өз-өзү жыйнап чөбүн,
Жан аябай иштешип төгүп терин.
Арабалап, машинелеп ташып коет,
Сатып алат, жетишпесе чөптүн кемин.

## ТӨПҮ МОМОНОВГО

Союз кези, жолдор катаал ал мезгил,
Кайын агам, дайым сезчү милдетин.
Таң ык салып, Чолпон жылдыз батканда,
Жолго чыкчу улуу карды ал кечип.

Кежигеден жөө өтүп, өйүзгө,
Асфальт жолго кумду чачып, тегиздеп.
Күрөктөрүн колго кармап, түшүрбөй,
Машиналар тайгаланбай өтсүн деп.

Маданияттан, Чий-Талаадан келишкен.
Биргелешкен жолчулардын чоң тобу,
Үшүбөстөн кар чеңгелдеп колдору.
Абайлашат, тоңголокко кумду сээп,

Кыйын болчу, ал мезгилде жол жүрүү,
Куу-Калдадан, Чилтектирден түз кетчү.
Кулап түшкөн машинеде, адамдар,
Кансырашып, сөзгө келбей мурт кетчү.

Кар оор түшкөн мезгилдерде, чоң көйгөй,
Кыйынчылык, жолчуда жок үй көрмөй.
Утурудан кумдар чачып жолдорго,
Тынч болсо деп тилечү, кырсык болбой.

Кабагым кашым дебей эмгектенген,
Үйгө келсе неберелер эрмектеген.
Жароокер жадыраган адам эле,
Кыйынчылык күндөрдө, мен деп келген.

Канча адамды кан жолдон өткөрүшкөн,
Кыйынчылык күндөрдү көп көрүшкөн.
Жолдо жүргөн, кокустукка учураган,
Адамдарга жардамдарын тез беришкен.

Уул-кыздар удаалашып кылып урмат
Ата-апасын алпештеп сыйлап турган
Ак көңүл, ак ниеттүү адам болгон
Аксакалга салам берип, ызат кылган



## БААТЫР ЭНЕЛЕР КОШКОН БААЛУУ САЛЫМДАР

Батыр эне наамы бар,
Үстүндө күйгөн шамы бар.
Он бала багып өстүргөн,
Алдында алтын тагы бар.

Ак элечек энелердин тилеги,
Уул-кызым деп, согуп турган жүрөгү.
Балдары үчүн кара жанын аябас,
Ажал келсе жалтанбаган мүнөзү.

Мээрбан эне он баланы төрөгөн,
Өмүр тилеп, ак бешикке бөлөгөн.
Эрезеге жетип адам болсо – деп,
Кыйналса да, оор түйшүгүн көтөргөн.

Канат сермеп билим үчүн чабыттап,
Ой дүйнөсүн элине арнап багыттап.
Туу чокусун көздөп дайым билимдин,
Максатына жетишсе – деп талпынат.

Уул-кыздары аракетин сарптоодо,
Жакшы жүрүп үмүттөрүн актоодо.
Элим үчүн кызмат кылсам экен – деп,
Ата-эненин намысын бек сактоодо.

Союз мезгил каармандыкты жараткан,
Чөп чабышып, төл багып, мал карашкан.
Кашар куруп, кынап тизип таш менен,
Эркектердин жумушун да жасашкан.

Умаров Ибрагим райком болгон кезинде,
«Кара Талаа» комплекс кашар курулган.
Энелер тобу шандуу эмгек башташып,
Эки кашарды, катары менен тургузган.

Иштесе ишке, ичсе ашка тойбогон,
Жалкоолонуп, моюн толгоп койбогон.
Жалаң гана көп балалуу, кош бойлуу,
Аялдар да, ушул ишти колдогон.

Салтанаттын сөзү эки болбогон,
Айткан сөзүн аткарышпай койбогон.
Чалгы менен шартылдатып чөбүн чаап,
Кабак бүркөп, кашын жыйрып койбогон.

Кош бойлуу кез, беш ай болгон боюнда,
Түшүп калат, деп коркуу жок оюнда.
Күлкү менен ырдап ташты топтогон,
Кээ эненин бөбөгү бар колунда.

Шаттык менен өткөн ошол убактар,
Элүү жаштан, жыйырма беште куракттар.
Эс алууну күлкү менен шаңдаткан,
Чаңкап кетсе, суусун ичкен булактан.

Ак эмгектен шыпырышкан терлерин,
Кайрат менен кадамдарын сермешип.
Саламат, Бакей, Сейдана, Нурбү, Суксурлар,
Кайрыкан, Мактым, Сурмакан жана Бурулдар.

Азимбү, Сардал, Ыкыбал жана Кадича,
Опол тоодой түйшүк жасап жашынан.
Уул-кыздардан урмат сыйды көрүшүп,
Небере сүйүп кубанычка батышкан.

Акча жагын көп кармаган Акзыйнат,
Нооруздарда сүмөлөк жасайт Пазилат.
Үч-Төбөдө жамаат түзгөн аялдар,
«Ак элечек» энелер – деп аталат.



Үч-Төбөдө оргуп чыккан булактай,
Илимпоздор учуп чыкты уядан.
Профессор Акылбек жана Таасилкан,
Ар тармактан билимдүүлөр куралган.

## ТОО ШУМКАРЫ

Үч-Төбөнүн асман мелжеп тоолору,
Кийик жүргөн татаал, ичке жолдору.
Ошол тоолор арасында жашаган,
Мырзаканга кудай мына уул берди.

Атын койду, азан айтып, Мамыт деп,
Аркаласын , элдин жүгүн алсын деп.
Бата берип эли журту чуркурап,
Баатыр болсун, элин дайым баксын деп.

Эл батасы оңой эмес билгенге,
Чыйрак чыкты бойго жетти тез эле.
Мектептен соң, окуу жайга ташшырып,
Түрдүү кесип, көп иштерди жактырып.

Ошол мезгил кыйынчылык кездерде,
Согуш чыкты кыйыт салып элдерге.
Жөнөп жатты жаш жигиттер майданга,
Кашык каным аябаймын мен, деген.

Сабырдуулук баардыгына үйрөттү,
Жоого аттанып, окопто түн күзөттү.
Элим үчүн өз жанымды кыям , деп,
Ушул сөздү жүрөгүндө түнөттү.

Бүттү согуш, келди аман жерине,
Кызматына жан дилинен берилген.
Бакалейдин директору болгондо,
Көп жардамы тийип турган элине.

Кыргызстандын түштүк региону аталган,
«Кыр Бакалея» ишканасын башкарган.
Центр союздун VI – VII сьезддин делегаты,
«Кызыл-жылдыз», «Ардак белгиси»
Орден медалдарын тагынган.

Келин алса, Кежигелик туугандар,
Барып турчу Баш -Булакка удалаш.
Жардамдарын аябастан беришип,
Жөнөткөнгө жардамдашчу кудалар.

Күз болгондо жемиштерди жүктөшүп,
Учурашып келели, элге жүр дешип.
Куран окуп ата-энесин эскерип,
Боор батырчу туугандарга, бир келип.

Айкөлдүктү көрсөткөн ошол адамга,
Ыраазы эле туугандары аябай.
Ынтымакты жакшы көргөн Мамыттын,
Сагынычы ашып турчу Алайга.

Согуштан тапкан бул оорунун айынан,
Узакка өмүр сүрүп кете албаган.
Бул жашоодо, жакшы көргөн уул-кызын,
Урмат сыйын көрбөй кетти эх арман.

## АМАНГЕЛДИ МАМЫТОВГО

Уулдары көккө канат сермеди,
Максаттарын аткарууну ойлоду.
Атасынын татаал жолун улантып,
Ар намыска бек болууга толгонду.



Кыраан болду, көктө учкан бүркүттөй,
Шаңшып турду командасы күттүрбөй.
«Алай» футбол командасын түптөгөн,
Жандуу кетти, алга кетти үмүттөр.

1984-жылы Алай – Гүлчө командасын түзүшкөн,
Анын атын «Кооператор» деп билишкен.
Гүлчө, Сопу, Кызыл-Коргон беттешип,
Тең чыгышып ынтымактуу бүтүшкөн.

Стадионго эл аябай аз келген,
Сүрөгөнгө эл аябай аз болгон.
Райпонун жаңы жетекчиси – деп,
Мамытов Амангелди бул келген.

Билгич жана уюштургуч шамдагай,
Баардык күчүн командага арнаган.
Спорттук лотерея оюнуна,
Автомобил, мотоцикл коюшкан.
Электро бытовой техникалар,
Килемдер, хозтоварлар болушкан.

Лотереялык футбол утушу көп оюндар,
Гүлчөдө өтөт, Кыргызстан боюнча.
Өзбекстан, Тажикстандан келишип,
Таң калышкан, утугу бар оюнга.

Баардык жерден элдер дайым келишчү,
Кызыктуу лотерея оюнуна күбө болушчу.
Укмуштай берешен бул оюнга,
Мелдештин калыстыгына баа беришчү.

Амангелди түзгөн команда беттешкен,
Фрунзеден «Алга» командасы келишкен.
Футбол т[illegible]аасында болгон оюнга,
«Алай-Гүлчө» деп кыйкыра беришкен.

Акимбаев, райондун биринчи катчысы,
Баамдап калып өзү сунуш айтыптыр.
«Кооператор» атын таштап, команданын,
«Алай-Гүлчө» деп аталып калыптыр.

Ал кезекте Оштун атактуу командасы болуучу,
Амангелди Алай Гүлчөнүн курамасын чогултту.
Оштун ПАТУ командасынын мыкты тренери,
Сердовциков Славаны контракт менен көндүрдү.

Алай Гүлчө жаңы курамын көрүшкөн,
Райподо чабалдарын, резервге бөлүшкөн.
Гүлчөнүн жигиттеринен команда түзүп,
Машыгып,облуста жеңүүчүлөр болушкан.

1987-жылы Алганын даңазалуу тренери,
Бигунский Алексей Морисович келди.
Оомат орноп Алайлык футболисттерге,
Алай Гүлчөгө башкы машыктыруучу болду.

Кыргызстандын жогорку лигасында ойноого,
Колдоруна алышыптыр жолдомо.
Кубанычтуу күндөр бийлеп көңүлүн,
Ойноп келди, футболисттер борбордо.

Ал мезгилде Союз гүлдөп, шаңданган,
Гүлчөдөгү стадионго элдер батпаган.
Москва, Фрунзе, Андижан, Грузиядан,
Футболисттер келип, ойной башташкан.

«Спартак-Москванын» ардагерлери,
Гүлчөгө футбол ойноого келишкен.
Жолдоштук беттешүүнү өткөрүп,
Москва 2:1 менен жеңишкен.



Стадионго элдер батпай кылкылдап,
Алай! деп ураан чакырышып кыйкырган.
«Алга» - «Алай» командалар беттешип,
Алайлыктар алга чыгып утушкан.

Ал мезгилде кубанычтуу элибиз,
Чыйырчыктан меймандарды тосушуп.
Коноктошуп дасторконун жайнатып,
Жылуу-Сууга ойногону келишип.

Футболисттер жайлоолорду көрүшүп,
Боз үйлөргө өзгөчө көңүл бөлүшүп.
Көңүл ачып, кымыз ичип, чучук жеп,
Алайлыктын сый урматын көрүшкөн.
1984-жылдын жыйынтыгы мыкты эле,
Алай эли футболисттерди күтчү эле.
Венгрияга 15 күндүк жолдомо берип акысыз,
Зор ийгиликтер үчүн, эс алууга чыкты эле.

Ал мезгилде ийгиликтер зор эле,
Футболисттер сыйлыктары мол эле.
Футболисттер жогорку лигада ойногон,
Райондордон, «Алай-Гүлчө» гана эле.

Алайлыктарды машыктырып жардам берген,
Жээндерибиз Марс, Алмаз Чокморовдор болгон.
Куттуу алай элине, ак кызматын арнашкан,
Билбегенин билдирип, командага дем берген.

Команданы каржылоого жардам берген,
Мамытов Амангелдинин колунан келген.
Алай районунун карамагына штат ачып,
Спорттук кийимдерин камдап берген.

Атайын футболисттерге спорттук дүкөн ачкан,
Андан түшкөн каражатка аларды камсыздаган.
Турнирдик жеңишке мыкты жетишсе,
Оюнчуга 30 рубльдан акча арнаган.

Атасындай камкордук көргөн командага,
Амангелдиге эл алкышын арнаган.
Мезгилинде футболчуларды дүңгүрөткөн,
Уюштургуч, шамдагайлыгына эл таң калган.

Суук көздөн оолак болуп аллах сактап,
Легендага айланган ак ниет кызмат.
Шамдагайлык чечкиндүүлүк мүнөзүңдү,
Баалайт дайым ак батасын элиң арнап.

Стадиондун абалы оор болучу,
Айланасын оңдойлу деп ойлошту.
Таш короодон чым ташышып ал жерге,
Чымдарды төшөп кынап бекем орнотушту.

Стадионго бак дарактар эгишип,
Суу провод киргизип коюшуп.
Сельхозтехникадан трубаларын сатып алып,
Дарбазаны мыкты куруп болушту.

Амангелди ар бир футболчуга кам көрүүчү,
Бир тууганлай мамиледе болуучу.
Эл аралык күчтүү фирмалардан аларга,
Сапаттуу спорттук кийим алып берүүчү.

Ал убакта шаар көрүнгөн Гүлчөбүз,
Жаңылыкты райондон күткөнбүз.
Дүңгүрөткөн футболисттер ойносо,
Бекер эле барып көрүп келчүбүз.



Амангелди Сопуга да команда,
Түзүп, футбол ойнотууну каалаган.
Чебер болчу өзү дагы футболист,
Бардык күчүн футбол үчүн арнаган.

Союз кетип, ыдырады жоюлуп,
Этегине жетпей калды оюнун.
Жакшы заман болуп кетсе бир келип,
Футбол талаа көркүн ачаар Сопунун.

Азыркы күндө Россиянын чоң шаарында,
Дворец спортто жетекчи, менеджер деп угабыз.
Амангелди легендарлуу футболчу,
«Мыкты уулубуз» - деп кубанып турабыз.

Жакында Бишкекте Алай жаштары,
Футбол турнирин уюштура баштады.
Нөшөрлөп жамгыр жааса да,
Жигиттер эркин бекем башкарды.

Жолуңду жолдоп уландар,
Бул жолду дайым улантар.
Ак жол каалап туралык,
Жеңиш менен кубантаар.

Элибизде мындай кеп,
Атасынан зор уул – дейт.
Атасына тең уул дейт,
Атасынан кем уул дейт.

Атаң айкөл адам болчу.
Эли журтун сыйлаган,
Атага тең уул болдуң,
Атанын атын даңктаган.

## ТЫНЧТЫК КЕРЕК

Ымга келбес ырк бузарлар,
Элдин акын жеп жутарлар.
Ынтымакты ыдыратып,
Чуу көтөрүп кайрап турган.

Элин ойлоп адашпагын,
Өз жериңди кандатпагын.
Азаматтар бирдиктүү бол,
Арам ойлор ишке ашпасын.

Өз элиңе каршы чыкпа,
Кутумдардын сөзүн укпа.
Бир жакадан баш чыгарып,
Ынтымакты бекем сакта.

Түндүк менен туу алдында,
«Бир бол» деген Алымбек датка.
Эли үчүн башын сайган,
Намысыңды бекем сакта.

Азгырылба доллар десе,
Эмгектенгин эркиң жетсе.
Майтарылбас күч кубатың,
Таман акы маңдай терде.

Эл үмүтүн актагыла,
Арам ишке баспагыла.
Алакандай кыргыз жерин,
Карегиңдей сактагыла.

Энелерге тынчтык керек,
Көз жаштары кургай элек.
Жүрөктөрү кайгы чалган,
Жаман кордук көрбөсө экен.



Бир жеңден кол чыгарып,
Биримдиктүү кол кармашып.
Ынтымак бол кыргыз элим,
Сабырыңды бек карманып.

## ЭЛИМДИН ЫНТЫМАГЫ БЕКЕМ БОЛСУН

Ажо болсун калыс сүйлөп акжолтой,
Акылдуулар колдоп жүрсүн, сан колдой.
Партиядан партияга бөлүнүп,
Жүдөтпөсүн бечара элди, кош жолдой.

Жөнөкөй элдин кем-кечесин көргөндөр,
Калыс сүйлөп, кайрат кубат бергендер.
Өзүм дебей, жайым дебей дайыма,
Бирдей карап элге көңүл бөлгөндөр.

Кыргыз жерин өнүктүрүп өстүргөн,
Ажо болсо, эли болот жеткилең.
Экономика жогорулап байма бай,
Кармайт элин өз жеринен кетирбей.

Эртеңкисин ойлоп дайым кыргыздын,
Келечегин түптөп бекем уул-кыздын.
Аң сезимди өсө турган жаштарды,
Алга сүрөө милдетибиз бул биздин.

Кудай берип узун өмүр амандык,
Улуу адамдар жакшы жолго баштасын.
Токчулукту берекени жаадырып,
Ыймандуулук ынтымакты сактасын.

Биримдиктүү, ынтымактуу болсоңор,
Ичи тарлар бөлө албайт ортодон.
Көрө албастын курмандыгы болбостон,
Таза иштеп, ыйык сактап ордоңор.

Жаштарыбыз ынтымагы күч болсун,
Түндүк менен туу алдында бир болсун.
Кара жемсөө, жемекейлер жоголуп,
Экономикалык жактан элим оңолсун.

Тоо койну толгон байлык, кенибиз бар,
Талаабызда берекелүү даныбыз көп.
Тебелетпей жат буттарга жерибизди,
Кайраттуу бол, жаштар тайманбас бол.

## САДЫРГА БОШТОНДУК БЕРГИЛЕ!

Ойлоң элим келечекти,
Уул-кыздарың калыс өссүн.
Мекеним деп күйгөндөрдүн,
Жүрөгүнө арман толду.

Барга көшпөй, жокко чөкпөй,
Ойлонолу, отту кечпей.
Ынтымакты туу туталы,
Ырыскыны бөөдө теппей.

Кереги жок коогаландын,
Биримдиктүү тынчтык керек.
Кут орногон жерибизди,
Карегимдей сактайм , десек.

Жолборс жүрөк жалтанбаган,
Көздөрүнөн жалын жанган.
Жапаровдой уулдарды,
Жалаа менен камап салган.

Ак жеринен жалаа жаппай,
Далили жок, күнөө такпай.
Бошоткула Жапаровду,
Эркиндикти самап жаткан.



Адилетсиз бул сотторго,
Эл жүрөгү канап турат.
Калыс карап адилет чеч,
Акталышын самап турат.

Бул кумтөрдүн мафиясы,
Илгертен эле,элге дайын.
Кыргыз үчүн күйүп, бышып,
Чындык издейт, Садыр дагын.

Калыс карап чындык жеңсе,
Жапаровго боштондук берсе.
Деп суранат ажообуздан,
Көп балалуу батыр эне.

## АЙЫЛ КӨРКҮ АЙЫМДАР

Кызматка дагы үлгүрүп,
Көрсөтүп дайым үлгүнү.
Мыкты айым атыккан,
Энелер куту, үйүнүн.

Курак курап жылдыздай,
Тоо койнунда нур кыздар.
Шырдак жасап, боо токуп,
Айылдан чыккан ууз кыздар.

Той өткөрүп айылда,
Кыз узатып дайыма.
Куда тосуп меймандап,
Ак дасторкон жайышкан.

Быжы куюп, өрдөк – деп,
Өнөрлөрүн көрсөткөн.
Өпкө куюп өзгөчө,
Ак кууларга окшоткон.

Таттуу ширин жагымдуу,
Даамдарды тартуулап.
Мейман тосуп жайдары,
Алдына адам салдырбайт.

Иштетип койдун жүндөрүн,
Сабап тытып түрлөнткөн.
Боекко салып боешуп,
Кыздарына үйрөткөн.

Кетирбей текке топоздун,
Жүнүнөн аркан эшишкен.
Кой жүнүнөн айырма,
Бышык болот дешишкен.

Эчкилерди кыркышып,
Жүнүн майда тытышып.
Жандыкка көгөн жасашып,
Байлаган катар тизишип.

Айылда түйшүк ушундай,
Козу-улак кармап, тутушмай.
Жылкы, уй, топоз саап,
Май, курут жасап чыгышмай.

Бээ саап кулун байлаган,
Жылкысын кырдан айдаган.
Конокко келген мейманга,
Бал кымызын арнаган.

Жайлоодо кулун байлаган,
Кымызын элге арнаган.
«Камбар ата» тукумун,
Ат чабышка камдаган.



Эл сактаган айбаттуу,
Курманжандай кайраттуу.
Ат жалында чоңойгон,
Батыр кыз бол – дейт атасы.

## ҮЧ-ТӨБӨ ТАЛАНТТАР ОРДОСУ

Ата-энелер баарлашып,
Таланттарды тандашып.
Көркөм өнөр, мектеп ачып,
Уул-кыздарга арнашты.

Пианино, комузчу,
Акардеон бөлүмү.
Өзгөчө чыгып жүгүнүп,
Комузчулар көркөмдүү.

## БАКИРДИН КАРМЫШАКОВГО

Тоо жаңыртып, шаңдуу чыккан үндөрү,
Таңшыйт дайым, үч кыл комуз күүлөрү.
Кол ойнотуп «маш ботойду» шаңшыткан,
Бакирдиндин кыздарынын сүрөөнү.

«Токтогулдун тогуз кайрыкы» күүсүн черт,
«Чоң кербезди», «Кербезимди» дагы черт.
Сынактарга комузчулар даярдап,
Чоң комузчу чыгарсам дейт, үмүттө.

Ноталарды окуучуга үйрөтүп,
Комуз кылын чебер тартып, күүлөтүп.
Чоң команда комузчуну даярдап,
Сахнада комуз черткен түрлөнтүп.

Бөлмө ичи шаңга толуп дайыма,
Кароолорго сынактарга барууга.
Даярданыш кызгалдактай кийинип,
Кыздар шашчу, биринчилик алууга.

Көңүл кушун көкөлөтүп Бакирдин,
Кыздарынын кыйындарын чакырчу.
Даярдаган дилгир кыйын уул-кызы,
Конкурска алып барууга шашылчу.

Комуз күүсүн шартылдатып чертишкен,
Ак куу сымал кыздар бүтүп кетишкен.
Алтын колуң алсыраткан, шум ажал,
Капысынан, арабыздан алды тез.

Мектебиңе атың коюп беришти,
Жылдыз кызың ишиңди улайт, кейиштүү.
Өлсөң дагы атың өчпөйт түбөлүк,
Чын дүйнөдө аралап жүр, бейишти.

## АРЗЫБАЕВ АКЖОЛГО

Акжол азыр аккордеон үйрөтөт,
Окуучусун көңүл черин гүлдөтөт.
Ар бирине кунтун коюп шашылбай,
Балдар менен кечке чейин иштешет.

Жубайы Айнаш дайым бирге жанында,
Эриш аркак бирге иштешет айрылбай.
Күчтүү чыксын биз окуткан балдар ,деп,
Мыкты өнөр үйрөтүүнүн камында.

Үмүт күчтүү, үмүт дайым алдабайт,
Кыйын балдар билим алсын, тандалган.
Аккордеон пианино үйрөнүп,
Музыканттар өсүп чыксын Алайдан.



Алга сүрө, кыйын зээндүү уулдарды,
Тарбияла, аты чыкса бул жакшы.
Мыкты окуп мээнетиңди кайтарып,
Желбиретсин, Кыргызстандын тууларын.

## ОБОНЧУ ЧЫҢГЫЗ ТУРДУБЕКОВГО

Үч-Төбөнүн сыймыктанган уулусуң,
Талантыңа таазим кылат, эл журтуң.
Кыргызстанды дүңгүрөтүп дүйнөгө,
Ырдай бергин элдин уулу, Чыңгызым.

Өмүрлүү бол, ден соолугуң чың болсун,
Толкунданган жүрөгүңдө ыр болсун.
Жүзүң жайнап, жылдыз болуп дайыма,
Аллах мактап, элиң менен бир болгун.

Адабият майрамында алынган,
Айтматовдой дүйнө элине таанылган.
Атың чыксын, обон созуп жаркылдап,
Аалам уксун, ыр дүйнөңдү жаңырган.

Аксакалдар ак батасын арнашат,
Апаларың ак жол сага каалашат.
Ар намыстуу Чыңгызбектей талантты,
Алай калкы урматташып, баалашат.

## ТУРДУБЕК ҮРКҮНБАЕВГЕ

Мектеп ичин жанданткан,
Тамаша тойду шаңданткан.
Жадырап жүзү нурланып,
Обон созуп таңданткан.

Мектепте иштеп көп жылдар,
Оюн шоокто көп турбай.
Жылдызы жанган Турдубек,
Аккардеон тартып ыр ырдап.

Таңдайынан нур чачылган,
Обондуу ырлар таңшыткан.
Үч-Төбөнүн элдери,
Алкышына татыган.

Күтөт дайым Алайың,
Сагынат элиң ар дайым.
Эмгектенген мектебиң,
Күтүшөт сени ар дайым.

## ТОКСОНБАЕВ КАЛЫККА

Комузун колдон түшүрбөй,
Ызгаар суукта үшүбөй.
Берилип дайым күү чертип,
Калкына жаккан бүтүндөй.

## ЧОТУРОВ АЙДЫГА

Чотурдун уулу Айдынын,
Таланты күчтүү дайындуу.
Аккордеон чертип үн коштоп,
Черин жазчу айылдын.

Завклуб болуп иштеген,
Атасы кары киши эле.
Чарбасын карар адам жок,
Бошоп алган иштебей.



## МАРТАЕВ МАМАШКА

Мартаев Мамаш комузчу,
Коңур чыккан добушу.
Атасын тартып уул-кызы,
Жөндөмдүү комузчу болушту.

## КАРМЫШАКОВ БАКАЛБАЙГА

Аккордеон тартып добуш коштондо,
Жаңырыктан , тоолор кошо коштогон.
Үнүң таза, күчтүү талант сен элең,
Таштап салдың , эркиң мынча бош эле.

## КАРМЫШАКОВ БЕРДИБАЙГА

Күнүң жоктур, аккардеон тартпаган,
Сахна жоктур, сенин бутуң баспаган.
Кароолорго, сынактарга катышып,
Алкыш алдың, элиң сени мактаган.

## АБДИЛАЗОВ АРАПБАЙГА

Комузга да, ырга дагы шыктуусуң,
Сахнадагы ролго да мыктуусуң.
Далай жолу ыр кеседе комузуң,
Шаңдуу чертип, обон созуп турчусуң.

## КҮРГҮНБАЕВ БАЗАРБАЙГА

Базарбай барктуу, дагы таланттуу адам,
Маңдайынан жылдыз жайнап, наамы жанган.
Жамактап комуз чертип, ырдаганда,
Таңдайынан ыр кубулат элге арнаган.

## КУЛБАКОВ АКЫЛБЕККЕ

Эрке айым, Акылбек эки жубай,
Комуз чертип бирге обон созуп турат.
Жан дүйнөсү берилип ырларына,
Көңүл коюп эли дайым тыңшап угат.

## КУТТУКТОО

Амансыздарбы ардактуу элим,
Кут орногон кыргыз жерим.
Оомат келген Ошума бүгүн,
Салам айтат Алай эли.

Алымбек датка атабыз,
Курманжандай апабыз.
Жердеген Алай калкынан,
Силерге куттук айтабыз.

Кут конуп Оштой жериме,
Меймандар бүгүн келишкен.
Түрк маданий борборун,
Ош шаарына ачып беришке.

Билими күчтүү мыктылар,
Өнөрлүүлөр шыктуулар.
Карыя дебей жаш дебей,
Алга озуп чыкчулар.

Кут болсун жакшы жаңылык,
Куттуктоолор агылып.
Шандуу чыксын доошуңар,
Достуктун ыры жаңырып.



Тынчтык болсун жеримде,
Ынтымак орноп элимде.
Баардык улут биригип,
Таза болсун көңүлдөр.

Урматтуу азиз коноктор,
Дили таза боордоштор.
Тилегибиз бир болсун,
Акжолтой болсун бул борбор.

Көп улут элим, көңүл бур,
Ошума оомат келиптир.
Кут болсун шаңдуу күнүңөр,
Кудайым элге бериптир.

Куттуу болсун кубаныч,
Өзгөчө көңүл буралык.
Түрк маданий борборуна,
Куттуктоо айтып туралык.

Урмат менен сыймыктанган мактанган,
Курманжандай датка менен даңкталган.
Ак ниет чынчыл мээримдүү элинин,
Жолун улап, Даткалар, деп аталган.

Ушул топтун чыгармачыл кыздары,
Көчмөндөр оюнунда ырдады.
Боз үй тигип, чокой кийип, төө минип,
«Кыздын чачын өрүү» салтын улады.

Каада салтты нарк насилди унутпай,
Түркүн түстө оймо сайма жайып турушкан.
Таң калышып суктанышып чет элдик,
Кармап көрүп, нечен түрдүү улуттар.

Көздүн жоосун алган этно кийимдер,
Оймо салган терилерден кийишкен.
Илгерки өткөн энекелер кооздошуп,
Эчен кыял оюу менен тигишкен.

Дүйнөлүк бул көчмөндөр оюну,
Бурду өзүнө көргөндөрдүн көңүлүн.
Унутулуп кеткен ушул каада салт,
Эске салды буюмдарын көбүнүн.

Салтанат Аманова жетектеп,
Кыргыз салты кыздын чачын өрүшкөн.
Улуттук улуу каада салттарга,
Чеберчилик менен көңүл бөлүшкөн.

Жайлоосунда төө минип Кырчындын,
Үй тигишкен боолор тагып миң түркүн.
Уюштурган Кадырова Жамила,
Өз мойнуна алып, баардык түйшүгүн.

Аракети энелердин түйшүгү,
Сапар алып, алыс жакта жүрүшү.
Түйшүктөрдү далай эле жаратат,
Кыргыз үйдү тигип, кайра жыйышы.

Намыс деген, бир улуу журт намыстан,
Түйшүктөрдү чогуу жасап талыкпа.
"Датка эненин" кайратынан үлгү алып,
Мөөрөй алып алга озгула жарышта.

Катарларын көбөйтүшүп сулуулар,
Улам-улам иштери алга жылууда.
Ар биринин эмгектерин баалашып,
Чолпонайлар медаль тагып турушат.



## Облустук көз оорулар бөлүмүнүн мыкты врачтарына жана кызматкерлерине

Көз оорулар бөлүмүн жетектеп,
Райондор аралык эл келет , деп.
Дабалаган дарыгерге элимдин,
Алкыштарын бүтө албадым, эсептеп.

Бейтап келсе, камкордукка алышат,
Жадырашып, мээримдерин салышат.
Капа кылган көңүлдөгү кириңди,
Бир заматта ойдон айдап салышат.

Көбү келет көздөрүнөн жабыркап,
Көңүлдөрүн көтөрүшөт дарылап.
Алтын колдор адамдарды кубантып,
Ак кызматын элге арнайт талыкпай.

Күлүп жайнап медсестра жадырап,
Тосуп алып каттоосуна алышат.
Качан жана эмне болуп ооруган,
Тактап туруп аппаратка салышат.

Дартың тактап, операцияга алышат,
Көрбөй калган, дартыңды алып салышат.
Караңгылык каптап турган көзүңдөн,
Бир заматта жарык шоола чачылат.

Халатындай дили таза дарыгер,
Узун өмүр, чын ден соолук каалайбыз.
Алтын колуң адамдарды дарылап,
Алкыш алып амандыкта ,жүрө бер.

Милдетибиз, бул биздин деп сезишет,
Укол сайып, дары куюп беришет.
Жетелетип, көрбөй келген бейтапка,
Жаңы жашоо жарыкчылык беришет.

Жүз кайталап рахматын айтышып,
Алкыштарын жаадырышып, шашылып.
Үйлөрүнө кубанычтуу кетишет,
Көзү көрүп, өздөрүнчө басышып.

Ынтымакты , биримдикти туу тутуп,
Тартип менен тазалыкты кармаган.
Адамдарга ак ниет кызмат көрсөткөн,
Эриш аркак, бири-бирине жамаатташ .

Өмүрүңөр узун болсун дайыма,
Ден соолукту, кудай берсин баарыңа.
Дабагерлер, ыр дестемди тартуулайм.
Баарыңарга, чын жүрөктөн рахмат!

*Дарылануучулардын атынан:*
*Ормонова Кенжебу*

**Алай райондук борборлоштурулган эмканасынын балдар бөлүмүнүн врачы**

**АКБЕРМЕТ СУРАНОВАГА**

Балдар үчүн эмгектенип күнү-түн,
Жандандырган энелердин үмүтүн.
Бейтаптаган бөбөктөргө өзгөчө,
Арнап турат аябастан бар күчүн.

Ишканасын тыкан таза сактаган,
Тартипти да талап коюп кармаган.
Алдым жуттум, арам нерсе жөнөтпөй,
Гипократтык берген антын актаган.

Тажрыйба топтоп, көп жыл стаждуу,
Дабаагер бул, татаал жолду көп басты.
Баласы ыйлап, бейтаптаган энелер,
Шыпаа таап, алкыш сөзүн арнашты.



Рахматын алды дайым элинен,
Кызматына жан дилинен берилген.
Эмгегинен үлгү болгон Акбермет,
Суранбайдын мыкты кызы дедирген.

**КАСЫМБЕКОВ АДАМЖАНГА**

Ак-Босого ФАПында ишин баштап,
Көп иштерди аткардың, күчүң сарптап.
Ак эмгегиң бааланып элиң үчүн,
Ийгиликтер коштоду, малчы мактап.

Кайрат менен дайыма жумшап күчүң,
Жөө кыдырдың, айыл ичин албай тыным.
Малчыларга көчмө аптека уюштуруп,
Дары берип, дабалап чыдап жүрдүң.

**Үч-Дөбө саламаттык сакчылары**

**КАДЫШОВ ДАДАБАЙ, ЖУСУПОВА СОНОАЙЫМГА**

Эң алгачкы Үч-Төбөнүн ФАПында,
Кадышов Дадабай иштеп жашында.
Айыл элин малчыларды тейлеген,
Ат үстүндө кышы жана жайында.

Малчылардын абалынан кабар алып,
Таң саарлап аттарына минип алып.
Көчмө аптека уюштуруп, кайра кайтчу,
Дары- дармек, уколдорун салып барып.

Чачкын эле, ар кай жерде малчылар,
Өрдөш, Кыркоол, Күртүк жана Шарты бар.
Боюнда бар аял болсо, токтоосуз,
Жаткыруучу төрөт үйгө, ар жума.

Эмгектеш эки жубай дайыма,
Милдетибиз – деп эсептеп малчыга.
Ак дилинен эмгектенген жубайлар,
Ыраазылык аябастан алышкан.

## МАТИЕВ КОРГОНБАЙГА

Маданият айылындагы дарыкана,
Ак кызматын арнап турган, жалпыга.
Бейтап келсе, жасап аяр мамиле,
Айыктырчу, жылуу сүйлөп жалпыга.

Ар коктуда жайгашкан чабандарга,
Дары-дармек аптекасын ала барган.
Суук тийип, ооруп калган адамдарга,
Дары ичирип, укол сайып дабалаган.

## ЖУСУПОВ ШЕРАЛИ

Ак-Босого айылындагы ФАПында,
Жакшы иштерди жараттыңар, жашында.
Алкыш менен элинен бата алып,
Шералини көбү турчу кадырлашып.

Кыска гана өмүрүң, өрнөк болду,
Көп ийгилик жаратып бермек болдуң.
Аттиң арман, максатыңа жетпей калдың,
Кырсык болуп оо дүйнөгө аттандың.

Уулуң Айтпай ата жолун улантып,
Эли журтту, туугандарды кубантты.
Өмүр берсин, калганын балдарына,
Шүгүр кылып ушуга биз туралык.



## СҮЙҮНБАЕВА КАЛБҮГӨ

Кызыл Алай айылдык эмканада,
Эл үзүлбөйт, сага келип жардам алган.
Бейтаптардын акыбалын утур сурап,
Дары эмес, мээрим салып, мээрим чачкан.

Колу жеңил Калбүнүн мээримине,
Бейтаптары сергий түшүп, үйгө кеткен.
Ыраазылык сөздөрүн тартуулашып,
Рахматын, алкышын алды, көптөн.

Тынымы жок, айылды көп кыдырган,
Бейтап болсо дабалап, тынч алдырган.
Укол сайып, керектүү дарыларын,
Табылбаса, борбордон тез алдырган.

Ай күнүнө жетип калган аял болсо,
Жакындаган толгоосу дагы болсо.
Борборго тез жеткирип дарылаткан,
Төрөтүүчү, толгоосу жакын болсо.

## АРИНОВ КАМАЛДИНГЕ

Окууну чогуу бүтүп, бирге иштеп,
Элинин ден-соолугун ойлоп жүргөн.
Чоң участка Үч-Төбөнүн борборунда,
Малчыларды көпо тейлеп, эл деп күйгөн.

Бардыгы чогуу окуп келген эле,
Бири-бирин, бир туугандай көргөн эле.
Элимдин ден-соолугун сактайлы деп,
Убадасын чогуу бирге берген эле.

Иштешти, ден соолугун аябастан,
Ашуу ашып, азап менен көп жол баскан.
Ушул кыйын адамдардын эмгектери,
Алкыштары, жаратууда ыр саптарын.

## КООМДУК ИШМЕР АЛЫМБЕК АСАН БИЙ УУЛУ
*(1799-1862) датка атабыздын 220-жылдыгына*

Бабалар баскан улуу жол,
Аталардын ыйык жол.
Тайгылбай басып бул жолду,
Тайманбаган чынчыл бол.

Өткөндөгү эрдиктерин бабалардын,
Басып өткөн татаал жолду аталарым.
Эли үчүн, канжыгага баш байлаган,
Эскерели унутпастан, эстеп дайым.

Жаш кезинен ордо ишине аралашкан,
Калкы үчүн, кара жанын аябаган.
Элинин эркиндигин эңсеп жүргөн,
Эрдигинен аталардын сабак алган.

Илимдүү, агартуучу болуп келген,
Балдар үчүн медресе куруп берген.
Жаштардын келечегине көп ойлонуп,
Өмүрү ат жалында өткөн экен.

Так талаш, кандык талаш чыркыраган,
Ордонун ынтымагы ыдыраган.
«Түндүк менен туу алдында бирге бол»-деп.
Кыргыздын ынтымагын чындап турган.



Уулдары эркиндик деп күнөтүшкөн,
Элинин тынчылыгын күзөтүшкөн,
Абдылдабек жана анын жигиттери,
Элин коргоп ат жалында күрөшүшкөн.

Душманына тике карап, жалтанбаган,
Үлгү алып аталардан акыл калган.
Теңдик жашоо, өз элине эркиндик деп,
Күнү-түнү чапкылаган, жанын сабап.

Кара ниет душманынын кастыгынан,
Ак ордодо Алымбектин башы алынган.
Камчыбеги дарга асылып сыздаса да,
Курманжан эл тынчтыгын сактап калган.

Тарыхы өткөн күндү даңазалап,
Эстелиги Алымбектин атчан турат.
Коздолгон сүрөттөрдөн нур чачырап,
Көөнөрбөс кыргызымдын көчү уланат.

*2017-жыл*

## ДААНЫШМАН ДАТКА ЭНЕБИЗГЕ 208 ЖЫЛ
***(1811-1991)***

Энекебиз Курманжан датка даңкталуу,
Эли үчүн каадасы улуу, баркталуу.
Аял заттан акыл эси өзгөчө,
Баалагандын жүрөгүндө сакталуу.

Дүйнө элине атак даңкы тараган,
Даанышмандын зиректиги бааланган.
Эл таламын коргоп, калкын аялап,
Күч кайратын өз элине арнаган.

Атагы дүйнө кезген, бул ааламда,
Өмүрү өрнөк болгон урпактарга.
Генерал наамын алып кызматы үчүн,
Эмгеги дастан болгон бүт жаштарга.

Николай падыша баалаган.
Өзгөчө белек камдаган,
Зээндүү ишкер даткага,
Алтын саатын арнаган.

Биринчи саатын белекке,
Арнап берген энесине.
Экинчи саатын тагыштыр,
Даанышман датка энеге.

Даңазалап алайымдын падышасын,
Музей куруп, көкөлөтүп атак даңкын.
Түбөлүккө эрдигине таазим кылып,
Эстеп жүрөт, эскеришет Алай калкым.

## АРНОО

Өздөрүнөн өсүп, өнүп көбөйгөн,
Уул-кыздары удаалашып төрөлгөн.
Кудай берип, ата-эненин тилегин,
Акыл эстүү, аң сезимдүү чоңойгон.

Тарбиянын таасиринин күчүнөн,
Билим алып, окуу жайды бүтүргөн.
Чыдамкайлык талыкпаган аракет,
Келечектен көптү үмүттөндүргөн.



Ата-эненин акыл кебин көп угуп,
«Кайраттуу бол, эмгекчил бол»-деп угуп.
Ар бир уккан, ошол сөздөр дем болуп,
Күчүнө күч, намыс кошту уулунун.

Көп катары эмгектенди, эл үчүн,
Коомдук ишке жумшады, бүт дем-күчүн.
Ар бир күнүн, дем алышсыз өткөрүп,
Убакыт аз, эс алууга өзү үчүн.

Бала кезде ойлонуучу, үмүттө.
Көнүл көксөп чыгууну эңсеп бийикке
«Уунун башы улардан», деп айткандай,
Улак атып жолун ачкан кийикке.

Тоо арасы сүрдүү жана сырга бай,
Ууга чыгып, көңүл ачкан аябай,
Мал күтүшүп, дыйкан чарба түзүшүп,
Көк сууларда, мал багышкан байма-бай.

Соопчулуктун иштери үчүн кеңешип,
Жол тегиздеп, көпүрөлөр ондошуп.
Жаштарына акыл кеңеш беришет,
Ынтымактуу биримдикте бол дешип.

Калмактар чаап, алган экен элдин үшүн,
Калган экен журтта улуп, жалгыз күчүк.
Ошол күндөн, ушул күнгө айтып келген,
Балалыгы өткөн жайлоо, Сарыкүчүк.

Мыкты аткарып, армияда милдетин,
Ленинградда, аскер деңиз флоттун.
Сыймык менен парадына катышкан,
Делегаты болуп келген, слеттун.

Ак батасын алып, ата-эненин
Эске сактап, агалардын кеңешин
Сый-ызатын карылардан аябай,
Алкыштарын дайым алып келгенсиз.

Урмат сыйын көргүлө уул-келиндин,
Орун колдон, жерден алсын жеңилин.
Узак жашап жеңем экөөң тең карып,
Кудайым берсин ден-соолукту, өмүрүн.

Беш убакыт намазынан жазбаган,
Теспе түшпөй колунан, эч шашпаган.
Эл журтунун тынчылыгын көп тилеп,
Аллахты айтып, алга кадам таштаган.

Атам тилеп койгон аты Асыран,
Узак сапар барып келген Аксыдан.
Наасат сөзүн угуп дайым атамдын,
Кудай берген ыймандуулук жашынан.

Ак тоюңуз, тойго дайым улансын,
Уул келиндер урматташып, сыйлашсын.
Ак батасы тийип элдин балдарга,
Турмуш жолун узак жашап, бир басың,

Неберелер көшөгөсү көгөрсүн,
Тең жарышып, өсүп өнүп көбөйсүн.
Элдин алып ак батасын, алкышын,
Кудай берип алтын бешик өңөрсүн.



## СОГУШ ТАКТАРЫ - КҮТҮҮ

81 жаштан ашкан ушул байбиче,
74 жыл жол карады, таң кечке.
Эки жашында атасы кетип, согушка,
Тирүү болсо, үйгө келмек эмгиче.

Ал мезгилде кыйын жана каатал заман,
Үч-Төбөдө Кызыл-Аскер жашап жаткан.
Большевиктер эл менен бирге болуп,
Билимдүүлөр эл башкарып, иштеп калган.

Эшалиев Дербишали ошол кезде,
Кызыл-Аскер катары келген дешет.
Бегайымдай сулуу кызга башын кошуп,
Күйөө бала болуп, жашап калган экен.

Сельсоветке төрагалык кылып турган.
Колхозду оңдоп, гүлдөтүүгө көңүл бурган.
Капысынан каардуу согуш чыгып кетип,
Тайманбастан, биринчиден жоого аттанган.

Эки жашар Кализасы колунда бар,
Бегайымдын тогуз айлык боюнда бар.
Бир кудайга аманат таштырдым, деп,
Дербишали кан майданга сапар алган.

Каты келген, Украинага келдик,деген.
«Аман төрөсөң, атын койгун Эсенбек»-деп
Ошол бойдон кат токтогон, кабары жок.
Кайтпай калды атакеси күтүп келген.

Аман эсен төрөлгөн Эсенбайы,
Эже, ини чоңоюшту ыйлап дайым,
Эстүү болуп, Эсенбай бойго жетип,
Мал догдуру болду, иштеп элге жакты.

Согуш бүттү келбеди, дайыны жок,
Өзү менен кеткен келди, кайрылган жок.
Муңканткан, жалгыз гана каты калды.
«Эсенбек» кой эсен-аман төрөсөң,деп.

Тоо томкороор мезгилде, Эсенбайдын,
Ичегиси түйүлүп ооруп калды.
Туура эмес операция жасап коюп,
Кырчынында кыйылып дүйнө салды.

Жеңиш келди, атакеси келбеди,
Өңдөн азып, Кализа санаа чекти.
Күтүп жүрдү, үмүт менен унута албай,
Күтүү менен өткөрдү таңды, кечти.

Кан кечип, согуш бүтүп аман эсен,
Денесинен жаракат алып келген.
Ичээр суусу, туз насибин кудай буйруп,
Ата-журтка кээ бирөөлөр аман келген.

Кусалыктан Кализа ыйлап жүрдү,
Атасын да, инисин да жоктоп, күттү.
Военкомдон издөө салып сурамжылап,
Атасынын дарегин, дайнын билди.

Берлинге туу сайган жеңиш үчүн,
Канчалаган канын төктү, күнү бүтүп,
Дайынсыз алааматтан азаматты,
Унута албай кызы жүрөт, жолун күтүп.



Күттү кызы жол карап, ыйлап-ыйлап,
Атасынын досторунан улам сурап.
Атасынын элеси көздөн кетпей,
Кол булгалап тургансыйт, алыс-узак.

Бала кезден үмүт үзбөй, жол карап,
Күтө берди, күтүп жүрдү, күн санап.
Атасынын теңтуштарын көргөндө,
Унутпай, жүрөгүнө кайгы салат.

Көпкө жүрдү үмүт үзбөй, күн өттү,
Кайгы тартып, капаланган күндөрү.
Туугандардын сөзүн угуп, акыры,
Темир аба Бегайимге үйлөндү.

Гүлүйпадай, Кенжекандай синдилүү,
Амандай, Нурмаматтай инилүү.
Колу узарып апасынын кичине,
Кализа да санаа тартпай, тынчыды.

Изилдеди, тапты акыры кабарын,
Элестетип Украина талаасын.
Бомба түшүп, ошол кезде атамды,
Топурак көмүп, жашырып калбасын?

Ушул ойлор, ушул күдүк санаалар,
Келе берет башына ойлор, ар кандай.
Ар жыл сайын жеңиш күнү келгенде,
Эскерилет, эске түшөт кайрандар.

Ата-жыты сагынтып, көп ойлонтот.
Бул турмуш, ойлогондой текши болбойт.
Арман, азап кайгыга бөлөнсөң да,
Бөксөргөндүн орду эми кайра толбойт.

Украинадан кабарын тапты бирок,
Барууга мүмкүн эмес, ыйлап жүрөт.
Эстелигин тургузушту өкмөткө,
Унутулбайт, сыздап, күйөт кайран жүрөк.

Уруксат болсо, Украина жерине эгер,
Күч кубатын жыйып, анда барып келмек.
Куран окуп, атасынын мүрзөсүнө,
Кусалыгын таратып, кайра келмек.

Курманжандай Алайдын чыгаан кызы,
Көп иштерди бүтүрдү, анын күчү.
Усулдук кабинетти жандандырган,
Мугалимдер арасында баркы күчтүү.

Бак дөөлөттүү байбиче болсо дагы,
Базар үйү, уул кызга толсо дагы.
Неберелер, чеберелер бой жетишип,
Жашоо турмуш ойдогудай болсо дагы.

Ата жыты сагындырып күнү-түн,
Өкүнүчтө жүргөн үзбөй үмүтүн.
Өмүр бою көз алдынан кетпестен,
Ээлеп жүрөт, жүрөгүнүн бир бурчун.

Жакшы жашоо, тынчтык күндү тартуулаган,
Душманга тизе бүгүп, багынбаган.
Эр жүрөк кыргызымдын кыраандары,
Жоо алдында сыр алдырбай сатылбаган.

Эл үчүн жан аябас, эр азамат,
Жүрөгүндө, ысымынды элиң сактайт.
Кашык каны калганча, кармашкандар.
Түбөлүккө, эрдигинди элиң даңктайт.



## СОНО ЭЖЕГЕ

Отуз жыл иштеп, бел чечип,
Тоготпой ызгаар, кар кечип.
Ошондогу кыздарын,
Отурат бешик терметип.

Кырк жылдар иштеп, бел чечип,
Кыйналып кышта, кар кечип.
Ошондогу балдарың,
Кырк жашка чыкты, эр жетип.

Жарыкка келген бөбөктүн,
Өмүрүн сактап калдыңыз.
Көпчүлүк берип батасын,
Көтөрүлдү баркыңыз.

Ай толуп бүгүн, он беши,
Келишти, сизге гүл кармап.
Күн нурун чачты, сиз үчүн,
Куттуктап сизди тургандай.

Өмүрүңүз узун болсун,
Узак жашка жашаңыз.
Себеби сиз, баарыбызга,
Киндик кескен апабыз.

Баатыр эне кыламын,деп силерди,
Соно эженин ушул болчу, тилеги,
Жанын үрөп, ден соолугун ойлонбой,
Тике турчу энелер үчүн билемин.

Ар намысты бийик коюп алдыга,
Эл мактоосун эбегейсиз алдыңар.
Уулдардын урмат сыйын көрбөстөн,
Неберелерди үйлөй албай калдыңар.

Эскеребиз, эстен чыккыс жансынар,
Түбөлүккө эсибизде барсынар.
Кызматынар, элдин чыкпайт эсинен,
Ак эмгектен чыккан эле даңкынар.

## ОКТЯБРДЫН НУРУ ТИЙИП ЭЛИМЕ

Октябрдын нуру тийип элиме,
Кызыл туусу кыргыздарда желбиреп.
Орнотууга советтердин бийлигин,
Күрөшүшүп, эрдик кылып келишкен.

Сырткы жана ички душман көп болуп,
Элим турду, аларга каршы чеп болуп.
Жаркын, жакшы келечекке умтулуп,
Азаматтар бек турушту, от болуп.

Нарматов Бакир, Бубаев Жолдош дегендер,
Эли үчүн күчүн сарптап, кенебей.
Совет бийлигин орнотууда Алайга,
Каармандыкты көрсөтүшкөн, кебелбей.

Жээнали Орозов, Бокоев Абдрай бир баскан,
Тап душмандар менен катуу кармашкан.
Анарбаев Акматали, Алимов Жоро дегендер,
Ички-тышкы душмандардан сакташкан.

Тойчиев Адыл, Сулайманов Парманас,
Эли үчүн күч-кубатын арнашкан.
Өмүрлөрүн тобокелге салышып,
Каармандыкты жаратышкан, сандаган.

Жаанбаев Сарыбай, Султанов Кадырмаматтар,
Алайымды душмандардан тазалап.
Коммунисттик жаштар мектебин ачышып,
Батрактын балдарына арнашкан.



Э. Алиевдин «Кызыл жылдыз» ордени,
Үч жолку, күчүнө күч дем берген.
Биринчи орденин алып Алайдан,
Каармандыкты көрсөткөнүн билдирген.

Алайымдын мыкты атуулдар дем берген,
Совет бийлигине каршы турган ким деген?
Чечкиндүү күрөштөрдү түзүшүп,
Томоякты, батракты колдогон.

# КУТТУКТОО ЫРЛАРЫ



## КУТТУКТОО

Октябрь айы – майрамы карылардын,
Ак сакалдуу, бубак чачтуу баарынардын.
Улгайганда урмат сыйды чогуу көрүп,
Майрамдарды аман тоскун, ар жыл сайын.

Уул-келин камкордугун аябасын,
Карыларын төрүндөгү аярлашсын.
Бапестешип ата-энени ардакташып,
Узак жашап алар дагы убай тапсын.

## ФАРИДА

Туулган күнүң куттуу болсун,
Чын ден соолук, өмүр берсин.
Узак жашап жарың менен,
Уул-кыздардан урмат көргүн.

Бул жашоодо ыйман болсун,
Бак-дөөлөттү кудай берсин.
Кыз чыгарып, келин алып,
Жакшылыкты насип этсин.

Жаркылдашып күлүп жүрсүн,
Клиенттериң тиши бүтүн.
Элге жагып ак кызматың,
Ийгиликтер коштоп журсун.

## КАРАМАТ

Туулган күнүң куттуу болсун,
Ден соолук, узун өмүр Аллах берсин.
Балдарың эс акылдуу чоңоюшуп,
Жүзүңдөн мээрим кетпей, күлкү ойносун.

Максаттарың, келечекте ишке ашаар,
Коп кырдуу турмуш жолун, адам басаар.
Барга көпшөй, жокко чөкпөй сабырдуу бол,
Кудай берсе, берекесин мол чачаар.

## ТУРСУНБЕК

Туулган күнүң куттуу болсун Турсунбек,
Тилегибиз сак саламат жүрсүн , деп.
Уул- кыздардын урмат сыйын тең көрүп,
Узак жашап, бирге өмүр сүрсүн ,деп.

## ГҮЛНАЗ

Куттуу болсун туулган күнүң Гүлназым!
Наристелер жакшы көргөн сырдашы.
Сен чоңойтуп бапестеген бөбөктөр,
Сыйлап жүрсүн, аябастан ызатын.

Негизгиси ден соолугуң чың болсун,
Күлкү кетпей жүзүң жаркып нур толсун.
Ынтымакта кадырлашып сыйлашкан,
Ага-иниң, эже-сиңдиң тынч болсун.

Тагдыр салган сыноолорго чыдайлык,
Баардыгына сабыр кылып туралык.
Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болушуп,
Тууган урук аябастыр, урматын.



Тоодо өстүк, булак суусун кандырып,
Тоолор дайым, бизди турат сагынтып.
Таза аба, арча жыттуу жылгалар,
Тартып турат кучагына багынтып.

## МЕДЕРБЕК

Туулган күнүң куттуу болсун,
Көңүлүң дайыма шат, таза болсун.
Аллахым узун кылып өмүрүңдү,
Жашоодо жакшылыктар жылоолосун.

Элиң үчүн кызмат кылган адам болгун,
Күч-кубатын аябастан жумшай берген.
Адамдык эң бийик касиетти,
Ак дилиңден дайыма сактап келгин.

Башыңа бакыт-таалай, оомат консун,
Туугандарың бийик туткан, туусу болгун.
Атадан жаш калган инилериңе,
Акыл сөзүн аябай, насаат бергин.

Жараткан тилегиңди кабыл кылсын,
Туугандар ынтымактуу бирге жүрсүн.
Тең карып, алганыңар жаныңарда,
Уул-кыздын урмат-сыйын чогуу көрсүн!

## БЕКНУРУМ

Туулган кунун куттуу болсун,
Жүзүндө дайым шаттык, күлкү ойносун.
Өмүрүндү узун кылып жаратканым,
Бешененде ата-энен аман болсун.

Торсолондоп, токсон жашка чыгып кары,
Неберелүү, чеберелүү болгун ылайым.
Ак сакалдуу, сары тиштүү абышка бол,
Чоң аталап ээрчип жүрсүн, сени баары.

## НУРСУЛТАНГА

Нурсултаным туулган күнүң куттуу болсун,
Башына бак-таалайдын кушу консун.
Кудайым чың ден соолук, өмүр берсин,
Ата-энең ,аска зоодой тирек болсун.

Бактылуу бол, жашоо жолу миң түркүн,
Рахатын татып жаша, турмуштун.
Алла таала аман сактап, өзүңдү,
Эл уулу бол, эл кызматында жүргүн.

## НУРЭЛГЕ

Туулган күнүң куттуу болсун Нурэлим,
Ата-энеңдин болуп жүргүн, тиреги.
Сабагыңды жакшы окуп тынбастан,
Көптү билип, кебелбестен үйрөнгүн!



## НЕБЕРЕЛЕРИМЕ КУТТУКТООЛОР

Чың ден соолук, өмүр берсин кудайым,
Куттуу болсун студенттик курагың.
Барга жокко ,ачка токко чыдаган,
Кайрат менен чымырканаар убагың.

Бешенеңер ачык болсун дайыма,
Жаштык жигер жанып турсун жалындап.
Билимиңди терендетип мыкты окуп,
Элин үчүн кызмат кылгын талыкпай.

Окууга да, ишке дагы жүгүрүп,
Париж, Лондон, Германия кыдырып.
Аллах дайым сактай көрсүн силерди,
Ата-энеңдин актагыла үмүтүн.

Студенттик күндөрүңөр кут болсун,
Жүзүңөрдөн шаттык жанып нур толсун.
Мээрим салып пешенеңден сылоого,
Ата-энеңер бактыңарга бар болсун.

## СУЙУМКАНДЫН НЕБЕРЕСИНЕ

Бешик боосу бек болсун бөбөктайдын,
Ак бешик ак жолтой болсун дайым.
Удаасынан уул кыздар көп төрөлүп,
Алтын бешик аталсын элге дайым.

Нарк-насилди, каада-салтты сактаган,
Кыргызымдын ар намысын данктаган.
Каныкейдей, Курманжандай кыз болгун,
Ата-энеңдин үмүттөрүн актаган.

## ТОЛКУНБЕК ЖАНА АЙЗАТКА

Ак тоюңар кут болсун,
Башынарга бакыт консун.
Узак жашап тең карып,
Кармашкан колдор, бир болсун.

Көшөгөңөр көгөрсүн,
Өсүп өнүп көбөйсүн.
Кубанычка бөлөнүп,
Наристелер төрөлсүн.

## КУТТУКТОО

Балдарынын көркү болгон энелер,
Табылбастыр өзүңөргө тең келээр.
Азап тартып эрезеге жеткирип,
Уул кызына берип турган, кеп кеңеш.

Саябандуу бакчалардай кулпуруп,
Улам алга уул кыздарың умтулуп.
Элиң үчүн ак кызматың арна деп,
Өмүрлөрүн арнап келет тик туруп.



Майрамыңар куттуу болсун асылдар,
Уул кыздан неберени таптыңар.
Неберелер, чөбөрөлөр көбөйүп,
Аман жүрсө, ошол гана бактыңар.

Чымырканып күч кубатын аябай,
Сабыр тутуп кыйналганга карабай.
Мээрим чачып айкөл эне болгула,
Уул кыздардын бөбөктөрүн аярлай.

## КУТТУКТОО

Кебез сындуу чачын бубак баскандар,
Турмуштун оор сыноосунан ашкандар.
Балдары үчүн бар тапканын аябай,
Уул үйлөп, кыз чыгарып жаткандар.

Кутман күнүң куттуу болсун карылар,
Бүгүнкү күн өзгөчө күн баарынан.
Урмат менен сыйлап турсун балдарын,
Мээрим көрүп жаралышкан каныңдан.

Аруу тилек оюндагы ишке ашып,
Уул кызыңдын орундатып максатын.
Элиң үчүн эмгектенип аянбай,
Эмгегиңдин үзүрүнөн баар таптың.

Өсүп өнүп, уул кыздар төрөлүп,
Башы өсүп, неберелер көбөйүп.
Бал татыган ,балдыр тилдүү наристең,
Чоң аталап жетелесин чоңоюп.

Жакшылыгын көргүлөчү балдардын,
Тынчылыкта жакшы болуп заманым.
Карыларым ден соолукта болгула,
Ак тилектен узун өмүр каалаймын.

## САНЖАРБЕК

Куттуу болсун, кубанычтуу тоюңар,
Жаңылбастан, төп келишип оюнар.
Аллах таала кабыл кылып, тилекти,
Узак жашап, шыдыр болсун жолуңар.

Ата-энени сыйлап, дайым жүргүлө,
Мээрим салып, барктап көңүл бөлгүлө.
Ак батасын алып, дайым карынын,
Саябандуу бакчаларды кургула.

Ак тоюңар кут болсун,
Үйүңөргө кут консун.
Ак жолтой болуп келинин,
Түбөлүгү түз болсун.

## КУТТУКТОО

Урматтуу уулум Алишер!
Туулган күнүң кут болсун.
Кудайым берип узак жаш,
Үй бүлөң менен тынч болгун.

Ак карлуу бийик тоолордой,
Ыкыбалың зор болсун.
Ак жолун ачып дайыма,
Жараткан озу колдосун.

Үч-Төбөнүн тоолорун жаңыртып,
Бүгүн жарыкчылыкка келген күнүң.
Элин коргоор, эр азамат төрөлдү - деп,
Тууган урук сүйүнүчкө баткан бүгүн.



## 22-АПРЕЛЬ

Туулган күнүң куттуу болсун Айнура,
Жаратканым өмүр берсин баарыңа.
Жарың менен узак жашап түбөлүк,
Байбиче бол, ашпак жоолук салынган.

Кыз уулдарың, аман эсен чоңойсун,
Экөөңөргө бийик тоодой бел болсун.
Ак кемесин бирге айдап жашоонун,
Ынтымактуу ырыскылуу жар болгун.

## ТУУЛГАН КҮНҮҢ МЕНЕН

Туулган күнүң куттуу болсун Бегимай,
Аалам жарып бул дүйнөгө келдиң ай.
Ушул күнү тун неберем төрөлүп,
Тайэнеңдин кубанычы чексиз ай.

Үч-Төбөнүн ашпак төрөт үйүндө,
Кыздуу болуп, сенин апан сүйүнгөн.
Ошол кезде кыргыз сому келгенде,
Казан көөлап, от тутанбай жатканда.

От тамызгы салыштырмын, шашкандан,
Жаңы чыккан кагаз, ошол тыйындан.
От тутантып, бышкан ошол аталам,
Шашкалактап кол челекке куюшмун.

Аман жүрсүн ата-энең кашында,
Бирге коруп уул кыздардын урматын.
Алла берсин узун өмүр жашыңды.
Бактылуу бол, өмүрлүү бол чырагым.

## 9-АПРЕЛЬ

Туулган күнүң Мырзагүл куттуу болсун,
Үйүңөргө кут береке, ырыс толсун.
Жараткан чың ден соолук, өмүр берип,
Узак жашап, тай энеңдин жашын берсин.

Жылдыздай жайнап турган, уул кыздарың,
Күч кубат, кайрат берип турсун дайым.
Турмуштун арабасын бирге тартып,
Жубайың аман жүрсүн жанындагы.

## ШАЙЫРГА

Туулган күнүң куттуу болсун Шайырым,
Баш -Булактык Олжокеден кайының.
Насип экен тууган жерден ыраактап,
Too койнунда алыс калды айылың.

Өмүр берсин, жаратканым колдосун,
Оору сыркоо мындан ары болбосун.
Неберелер, чөбөрөлөр көбөйүп,
Уул кыздарың кайрат ,кубат, бел болсун.

Ден соолукту берсин эми кудайым,
Тай энеңдин жашын берсин ылайым.
Уул үйлөп, кыз чыгарып той берип,
Балдарыңдын насип кылсын кызматын.

## РАМАЗАНГА

Куттуктайбыз Рамазан туулган күнүң,
Кубанычтын кучагына батып жүргүн.
Кудай колдоп ыйык айда төрөлүпсүң,
Кучак толо сүйүнүчтө арнайм гүлүм.



Ыйык айда уул наристе төрөлгөн,
Рамазан болсун деп, атын берген.
Ырыскылуу бала болуп, тез чоңойуп,
Рамазан айында бирге толгон.

Ак жолтой бала болуп, аман жүргүн,
Ата эненин доорунда ойноп күлгүн.
Ар намыстуу жигит болуп, бой жеткенде,
Ата журттун коргоочусу болуп жүргүн.

## ИШЕНИМЕ

Туулган күнүң куттуу болсун Ишенбек,
Ашыккансың эки ай эрте түшөм деп.
Жети айында жарык көрдүң эртелеп,
Тилеп жүрдүк, кудай өмүр берсе деп.

Өмүрлүү бол, ишке ашып максатың,
Элпек болгун, элиң сени мактасын.
Үй-бүлөңдүн ынтымагы бек болуп,
Аман эсен, Аллах таалам сактасын.

## АЛИХАНГА

Алихан! Туулган күнүң менен,
Узак жаша ачык болсун бешенең.
Ата-энең ,туугандарың жанында,
Аман-ыкта чогуу жүрсүн дайыма.

## БЕКНУРГА

Бекнурум туулган күнүң менен,
Бир жашка чыгыптырсың, сен бүгүн
Жакшы атакка ээ болуп, узак жаша,
Ата-эненин сүйүктүү уулу деген.

## АСЫЛГҮЛГӨ

Асылгул туулган күнүң куттуу болсун,
Үйүңөргө кут береке шаттык толсун.
Наристелер төрөлүп бажырайып,
Бөбөк үнү жаңырып бакыт консун.

Бак дөөлөттү тартуулап жаратканым,
Аман эсен жүргүлө, бирге дайым.
Уул кыздарды тарбиялап, жетилишсин,
Тең көргүлө ушулардын урматтарын.

## БУРУЛГА

Куттуу болсун Бурул туулган күнүң,
Сүйүнүшкөн ата-энең ушу бүгүн.
Ден-соолукта өмүр берип Кубат экөөң,
Уул кызыңдан урмат көрүп чогуу жүргүн.

Балдарыңды тарбиялап көңүл буруу,
Эркелетип мээримин төгүп туруу.
Ата-эненин милдетин түшүнөсүң,
Эрезеге жеткирип адам кылуу.



## САНЖАРБЕККЕ

Санжарбек туулган күнүң куттуу болсун,
Үйүңө бакыт таалай, ырыс толсун.
Уул кызың жетилишсе, ызат көргүн,
Бак дөөлөттүү, ынтымактуу жубай болгун.

## НУРГҮЛГӨ

Нургүл туулган күнүң куттуу болсун,
Акжол экөөң бактылуу жубай болгун.
Кудай берип өмүрдү, ден-соолукту,
Уул кызыңдын урмат-сыйын чогуу көргүн.

Туугандар ынтымактуу бирге жүрсүн,
Сыйлашып чогуу жүрүп, жыйын курсун.
Кабарлашып акыбалын тез-тез сурап,
Кадырлашып, сыйлашып келип турсун.

## БЕГИМАЙДЫН ДОСУНА КААЛООСУ

Туулган күнүң куттуу болсун курдашым,
Курдашым да бир тууганлай сырдашым.
Ушул күнү ай ааламды жаңыртып,
Жарыкчылык күндү көрүп чыккансың.

Эл журтуңдун керегине жараган,
Жашмын дебей элге текши караган.
Чынчыл, калыс, адилет кыз болуп өс,
Ата-энең, эл да ушуну самаган.

Элиң үчүн талыкпастан кызмат кыл,
Тартынбастан тасып иштеп алга жүр.
Керек болсо ак кызматың аянбай,
Эл журтуңдун намысы үчүн бекем тур.

## КУТТУКТОО

8-март майрамыңар кут болсун,
Үйүңөргө бакыт-таалай, кут консун.
Балдарыңды бөлөп жылуу мээримге,
Дайым күлкү, шаттык менен ыр болсун.

Рахат ал кубанычынан күн-түнү,
Бөбөктөрдүн шандуу чыгып күлкүсү.
Тарбиялап чыгарса , дейт үмүтүм,
Уул кызыңар эстүү өсүп үлгүлүү.

Нурга толуп жаадырасын үйүңөр.
Кубанычка шаңга толсун жүзүңөр,
Балдар менен аман болуп бактылуу.
Ден соолукта саламатта жүрүңөр,

## КУТТУКТОО

Эжекелер, майрамыңар куттуу болсун!
Башыңарга бакыт таалай кут консун.
Ынтымактуу, жааматыңар бир болуп,
Ишиңерди ийгиликтер коштосун.

Тарбиялап тамга үйрөтүп, балдарга,
Так үйрөнсүн, жаңылбасын жазганда.
Келечекте илимпоздор чыгышсын,
«Байчечекей» деген бала бакчадан.

## АЛИШЕРГЕ

Алишерим 40 жашка толупсуң,
Кайрат күчтүү, мыкты жоокер болупсуң.
Алла Таала берип ,узун өмүрдү,
Элдин уулу, мыкты сакчы болуп жүр.



Чек арада бекем кармап, тартипти,
Алып турдуң, кызматыңдан алкышты.
Ак эмгектен, ар намысты бек сактап,
Күч кайратың жумшай бергин, калк үчүн.

Чыдамкай бол, сабырдуу бол турмушта,
Бакыт элге, Кыргызстан тынч турса.
Суук көздөн Алла-Таала сактасын,
Жерибизди булганч буттар баспасын.

## ЧЕК АРАЧЫЛАР КҮНҮ МЕНЕН

Куттуктайбыз , чек ара күнүңөрдү.
Кудай сактап, тынч өткөрсүн түнүңөрдү,
Мекендин тынчылыгын көзөмөлдөп,
Алла сактап амандыкта жүргүлөчү.

Алишер кош майрамың куттуу болсун.
Узун өмүр, ден-соолугуң чың болсун,
Ак ниеттен кызмат кылып элиңе
Мекен үчүн мыкты иштеген сакчы болгун!!!

## ШАЙЫРБҮГӨ

Туулган күнүң куттуу болсун Шайырым,
Чың ден соолук өмүр берсин кудайым.
Уул кыздардын урмат сыйын тең көрүп,
Кадырласын, эстүү болсун жубайың.

Узунунан уул небере өпкүлө,
Кыскасынан кыз небере көргүлө.
Үйүңөрдө неберелер көбөйүп,
Ак бешикте бөбөк жатсын бөлөнүп.

Байбиче бол, өсүп-өнүп көбөйүп,
Уул кыздарың ,өздөрүнөн көгөрүп.
Арча бешик үйүңөрдө термелсин,
Неберелер ,тапочкалар көбөйүп.

Жакшылыктар, дайым сени коштосун,
Кубанычтуу күндөрүңөр көп болсун.
Уул үйлөп, кыз чыгарып дайыма,
Үйүңөргө ырыс-кешик, кут консун!!!

## АЙНУРАГА

Айнура туулган күнүң куттуу болсун,
Алла таалам узун өмүр, ден-соолук берсин.
Алтындай болгон уул-кыздардын,
Ак тойлорун, Ишенбек экөөң чогуу көргүн.

Ай жаркын, ак ниеттүү байбиче бол,
Ар намыстуу, ак жолтой, акылгөй бол.
Алла таалам тилектерди кабыл кылсын,
Ак жолуңар ачык болсун ,саламат бол.

Ынтымактуу дайыма сүйкүмдүү бол,
Ырыс кешик келсин үйгө ,күйүмдүү бол.
Ыроолоп, жакшылыкка көч баштаган,
Ырыскылуу берекелүү келинден бол.

Жаадыраган жароокер пейил каалайм,
Жүрөгүмдөн жагымдуу сөзүм арнайм.
Жоодураган топуктуу келинимди,
Жакшынакай ыймандуу,деп өзүм баалайм.

Каалаган ой-тилегиң ишке ашсын,
Кадырлашкан жарың менен бирге баскын.
Келечектин пайдубалын бирге түптөп,
Кайрат күчтүү, уул кыздарга арнап баккын.



Эстүү болсун, балдарың сыйлай билген,
Эне-атанын акыл сөзүн тыңдай билген.
Элиңе ак кызматың арнап дайым,
Эли үчүн туу көтөрүп желбиреткен.

## НАРИСТЕЛЕР ЭЛДАР, ЖОЛБОРСКО

Кубанычка, шаттыкка үйүм толуп,
Наристелер төрөлүп удаа келип.
Толуп шаттык, кудайыма шүгүр деймин,
Алла таала уул-кызыма удаа берип.

Өмүрүңөр узун болсун, неберелер,
Өзүңөрдөн өсүп, өнүп көбөйө бер.
Ата-энең бар болуп , бешенеңде,
Акыл эстүү адам болуп, чоңое бер.

Заманыңар тынч болсун, садагалар,
Эр жүрөк болуп өскүн жалтанбаган.
Ата-энеңдин ак эмгегин ишке ашыргын,
Элин коргоор жигит болсун азаматтар.

Келечеги кең болсун, жаңы көздөр,
Жүрөгүмдөн арнай берем жылуу сөздөр.
Амандыкта колдоп жүрсүн, дайым бизди,
Аллах таалам сактап жүрсүн ,суук көздөн.

## САМАРБЕК МЕНЕН АЙСУЛУУ

Куттуу болсун тоюңар!
Төп келишип оюңар.
Ажырабай түбөлүк,
Бирге болсун колуңар.

Турмуштун кармап туткасын,
Үйүңөрдү кут бассын.
Бак даарып кызыр жылоолоп,
Ынтымак ырыс нур чачсын.

Көшөгөңөр көгөрүп,
Бак-таалайга бөлөнүп.
Ынтымак өмүр сүргүлө,
Алтындан бешик өңөрүп.

Ыймандуу ыйык болгула,
Абийирдүү тунук болгула.
Кайын атага кайын энеге,
Сүйкүмдүү балдар болгула.

## УУЛУМ МЕДЕРБЕК

Дүйнө таанып, бүгүнкү күн туулгансың,
Эли журтту, ата-энеңди кубантып.
Аман болгун, ден-соолугуң чың болсун,
Узак өмүр, насип кылсын кудайым.

Аллах сактап, саламат жүр дайыма,
Ак иштегин алдыңкылар сабында.
Ыкыбалың көтөрүлүп жогору,
Уул үйлөп кыз чыгарып той бергин.

Жакшылыктар, тойлор болсун ылайым,
Тилектерди кабыл кылып кудайым.
Ак тоюңда, кудаа тосуп бирдикте,
Кызматыңда даяр турсун, уулдарым.



## НЕБЕРЕМ НУРПЕРИГЕ

Дипломуң куттуу болсун Нурперим,
Узун өмүр, бакыт таалай тилеймин.
Жароокерим жадыраган жүзүңдөн,
Шаттык кетпей, күлүп жүргүн гүлдөйүм.

Бактылуу бала сүйүп ардагым,
Боосун бекем бакыт кушун кармагын.
Ак дилимден сага арнап кубанып,
Жүрөгүмдөн ыр белегин арнаймын.

## КУТТУКТОО

Октябрь айы , майрамы карылардын,
Ак сакалдуу, бубак чачтуу баарынардын.
Улгайганда, урмат-сыйды чогуу коруп,
Майрамдарды аман тоскун, ар жыл сайын.

Уул - келин камкордугун аябасын,
Карыларын төрүндөгү аярлашсын.
Бапестешип ,ата-энени ардакташып,
Узак жашап, алар дагы убай тапсын.

## 5-МАРТ АК КАЛПАК КҮНҮҢҮЗДӨР МЕНЕН

Ак сакалын жайкалткан аталарды,
Ажообузду, элим деген адамдарды.
Ак калпак күнү менен куттуктайбыз,
Артыбызда өсүп жаткан, жаш балдарды.

Ак калпак күнүң менен тууганым,
Ар намыстуу ишенимдүү уулдарым.
Ак ниетиңден кызмат кылып мекенге,
Ата журттун, желбиреткин тууларын.

Аллах таалам суук көздөн сактасын,
Аман болуп, сыркоо эшик ачпасын.
Ааламда тынчтык болуп ар дайым,
Ар бир адам, бак дөөлөттүү жашасын.

Ак калпактай, ой дүйнөңөр таза болсун,
Арстан жүрөк, тайманбаган адам болгун.
Асманыбыз ачык болсун, кирсиз таза,
Арам санаа бузукулар оңолбосун.

Кыргызстан – деп согуп турган жүрөк болсун,
Кыргыз туусун көкөлөткөн билек болсун.
Калкыбыз ынтымакты бекем сактап,
Кыргызстан баарыбызга тирек болсун.

**Агам Асыран ажынын 75 жашка толуп, жеңем Майрамкан экөөнүн баш кошконуна 50 жыл болгондугун куттуктайм!!!**

Элүү жылдык, алтын тоюн кут болсун,
Оомат келсин, үйүңөргө кут консун.
Уул-кыздардын урмат, сыйын тең көрүп,
Жаратканым ишиңерди оңдосун.

Куттуктайбыз жеңемди да агамды,
Узак жашап, кудай берсин амандык.
Насаат сөздү аябастан жаштардан,
Парызыңызды аткарыңыз адамдык.

Өмүр берсин, узак жашай бериңиз.
Аман жүрүп, 100 жашка да толуңуз.
Ата жолун узак жашап улантып,
Насип кылса кыбыраны көрүңүз.



Ой максаттар орундалып дайыма,
Иштериңиз илгерилеп алдыга.
Үлгү алышып, өзүңөрдөн уул кыздар,
Изиңерди улай берсин артыңдан.

Саябандуу бакчаларды курушсун,
Өсүп, өнүп, аман эсен жүрүшсүн.
Ыймандуулук, адептүүлүк жөнүндө,
Аксакалдын акыл кебин угушсун.

Алтын агам аман жүрүң дайыма,
Эмгектендиң алдыңкылар сабында.
Тынчылыкта, элиңиз менен бир болуп,
Акылы бол, ини карындаштарыңа.

Ак жубандын алды болуп жеңебиз,
Мээрим салып, уул келинге кененсиз.
Ак боз үйдү тигип, дайым тойлордо,
Кары-жашка даам сыздырып келгенсиз.

Алтын тойлор куттуу болсун дайыма,
Аман жүрсүн абышкаңыз жаныңда.
Кыбыранын колдорунан суу ичип,
Узак өмүр берсин,бирге карыңар.

Бактылуусуз, бул бактыңыз кут болсун,
Узак жашап, байбичеңиз бир болсун.
Мындай келет чанда гана адамга,
Жакшы күндөр жылоолосун тынч болуң.

*2018-жыл апрель.*

## ЭЖЕМ КЕНЖЕБҮНҮН 70 ЖАШ ЮБИЛЕЙИНЕ АРНАЙМЫН

Эжеке 70 жаш курагыңыз куттуу болсун,
70тен дагы жашаң , жуптуу болсун.
Ченебеймин жашыңызды , менден эмес,
Жаш берүү жараткандын бир өзүнөн.

Небере-чөбүрөлөр, толуп турсун үйүңүзгө,
Жаратканым уул-кыздын урматына бөлөп турсун.
Жездекем көрбөй кеткен неберелер ырахатын,
Эжеке көпкө жашап көрүп жүрүң.

Кайратыңыз эр жигиттен кем калышпай,
Турмуштун жалгыз тартып арабасын.
Тарбиялап өстүрдүңүз он баланы,
Аталуудан артык кылып, кем калышпай .

Даңгыр жолдо келесиз сиз, эч чаалыкпай,
Колуңуздан дептер калем, таштап салбай.
Турмушта таш боор тагдыр өксүтсө да,
Атак даңкка ээ болдуңуз, сыр алдырбай.

Сырыңды эч кимге айтып чыгарбадың,
«Кыйналдым» деп , бир туугандан суранбадың.
«Эркек болсо баатыр болмок», дечү эле атам,
Бала кезден кайратыңыз буза албадың.

*Сиңдиңиз Торкайым. 2017-жыл*



## КААЛОО

Эмгегиңиз Ала-Тоодой бийик ! эже,
Калемиңиз, бала кезден күлү эле.
Чыгармаңыз , кайра-кайра чыга берсин,
Чыңгыз колдоп «Эне тилеги» китебиңиз,
Китептердин тизмеси улай берсин.

Кут болсун эжеке сыйлыгыңыз,
«Мыкты китепканачы» деген, жылдызыңыз.
Акындардын катарына кошулуңуз,
Биздин болуп, эжеке сыймыгыбыз.

Мен каалаймын узун өмүр, ден-соолук,
Башыңыздан түшпөй жүрсүн, ак жоолук.
Чыгармалар жаза бериң, таалыкпай,
Китебиңиз чыга берсин, том-том болуп.

*Сиңдиңиз Торкайым. 2017-жыл*

# ӨМҮР БАЯН



Ормонова Кенжебү 1947-жылы 1-августта Алай районунун Терек айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 7 жашынан баштап Терек мектебинде окуп, Сопу-Коргон айылындагы Токтогул орто мектебин бүтүргөн. Көп балалуу үй-бүлөөнүн кызы болгондуктан, турмуш шартына байланыштуу, өзү эңсеген журналисттик кесипке окуй албай, Токмок шаарындагы маданий-агартуу окуу жайынын китепканачы бөлүмүнө окууга ташшырып, 1968- жылы окуу жайын бүткөн. 1972-жылдан баштап Үч-Дөбө айылдык китепканасында иштеп, пенсияга чыкса да эл үчүн эмгегин аябастан, үзүрлүү эмгектенген. Иштеген жылдардын ичинде алдыңкы иштерман айым катары таанылып, айылдык кеңешке көп жолу депутаттыкка көрсөтүлгөн. Азыркы «Алай таңы», мурдагы «Күжүрмөн эмгек» газетасынын активдүү кабарчысы болуп иштеп, көйгөйлүү макалалары республикалык, областтык газеталардан орун алып келген. «Кыргызстан аялдары» журналына «Балдар бакчасы керек» деген сын кабары жарыяланып, анын негизинде 1975-жылы Үч-Дөбө айыл өкмөтүнө 25 орундуу балдар бакчасы курулуп, пайдаланууга берилген. Кенжебү Ормонова китепкана ишмердигин өнүктүрүүгө кошкон зор салымы жана көп жылдык ийгиликтүү эмгеги үчүн, улуу тарыхтагы бай мурастар менен иштөө, улуттук каада–салттарды, асыл нарктарды, унутулган элдик чыгармаларды элет калкына жайылтуудагы талыкпаган эмгеги үчүн:

1986-жылы «Күжүрмөн эмгек» газетасынын «Ардак грамотасы», 1987-жылы СССРдин Жогорку Советинин Президиуму тарабынан «Баатыр эне» наамы, «Алтын жылдыз» ордени, 1990-жылы «Эмгек ветераны» наамы,

2000-жылы Алай райондук китепканалар тармагынын дирекциясы тарабынан «Ардак грамотасы»,



2001-жылы Илим Билим жана Маданият министрлиги тарабынан «Ардак грамота», Кыргыз Республикасынын маданият жана искусство боюнча илимий методикалык борборунун «Алкыш баракчасы», 2002-жылы Кыргызстан аялдар конгрессинин президенти З.Акбагышева тарабынан «Ардак грамотасы»,

2002-жылы Алай райондук маданият бөлүмүнүн дирекциясы тарабынан «Ардак грамотасы» ,

2003-жылы Кыргыз Республикасынын айылдык жана поселкалык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоциациясы тарабынан «Ардак грамотасы», 2003-жылы Үч-Дөбө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун администрациясы тарабынан «Ардак грамотасы»,

2004-жылы Ош облустук мамлекеттик администрациясы тарабынан «Ардак грамотасы»,

2005-жылы Ош облустук мамлекеттик администрациясы тарабынан «2-даражадагы диплому», 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият жана маалымат министрлиги тарабынан «Ардак грамотасы», 2010-жылы райондук борборлоштурулган китепканалар тармагынын дирекциясы тарабынан «Ардак грамотасы», 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик маданият агенттигинин «Маданият-тын мыкты кызматкери» төш белгиси, Үч-Дөбө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун администрациясы тарабынан «Ардак грамотасы» менен сыйланган.

2017-жылы «Эне тилеги» аттуу алгачкы ырлар жыйнагы жарыкка чыккан.

2018-жылы «Датка айым» медалы менен сыйланган.

Мындан сырткары да коомдук иштерде активдүүлүгүн көрсөткөндүгү үчүн көптөгөн «Алкыш баракчалардын» ээси болгон . Коомдук иштерди өзүнүн ишинен жогору койгон китепканачы, көп жылдар бою аксакалдар сотунун мүчөсү жана катчысы болуп эмгектенген. Эмгектин алдыңкы ардагерлери, баатыр энелерден түзүлгөн «Ак элечек» коомунун уюштуруучусу. Жолдошу Тайчабаров Дакан 1989-жылы автокырсыктан каза болуп калгандан кийин, тагдыр жазган оор күндөрдү башынан өткөрүп, 10 баланы жалгыз тарбиялап балдарга ата ордуна ата, эне ордуна эне болуп,

жогорку билимдүү алдыңкы кызматтарда иштеген уул-кыздарды тарбиялап келүүдө.

Азыркы мезгилде беш уул, беш кыз, беш келин, беш күйөө баланын, отуз алты неберенин, алты чеберенин ардактуу энеси, таенеси .



# МАЗМУНУ


СӨЗ БАШЫ .......... 3
БААТЫРДЫН ҮЙ-БҮЛӨӨСҮ .......... 5
УМАРХОДЖАЕВА САНТАЛАТ ОТУНЧИЕВНА .......... 7
ПАРТОРГДУН БИР КҮНҮ .......... 10
САКМАНЧЫНЫН БИР КҮНҮ .......... 11
СУЛТАНОВ АБДРАЗАК КАДЫРМАМАТОВИЧ .......... 13
АБДРАЗАК СУЛТАНОВДУН ЖУБАЙЫ РОЗА .......... 14
СУЛТАНОВ ЖЕҢИШБЕК КАДЫРМАМАТОВИЧ .......... 15
СУЛТАНОВА ЗУУРАКАН КАДЫРМАМАТОВНА .......... 15
СУЛТАНОВ МАРАТ АБДРАЗАКОВИЧ .......... 16
ОРМОНОВ РЫСМАМАТ .......... 16
*КООМДУК ИШМЕР* АЛЫМБЕК АСАН БИЙ УУЛУ .......... 17
ДААНЫШМАН ДАТКА ЭНЕБИЗГЕ .......... 18
208 ЖЫЛ (1811-1991) .......... 18
ДАТКА ЭНЕБИЗДИН 180 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИ .......... 19
АТАБАЕВ ЖУМА .......... 20
АТАБАЕВ МУСАБЕК ПАЯЗОВИЧ .......... 21
КИТЕПКАНА-МАДАНИЙ БАЙЛЫК .......... 23
КӨРКӨМ ӨНӨР МЕКТЕБИ .......... 25
ЭЛ ҮЧҮН ИШТЕП, ЭЛГЕ АРНАЛГАН .......... 28
ӨМҮРЛӨР .......... 26
ТОПЧУБАЕВ ЖУСУП .......... 29
ТЕМИРБАЕВ КАМАЛ .......... 30
МАКСУТОВ МАМАТА .......... 30
ТОЙЧУЕВ КЫЯЗ .......... 31
АЛМАМАТОВ ТООКЕБАЙ .......... 32
АРЗЫБАЕВА ГҮЛСҮН .......... 32
УУЛУ АМАНГЕЛДИ МАМЫТОВ .......... 33
КЫЗЫ АЙНАГҮЛ МАМЫТОВНА .......... 34
УУЛУ САМАГАН МАМЫТОВ .......... 34
АБДЫЛДАЕВА БАТМА .......... 34
ТАЙЧАБАРОВ ДАКАН .......... 35
БЕКТЕМИРОВ ЖАКЫП .......... 36
АРЗЫБАЕВ ТҮКҮ .......... 37
*МОЛДОТАШОВ СУРАН* .......... 38
МОЛДОТАШОВ ШАРИП .......... 40
ЖУМАЕВ ШАМЫРЗА БАЛЫЕВИЧ .......... 41
БӨРҮБАЕВ ТАЛИПБАЙ .......... 43
БӨРҮБАЕВА КАЙРЫКАН .......... 44
МЫРЗАКАНОВ МАМЫТ .......... 44
МАМАТОВ ЖОЛДОШБАЙ .......... 46
ТӨРӨКУЛОВ ШАМА .......... 47
АБДЫКАДЫРОВ КАЛДЫБАЙ .......... 47
МЫРЗАКУЛОВ САДЫК .......... 48
ШАДЫКАНОВ СЫДЫК .......... 48
ОРУНБАЕВ АРИН .......... 49
ОРУНБАЕВ ШАНТА .......... 50
КЕКЕЧОВ АТТОКУР .......... 50
АЙЫМ ЭШНАЗАРОВА .......... 51
КУЛУЕВА РАЙЛА .......... 52
АЛИЕВ ОЛЖОБАЙ .......... 52
МАМАТАИРОВА АВАЗКАН .......... 54
АСКАРОВА АЙЛИРА ТОКТОСУНОВА .......... 55
ЖАКЫПОВА МАХАБАТ .......... 56
АРИНОВ КАМАЛИДИН .......... 56
МАМАТОВ НАСИРДИН .......... 57
КОЗУБАЕВ ТӨЛӨНБАЙ .......... 58
ОШ – ТҮРК ДҮЙНӨСҮ .......... 59
АПАЛАРДЫН АЛГЫЛЫКТУУ ИШТЕРИ .......... 60
ЭШАЛИЕВ ДЕРБИШАЛИ .......... 63
ЭШАЛИЕВА КАЛИЗА .......... 64

ДЕРБИШАЛИЕВ ЭСЕНБАЙ ... 65
ЭРГЕШБАЕВ ҮРҮСТӨМ ... 66
ЭМГЕГИ КАЛДЫ ЭЛИМДЕ ... 67
ЖУМАБАЕВА САЛАМАТ ... 69
ЖУМАБАЕВА ТААСИЛКАН ТОКТОМАМАТОВНА ... 70
ЖУСУПОВА СОНАЙЫМ ... 72
КИНДИК ЭНЕ ... 73
ДАЛАЛАТТУУ ... 76
ДАДАБАЕВ БЕКБОЛОТ КАДЫШЕВИЧ ... 77
ТОКТОГУЛ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИНИН ОРУС ТИЛ ... 79
МУГАЛИМИ СУЛТАНОВ АСАНБЕК АГАЙЫНА ... 79
МАЙРАМКАН СУЛТАНОВАГА ... 81
ТЕРЕК МЕКТЕБИНИН ОРУС ТИЛЧИ МУГАЛИМИ ... 82
СУЛТАНОВА ФАРИДАГА ... 82
КАРЫЛАРГА ... 63
АЙДАНАГА ... 84
АНЖЕЛИКАГА ... 84
АРСТАНБЕККЕ ... 84
МЫРЗАГҮЛГӨ ... 85
НУРПЕРИМЕ ... 85
МУГАЛИМДЕР КҮНҮНДӨ ... 86
АЙЛИРАГА ... 86
НАСИРДИН МАМАТОВГО ... 86
СҮЙҮНБАЙ ИНИМЕ ... 87
ЭРКИНБАЙГА ... 88
ЖООКЕРЛЕРГЕ ... 90
ОШ ШААРЫНА 318-ЖЫЛ ... 90
СИНДИМ САПАРБҮ ЖАНА КҮЙӨӨ БАЛАМ УЛУКБЕКТИН УУЛУ ... 90
РАФАЕЛ КЕЛИНИ ШАХРАНЫН АК ТОЮНА АРНОО ... 90
ЖАРКЫНБАЙ ЖЭЭНИМЕ ... 94
БЕШИК БООНОР БЕК БОЛСУН ... 95
МАКТОО ... 95
КЕЛИНИМ ЧЫНАРГА ... 97
АРНОО ... 97
НАЗАРБЕК ЖЭЭНИМДИН АК ТОЮНА ... 93
БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ ... 102
БЕКТУРГАН КАМЧЫБЕКОВГО ... 103
БЕКТУРГАН КАМЧЫБЕКОВГО ... 104
БААРДЫК АГАЙ ЭЖЕЛЕРГЕ ... 105
ЖОРОЕВА ЗУУРАКАНГА ... 105
БҮБАЙША МАДАКИМОВАГА ... 106
САЛКЫН ЭЖЕКЕГЕ ... 106
САУЛЕГЕ ... 107
НЕБЕРЕМЕ ... 107
НУРИСЛАМДЫ ТАРБИЯЛАГАН «БАЙЧЕЧЕКЕЙ» ... 108
БАКЧАСЫНЫН ТАРБИЯЧЫ ЖАНА ... 108
ТАРБИЯЛАНУУЧУЛАРЫНА ЖАНЫ ЖЫЛДЫК АРНОО ... 108
№37 «БАЙЧЕЧЕКЕЙ» БАЛДАР БАКЧАСЫНЫН ... 108
ТАРБИЯЧЫЛАРЫНА ТАРБИЯЛАНУУЧУЛАРДАН ... 108
ЫРААЗЫЧЫЛЫК ... 108
ТАРБИЯЧЫ БУРУЛЧАГА ... 109
УУЛУМ МЕДЕРБЕККЕ АК ЖОЛТОЙ ... 110
БОЛСУН КОНУШУҢ ... 110
АПАМА ... 111
СИНДИМ НУРГҮЛГӨ ... 111
ЖАКШЫ КӨРГӨН АГАМ АРЗИНИН ... 112
ЖУБАЙЫ АЙТБҮ ... 112
РОЗА ОТУНБАЕВАГА ... 114
АРНОО ... 115
АЙЫЛДЫКТАРГА ... 115
АЛАЙЫМ АЛТЫН ТУРАГЫМ ... 116
БАЙБОЛСУНДУН ЧОН АТАСЫНА ... 119
ЧОҢ ЭНЕСИ ... 119





ТАЯТАСЫ ДОДУШ ТАЕНЕСИ ГҮЛБАРА ...
КУДАА КУДАГЫЙГА ... 119
АЛЫМБЕК ДАТКА ЭСТЕЛИГИ ... 119
ДАТКА ЭНЕБИЗГЕ ... 120
УЛАМЫШ ... 121
ТОО СЫРЫ ... 122
АКАДЕМИК АДЫШЕВ ... 122
ДАТКАЛАРДЫН ТАСМАСЫ ... 128
КАДЫРМАМАТ СУЛТАНОВГО ... 128
ГҮЛБАРА ОРМОНОВАГА ... 130
«АК КУУЛАР» БРИГАДАСЫ ЖӨНҮНДӨ ... 131
АТАБАЕВ ЖУМА ... 132
АЛАЙДЫН ДАНКТУУ КЫЗЫ МАМАКОВА СЫРГАНЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛАТ ... 140
КАЗЫНАБЫЗ БАЙ БОЛСУН ... 142
БАКТЫГҮЛ МЫРЗАЕВАГА ... 143
УРНИСА АСИЛОВАГА ... 144
СОГУШ АРДАГЕРЛЕРИНЕ ... 145
МАМАК АБАГА ... 147
ЭЖЕКЕМ МАМАКОВА МАЛИКЕГЕ ... 148
ЖЭЭНИМ АБДЫКАДЫРОВА БЕГИМЖАНГА ... 150
ТООЛОРУМ МАГА ДЕМ БЕРЕТ ... 150
ТУУЛГАН ЖЕРИМ ТЕРЕГИМ ... 151
БУТ КИЙИМ ТИГҮҮЧҮ ЖАЙ ... 152
ҮЙЛӨНҮП,ҮЙҮҢ ГҮЛ БОЛСУН ... 153
УЛАН ПРИМОВГО ... 154
СОГУШЧАНДАРГА ... 155
ЧЫНДЫК ЧЫРКЫРАГАНДА ... 156
ЖАШОО КӨЙГӨЙҮ ... 157
20 ЖЫЛДЫКТАРГА ... 162
КАРЫЯЛАРДЫН КАЙРАТЫ ... 165
НАСИРИДИН МАМАТОВГО ... 166
ЭМГЕКЧИЛ ЭНЕЛЕР ... 167
ТААЛАЙБЕК САРЫБАШЕВГЕ ... 168
НАН ЫЙЫК ... 169
ДАЧА-СУУДАГЫ БОИНГ 747 УЧАГЫНЫН КУРМАНДЫКТАРЫ ... 170
ДАТКА ЭНЕ ... 171
АТА ЖУРТ ... 172
АЙЫЛ АЖАРЫ ЫНТЫМАКТА ... 174
АБДЫКЕРИМ АЛЫМОВГО ... 175
КУБАНЫЧТУУ КАБАРЛАР ... 177
ДЕМИЛГЕЛҮҮ ЖАШТАР ... 178
АЙГА СЕРМЕ КАНАТЫҢ ... 179
АКАДЕМИК ЖУМАБЕКОВ САБЫРБЕК ... 180
АЛМА-АТА-1989-1994 ... 181
АЙСУЛУУ ТЫНЫБЕКОВА ... 182
ПАЛАТАЛАШТАР ... 183
ЫНТЫМАК ЖАКШЫ ЫР ЖАКШЫ ... 184
ЫРЫСКЫЛУУ ЖУРТ ЖАКШЫ ... 184
КУДАМА ... 185
КУДАГЫЙЫМ ШЕКЕРКАНГА ... 186
АТАЛАРДЫН АК БАТА ... 187
АТАБАЕВ ЖУМАГА ... 188
АШБАЕВ АКЫЛБЕККЕ ... 189
КАСИЕТТҮҮ АЛАЙ ТООЛОРУМ ... 189
АК НИЕТ АДАМДАРГА ... 191
КАЛЫК ТЕРМЕЧИКОВГО ... 192
АШБАЕВ МАРТАГА ... 192
ТАЙЧАБАРОВ АБДИЛАЗ ... 192
ЖАНИБЕКОВ КАПАРГА ... 193
ЖЭЭНБЕКОВ АБДРАШИТ ... 194
МОЛДОТАШОВ ТУРГУНГА ... 194
ТОЙТОЕВ САРДЕККЕ ... 194
ДҮЙШӨБАЕВ САГЫНБАЙ ... 195

БЕКЖУМАЕВ ЭРМАМАТКА........195
САТЫБАЕВ ҮРКҮНБАЙГА........195
АБДРАИМОВ ГАЖИГЕ........196
МОЛДАЛИЕВ КАКИГА........196
АЛИЕВ КУТУГА........197
ИСАКОВ ЖАКЫПКА........197
АБДЫКЕРИМОВ ТУРДУГА........197
АБДРАМАНОВ СЫДЫККА........198
МЫРЗАЕВ АДАНБАЙГА........198
АБДЫЛДАГА........199
ТОЙТОЕВ КАЧЫГА........199
ОРУНБАЕВ АБЖАГА........199
БАЛТАБАЕВ ШАМАЙДАНГА........200
АЛМАМАТОВ АМАНБАЙГА........200
КАЛЫЕВ АШАНБАЙГА........200
АЙДАРОВ ЖОЛДОШКО........201
ТАЛКАНЧИЕВ ЭСЕНГЕ........201
БЕЛЕКОВ КУЛБАККА........201
ЖОЛОНОВ ОРОЗБАЙГА........202
АПИЕВ ЖАНЫШКА........202
ҮСӨНОВ ӨСӨГӨ........203
ИСАКОВ ӨМҮРКУЛГА........203
КЕБЕКБАЕВА КАНПАША........203
ОЛЖОЕВ МАРКАБАЙГА........204
АБДРАМАНОВ КУЛАМЖАНГА........204
ЖУСУПОВА БУРУЛГА........205
МОМОНОВА КЫЛЫМБҮГӨ........205
АКМАТОВА АЙШАБҮГӨ........206
КАЙНИЛЕРИМЕ........207
ТӨПҮ МОМОНОВГО........207
БААТЫР ЭНЕЛЕР КОШКОН........209
БААЛУУ САЛЫМДАР........209
ТОО ШУМКАРЫ........211
АМАНГЕЛДИ МАМЫТОВГО........212
ТЫНЧТЫК КЕРЕК........218
ЭЛИМДИН ЫНТЫМАГЫ БЕКЕМ БОЛСУН........219
САДЫРГА БОШТОНДУК БЕРГИЛЕ!........220
АЙЫЛ КӨРКҮ АЙЫМДАР........221
ҮЧ-ТӨБӨ ТАЛАНТТАР ОРДОСУ........223
БАКИРДИН КАРМЫШАКОВГО........223
АРЗЫБАЕВ АКЖОЛГО........224
ОБОНЧУ ЧЫҢГЫЗ ТУРДУБЕКОВГО........225
ТУРДУБЕК ҮРКҮНБАЕВГЕ........225
ТОКСОНБАЕВ КАЛЫККА........226
ЧОТУРОВ АЙДЫГА........226
МАРТАЕВ МАМАШКА........227
КАРМЫШАКОВ БАКАЛБАЙГА........227
КАРМЫШАКОВ БЕРДИБАЙГА........227
АБДИЛАЗОВ АРАПБАЙГА........227
КҮРГҮНБАЕВ БАЗАРБАЙГА........227
КУЛБАКОВ АКЫЛБЕККЕ........228
КУТТУКТОО........228
ОБЛУСТУК КӨЗ ООРУЛАР БӨЛҮМҮНҮН МЫКТЫ........231
ВРАЧТАРЫНА ЖАНА КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ........231
АКБЕРМЕТ СУРАНОВАГА........232
КАСЫМБЕКОВ АДАМЖАНГА........233
КАДЫШОВ ДАДАБАЙ........233
ЖУСУПОВА СОНОАЙЫМГА........233
МАТИЕВ КОРГОНБАЙГА........234
ЖУСУПОВ ШЕРАЛИ........234
СҮЙҮНБАЕВА КАЛБҮГӨ........235
АРИНОВ КАМАЛДИНГЕ........235
КООМДУК ИШМЕР АЛЫМБЕК АСАН БИЙ УУЛУ........236



ДААНЫШМАН ДАТКА ЭНЕБИЗГЕ 208 ЖЫЛ........237
СОГУШ ТАКТАРЫ - КҮТҮҮ........241
СООНО ЭЖЕГЕ........246
ОКТЯБРДЫН НУРУ ТИЙИП ЭЛИМЕ........246
КУТТУКТОО........249
ФАРИДА........249
КАРАМАТ........250
ТУРСУНБЕК........250
ГҮЛНАЗ........250
МЕДЕРБЕК........251
БЕКНУРУМ........251
НУРСУЛТАНГА........252
НУРЭЛГЕ........252
НЕБЕРЕЛЕРИМЕ КУТТУКТООЛОР........253
СҮЙҮМКАНДЫН НЕБЕРЕСИНЕ........254
ТОЛКУНБЕК ЖАНА АЙЗАТКА........254
КУТТУКТОО........254
КУТТУКТОО........255
САНЖАРБЕК........256
КУТТУКТОО........256
22-АПРЕЛЬ........257
ТУУЛГАН КҮНҮҢ МЕНЕН........257
9-АПРЕЛЬ........258
ШАЙЫРГА........258
РАМАЗАНГА........258
ИШЕНИМЕ........259
АЛИХАНГА........259
БЕКНУРГА........260
АСЫЛГҮЛГӨ........260
БУРУЛГА........260
САНЖАРБЕККЕ........261
НУРГҮЛГӨ........261
БЕГИМАЙДЫН ДОСУНА КААЛООСУ........261
КУТТУКТОО........262
КУТТУКТОО........262
АЛИШЕРГЕ........262
ЧЕК АРАЧЫЛАР КҮНҮ МЕНЕН........263
ШАЙЫРБҮГӨ........263
АЙНУРАГА........264
НАРИСТЕЛЕР ЭЛДАР, ЖОЛБОРСКО........265
САМАРБЕК МЕНЕН АЙСУЛУУ........265
УУЛУМ МЕДЕРБЕК........266
НЕБЕРЕМ НУРПЕРИГЕ........267
КУТТУКТОО........267
5-МАРТ АК КАЛПАК КҮНҮҢҮЗДӨР МЕНЕН........267
АГАМ АСЫРАН АЖЫНЫН 75 ЖАШКА ТОЛУП, ЖЕҢЕМ МАЙРАМКАН ЭКӨӨНҮН БАШ КОШКОНУНА 50 ЖЫЛ БОЛГОНДУГУН КУТТУКТАЙМ!!!........268
ЭЖЕМ КЕНЖЕБҮНҮН 70 ЖАШ ЮБИЛЕЙИНЕ АРНАЙМЫН........270
КААЛОО........271

КЕҢЖЕБҮ ОРМОНОВА

# АЛАЙ АСЫЛДАРЫ

Редактору: Тайчабаров Медербек
Корректору: Тайчабарова Дамира
Тех. редактору: Тугельбаев У.
Компьютердик калыпка салган: Карагулова С.

Терүүгө 03.12.2020-ж. берилди.
Басууга 28.04.2021-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84.
Көлөмү 17,5 басма табак. Нускасы 200 даана.

«Кагаз Ресурстары» басмаканасында
Офсеттик ыкма менен басылды.
Кыргыз Республикасы, Ош шаары,
А Мамыров көчөсү, 86, тел.: (03222) 4-69-16